КЫРГ
54(03)
С88

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

К. Сулайманкулов, К. Ташкенбаев, К. Шатемиров

# ХИМИЯЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ХИМИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Фрунзе 1982

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

К. СУЛАЙМАНКУЛОВ, К. ТАШКЕНБАЕВ, К. ШАТЕМИРОВ

# ХИМИЯЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ХИМИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

ИЗДАТЕЛЬСТВО „ИЛИМ"
Фрунзе 1982

ырг
4(03)+4(с)к+413кирг.+494.341-3Гя212
88

Кыргыз ССР илимдер академиясынын Терминология
комиссиясынын чечими боюнча басылды

Жооптуу редакторлор: К.Шатемиров, Т.Дүйшеналиева

© Издательство "Илим", 1982 г.

537414

Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР

## КИРИШ СӨЗ

С.Арбаев, К.Сулайманкулов жана К.Шатемиров тарабынан түзүлүп, "Илим" басмасынан 1966-жылы жарык көргөн "Химиялык терминдердин оруска-кыргызча сөздүгү" орто мектептин мугалимдери ("Мугалимдер газетасы" 17-ноябрь жана 8-октябрь 1976-ж.), жогорку окуу жайларынын окутуучулары ("Эл агартуу" № 10 - 1976-ж. жана № 7 - 1977-ж.), республиканын илимий кызматкерлери жана химия боюнча секциянын мүчөлөрү тарабынан бир нече ирет талкуулоого алынып, көз бир мүчүлүштөр болгондуктан жаңы терминдер менен толуктоо жагы сурапды. Авторлор (К.Сулайманкулов, К.Ташкенбаев) жогорку айтылган пикирлерди жана сунуштарды эске алып, "Сөздүктү" кайрадан иштеп чыгышты. Бул сөздүккө сунуш кылынган терминдер мүмкүн болушунча бардык басма сөз бетинде бурмаланбай колдонулушу зарыл талаптардан.

Сөздүккө химия элементтеринин жана алардын кошулмаларынын, ошондой эле негизги органикалык заттардын аттары рационалдык жана тривиалдык номенклатурага ылайык химия боюнча Эл аралык уюмдун акыркы(1976-ж. кабыл алынган ИЮПАКтын)' эрежелерине ылайыкталынып алынды.

Сөздүккө теориялык жана жалпы химиянын, химиялык технологиянын маанилүү терминдери киргизилиши аркылуу, химия илимининн жана анын ар кыл тармактарынын көлөмүн толугураак ичине алды. Түзүү учурунда химиялык термодинамиканын терминдерине да орчундуу көңүл бурулду. Алынган терминдер жана алардын эквиваленттери, сөздүктүн акырында келтирилген жаңы адабияттардан алынды. Кыргызча эквиваленти бар аттар толук кыргызчага

которулуп берилди. М.: ляпись - албарс, квасцы - ачык таш-тар, медный купорос - көк таш ж.б.

Сөздүктүн акырындагы кошумча маалыматтарда химиялык терминдердин атоо системалары боюнча көз бир маалыматтар жана орусча аталыштардын котормосунун варианттары берилди.

Сөздүккө бардыгы болуп 4786 термин киргизилди. Алардын ичинен 1804 термини кары-картылай которулуп, 682 термин толук которулуп берилди.

Сөздүктө төмөнкүдөй шарттуу кыскартуулар колдонулду:

А - атомдук масса

Å - ангстрем

Б - чондуктардын туюнтулуучу бирдиги

d - салыштырма салмак (тыгыздык)

Еб - байланыш энергиясы

К - карашыздар

к.б. - кемүртектик бирдик

МС - мөөгилдик система

Ме - кандайдыр бир металл

$t_э$ - эрүү температурасы

$t_к$ - кайноо температурасы

Э - кандайдыр бир элемент

эв - электроновольт

(I), (II), (III) ... к.у.с. - элементтердин валенттүүлүгү же кычкылдануу саны.

Сөздүктүн сапатын жакшыртуу максатындагы сунуш кылын-



ган ой-пикирлерди авторлор ыраазычылык менен кабыл алып, аларды төмөнкү адрес боюнча жиберүүлөрүн сураныпат.

Фрунзе шаары, Ленин проспектиси, 265[а]. Кыргыз ССР илимдер академиясы, Терминология комиссиясы.

Авторлор

# А

АБРАЗИВЫ абразивдер (алмаз, корунд, кварц сыяктуу эң катуу зат. Ар кандай нерселердин бетин жылмалоодо, кыруда, сургулеөдө колдонулуучу заттар).

АБСОЛЮТНАЯ АТОМНАЯ МАССА абсолюттук атомдук масса (адаттагы граим менен туюнтулуучу атомдун анык өздүк массасы, азыркы учурда көмүртектин атомунун абсолюттук массасы $1{,}99 \cdot 10^{-23}$ г. Ал аралык туракту бирдик катары кабыл алынган. Б:г, кг.).

АБСОЛЮТНО-СУХОЕ ТОПЛИВО абсолюттук кургак отун (отундарды $105^0$С туруктуу салмакка чейин кургатуу менен алынуучу накта кургак отун).

АБСОЛЮТНАЯ ТЕМПЕРАТУРА абсолюттук температура (ал 278,15°С барабар болуп, заттардын белүкчелөрүнүн кыймыл ылдамдыгынын нөлдүк мүнөздөмөсүнө туура келген температура).

АБСОРБЦИЯ абсорбция (газдар менен суюктуктардагы заттарды башка бир суюктуктардын же катуу нерселердин өз ара сиңирип алышы. Газды же эриген затты өзүнө сиңирген зат абсорбент деп аталат. Абсорбция – сорбциянын бир түрү болуу менен мунун убагында сиңүү процесси абсорбенттин бардык көлөмү боюнча жүрөт).

АВОГАДРО ЗАКОН Авогадро закону к. ЗАКОН АВОГАДРО

АВОГАДРО ЧИСЛО Авогадро саны к. ЗАКОН АВОГАДРО

АВТОКЛАВЫ автоклавдар (физико-химиялык процесстерди жабык системада, жогорку басымдын жардамы менен жүргүзүүдө колдонулуучу аппараттар).



АВТОЛИЗ автолиз (өсүмдүктөр менен жаныбарлардын денечелериндеги ар түрдүү татаал заттардын, ферменттердин таасири менен алардын биохимиялык бөлүнүү кубулуштарына дуушар болуп эриши).

АВТОЛЫ автолдор (автомобилдердин, тракторлордун моторлорун майлоочу майлар).

АВТОПРОТОЛИЗ автопротолиз (молекулаларынын өз ара аракеттенишинин натыйжасында эриткичтин иондошторулушу. М.: $H_2O + OH_2 \rightleftharpoons OH_3^+ + OH^-$. Бул электролиттик диссоциация теориясына эмес, Бренстеддин протолиттик теориясына негизделген).

АГАР (АГАР-АГАР) агар (кээ бир деңиз балырларынан алынуучу, составында: 70-80 % полисахарид, 10-20% суу, 1,5-4 % минералдык заттары бар продукт).

АГАТ агат ($SiO_2$ майда кристаллдарынан турган эң катуу минерал).

АГЛОМЕРАТ агломерат (эритмеси башка катуу белүкчелөргө жабышуу менен катман кендердин же минералдардын төмөнкү температурада эрүүчү белүгү).

АГРЕГАТНОЕ СОСТОЯНИЕ ВЕЩЕСТВА заттардын агрегаттык абалы (заттардын газ, суюк жана катуу түрдөгү абалдары).

АГРЕГАЦИЯ агрегация (кээ бир дисперстик майда бүдүрчөлөрдүн өз ара биригип, чоңураак белүкчелөрдү пайда кылуу процесси).

АДАЛИН адалин (сууда начар эрүүчү $(C_2H_5)_2$ CBr·CONHCONH$_2$ түссүз кристаллдар, $t_э$= 116-118°С ).

АДГЕЗИОННЫЕ СИЛЫ адгезиялык күчтөр (молекула аралык байланыш күчтөрүнүн бир түрү болуп эсептелинүүчү, адгезиянын негизинде пайда болгон байланыш күчтөрү, к. МЕЖМОЛЕКУЛЯРНЫЕ СИЛЫ СЦЕПЛЕНИЯ, АДГЕЗИЯ).

АДГЕЗИЯ адгезия (ар түрдүү абалдагы эки заттын (м.: катуу жө суюк) арасындагы негизинен вандерваальстык күчтөр жө суутектик байланыштар аркылуу ишке ашырылуучу биригиш (кабышыш). М.: бөбектордун кана лактардын темирдин жө кыгачтардын бетинде кабышып катып калышы, ар түрдүү нерселерди келимдөө, кабыштыруу ж.б.).

АДДИТИВНОСТЬ аддитивдүүлүк (каралып жаткан системанын жө кубулуштун кандайдыр бир сандык мүнөздөмөсүн, ошолорду пайда кылгандардын касиеттерин жөнөкөй кошуу менен таап алуу).

АДДЕНДЫ адденддер к. КОМПЛЕКСНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ

АДДИТИВНЫЕ СВОЙСТВА аддитивдүү касиеттер (жөнөкөй заттардын касиеттерин бириктирип кана мындан алынган чондукту заттардын салмагына кошуу менен татаал заттардын касиетин аныктоо, м.: кошулманын (молекулярдык) кылуулук сыйымдуулугу аны түзгөн атомдордун кылуулук сыйымдуулугунун суммасына барабар болсо, бул кошулмада аддитивдүүлүк касиет бар деп эсептелет).

АДДУКТ аддукт (химиялык кошулмалар менен механикалык аралашмалардын ортосундагы абалды алеген молекулалык бирикмелер. М.: мочевина алифаттык кошулмалар менен аддукт пайда кылат).

АДЕНОЗИНТРИФОСФОРНАЯ КИСЛОТА (АТФ) аденозинтрифосфор



кислотасы (АТФ) тирүү организмдердин клеткаларында туруп, энергиянын булагы болуп эсептелген негизги заттардын бири. М.: АТФ гидролизденүүсүндө АТФ + $H_2O$ → АДФ + Ф аткарылган максималдуу жумуштун өлчөмү 8000 кал мольго барабар (мында Ф фосфор кислотасы). Булар кээде моноаденозинтрифосфат АМФ, диаденозинтрифосфат АТФ жана триаденозинтрифосфат АДФ деп да кыскартылып берилет).

АДИАБАТНЫЙ ПРОЦЕССЫ адиабаттык процесстер (толугу менен сырткы чөйрөдөн изоляцияланган системадагы процесстер, м.: кээ бир өтө тез күрүүчү процесстерди адиабаттык деп карасоого мүмкүн).

АДРЕНАЛИН адреналин ($C_9H_{13}O_3N$ айбандардын организминде пайда болуучу, суюда начар эрүүчү алкалоид, кристаллдык зат, $t_э$ =207-211°C).

АДСОРБЕНТЫ адсорбенттер (башкалар менен бети аркылуу байланышка жө аракетке катышуучу заттар, к. АДСОРБЦИЯ).

АДСОРБЦИЯ адсорбция (атом, ион, молекула сыяктуу заттардын бөлүкчөлөрүнүн экинчи бир заттардын үстүнкү бетинде аракеттениши. Адсорбция, сорбциянын бир түрү болуп, бул процесс адсорбенттердеги молекулалык күчтөрдүн таасири менен жүрөт да, алардагы эркин энергиянын азайышына алып келет).

АДСОРБЦИЯ ХИМИЧЕСКАЯ химиялык адсорбция (химиялык байланыштарды түзүү менен ишке ашырылуучу адсорбция кубулушу).

АДСОРБЦИЯ ФИЗИЧЕСКАЯ физикалык адсорбция (вандерваальстык күчтөрдүн натыйжасында ишке ашырылуучу адсорбция кубулушу).

АДСОРБЦИЯ РАДИОАКТИВНЫХ ЭЛЕМЕНТОВ радиоактивдүү элементтердин адсорбциясы (суюктукка салынган катуу заттардын жардамы менен радиоактивдүү элементтерди адсорбциялап белүп алуу).

АЗЕОТРОПНЫЕ СМЕСИ азеотроптук аралашмалар (өзүнүн составын жана кайноо температурасын өзгөртпөй туруп, ажырабай чогуу бууланууучу заттар, м.: 68 % түү азот кислотасын буулантса ал коюланбайт, Анткени, бууланганда 68 % $HNO_3$ жана 82 % $H_2O$ бирге бууланышат, Демек, мында эритменин жалпы келемү гана азаят).

АЗИДЫ азиддер (азоттуу суутек кислотасынын – $H[N_3]$ түн туздары. (м.: $AgN_3$, $NaN_3$ ж.б.); күмүш менен коргошундун азиддеринен башкасы сууда жакшы эришет да, $Me[N_3] \rightleftharpoons Me^+ + [N_3]^-$ түрүндегү диссоциацияга дуушар болушат).

АЗИМУТАЛЬНОЕ КВАНТОВОЕ ЧИСЛО азимуталдык кванттык сан (атомдогу электрондук орбиталдын формасын, анын мейкиндиктеги жайланыш симметриясын мүнөздөөчү кванттык сан. Ал кээде побочное квантовое число—жардамчы кванттык сан деп да аталат. Азыркы учурда аны орбиталдык кванттык сан деп аташат, к. ОРБИТАЛЬНОЕ КВАНТОВОЕ ЧИСЛО).

АЗОКРАСИТЕЛИ азобоёктор (ароматтык радикалдарды бириктирген бир же бир нече $-N=N-$ азотобу бар кошулмалар).

АЗОСОЕДИНЕНИЯ азокошулмалар (жалпы формуласы $R-N=N-R$ болгон органикалык заттар).



АЗОТ азот (МСнын II мезгилинен, Y группасынан орун алган түссүз, жытсыз жана даамсыз газ. Эркин абалында кош атомдуу $N_2$ молекуласы түрүндө кездешет. Жаратылышта кебүнчө селитра (нитрат) түрүндө болот. Ал 1772-ж. Д.Рутерфорд жана К.Шееле тарабынан ачылган.

Элемент эки изотоптун ($^{14}_{7}N$ жана $^{15}_{7}N$) аралашмасынан тургандыктан, ал орточо 14,007 атомдук массага ээ. Атомундагы электрондор эки кванттык деңгээлде 2,5 тартибинде жайланышкан, буга $1s^2 2s^2 2p^3$ электрондук формула туура келет. Иондоштуруу потенциалы бир кыйла жогору (14,5 эв) болгондуктан, ал бир топ инерттүү газ. Бирок жетишерлик энергия жумшоо менен анын -3,-2,-1,0,+1,+2,+3,+4,+5 заряддуу иондорун алууга болот. Бул абалдарынан кээ бирлери туруксуз болсо да, анын ар түрдүү кычкылдарын (м.: $N_2O$, $NO$, $N_2O_3$, $NO_2$, $N_2O_4$, $N_2O_5$ ), нитриддерин же азиддерин (м.: $AlN$, $Mg_3N_2$, $AgN_3$ ж.б.), кислоталарын жана алардын туздарын (м.: $HNO_2$, $HNO_3$, $NaNO_3$ ж.б.) комплекстик кошулмаларын (м.: $[Cu(NH_3)_4]SO_4$ ), галогениддерин (м.: $NCl_3$, $NF_3$ ж.у.с.), амиддерин (м.: $NaNH_2$, $PbNH$ ж.б.) алууга болот. Азот органикалык эң көп заттардын составына кирет. Алардын негизгиси аминокислоталар. Анын эң көп кошулмалары (м.: селитралар $KNO_3$, $NaNO_3$, аммиак, нитрофос ж.б.) баалуу жер семирткичтер).

АЗОТА ОКИСЛЫ азот кычкылдары (азоттун кычкылтек менен болгон кошулмалары: $NO_2$- азоттун кош кычкылы, анын димери $N_2O_4$, $N_2O_3$ —азот (Ш) ангидриди, $N_2O_5$- азот (Y) ангидриди).

АЗОТИРОВАНИЕ СТАЛИ болотту азоттоштуруу (болотту

аммиактын буусунда 500-600° ысытып, алын бетин 0,2-0,4 мм терендиктеги азот менен каптоо. Мындай болот бышык келет).

АЗОТИСТОЕ РАВНОВЕСИЕ азоттук тең салмактуулук (организмдеги ар түрдүү кубулуштарга катышкан азоттун өлчөмүнүн өзгөрбөстөн сакталуучу деңгээли).

АЗОТИСТАЯ КИСЛОТА азоттуу кислота ($HNO_2$ суудагы эритмесинде гана белгилүү. Кислоталык касиети начар).

АЗОТНАЯ КИСЛОТА азот кислотасы ($HNO_3$, түссүз суюктук. $d = 1,50$, $t_з = -42°C$).

АЗОТНЫЕ УДОБРЕНИЯ азот жер семиртkичтери (өсүмдүктөргө азык болууга жөндөмдүү азоту бар химиялык кошулмалар, к. АММОНИЯ СУЛЬФАТ, НАТРИЙ НИТРАТ, КАЛИЙ НИТРАТ, АММОНИЙ НИТРАТ, МОЧЕВИНА

АКАРИЦИДЫ акарициддер (кенеге каршы колдонулуучу химиялык заттар. М.: күкүрттүн, кальцийдин, барийдин полисульфиддери, нитрофенолдор, фосфор, органикалык кошулмалар ж.б.).

АКВА аква (суунун латынча аты, к. ВОДА).

АКВАМЕТРИЯ акваметрия (органикалык жана органикалык эмес кошулмалардан сууну аныктоо методу).

АКВОКОМПЛЕКСЫ аквокомплекстер (б.а. суулу комплекстер; составында бир же бир нече молекула суу кездешкен комплекстик кошулмалар, м.: $[Co(H_2O)_6]Cl_2$, $[Cu(H_2O)_4]SO_4 \cdot H_2O$ ж.б. Суунун комплекстин составына киришинин себеби, анын молекуласынын полярдуу келип ($\mu = 1,81$ D), он иондуу металлга же борбордук белүкчөгө тартылышынан келип чыгат).

АККУМУЛЯТОРЫ аккумуляторлор к. ХИМИЧЕСКИЕ ИСТОЧНИКИ ТОКА



АКРИЛОВАЯ КИСЛОТА акрил кислотасы ($CH_2=CH-COOH$ кескин жыттуу түссүз суюктук, $t_к = 13°C$. Сууда, спиртте, эфирде эрийт).

АКРИХИН акрихин ($C_{23}H_{30}ON_3Cl \cdot 2HCl \cdot 2H_2O$ ачык сары, майда кристаллдар, $t_з = 248 - 250°C$. Сууда, спиртте жакшы эрийт).

АКРОЛЕИН акролеин ($CH_2=CHCHO$ көздөн жаш чыгаруучу кескин жыттуу түссүз суюктук. Сууда, органикалык эриткичтерде жакшы эрийт).

АКТИВАТОРЫ активдештируучулар (катализаторлордун активдүүлүгүн, туруктуулугун жана тандап алуучулук жөндөмдүүлүгүн жогорулатуучу заттар (промоторлор); дат басууну алдамдатуу, заттардын люминесценциясын көбөйтүүчү, ферменттердин активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн кошулма түрүндө же жөн эле өз алдынча колдонулуучу заттар).

АКТИВАЦИЯ активдештирүү (белүкчөлөрдү ар түрдүү кубулуштарга ийкемдүү же реакцияга жөндөмдүү абалга келтирүү. Активдештирүү негизинен энергияны сарп кылып, дүүлүктүрүү аркылуу ишке ашырылат).

АКТИВНОСТИ КОЭФФИЦИЕНТ активдүүлүктүн коэффициенти (эритмедеги компоненттин активдүүлүгүнүн концентрацияга болгон катышы $\gamma$ тамгасы менен белгиленет; алынган эритменин касиеттеринин идеалдык эритмелердин касиеттеринен айырмаланышын көрсөтөт, к. АКТИВНОСТЬ).

АКТИВНОСТЬ активдүүлүк (иондордун активдүүлүгү алардын эритмедеги электростатикалык аракеттенишүүлөрүн эске алуу менен алынган эффективдүү концентрациясын түшүндүрөт.

Ал эми белүкчелердүн активдүүлүгү деп, аракетке кендемдүү, кубулушка ийкемдүү, жогорку энергиялуу же дүүлүккен абалдагы учурларды айтабыз).

АКТИВНОСТЬ ОПТИЧЕСКАЯ оптикалык активдүүлүк (суюк, газ же катуу абалда турган заттар аркылуу поляризацияланган жарыкты өткөзгөндө, жарыктын тегиздигинин кыйшаюусу).

АКТИВНЫЕ КОМПЛЕКСЫ активдүү комплекстер (химиялык реакциялар учурунда, реакция аралык белүкче катары пайда болгон туруксуз, кепчүлүк учурда составы боюнча стехиометриялык закондорго баш ийбеген бирикмелер).

АКТИВНЫЕ СТОЛКНОВЕНИЯ активдүү кагылышүүлар (эки белүкчөнүн (атомдун, молекуланын) химиялык байланышка алып келүүчү кагылышуусу).

АКТИВНОЕ СОУДАРЕНИЕ өз ара активдүү кагылышүү к. АКТИВНЫЕ СТОЛКНОВЕНИЯ

АКТИВНЫЙ УГОЛЬ (активированный уголь ) активдүү (активдештирилген) көмүр (кыгач көмүрүн суунун нык буусу менен абдан жогорканда пайда болот. Мындай көмүрдүн көлөмүндө майда тешиктердин натыйжасында беттик аракет өтө көп болгондуктан, эң жакшы адсорбенттердин биринен болуп эсептелинет).

АКТИНИЙ актиний (массалык саны 221 ден 280 чейинки изотобу бар радиоактивдүү уран кендеринде эң аз өлчөмдө (16 000 т уранга 1 г Ac туура келет) кездешүүчү элемент. Атомунун электрондук түзүлүшү 2,8,18,32,18, 8+1, 2 ге жооп берет да, демейде иону 18 кычкылдануу санын көрсөтөт. Гидроксиди - Ac $(OH)_3$ орто күчтүү негиз; оксалат, карбонат, фосфаттары сууда эрибейт, ал эми сульфат, хлорид жана нитраттары сууда жакшы эрип, электролиттик диссоциацияга дуушар болушат. Бул элемент 1899-ж. эле А.Дебиерн тарабынан ачылган. Химиясы жакшы изилдене элек; ал чарбасында да колдонулбайт).



АКТИНОИДЫ актиноиддер (булардын катарына мезгилдик системада актинийден Ac кийин турган катар номерлери 90 дон 103 ке чейинки элементтер кирет).

АКТИНОИДНАЯ ГИПОТЕЗА актиноиддик гипотеза (МС нин лантаноиддер тобу түзүлүп бүтүп, кийинки топтогу 94 элемент синтезделгенден кийин америкалык окумуштуу Г.Сиборг актиноиддик гипотезаны сунуш кылды. Ал боюнча 90-элементтен кийин актиноиддик топтор түзүле баштап, ал лантаноиддердей эле 14 элементти өз ичине алыш керек , б.а. VI мезгилдегидей эле VII мезгилде да 32 элемент болушу керек (азыр алардын 18 элементи табылган). Бул 1940-ж. айтылган гипотеза кийин толугу менен далилденди).

АКТОР актор (кандайдыр бир А жана В заттарынын ортосундагы реакция, экинчи бир В менен Снын арасындагы аракеттенишүүгө мүмкүндүк түзүп, ага түртүү берсе, баштапкы А (атом же молекула) актор деп аталат).

АКЦЕПТОР акцептор (химияда жалпысынан электрондорду өзүнө кабыл алуучу, б.а. кычкылданткычтын функциясын аткаруучу белүкчелер. Негиздер менен кислоталардын протолитикалык теориясында протондордун акцептору деп, протондорду

өзүнө кошуп алган (Бренстед боюнча негиздик ролду аткарган) бөлүкчөлөрдү атайт. Комплекстик кошулмалардан химиясында акцептор деп жуп электронду өзүнө кабыл алган компонентти атайт).

АЛАНИН <u>аланин</u> ($C_3H_7N$ негизги аминокислоталардын бири, кристаллдык зат).

АЛЕБАСТР <u>алебастр</u> <u>к</u>. КАЛЬЦИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ

АЛЛЕЛОТРОПНАЯ СМЕСЬ <u>аллелотроптук аралашма</u> (өз ара бири-бирине айланып кетүүгө жөндөмдүү кандайдыр бир заттын изомерлеринин аралашмасы. Кадимки ацетоуксус эфири буга мисал боло алат).

АЛИЗАРИН <u>ализарин</u> ($C_{14}H_8O_4$, $t_э$=290°C. Мурда өсүмдүктөрдөн алынса, азыр жасалма жол менен алынуучу кызыл боёк).

АЛИЗАРИНОВОЕ МАСЛО <u>ализарин майы</u> (касторка майын күкүрт кислотасы менен иштетип, жегичтер менен нейтралдаштыруудан пайда болгон сары же күрөң түстөгү суюктук. Сууда, спиртте, эфирде жакшы эрийт).

АЛИФАТИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ <u>алифаттык кошулмалар</u> <u>к</u>. АЦИКЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ

АЛИЦИКЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ <u>алициклдүү кошулмалар</u>

АЛКАЛИМЕТРИЯ <u>алкалиметрия</u> (нейтрализация реакциясынын негизинде так белгилүү концентрациядагы щелочтун эритмеси менен титрлеп кислотаны аныктоо методу).

АЛКАЛОИДЫ <u>алкалоиддер</u> (өсүмдүктөрдөн алынып, составында азот учуроочу, негиздик мүнөзгө ээ болгон органикалык заттар. Азыркы убакта 1000 ден ашык алкалоиддер белгилүү. Эң жөнөкөй алкалоиддерде 10, татаалдарында 50 ден ашык көмүртектин атому кездешет).



АЛКАНЫ <u>алкандар</u> <u>к</u>. ПРЕДЕЛЬНЫЕ УГЛЕВОДОРОДЫ

АЛКЕНЫ (ЭТИЛЕНОВЫЕ УГЛЕВОДОРОДЫ) <u>алкендер</u> <u>к</u>. НЕПРЕДЕЛЬНЫЕ УГЛЕВОДОРОДЫ

АЛКИЛ <u>алкил</u> (жалпы формуласы —$C_nH_{2n+1}$ га жооп берген бир валенттүү радикалдар, м.: метил $CH_3$— ,этил $C_2H_5$— ж.у.с. Алкандардан бир атом суутек кемисе, алкилдер пайда болот).

АЛКИЛИРОВАНИЕ <u>алкилдөө</u> (органикалык кошулмаларга алкил же аракил топторун кошуу реакциялары; кандай атом менен жаңы байланыш түзүлүшүнө жараша C—, O- N- жана S-алкилдештирүү болот).

АЛКОГОЛЯТЫ <u>алкоголяттар</u> (спирттердин (алкоголдордун) гидроксид тобундагы суутекти металлдарга алмаштырганда пайда болгон заттар. Көбүнчө катуу түрдө болушат, м.: натрийдин алкоголяты $C_nH_{2n+1}ONa$).

АЛЛЕН <u>аллен</u> ($CH_2$=C=$CH_2$ газ, $t_э$= -146°C).

АЛЛИЛ ХЛОРИСТЫЙ <u>аллил хлориди</u> ($CH_2$—CH—$CH_2Cl$. $t_э$= -786,4°C, d =0,9379. Сууда начар, спиртте, эфирде жакшы эрийт).

АЛЛИЛ БЕНЗОЛ <u>аллил бензол</u> ($C_6H_5$- $CH_2$-CH=$CH_2$ суюк зат, d=0,9012).

АЛЛИЛОВЫЙ СПИРТ <u>аллил спирти</u> ($CH_2$=CH-$CH_2$OH каныкпаган спирт, кескин жыты бар суюктук, $t_э$=-129°C).



ОСБ ИР
Центральная научная БИБЛИОТЕКА Академии наук Кирг. ССР
537114

АЛЛОТРОПИЯ аллотропия (бир эле химиялык элементтин бир нече түрдегү жөнөкөй заттарды же модификацияларды пайда кылышы. М.: кычкылтек $O_2$ жана озон $O_3$ кычкылтектин аллотропиялык түр өзгөртүшү. Алмаз, графит, көмүр баары тең көмүртектен турат).

АЛМАЗ алмаз к. УГЛЕРОД

АЛЬБУМИНЫ (ПРОТЕИНЫ) альбуминдер (протеиндер) (белоктун бир түрү. Буларга кан, булчун альбуминдер кирет. Альбуминдин составы 50-55 % көмүртектен, 6-7,8 % суутектен, 19-24 % кычкылтектен, 15-19 % азоттон жана 23-2,4 % күкүрттөн турат. Альбуминдер сууда жакшы эришет).

АЛЬДЕГИДОКИСЛОТЫ альдегидокислоталар (альдегид менен карбоксил топтору бар органикалык заттар. Булардын эң жөнөкөй өкүлү глиоксаль кислотасы: CHO–COOH).

АЛЬДЕГИДЫ альдегиддер (молекуласында $-C\lesssim^{O}_{H}$ тобу бар органикалык кошулмалар. Бул топ ар түрдүү көмүртектик радикалдар менен байланышкан).

АЛЬДОЗЫ альдозалар к. МОНОСАХАРИДЫ

АЛЬДОЛЫ альдолдор к. АЛЬДОЛЬНАЯ (АЛЬДЕГИДНАЯ) КОНДЕНСАЦИЯ

АЛЬДОЛЬНАЯ (АЛЬДЕГИДНАЯ) КОНДЕНСАЦИЯ альдолдук (альдегиддик) конденсация (суюлтулган жегичтердин альдегиддерге таасир этүүсүндө альдолдорду же альдегид спирттерин пайда кылышы. Мында альдолдор сууну бөлүп чыгарышып, каныкпаган альдегиддерге айланышат).

АЛЬФА-РАСПАД альфа-ажыроо (альфа бөлүкчөлөрү пайда болуу менен жүрүүчү радиоактивдүү өзгөрүш (ажыроо); $\alpha$ бөлүкчөнүн массалык саны 4 жана атомдук номери 2 болгондуктан, альфа бөлүнүүдө пайда болгон химиялык жаңы элементтин, адепки элементке караганда, атомдук салмагы 4 кө, атомдук номери 2 ге кем болот).



АЛЬФА-ЧАСТИЦА альфа-бөлүкчө ($\alpha$ бөлүкчө) гелийдин изотобунун $^{4}_{2}He$ эки протондуу, эки нейтрондуу ядросу. Альфа бөлүкчөлөрү заттар аркылуу жиберилгенде, аларды иондоштурушат да өзүнүн энергиясын азайтат).

АЛЮМИНАТЫ алюминаттар (алюминийдин суу кычкылына жегичтерди таасир этүүдөн алынган туздар. М.: $Al(OH)_3 + NaOH = NaAlO_2 + 2H_2O$. Алюминаттар сууда эришет).

АЛЮМИНИЕВЫЕ КВАСЦЫ алюминий ачык таштары (алюминийдин сульфаты менен бир валенттүү металлдардын реакцияга кирүүсүнөн пайда болгон кош туздар. М.: $KAl(SO_4)_2 \cdot 12H_2O$).

АЛЮМИНИЙ алюминий (МС нин III мезгилинин III группасынан орун алган, күмүшкө окшош жалтыраң, ак металл. Биринчи жолу 1825-ж. Эрстед, кийин 1827-ж. Ф.Велер тарабынан аның ачык таштарынан бөлүп алынган.

Алюминий $^{27}_{13}Al$ изотобунан гана турат, A=26,98; электрондук түзүлүшү: 2,8,8; электрондук формуласы: $1s^2 2s^2 \cdot 2p^6 \cdot 3s^2 3p^1$. Демек, p-элементтеринин тобуна кирет. Дейде сыртқы кванттык орбиталындагы электрондорду бүт берүү менен $Al^{3+}$ заряддуу ионуна айланат да, ар дайым калыбына келтиргичтин ролун аткарат. Кычкылдануугa дуушар кылган стандарттык электроддук потенциалы E= –1,67 в, анодукган алюминий

бир топ активдүү металл (кадимки учурда бул активдүүлүгүнө сыртқы бетиндеги кычкылдык катмар – $Al_2O_3$ колтоо кылат. Ал амфотердүү касиетке ээ:

$$H^+ + H_2O + AlO_2^- \rightleftharpoons H_3AlO_3 = Al(OH)_3 \rightleftharpoons Al^{3+} + 3OH^-$$

Химиялык кубулуштарга негизинен унчул касиетке ылайык катышат.

Эл чарбасында ал металл түрүндө (электр өткергүчтөрдү, куймаларды жана ар кандай тетиктерди, буюмдарды даярдоодо к.б.), кошулма түрүндө (кымбат баалуу таштарды – рубинди жана сапфирди алууда, кездемелерди боёдо колдонулат. $AlCl_3$– катализатор, $Al_2(SO_4)_3 \cdot 18H_2O$ коагулянт катары) пайдаланылат. Кийинки учурда анын органикалык кошулмалары да чоң мааниге ээ болуп бара жатат).

АЛЮМИНИЕВАЯ БРОНЗА алюминий колосу (жез менен алюминийдин эритиндисинен алынган куйма).

АЛЮМИНИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ АЛЮМИНИЯ) алюминий нитраты ($Al(NO_3)_3$ сууда жакшы эрийт. Бир нече кристаллогидраттары бар. М.: $Al(NO_3)_3 \cdot 6H_2O$, $Al(NO_3)_3 \cdot 9H_2O$ ).

АЛЮМИНИЙ ОРГАНИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ алюминийдин органикалык кошулмалары (булардын эки түрү белгилүү: 1) толук алюминий органикалык кошулмалар. Мында алюминийдин валенттик бирдиктери бүт органикалык радикалдар менен байланышкан; 2) толук эмес алюминийдүү органикалык кошулмаларда, алюминийдин валенттүүлүгүнүн бирөө же экөө галогендерге же суутекке сарпталган).

АЛЮМИНИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД АЛЮМИНИЯ) алюминий фториди



($AlF_3$ ак кристалл, $d$=3,1; $t_э$ =1040°С. Ал щелочтук металлдардын фториддери менен реакцияга кирип, сууда начар эрүүчү комплекстик кошулмаларды пайда кылат. М.: жаратылышта кездешүүчү криолит – $Na_3[AlF_6]$ комплекстик кошулмаларга кирет).

АЛЮМИНИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД АЛЮМИНИЯ) алюминий хлориди ($AlCl_3$ кристалл түрүндөгү ак зат, $d$ =2,44. Ал $AlCl_3 \cdot 6H_2O$ составдагы кристаллогидрат. Органикалык заттарды алууда, нефтини крекингилөөдө катализатор катары колдонулат).

АЛЮМИНИЯ ОКИСЬ алюминийдин оксиди ($Al_2O_3$ кадимки корунд, сууда эрибейт).

АЛЮМИНИЯ СПЛАВЫ алюминий куймалары (булар өтө жеңил жана бекем материалдар. Алюминийдин кеңири таркалган куймасы дуралюминий; анын составында: 94 % Al, 4% Cu, 0,5% Mg, Mn, Si бар).

АЛЮМИНОН алюминон (ауринтрикарбон кислотасынын аммоний тузу $[C_{19}H_{11}O_3(COONH_4)_3]$. Анын суудагы эритмеси $Al(OH)_3$ менен биригип кызыл түстү пайда кылгандыктан, аналитикалык химияда колдонулат).

АЛЮМИНОТЕРМИЯ (АЛЮМОТЕРМИЯ) алюминотермия (алюмотермия) (металлдарды металлдардын кычкылдарынан алюминийдин порошогунун жардамы менен алуу процесси, м.: $2Al + Fe_2O_3 = 2Fe + Al_2O_3 +$ +198 ккал).

АЛЮМОСИЛИКАТЫ алюминий силикаттары (жаратылышта кеңири учурай турган татаал силикаттар. М.: ортоклаз $K_2O \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2$, каолин $Al_2O_3 \cdot 2SiO_2 \cdot 2H_2O$ , асбест $CaO \cdot 3MgO \cdot 4SiO_2$ , нефелин $4K_2O \cdot 4Al_2O_3 \cdot 9SiO_2$).

АМАЛЬГАМЫ амальгамдар (металлдардын сымап менен кошулгандагы бирикмеси).

АМЕРИЦИЙ америций (актиноиддер тобуна кирген МСнын 95-элементи. Ал 1944-ж. Г.Сиборг жетекчилик кылган америкалык окумуштуулар аркылуу урандын атомунун ядросун альфа-белүкчелер менен кагылыштыруудан синтезделинген. Атомдук массалары 287 ден 244 кө чейинки бир топ изотоптору бар; туруктуусу 243. Эркин абалында салыштырмалуу салмагы 11,7 г/см$^3$ га барабар жумшак ак металл. Сыртқы кванттык орбиталынын электрондук формуласы: $...5f^6 \cdot 6d^1 \cdot 7s^2$, ичкилери толук толтурулган ксенондун—Хе дун электрондук түзүлүшүнө эз 5f -элементи. Ал +8, +4, +5, +6 кычкылдануу сандарын көрсөтөт, туруктуусу $Am^{3+}$ иону).

АМЕТИСТ аметист (кварцтын бир түрү. Эгерде $SiO_2$нин кристаллдарына бир аз темир жана марганец аралашкан болсо, алар эң кооз аметисти пайда кылат).

АМИДЫ МЕТАЛЛОВ металлдардын амиддери (аммиактагы суутектин бир атому металлга алмашканда пайда болгон заттар, к. АММИАКАТЫ, АМИНЫ).

АМИЛАЗА амилаза (крахмалды жана гликогенди гидролиздеп, аларды декстринге жана мальтозага айлантуучу, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн организминдеги фермент).

АМИЛЕНЫ амилендер (кош байланышы бар, каныкпаган углеводороддук пептондор. М.: метил-2, бутен-2 $CH_3-CH=C(CH_3)_2$. Булар суюк түрүндө болушат).

АМИЛОВЫЙ СПИРТ амил спирти ( $C_5H_{11}OH$, бул спирттин



бир нече изомерлери бар, м.: н - амил спирти $CH_3(CH_2)_3-CH_2OH$ - суюк зат).

АМИНОБЕНЗОЙНЫЕ КИСЛОТЫ аминобензой кислоталары ( $NH_2-C_6H_4-COOH$ , үч изомери бар).

АММИНЫ (АММИАКАТЫ) амминдер (аммиакаттар) (булар аммиактын оң заряддуу металлдардын иондору менен байланышкан комплекстүү кошулмалары. Мында металлдардын ионы борбордук белүкчөнүн ролун аткарат, ал эми аммиактын молекуласы донор-акцепторлук байланыштын натыйжасында координацияланышат. Пайда болуу реакциясын жалпысынан мындай көрсөтүүгө болот:

$$MeX_n + mNH_3 \rightleftharpoons [Me(NH_3)_m]X_n .$$

АМИНОБЕНЗОЛ аминобензол к. АНИЛИН

АМИНОГРУППА амин тобу ( $H_2N$ аммиактын бир валенттүү калдыгы. Органикалык кошулмаларда (аминдерде) кездешет).

АМИНОКИСЛОТЫ аминокислоталар (составында бир нече амин жана карбоксил топтору бар кошулмалар. Составында бул топтор болгондуктан, кислота жана негиздер менен туз пайда кылышат. Алар белоктун ажырашынан пайда болуучу кристалл түрүндегү заттар).

АМИНОФЕНОЛЫ аминофенолдор ( $C_6H_7NO$ түссүз кристаллдардан турган зат, сууда эрийт. Кислоталар менен туз пайда кылат. Күчтүү калыбына келтиргичтер).

АМИНЫ ПЕРВИЧНЫЕ биринчилик аминдер (аммиактагы суутектин бир атому углеводороддук радикалга алмашканда пайда болот. Жалпы формуласы: $R-NH_2$ ).

АМИНЫ ВТОРИЧНЫЕ экинчилик аминдер (калпы формуласы: $R-NH-R$ га кооп берген заттар).

АМИНЫ ТРЕТИЧНЫЕ үчүнчүлүк аминдер (аммиактагы суутектин үч атому тең углеводороддук радикалга алмашканда пайда болгон, калпы формуласы: $R-\underset{\underset{R}{|}}{N}-R$ ге кооп берген заттар).

АММИАК аммиак ($NH_3$ кескин кытуу түссүз газ. Кадимки наматр спиртинде 25 % аммиак бар).

АММИАКАТЫ аммиакаттар (кээ бир туздардын аммиак менен болгон комплекстик конулмалары, м.: $CoCl_3 \cdot 6NH_3$, $[Cu(NH_3)_4]SO_4$ к.б.)

АММОНАЛ аммонал (72 % $NH_4NO_3$, 25 % Al порошогу жана 3 % көмүрдөн турган эң күчтүү жарылгыч касиети бар аралашма).

АММОНИЙ аммоний ($NH_4^+$ бир валенттүү радикал. Кепчулук касиеттери бир валенттүү металлдарга окшош).

АММОНИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ аммонийдин нитраты ($NH_4NO_3$, кристалл, бир нече түрү бар. Сууну өзүнө тарткыч зат, $d=1,73$, $t_э=168°C$, сууда, спиртте жакшы эрийт).

АММОНИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ АММОНИЯ) аммонийдин сульфаты ($(NH_4)_2SO_4$ ромба түрүндөгү кристаллдардан турган түссүз зат, $d=1,77$, $t_э=513°C$. Сууда жакшы, спиртте начар эрийт).

АММОНИЙ ГИДРАТ ОКИСИ аммонийдин гидрооксиди ($NH_4OH$ эркин түрде кездешпейт, эритмеде гана белгилүү. Негиздик касиети бар).

АММОНОЛИЗ аммонолиз (туздардын аммиактын таасири алдында ажыраш. Бул процесс гидролизге өте окшош. М.: гидролиз: $Al_2S_3 + H_2O = 2Al(OH)_3 + 3H_2S$, аммонолиз: $HgCl_2 + 2NH_3 = NH_4Cl + NH_2HgCl$).



АММОФОС аммофос (болжол менен 30 % $NH_4H_2PO_4$ жана 70 % $(NH_4)_2HPO_4$ бар жакшы кер семиртkичтердин бири).

АМОРФНОЕ СОСТОЯНИЕ аморфтук абал (төмөндөгү коюлган талаптарга ылайык келүүчү катуу түрдөгү заттын абалы: 1) формасы жана оптикалык, механикалык, электрдик касиеттеринин изотроптуулугу (б.а. алардын багытка көз каранды эместиги); 2) эрүү температурасынын туруксуздугу).

АМОРФНЫЕ ВЕЩЕСТВА аморфтуу заттар к. АМОРФНОЕ СОСТОЯНИЕ

АМОРФНЫЙ УГОЛЬ аморфтуу көмүр (өтө майдаланган графит).

АМФИОНЫ амфиондор (башкача айтканда аморфтуу иондор).

АМФИПРОТНАЯ МОЛЕКУЛА амфипроттук молекула (суунун молекуласы оңайлуу протонду ажыратууга жана аны кошуп алууга жөндөмдүү заттардын молекулалары. Аутопротолиз кубулушуна мына ушундай заттар гана дуушар боло алышат. Амфипроттук заттардан болуп: $NH_3$, $H_2SO_4$, $HCOOH$, $CH_3OH$ к.б. эсептелишет).

АМФОЛИТЫ амфолиттер (негиздик жана кислоталык түрдө диссоцияланган амфотердүү электролиттер).

АМФОТЕРНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ амфотердүү конулмалар (кээде кислоталык, кээде негиздик касиетти көрсөтүшкөн конулмалар. Аларга: суу, $Al(OH)_3$, $Cr(OH)_3$ к.б. кычкылдар мисал боло алышат).

АНАЛИЗ анализ (заттарды анын составдык бөлүктөрүнө ажыратып табуу же текшерүү).

АНАЛИТИЧЕСКИЕ ГРУППЫ аналитикалык топтор (группалар) (ар түрдүү заттардын (же иондордун) аралашмасын анализдөө мүмкүнчүлүгүн оңойлотуу максатында, аларды бир канча топторго бөлүү. Бул учурда аралашманын ар бир составдык бөлүгүн анализдөөгө гана киргийлүү мүмкүнчүлүк түзүлбөстөн, анализди оңойлотуу да ишке ашырылат).

АНАЛОГИ ЭЛЕКТРОННЫЕ электрондук аналогдор (окшоштор) (электрондук түзүлүшү, орбиталдары боюнча бирдей же тектеш болгондор. М.: тышкы электрондук кванттык катмарларынын бирдей болушунан, МСнин элементтери 8 группага: s элементтерине (мында $ns^1$ жана $ns^2$), p элементтерине (мында $np^1$ ден $np^6$ га чейин), d элементтерине ($nd^1$ ден $nd^{10}$го чейин) жана f элементтерине ($nf^1$ ден $nf^{14}$ке чейин) бөлүнүшөт. Демек, I группанын элементтеринин сыртқы электрондук катмары $s^1$ түзүлүшкө, II группадагылар $s^2$ түзүлүшкө ээ болгондуктан, булар электрондук түзүлүштөрү боюнча окшоштор. Ушундай эле мүнөздөмө p,d жана f элементтери үчүн да туура келет. Электрондук окшоштук түшүнүгү ушул эле мааниде молекулаларга эркин радикалдарга да кайрылат).

АНАЛИТИЧЕСКАЯ ХИМИЯ аналитикалык химия (заттарды жана алардын аралашмаларын сан жана сапат жагынан текшерүүнү үйрөтүүчү химия илимининн бир тармагы).

АНГИДРИДЫ ангидриддер (суу менен биригип кислота пайда кылуучу кычкылдар, м.: $SO_3$, $CO_2$, $P_2O_5$ ж.б.).

АНГИДРИДЫ КИСЛОТ кислоталардын ангидриддери (органикалык кислоталардын эки карбонил тобундагы гидроксил кычкылтегинен



алмаштырылганда пайда болгон заттар. Жалпы формуласы:

$$R-CO\rangle O$$
$$R-CO\rangle$$

АНГИДРИТ ангидрит (составы $CaSO_4$ болгон кошулма).

АНГЛЕЗИТ англезит (составы $PbSO_4$ кооп берген кошумча).

АНГСТРЕМ ангстрем (Å узундукту өлчөөнүн бирдиги: 1 Å=0,1 мм=$10^{-8}$ см. Молекула менен атомдук масштабдардын аралыктары ангстрем менен өлчөнөт).

АНИЗОТРОПНОСТЬ анизотроптуулук (көз бир кристаллдык заттардын физикалык касиеттеринин (механикалык, оптикалык, электрдик, магниттик ж.б. симметриялык багыттарына жараша ар түрдүү чондуктарга ээ болушу).

АНИЛИН анилин (аминобензол) ($C_6H_5NH_2$, ароматтуу аминдерге кирет. Түссүз суюктук, уулу зат. Ал кислоталар менен реакцияга кирип, туз пайда кылат, м.: $C_6H_5-NH_2 \cdot HCl$).

АНИОНОАКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА анионго активдүү (активдүү) заттар

АНИОНЫ аниондор (терс заряддалган иондор; алар электр тогунун таасири алдында анодду көздөй кыймылат, к. ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКАЯ ДИССОЦИАЦИЯ).

АНИОНИТЫ аниониттер (органикалык радикалдар менен бирге амино топторду, аммонийдик же сульфондук негиздерди алып жүргөн ири молекулалуу органикалык заттар. Алар өздөрүнүн $OH^-$-ионун ар түрдүү кислоталык калдыктарга алмаштырууга ыйкемдүү келишет:

$$[An]OH + NaCl = [An]Cl + NaOH$$

Алар көбүнчө сууну минералдык заттардан тазалоо үчүн колдонулат, к. ИОНИТЫ).

АННИГИЛЯЦИЯ аннигиляция (заттын белүкчөлөрүнүн электромагниттик талаага айланышы. Мында белүкчөлөр коголгону менен энергиянын сакталуу закону жана башка закондор өз күчүндө калат, андыктан аннигиляция кубулушу бардык закондорго баш иет).

АНОДНЫЕ ЛУЧИ (КАНАЛОВЫЕ ЛУЧИ) аноддук нурлар к. КАНАЛОВЫЕ ЛУЧИ

АНОДИРОВАНИЕ СПЛАВОВ күймаларды аноддоштуруу (алюминий, магний, титан сыяктуу металлдардын негизинде алынган күймалардын сыртына ар түркүн түстөгү коюу пленкаларды же оозулуудан, чирүүдөн коргоочу кабыкчаларды электрохимиялык жол менен, б.а. аларды анодго туташтырып кычкылдантуу менен пайда кылуу ыгы).

АНОЛИТ анолит (электрохимиялык кубулуш учурундагы анод камагындагы электролиттин көлөмү).

АНОМАЛЬНОЕ СВОЙСТВО өзгөчөлүк (бөтөнчөлүк) касиет (кандайдыр бир заттын касиеттеринин кыска өзгөрүшү же башка бир озуне тектеш же окшош заттарга караганда өзгөчө касиеттерди көрсөтүшү. М.: суу өзүнө окшош түзүлүштөгү $H_2S$, $H_2Se$ гомологдоруна караганда бөтөнчө касиетке ээ).

АНТИВЕЩЕСТВО антизат (антибөлүкчөлөрдөн курулган бизди курчап турган заттын тескериси, б.а. антидүйнөнүн заттары. Антибөлүкчөлөр: антиэлектрон, антипротон, антинейтрон, антиэлемент ж.б.).

АНТИДЕТОНАТОРЫ антидетонаторлор (детонацияга (жарылууга) тоскоол кылуучу заттар. Булар көз бир жарылуучу аралашмаларга кошулат).



АНТИ И СИН-ИЗОМЕРЫ анти жана син-изомерлер (стереоизомерлердеги эки атом же радикал бири биринен алыс турса анти, жанаша турса син изомерлер деп аталышат, м.:



анти-изомер



син-изомер).

АНТИЛИЗИТ антилизит ($CH_2SH-CHSH-CH_2OH$, бул зат мышьяктын кошулмалары менен ууланганда андан дарылоо үчүн колдонулат).

АНТИМОНАТЫ (СТИБИАТЫ) антимонаттар (стибиаттар) (стибиат (сурьма) кислотасынын туздары).

АНТИМОНИДЫ антимониддер (металдарга сурьманы таасир кылганда пайда болуучу заттар).

АНТИМОНИЛ антимонил ($SbO^+$-туздардын составына кируучу радикал, м.: $SbOCl$).

АНТИМОНИТЫ антимониттер (стибит $H_3SbO_3$ жана метастибит $HSbO_2$ кислоталарынын туздары).

АНТИОКСИДАНТЫ антиоксиданттар (б.а. кычкылдануунун акырындатуучу, суттун иришин төмөндөтүүчү, майдын бузулушуна тоскоолдук кылуучу теро катализаторлордун бир түрлөрү).

АНТИПОД ОПТИЧЕСКИЙ оптикалык антипод к. ИЗОМЕРИЯ ОПТИЧЕСКАЯ

АНТИСВЯЗУЮЩАЯ ОРБИТАЛЬ антибайланыштуу орбиталь (б.а. бошондотуучу орбиталь, к. РАЗРЫХЛЯЮЩАЯ ОРБИТАЛЬ).

АНТИСЕПТИКИ антисептиктер (ар түрдүү нерселерди чирүүдөн жана микробдордон сактоо үчүн колдонулуучу химиялык

заттар. М.: медицинада: иод, хлорамин, фенол; күнделүк турмушта: фенол, формалин ж.у.с.).

АНТИСИММЕТРИЧНАЯ (ассиметричная) ФУНКЦИЯ антисимметриялуу (ассиметриялуу) функция (спиндери параллелдүү болгон электрондордун өз ара таасирденүүлөрүн мүнөздөп, алардын негизинде, бөлөкдөтүүчү орбиталдардын пайда болушун математикалык көл менен далилдөөчү функция).

АНТИФРИЗЫ антифриздер (салыштырмалуу төмөнкү температурага чейин тоңбоочу суюктуктар жө алардын аралашмасы. М.: этиленгликолдун суудагы эритмесинде анын 52,5 % концентрациясы болсо, ал 40,4°С чейин тоңбойт. Антифриздер катары глицериндин, бир атомдуу спирттердин суу эритмелери да колдонулат. Алар моторлордогу сууну тоңуп калуудан сакташат, ерт өчүрүү иштеринде пайдаланылат).

АНТРАЦЕН антрацен ($C_{14}H_{10}$ көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрибеген түссүз пластинкалар, $t_э = 216°C$. Кээ бир боёкторду алууда колдонулат).

АНТРАЦИТ антрацит (таш көмүрдүн таза түрү. Составында 96 % С, 2 % Н, 2 % N+O+S бар. Кычуулук берүү кубаты 8400ккал).

АПАТИТ апатит (формуласы: $3Ca_3(PO_4)_2 \cdot CaF_2$ жө $3Ca_3(PO_4)_2 \cdot CaCl_2$ коон берген, сууда эрибөөчү зат; ал негизинен фосфор кээ сөмирткичтерин, фосфорду жана фоофор кислотасын алууда колдонулат).

АППАРАТ КИППА Кипптин аппараты (лабораторияда ар түрдүү, м.: $CO_2$, $H_2$, $H_2S$ ж.б. газдарды алууда колдонулуучу аппарат идиш).



АПРОТОННЫЕ РАСТВОРИТЕЛИ апротондук эриткичтер (протонду берүүгө жө пайда кылууга көндөмсүз эриткичтер (метабензол, төрт хлордуу көмүртек ж.у.с.).

АРАБИНОЗА арабиноза (пентоза) ($C_5H_{10}O_5$, алча чайырын гидролиздегенде пайда болуучу кристаллдык зат).

АРАХИНОВАЯ КИСЛОТА (Н - ЭЙКОЗАНОВАЯ КИСЛОТА) арахин кислотасы (н - эйкозан кислотасы) ($C_{12}H_{19}COOH$ жө $CH_3-(CH_2)_{16}-CH_2-COOH$ кристаллдык зат, эфир менен хлороформдо эрийт, $t_э = 77°C$, $d = 0,8240$).

АРГЕНТАН НЕЙЗИЛЬБЕР аргентан нейзильбер (65% көздөн, 20 % цинктен, 15 % никелден турган куйма).

АРГЕНТИТ аргентит ($Ag_2S$ минерал; ал: коргошун, цинк, көз кендеринде көп кезигет).

АРГЕНТОМЕТРИЯ аргентометрия (күмүштүн жакшы эрүүчү туздарын (демейде $AgNO_3$) колдонуу менен хлориддердин, бромиддердин, иодиддердин, цианиддердин, роданиддердин өлчөмүн аныктоо методу. Реакция чөкмө пайда кылуу менен жүрөт. Методдун аты күмүштүн латынча атынан келип чыккан).

АРГЕНТОИМИДОСУЛЬФОНОВАЯ КИСЛОТА аргентоимидосульфон кислотасы ($AgNH-SO_3H$, сары зат).

АРГЕНТОАЦЕТАМИД аргентоацетамид ($AgHN-CO-CH_3$, кызгылт-сары, катуу зат).

АРГЕНТОУРЕТАН аргентоуретан ($AgHN-CO-OC_2H_5$ кызгылтым түстөгү зат).

АРГЕНТУМ аргентум (күмүштүн латынча аты, к. СЕРЕБРО).

АРГИНАЗА аргиназа (сүт эмүүчү жаныбарларда кездешүүчү энзима).

АРГИНИН аргинин (гуанидин $\alpha$ аминовалериан кислотасы: $C_6H_{14}O_2N_4$, түзүлүшү: $HN=C(NH_2)-NH-(CH_2)_3-CH(NH_2)-COOH$. Гуанидин коңулмаларынын каратылыштагы аминокислотасы. Сууда эрийт. Аны касалма түрдө да алууга болот).

АРГОН аргон (инерттүү газдар тобун же Л.Полингдин сунушу боюнча аргоноиддер деп аталган группаны түзгөн элемент. Каратылышта көпөкөй атомдуу газ түрүндө кездешет. Ал 1894-жылы В.Рамзай жана Д.Релей тарабынан ачылган. Аргон 20,18 атомдук массага ээ. Атомундагы электрондордун бөлүнүү тартиби 2,8; кванттык деңгээлдеринин электрондук формуласы: $1s^2 \cdot 2s^2 \cdot 2p^6$. Демек УШ группанын р элементи).

АРГОНОИДЫ аргоноиддер (Л.Полингдин сунушу боюнча инерттүү газдар тобунун аты; бул алардын чындыгында инерттүү эмес, бирок, аз да болсо реакциялык жөндөмдүүлүккө ээ экендигине негизделген).

АРЕОМЕТР ареометр (суюктуктардын салыштырма салмагын өлчөгүч курал).

АРИЛ ариддер (ароматтык углеводороддордун радикалдары, м.: $C_6H_5-$ б.а. булардын бензол шакекчелеринде бош валенттүүлүк бирдиги бар).

АРОМАТИЗАЦИЯ НЕФТИ нефтини ароматизациялоо (нефтидеги ароматтык карбоноводороддордун санын көбөйтүү процесси).

АРМИРОВАННЫЕ ПЛАСТМАССЫ чыңалтырылган пластмассалар (кабыктыргыч катары колдонулган синтетикалык чайырлары айнек булалары аркылуу чыңалтырылган (толтурулган) катмардуу



пластиктер; буларда кабыктыргыч катары полиэфирдик, фенолоформальдегиддик, эпоксиддик, кремний органикалык ж.б. чайырлар колдонулат, ал эми чыңалтыргыч-арматура катары: айнек булалары, кездемелер, киптер ж.б. пайдаланылат. М.: айнек текстолити, айнек булалуу пластик ж.б.).

АРОМАТИЧЕСКАЯ СВЯЗЬ ароматтык байланыш (ароматтык углеводороддордо кездешүүчү коваленттик байланыш. Ал бензолдук ядродогу көмүртектин атомдорунун бирине да байыр албаган $\pi$ электрондордун болушу менен өзгөчөлөнөт).

АРОМАТИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ ароматтык коңулмалар (бир же бир нече бензолдук ядролору бар органикалык заттардын классы. Булардын көбү өзгөчө жыттуу заттар).

АРОМАТИЧЕСКИЕ УГЛЕВОДОРОДЫ ароматтык углеводороддор к. АРОМАТИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ

АРОМАТИЧЕСКИЙ ХАРАКТЕР ароматтык мүнөз (ароматтык коңулмаларга мүнөздүү химиялык касиеттер: 1) алар орун алмашуу реакцияларына киришет; 2) оңой нитрленишет; 3) бензолдук ядрого ээ болушат).

АРРЕНАЛ арренал ($CH_3 \cdot AsO(ONa)_2 \cdot 6H_2O$ метил арсенат кислотасынын натрий тузу).

АРРЕНИУСОВО ОПРЕДЕЛЕНИЕ КИСЛОТ кислоталардын Аррениустук аныктамасы (кислоталар деп, суу эритмелеринде же эритиндиде оң заряддуу суутек менен терс заряддуу кислота калдыктарынын иондоруна диссоциациялануучу заттарды айтабыз. М.: $H_3PO_4 \rightleftharpoons 3H^+ + PO_4^{3+}$).

АРРЕНИУСОВО ОПРЕДЕЛЕНИЕ ОСНОВАНИЙ негиздердин Аррениус-

тук аныктамасы (негиздер деп, суу эритмелеринде (же эритиндилеринде ) оң зарядду металлдар менен терс зарядду гидроксилдин иондоруна диссоциациялануучу заттарды айтабыз,м.: $MeOH \rightleftharpoons Me^+ + OH^-$ ).

АРСЕНАТЫ арсенаттар ( $H_3AsO_4$ арсений кислотасынын туздары).

АРСЕНИКУМ арсеникум (мышьяктын латынча аты) к. МЫШЬЯК

АРСЕНИТЫ арсениттер ( $H_3AsO_3$ арсенит кислотасынын туздары).

АРСЕНОБЕНЗОЛ арсенобензол ( $C_6H_5-As-As-C_6H_5$ дары касалуучу кристаллдык сары зат).

АРСИН арсин ( $AsH_3$ түссүз, уулу, сарымсак жыттуу газ, органикалык эриткичтерде, сууда эрийт).

АРСИНЫ арсиндер (аммин же фосфиндерге окшош заттардан болуп, составында арсин ( $AsH_3$) молекулаларынын калдыктары $AsH_2$, AsH кирген, м.: $CH_3-AsCl$, $C_6H_5-AsBr(C_6H_5)As$ уу заттар).

АСБЕСТ асбест ( $MgO\cdot CaO\cdot 4SiO_2$ ысыкты жакка өтө чыдамдуу ( $t_з$ =1500°C) органикалык эмес була түрүндөгү, эриткичтерге, кислоталарга жана щелочторго туруктуу зат; ал лабораторияда жана жылуулук өткөрбөс жайларда колдонулат).

АСИММЕТРИЯ МОЛЕКУЛ молекуланын асимметриясы (молекуланын түзүлүшүндөгү кандайдыр бир беттик симметриянын жетишпегендиги; демейде асимметриялык атомдордон пайда болот. Мындай касиеттерге ээ болгон молекулаларда кызгылык чагылыш



сыяктуу түрлөт гана пайда боло алат, алар жарыктын поляризациялоо тегиздигин карама-каршы багытка имерилет, к. АСИММЕТРИЧЕСКИЙ АТОМ УГЛЕРОДА).

АСИММЕТРИЧЕСКИЙ АТОМ УГЛЕРОДА көмүртектин асимметриялуу атому (б.а. симметрияга ээ болбогон атом (төрт валенттик бирдиги боюнча ар түрдүү атомдор же атомдук топтору менен байланышып, алардын борборунда жайланышкан көмүртектин атому. Ал кээде $C^*$ деп белгиленет).

АССОЦИАЦИЯ ассоциация (кандайдыр бир жөнөкөйүрөөк белокчолордун (атомдордун, иондордун, молекулалардын) өздүк химиялык касиеттерин өзгөртпөстөн эле сыртқы чөйрөнүн таасири аркылуу топтошууларды, биригишүүлөрдү түзүшү. М.: $(H_2O)_n$ мында n=1÷8).

АССОЦИАТИВНЫЙ МЕХАНИЗМ ассоциатташтыруу механизми (б.а. белокчолорду топтоштуруу түрүндөгү механизм. Бул нуклеофилдик айырбашташуу реакцияларына кирет. Белокчого реакцияланууга үчүн жакындап келген жаңы айырбаштоочу анын составындагы мурунку айырбаштаалуучунун карама-каршы тарабындагы белокчо менен биригишет. Эми бул аймакта байланыш күчү кебейгендуктөн мурунку айырбаштаалуучу (атом же атомдук топтор) молекуланын түлкү скелетинен ажырап кетет. Айтылгандарды төмөнкү схема боюнча түшүндүрүүгө мүмкүн:

$$R-X + Y \longrightarrow [Y\cdots R\cdots X] \longrightarrow Y-R + X$$

Мындай реакциялар тибi $S_N2$ замещение, к. $S_N1$ и $S_N2$ ЗАМЕЩЕНИЕ).

АССОЦИИРОВАННЫЕ ЖИДКОСТИ ассоциацияланган суюктуктар (молекулалары суутектик же башка молекула аралык байланыш

аркылуу топтошууга дуушар болуп, бир аз да болсо полимерлешүүгө мүмкүнчүлүгү бар заттар).

α АСПАРАГИНОВАЯ КИСЛОТА α аспарагин кислотасы ($C_4H_7O_4N$ тирүү жандыктардын белокторунун гидролизденишинен пайда болуучу эки негиздүү кислота. l - аспаргин да кездешет).

АСПАРИН аспирин ($C_9H_8O_4$ ацетил салицил кислотасы, калтырак ак кристалл).

АССИМИЛЯЦИЯ УГЛЕКИСЛОТЫ көмүр кычкыл газынын ассимиляциясы (өсүмдүктөрдүн көмүр кычкыл газын сиңириши. Ассимиляция процесси күн нурунун таасири менен хлорофил данекчелеринде жүрөт. Мында адегенде формальдегид пайда болуп, кийинчерээк формальдегиддин полимеризация процессинин натыйжасында суу бөлүнүп чыгат. Күндүн нурунун жана түрдүү ферменттердин таасири алдында альдегид углеводко айланат. М.: $CO_2 + H_2O + 134$ ккал $= HCOH + O_2$

$x\,C_6H_{12}O_6$ [же $(6CH_2O)_x$] $= (C_6H_{10}O_5)_x + H_2O$).

АССОЦИАЦИЯ МОЛЕКУЛ молекулалардын ассоциациясы (кээ бир заттардын молекулалары өз ара биригишип, чоң агрегаттарды пайда кылышы, м.: $xH_2O \rightleftarrows (H_2O)_x$ , $xHF \rightleftarrows (HF)_x$ Температурага карата ассоциацияланган молекулалардын саны да өзгөрүп турат).

АСТАТ астат (МС нын галогендер группасында жайланышкан 85-элемент. Ал 1940-ж. Э.Серге тарабынан висмуттун атомун альфа бөлүкчөлөрү менен жигилиштирүүдө синтезделген. Анын туруксуз 19 изотобу бар, эң туруктуусу $^{210}_{85}At$ -8,8 саатка чейин жашайт. Бардыгы радиоактивдүү. Атомунун электрондук түзүлүшү: 2,8,18,32,18,7; тышкы валенттик орбиталдарынын



электрондук формуласы: $\ldots 4f^{14}5d^{10}6s^2 6p^5$ демек, p--элементи.

Галогендерге караганда металлдык касиети жогору. Ал бир топ металлдар, галогендер жана кукурттүү суутек менен реакцияга кирет).

АСФАЛЬТОПЕКОВЫЕ ПЛАСТМАССЫ асфальтопектүү пластмассалар (аккумуляторлордун бактарын, автотракторлордун тетиктерин ж.б. жасоо үчүн керектелүүчү нефть битумдарынын, негизинде алынуучу пластмассалар).

АТАБЕРИН атаберин к. АЗРИХИН

АТАКТИЧЕСКИЕ ПОЛИМЕРЫ атактикалык полимерлер (амфотердүү касиетке ээ, түзүлүш тулкусу кандайдыр бир кайталанмалуу иреттүүлүктө болбогон полимерлер. М.:



АТОМ атом (элементтин касиетин алып жүрүүчү эң майда бөлүкчө. Атомдор бош түрдө да, молекулаларда кездешет. Атом бирдей сандагы электрдик оң заряды бар оор ядродон жана электрдик терс заряды бар жеңил электрондордон турган система).

АТОМНАЯ МОДЕЛЬ атом модели (атомдук түзүлүштү моделдештирип мүнөздөө).

АТОМНАЯ (КОВАЛЕНТНАЯ) СВЯЗЬ атомдук (коваленттик) байланыш (бул байланышта жуп электрондор атомдордун экөөнө тең бирдей тартылат да, ортоктош электронду пайда кылат. Электрондун орбитасы эки ядрону тең тейлейт; кээде ал гомополярдык байланыш деп да аталат).

АТОМНАЯ ТЕПЛОЕМКОСТЬ атомдук жылуулук сыйымдуулук (бир грамм-атом элементи I°C ка ысытуу үчүн кеткен жылуулук саны , к. ЗАКОН ДЮЛОНГА И ПТИ).

АТОМНАЯ ШКАЛА атомдук шкала (атомдук массалардын стандартталган шкаласы; 1961-ж. баштап көмүртектик шкала кабыл алынган, к. АТОМНАЯ МАССА).

АТОМНЫЕ МОЛЕКУЛЫ атомдук молекулалар (атом жана молекула деген түшүнүктөрү теңдеш болгон бир атомдуу молекулалардын аты, м.: He, Ar, Kr, Xe ж.б.).

АТОМНЫЙ НОМЕР атомдук номер (элементтин катар номери. Ал элементтин атомунун ядросундагы протондордун санына барабар).

АТОМНЫЕ РАДИУСЫ атомдук радиустар (атомдун масштабына сандык мүнөздөмө берүү үчүн кабыл алынган түшүнүк; атом демейде шар формасында каралгандыктан, анын радиусу диаметринин жарымына барабар, Б: Å, см, нм).

АТОМНЫЕ РЕШЕТКИ атомдук торчолор (мындай кристаллдык торчолордун түйүндөрүндө нейтралдуу атомдор жайланышат да, алар вандерваальстык(негизинен дисперсиялык жана индукциялык) күчтөрү аркылуу бириккет. М.: катуу абалдагы аргондун, неондун ж.б. кристаллдык торчолору).

АТОМНАЯ МАССА атомдук масса (атомдук масса деп, так 12,000000 ге барабар делип, чен бирдиги катары кабыл алынган көмүртектин изотобунун атомунун анык салмагынан канчалык үлүшүнө оор же жеңил экенин билдирүүчү санды айтабыз. Бул, атомдук салыштырмалуу массанын стандарты 1961-ж. Ал аралык



макулдашуунун негизинде кабыл алынган жана атомдук салмак деп айтпоо сунуш кылынган. Ал бирдиксиз (салыштырмалуу) сан).

АТОМАРНАЯ ТЕПЛОТА ОБРАЗОВАНИЯ атомардык пайда болуу жылуулугу (берилген заттын атомдордон пайда болуудагы жылуулук эффектиси, Б: ккал/моль, кдж/моль ж.у.с.).

АТОМИСТИЧЕСКИЕ ПРЕДСТАВЛЕНИЯ атомдук көз караштар (түшүнүктөр) (бул көз караш байыркы Греция, Вавилон, Египет, Индия ж.б. өлкөлөрдө, биздин жылыма чейин УI кылымдарда пайда болгон да анда баардык зат атомдордон турат деп айтылган).

АТОМНОЕ ЯДРО атом ядросу (атомдун борбордук оң зарядталган бөлүкчөсү. Ядро атомдун бир аз гана көлөмүн, б.а. бул көлөм атомдун көлөмүнүн жүз миңден бирин азгана турат (ядронун радиусу $10^{-13}$ см, атомдун радиусу $10^{-8}$ см).

АТОМНОСТЬ СПИРТОВ спирттердин атомдуулугу (спиртте канча гидроксил тобу болсо, атомдуулугу да ошончо болот).

АТОМНОСТЬ ФЕНОЛОВ фенолдордун атомдуулугу (бензол ядросундагы суутек атомдорунун ордундагы гидроксил тобунун саны менен белгиленүүчү чондук).

АТОМНЫЙ ДВИГАТЕЛЬ атом кыймылдаткычы (атомдук (ядролук) энергиянын кардамы менен иштөөчү кыймылдаткычтар. Авырлыгы көздеги кыймылдаткычтар уран же плутонийдин ажыроо реакцияларынын негизинде иштешет).

АТОМНЫЕ ОБ"ЕМЫ атомдук көлөмдөр (катуу жана суюк заттардын 1 грамм-атомдорунун көлөмдөрү. Б: Å , $см^3$, $м^3$).

АТОМНЫЙ НОМЕР ЭЛЕМЕНТА элементтин атомдук номери (мезгилдик системадагы элементтердин тартиптелген номерлери. Бул сан ядронун айланасындагы электрондун санына барабар).

АТОМЫ ОГОЛЕНИЕ ыналанчанган атомдор (өзүнүн чейресүндөгү электрондордун бардыгын же бир канчасын жоготкон атомдор).

АТОМНАЯ ОРБИТАЛЬ атомдук орбиталь (электрондорунун кванттык деңгээлдер, деңгээлчелер жана ячейкалар боюнча бөлүштүрүлүшү боюнча мүнөздөлгөн атомдун абалы (бул мүнөздөмө көбүнчө валенттик катмардын электрондук түзүлүшү боюнча жүргүзүлөт).

АТОМНЫЕ СПЕКТРЫ атом спектрлери (атомдогу электрондордун жогорку энергетикалык деңгээлден төменку энергетикалык деңгээлге өтүшүнүн натыйжасында пайда болуучу сызыктуу спектрлер, <u>к.</u> ЛИНЕЙЧАТЫЕ СПЕКТРЫ).

АТОМНЫЕ (ЯДЕРНЫЕ) ТОПЛИВА атомдук (ядролук) отундар (булар ядролорду ар түрдүү элементардык бөлүкчөлөр (көбүнчө нейтрондор) менен ургулоодо (бомбулоодо) кеп сандаган энергия бөлүп чыгаруу менен жүрүүчү жасалма ядролук реакциялар).

АТОМНЫЙ (ЯДЕРНЫЙ) РЕАКТОР атомдук (ядролук) реактор (ядролук башкарылма (кенделүүчү) реакцияларды ишке ашыруучу установка).

АТМОФИЛЬНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ атмофильдик элементтер (атмосферага топтошууга күйөлөш: суутек, кычкылтек, азот, инерттүү газдар сыяктуу элементтер).

АТРОПИН атропин ($C_{17}H_{23}O_3N$ алкалоид, кристаллдык уюктуруучу зат).



АТТРАКТАНТЫ аттрактанттар (үйөктөшүп чогулууга, коркутуу сигналдарын берүүгө, тамак-аш таап жеңе к.у.с. үчүн колдонулуучу, айбанаттар бөлүп чыгаруучу заттар).

АУКСОХРОМЫ ауксохромдор (түс берүүчү заттар хромофорлор менен бирдикте гана өңдү өзгертүп, алардын түсүн күчөтүүчү заттар. Булар индикаторлорго кошумча иретинде колдонулушат).

АУРАТЫ аураттар (аурат (алтын) кислотасынын туздары, м.: $KAuO_2 \cdot 3H_2O$ ).

АУРИН аурин ($C_{19}H_{14}O_3$ кызыл түстөгү кристаллдык зат, уксус кислотасында жана спиртте эрийт).

АУРИПИГМЕНТ аурипигмент ($Au_2S_3$ минерал).

АУРУМ аурум (алтындын латынча аты).

АУСТЕНИТ аустенит (темир менен көмүртектен пайда болгон катуу эритме).

АУТОКАТАЛИЗ аутокатализ <u>к.</u> АУТОКАТАЛИТИЧЕСКИЕ РЕАКЦИИ

АУТОКАТАЛИТИЧЕСКИЕ РЕАКЦИИ аутокатализдик реакциялар (реакциянын өз продуктылары аркылуу өздөрү катализденүүчү химиялык кубулуштар).

АУТОКОМПЛЕКСЫ аутокомплекстер (бир өңчөй заттардын молекулалары өз ара биригүүдө пайда болгон комплекстер, м.: $3CdJ_2 \cdot Cd(CdJ_3)_2$ ).

АУТОКСИДАЦИЯ аутоксидация (эркин радикалдар аркылуу активдештирүүдөгү органикалык кошулмалардын, абанын кычкылтеги менен өзүнөн өзү жай кычкылданууусу).

АУТОПРОТОЛИЗ аутопротолиз (протон $-H^+$ берилүү менен ишке ашкан кислоталык-негиздик реакциялар).

АФФИНАЖ аффинаж (металлургияда асыл металлдарды ар түрдүү аралашмалардан тазалоо процесси).

АЦЕТАЛЬ ацеталдар (спирттер менен кетондордун же альдегиддердин өз ара биригишинен пайда болуучу органикалык заттар . Алардын жалпы формуласы: $R_2C(OR)_2$ же $R-C(OR)_2H$ ).

АЦЕТАЛЬДЕГИД ацетальдегид (уксус альдегиди же этанол $CH_3-COH$ буулангыч, кескин жыттуу зат. Ацетальдегид кислотанын таасиринен полимерленип альдегидге айланат).

АЦЕТАЛЬДЕГИД - АММИАК ацетальдегид-аммиак (альдегиддер аммиакты кошуп алышып, альдегид - аммиакты пайда кылышат: $CH_3-CHO + NH_3 \rightleftharpoons CH_3-CH(OH)NH_2$ ).

АЦЕТАМИД ацетамид (уксус кислотасынын амиди $CH_3-CO-NH_2$ . Сасык жыттуу, түссүз кристалл, $t_э$=82,83°С, d=1,159).

АЦЕТАТЫ ацетаттар (уксус кислотасынын туздары).

АЦЕТИНИЛ ацетинил ($HC\equiv C-$ бир валенттүү каныкпаган радикал).

АЦЕТИЛ ацетил ($CH_3CO-$, уксус кислотасынан гидроксил тобу ажырап чыгууда пайда болгон бир валенттүү радикал).

АЦЕТИЛ ИОДИСТЫЙ иоддуу ацетил ($CH_3COJ$ - түссүз, суюктук).

АЦЕТИЛ ХЛОРИСТЫЙ хлордуу ацетил (уксус кислотасынын хлор-ангидриди, к. ХЛОРАНГИДРИД УКСУСНОЙ КИСЛОТЫ).

АЦЕТИЛАЦЕТОН ацетилацетон ( $CH_3-CO-CH=C(OH)-CH_3$, $t_э$=25°С мүнөздүү жыты бар, сууда эрүүчү зат).



АЦЕТИЛАЦЕТОНАТЫ ацетилацетонаттар (ацетилацетондун металлдык кошулмалары).

АЦЕТИЛЕН ацетилен ($H-C\equiv C-H$, түссүз, жалыны эң күчтүү күйгүч газ).

АЦЕТИЛЕНДИКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА ацетилендик карбон кислотасы ($COOH-C\equiv C-COOH$ эки негиздүү кислота).

АЦЕТИЛЕНОВЫЕ УГЛЕВОДОРОДЫ ацетилендик углеводороддор (ацетилендин гомологдору ).

АЦЕТИЛИРОВАНИЕ ацетилдөө (органикалык кошулмалардын бир же бир канча атомдорун ацетил радикалдарына алмаштыруу).

АЦЕТИЛКЛЕТЧАТКИ ацетилклетчаткалар (клетчатканын уксус эфирлери. Күйбөс лактарды даярдоодо техникада мааниси зор).

АЦЕТИЛМОЧЕВИНА ацетилмочевина ($CH_3-CO-NH-CO-NH_2$, мочевинанын амин тобундагы бир суутектин кислота калдыгына алмаштыруудан пайда болгон кристаллдык зат, $t_э$=127°С).

АЦЕТИЛОСАЛИЦИЛОВАЯ КИСЛОТА ацетилосалицил кислотасы к. АСПИРИН

АЦЕТОН ацетон (диметил кетон - $CH_3-CO-CH_3$ түссүз суюктук. Кетондор катарынын биринчи өкүлү. Суу, эфир, спирт менен ар кандай катнашта аралашат).

АЦЕТОНДИЭТИЛСУЛЬФОН ацетондиэтилсульфон к. СУЛЬФОНАЛ

АЦЕТОНИЛАЦЕТОН ацетонилацетон ($CH_3-CO-(CH_2)_2-CO-CH_3$, түссүз суюктук, $t_э$=-9°С, d=0,979).

АЦЕТОНИТРИЛ ацетонитрил ($CH_3CN$, уу суюктук, $t_э$=-44,9°С, d= 0,783).

АЦЕТОУКСУСНАЯ КИСЛОТА ацетоуксус кислотасы ($C_4H_6O_3$ нону суюктук).

АЦЕТОУКСУСНЫЙ ЭФИР ацетоуксус эфири ($CH_3-CO-CH_2-COO-C_2H_5$; мындан толгон фармацевдик препараттар (пирамидон, антипирин) жана боёктор касалат).

АЦЕТОФЕНОН ацетофенон (метилфенилкетон - $C_8H_8O$ түссүз кристалл; $t_э$=48,0°С, $d$=1,0267, сууда аз эрийт).

АЦИДОКОМПЛЕКСЫ МЕТАЛЛОВ металлдардын ацидокомплекстери (металлдардын кычкылдык касиетке ээ фторид, хлорид, цианид сульфид сыяктуу лигандар менен пайда кылган комплекстик кошулмалары. М.: $[Co(NO_2)_6]^{3-}$, $[SnCl_6]^{2-}$, $[AlF_6]$ ж.у.с.).

АЦИДОКОМПЛЕКСЫ ацидокомплекстер (галиддер менен галогендүү суутектердин арасындагы пайда болгон комплекстүү кошулмалар).

М.: $BF_3 + HF \rightleftharpoons H[BF_4]$

$PbCl_4 + 2HCl \rightleftharpoons H_2[PbCl_6]$

$AuCl_3 + HCl \rightleftharpoons H[AuCl_4]$

АЦИДОМЕТРИЯ ацидометрия (кислота-щелочтук титрлөө методундагы кислота менен щелочту аныктоонун ыгы; мында кислота менен титрленет).

АЦИДОПЕНТАМИНЫ ацидопентаминдер (бул комплекстүү кошулмаларга кирет. Жалпы формуласы: $[MeA_5X]Y_{n-1}$, $n$ - металлдын валенттүүлүгү, X менен Y кислота калдыктары, A - $NH_3$ сыяктуу нейтралдуу молекулалар).

АЦИДОТРИАМИНЫ ацидотриаминдер (комплекстик кошулмалар. Ацидотриамин ионунун жалпы формуласы: $[MeA_3X]_n$, $n$-боордук атомдун валенттүүлүгү, X - бир валенттүү аденд. Көбүнчө эки валенттүү платина жана анын жакын гомологунан



болгон эки валенттүү палладийдин ушундай комплекстери бар).

АЦИКЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ ациклдүү кошулмалар (булардын молекулаларындагы көмүртектин атомдору ачык чынжырдуу болушуп, алкаксиз түзүлөт. Алар өз ара каныккан жана каныкпаган ациклдүү заттарга бөлүнөт).

АЦИЛ ацил (циклсиз катарлардын бир валенттүү кислотасынын калдыгы. Кислотанын молекуласынан бир гидроксил тобу алынып ташталды деп кароого да болот, м.: HCOOH кумурска кислотасынан формил HCO тобу, $CH_3-COOH$ уксус кислотасынан ацетил $CH_3-CO$ тобу, $C_2H_5-COOH$ пропион кислотасынан $C_2H_5-CO$ пропионил тобу калат).

АШАРИТ ашарит ($Mg\,HBO_3$ составына ээ минерал).

АШ-КИСЛОТА (Н-КИСЛОТА) аш кислота (Н-кислота) (бул I-амино, 8нафтол, 3,6-дисульфокислотасы, боёк катарында колдонулат).

АЭРОЗОЛИ аэрозолдор (газ жана дисперттик фаза аралашмасынан турган майда бөлүкчөлөр $10^{-5}$÷$10^{-7}$ см системасы. Эгерде майда бөлүкчөлөрү катуу болсо, андай аэрозолдор түтүн деп аталат; эгерде майда бөлүкчөлөрү суюк болуп майда тамчылардан турушса, туман деп аталат).

## Б

БАБИТЫ бабиттер, куйма (подшипниктерге жумшалуучу, кышылууга чыдамдуу куймалар. Бабиттин составында негизинен калай менен коргошун жана аралашма түрүндө: сурьма, жез, кадмий, никель, мышьяк ж.б. болушат).

БАДДАЛЕИТ баддалеит ($ZrO_2$ составындагы катуу минерал).

БАЗОЦЕНТРИРОВАННАЯ КРИСТАЛЛИЧЕСКАЯ РЕШЕТКА базалары боюнча борбордоштурулган кристаллдык торчо (элементардык ячейканын бардык кырлары боюнча гана эмес, параллелдүү эки капталь беттеринин ортосунда (капталь беттерге борборлом) да атом жайланышкан учурдагы пайда болгон кристаллдык торчо).

БАКЕЛИТ бакелит (фенолформальдегиддик чайырдын техникалык аты. Ал пластмассаларды алууда колдонулат).

БАКТЕРИАЛЬНЫЕ УДОБРЕНИЯ бактериялык жер семиртkичтер (бактерияларды өстүрүү же алардын атайын бир түрлөрүнөн препараттарды жасап чачуу менен жер кыртыштарынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу. Бактериялык препараттардан болуп нитрагин, азотоген, фосфоробактериялар ж.б. эсептелинет).

БАКТЕРИЦИДЫ бактерициддер (өсүндүктөрдөгү ар түрдүү бактериялардын кесепетинен пайда болгон илдеттерге каршы күрөшүү үчүн колдонулуучу фунгициддер).

БАРБИТАЛ барбитал к. ВЕРОНАЛ

БАРБИТУРОВАЯ КИСЛОТА (МАЛОНИЛ-МОЧЕВИНА) барбитур кислотасы (малонил-мочевина) $C_4H_4N_2O_3$ же $CO<\begin{matrix}HN-CO\\HN-CO\end{matrix}>CH_2$ Малонил кислотасынын уреиди. Эки молекула суусу бар, призма түрүндөгү кристалл).

БАРБИТУРАТЫ барбитураттар (уйку келтирүүчү жана тынчтандыруучу дарылык касиеттери бар, барбитур кислотасына $C_4N_2O_3H_4$ ар кандай заттарды кошуудан (м.: веронал, фенол ж.б.) алынган анын туундулары, Алар(шакекчелүү) кошулмалар тобуна киришет).



БАРБОТАЖ барботаж (кандайдыр бир суюктук аркылуу газды же буюу барпыратып жиберүү методунун жалпы аты, к. БАРБИТИРОВАНИЕ).

БАРИЙ барий (МС дагы 56-элемент. Жаратылышта оор шпат $BaSO_4$ (барит) жана витерит $BaCO_3$ түрүндө кездешет. Аны кычкылын -BaO кремний же алюминий (алюмотермия) менен калыбына келтирүүдөн да алышат. Күмүш сыяктуу жалтырак, коргошундай жумшак металл. Элементтин атомдору 7 түрдүү изотоптон турат. Электрондук түзүлүшү: 2,8,18,18,8,2; иондоштуруу потенциалы 5,21 эв. Оңондуктан 0 жана 2 валенттүүлүккө, +2 кычкылдануу санына ээ болгон, бир топ активдүү элемент. Андыктан качан болсо калыбына келтиргичтин гана ролун аткарат.

Барийдин өзүнө караганда кошулмалары кеңири колдонулат. М.: $BaF_2$ – пиротехникада, $BaCl_2 \cdot 2H_2O$ түстүү айнектерди өндүрүүдө, болотторду сугарууда, аналитикалык химияда, $BaSO_4$ рентгендик изилдөөлөрдө, бекемделип катуучу заттар катары пайдаланылат. Техникада башка кошулмалары да керектелет).

БАРИЙ АЗОТИСТЫЙ (НИТРИД БАРИЯ) барий нитриди

БАРИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ барий нитраты

БАРИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД БАРИЯ) барий бромиди ($BaBr_2 \cdot 2H_2O$ кристаллдык зат, $d$ =3,58, сууда, спиртте эрийт).

БАРИЙ БРОМНОВАТОКИСЛЫЙ барий броматы ($Ba(BrO_3)_2$, күчтүү кычкылдандыч. Сууда эрийт, $t_э$=260°С, $d$=3,82).

БАРИЙ ВОДОРОДИСТЫЙ барий гидриди ($BaH_2$ абада кыздырганда от

алып кеткич кристалл түрүндегү түссүз зат, $d$ =4,21).

БАРИЙ ДИТИОНОВКИСЛЫЙ (ДИТИОНАТ БАРИЯ) барий дитионаты ($Ba_2SO_2O_6 \cdot 2H_2O$, $d$ =4,53; спиртте эрибейт, сууда эригич кристаллдык зат).

БАРИЙ ЕДКИЙ кегич барий (барийдин гидроксиди $Ba(OH)_2$).

БАРИЙ ЖЕЛЕЗОКИСЛЫЙ (ФЕРРАТ БАРИЯ) барий ферраты ($BaFeO_4$ өтөт туруксуз кызгылт зат).

БАРИЙ ЙОДИСТЫЙ барий иодиди ($BaJ_2$ кристаллында I-7 чейин кристаллдык суу болот; сууда жакшы эрийт).

БАРИЙ КРЕМНЕФТОРИСТЫЙ (КРЕМНЕФТОРИД БАРИЯ) барий кремнефториди ($BaSiF_6$ сууда начар эрүүчү катуу зат. Ысытуудан ажырап кетет).

БАРИЙ КРЕМНИСТЫЙ (СИЛИЦИД БАРИЯ) барий силициди ($BaSi_2$ металл сыяктуу жалтырак, катуу зат).

БАРИЙ МАРГАНЦЕВОКИСЛЫЙ (ПЕРМАНГАНАТ БАРИЯ) барий перманганаты ($Ba(MnO_4)_2$, сууда жакшы эригич, күчтүү кычкылданткыч. Кара-көк түстөгү кристалл, $d$ =8,77. Спиртте ажырап кетет).

БАРИЙ МАРГАНЦОВИСТОКИСЛЫЙ (МАНГАНАТ БАРИЯ) барий манганаты ($BaMnO_4$, жашыл порошок, $d$=4,85. Сууда жакшы эригич, чыдамдуу боёк).

БАРИЙ МНОГОСЕРНИСТЫЙ (БАРИЯ ПОЛИСУЛЬФИД) барий полисульфиди ($BaS_3$ жана $BaS_2$; $BaS_3$, $t_э$=554°С, $BaS_2$, $t_э$=925°С).

БАРИЙ НАДСЕРНОКИСЛЫЙ (ПЕРСУЛЬФАТ БАРИЯ) барий персульфаты (молекуласында 4 суусу бар, сууда жакшы эрүүчү кристалл).

БАРИЙ СЕЛЕНЕВОКИСЛЫЙ (СЕЛЕНАТ БАРИЯ) барийдин селенаты ($BaSeO_4$ сууда начар эрийт, $d$=4,75).

БАРИЙ СЕРНИСТОКИСЛЫЙ (СУЛЬФИТ БАРИЯ) барий сульфиди



($BaSO_4$ ак кристалл, сууда эрийт, $d$=4,75).

БАРИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД БАРИЯ) барий сульфиди ($BaS$ $d$=4,25. кристаллында 6 молекула суусу бар. Сууда эрийт. Литопондун составына кирет).

БАРИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ БАРИЯ) барий сульфаты ($BaSO_4$ ак порошок, $d$=4,5. $t_э$=1580°С, кислоталарда жана сууда начар эрийт).

БАРИЙ ТЕЛЛУРОВОКИСЛЫЙ (ТЕЛЛУРАТ БАРИЯ) барий теллураты ($BaTeO_4$ жакшы эрүүчү кристаллдык зат, $d$=4,48).

БАРИЙ ТИОУГЛЕКИСЛЫЙ (ТИОКАРБОНАТ БАРИЯ) барий тиокарбонаты ($BaCS_3$ катуу зат).

БАРИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ БАРИЯ) барий карбонаты ($BaCO_3$, сууда эрибейт, уксус кислотасында эрүүчү түссүз кристалл).

БАРИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ КИСЛЫЙ (БИКАРБОНАТ БАРИЯ) барий бикарбонаты же гидрокарбонаты ($Ba(HCO_3)_2$ эритмеде гана белгилүү).

БАРИЙ УГЛЕРОДИСТЫЙ (КАРБИД БАРИЯ) барий карбиди ($BaC_2$ суу менен кошулуп ацетиленди пайда кылуучу катуу зат, $d$=3,75).

БАРИЙ УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ БАРИЯ) барий ацетаты ($Ba(C_2H_3O_2)_2$ ак кристалл, сууда кайнай эрийт, $d$=2,47).

БАРИЙ ФОСФОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ (ГИПОФОСФИТ БАРИЯ) барий гипофосфити ($Ba(HPO_2)_2 \cdot H_2O$ кристаллдык зат; $d$=2,2).

БАРИЙ ФТОРИСТЫЙ (БАРИЯ ФТОРИД) барий фториди ($BaF_2$ $d$=4,58, $t_э$=1280°С, сууда начар эрүүчү түссүз кристалл).

БАРИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД БАРИЯ барий хлориди ($BaCl_2 \cdot 2H_2O$ уу зат, сууда жакшы эрийт, $t_э$=962°С).

БАРИЙ ХЛОРНОВАТОКИСЛЫЙ (ХЛОРАТ БАРИЯ) барий хлораты ($Ba(ClO_3)_2 \cdot H_2O$, сууда жана ацетондо оңой эрүүчү мелүүрөк кристалл, $d$=3,18).

БАРИЙ ХРОМОВОКИСЛЫЙ (ХРОМАТ БАРИЯ) барий хроматы ($BaCrO_4$, $d$=4,5, сары түстөгү сууда начар эригич кристалл).

БАРИТОВАЯ ВОДА барий суусу (кадимки температурада барийдин гидроксиди менен каныктырылган суу).

БАРИЙ АММИАКАТ барий аммиакаты ($Ba(NH_3)_6$, металлга окшош жалтырак катуу зат).

БАРИЯ ГИДРАТ ОКИСИ барий гидоксиди ($Ba(OH)_2$, сууда жакшы эрийт. Лабораторияда колдонулат. Анын суудагы эритмеси барий суусу деп да аталат, к. БАРИТОВАЯ ВОДА).

БАРИЙ ИЗОТОПУ баридин изотоптору ($^{130}Ba$ – 0,101 %; $^{132}Ba$ – 0,097%; $^{134}Ba$ – 2,42 %; $^{135}Ba$ – 6,59 %; $^{136}Ba$ – 22,82%; $^{137}Ba$ – 22,82 %).

БАРИЙ НИТРИД баридин нитриди (BaNH катуу зат, ал баридин амидин кабык иштите аябай ысытуудан алынат).

БАРИЙ КАРБОНИЛ барий карбонили ($Ba(CO)_2$ катуу зат).

БАРИЙ ОКИСЬ барий оксиди ( BaO ак түстүү, абадан $CO_2$ өзүнө тартып алып, баридин карбонатын пайда кылат).

БАРИЙ ПЕРЕКИСЬ барий пероксиди ($BaO_2$ сууда начар эрүүчү ак порошок, жогорку температурада бир кычкылтегин бөлүп чыгарып BaO айланат. Формуласы: $BaO_2 \cdot 8H_2O$ болгон кристаллогидраты бар).

БАШЕННЫЙ (НИТРОЗНЫЙ) СПОСОБ ПРОИЗВОДСТВА СЕРНОЙ КИСЛОТЫ күкүрт кислотасын өндүрүүнүн мунаралык (нитроздук) жолу (бул метод боюнча реакция жүрүүчү мунаранын ылдый жагынан газ абалындагы $SO_2$, ал эми үстүнөн азоттун кычкылдарынын (NO, $NO_2$, $N_2O_3$ түн) суу буусу менен аралашкан аралашмасы киберилип, карама-каршы агымда кездешүү менен булар реакция аралык туруксуз кошулма нитрозил күкүрт кислотасын ($HNOSO_4$) пайда кылышат. Андан ары ал гидролизге дуушар болот. Жалпысынан: $2SO_2 + N_2O_3 + O_2 + H_2O \rightleftharpoons 2HNOSO_4$

$2HNOSO_4 + H_2O \rightleftharpoons 2H_2SO_4 + NO + NO_2$

реакциясы боюнча кислота алынат. Азоттун кычкылдары циклга кайтарылат).



БЕЗДЫМНЫЙ ПОРОХ түтүнсүз кара дары (клетчатканы азот жана күкүрт кислотасы менен иштетүүдөн клетчатканын түрдүү эфирлери пайда болот да ал зат пироксилин деп аталат).

БЕЛИЛА СВИНЦОВЫЕ коргошун ак сыры (составында коргошундун гидроксикарбонаты кезигүүчү $2PbCO_3Pb(OH)_2$ ак боёк).

БЕЛИЛА СЕРНИСТЫЕ күкүрттүү ак сыр (ZnO менен $BaSO_4$ түн аралашмасы, ак боёк, к. ЛИТОПОН).

БЕЛИЛА СУРЬМЯНЫЕ сурьма ак сыры (составы $Sb_2O_3$ уу болгондуктан практикада аз пайдаланылат).

БЕЛИЛА ТИТАНОВЫЕ титан ак сыры (составында $TiO_2$ бар ак боёк. Сууда, кислотада жана кычкылдарда эрибейт).

БЕЛИЛА ЦИНКОВЫЕ цинк ак сыры (ZnO ак боёк. Бул боёк ZnO порошогу менен алиф майын аралаштыруудан пайда болот).

БЕЛИЛЬНАЯ ИЗВЕСТЬ агартуучу акиташ ( $CaOCl_2$ хлорид кислотасы менен гипохлорид кислотасынын аралашма туздары. Күчтүү кычкылдантуучу ак порошок).

БЕЛОЕ КАЛЕНИЕ ак чокой кызуу (жогорку температурада бардык заттар ар түрдүү түс менен эришет, м.: 500+1000°С чейин кызыл түстө, 1000–1300°С чейин сары, анан 1300+1500°С чейин ак чок болуп эрийт).

БЕЛЫЙ ПРЕЦИПИТАТ ак преципитат (составы негизинен $NH_2HgCl$ дон турган препарат).

БЕЛЫЙ МЫШЬЯК ак мышьяк к. МЫШЬЯКОВИСТЫЙ АНГИДРИД

БЕМИТ бемит, минерал к. БОКСИТ

БЕНГАЛЬСКИЕ ОГНИ бенгал оттору (кызыл-тазыл алоолонуп нуйуучу пиротехникалык заттар. Андай заттардан кызыл түс

алуу үчүн составына төмөнкүлөр кошулат: $Sr(NO_3)_2$ - 28 %, $KClO_3$ - 15 %, S - 12 %, кант - 11 %, бура - 34 %; ак түстө алоолонуш үчүн Mg - 20 %, $Ba(NO_3)_2$ - 41 %, канифоль - 88 % аралашмасы алынат; жашыл түс алуу үчүн: $Ba(CO_3)_2$ - 51 %, $BaCl_2$ - 28 %, Al - 12 %, S - 2,5 % аралашмасы алынат).

БЕНЗАЛЬАНИЛИН бензальанилин ($C_6H_5 — CH = N - C_6H_5$ спирт жана эфирде эрип, сууда эрибеечү түссүз зат, $t_э$=48°C).

БЕНЗАЛЬАЦЕТОН бензальацетон ($C_6H_5 - CH = CH - CO - CH_3$ ачык сары түстүү зат, $t_э$=42°C, d=1,035. Спиртте жана эфирде эрийт).

БЕНЗАЛЬДЕГИД бензальдегид (бензой альдегиди) $C_6H_5 - C\overset{O}{\underset{H}{\leftarrow}}$ ачуу бадам майы, бадам жыттуу суюк зат).

БЕНЗАЛЬ-РАДИКАЛ бензаль-радикалы ($C_6H_5CH<$ эки валенттүү, толуолдун калдыгы симал радикал).

БЕНЗАНТРОН бензантрон ($C_{17}H_{10}O$ ароматтык кетон, $t_э$=170°C, сары боёк даярдоодо колдонулуучу зат).

БЕНЗАМИД (АМИД БЕНЗОЙНОЙ КИСЛОТЫ) бензамид (бензой кислотасынын амиди) ($C_6H_5-CO-NH_2$ жылуу сууда жакшы эрип, жука кристаллдан турат, $t_э$= -130°C).

БЕНЗИДИН бензидин ($H_2N - C_{12}H_8 - NH_2$ спирт жана эфирде жакшы эрип кислоталар менен туздарды пайда кылат, аналитикалык химияда колдонулат).

БЕНЗИЛ БРОМИСТЫЙ бензил бромиди (бромбензол) ($C_6H_5-CH_2Br$ өткүр жыттуу түссүз суюктук, спирт жана эфирде эрийт).

БЕНЗИЛ ИОДИСТЫЙ бензил иодиди ($C_7H_7J$ көздөн жаш агызуучу кескин жыттуу, спиртте жана эфирде жакшы эригич, катуу зат, d= 1,784, $t_э$= 24°C).



БЕНЗИЛ-РАДИКАЛ бензил-радикалы ($C_6H_5 — CH —$ бир валенттүү радикал).

БЕНЗИЛ ХЛОРИСТЫЙ бензил хлориди ($C_6H_5-CH_2Cl$ кескин жыттуу суюктук, эфир жана спиртте жакшы эрийт).

БЕНЗИЛ ЦИАНИСТЫЙ бензил цианиди ($C_6H_5 - CH_2 - CN$ көздөн жаш чыгарган кескин жыттуу катуу зат).

БЕНЗИЛАМИН бензиламин ($C_6H_5 - CH_2NH_2$ аммиак жыттуу суюктук; сууда, эфирде жана спиртте жакшы эрийт, абада $CO_2$ сиңирип алгыч келет, d=0,982).

БЕНЗИЛАНИЛИН бензиланилин ($C_6H_5-CH_2-NH-C_6H_5$, бензаланилиндин калыбына келишинен пайда болуучу кристаллдык зат; ысык спиртте жана эфирде жакшы эрийт).

БЕНЗИЛОВЫЙ СПИРТ бензил спирти ($C_6H_5OH$ өсүмдүктөрдө көздешкен түссүз суюктук).

БЕНЗИН бензин (составы $C_5$ тен $C_{10}$ чейинки углеводороддор менен циклоалкандардын аралашмасынан туруп, 40 + 205°C кайноочу нефти продуктылары. Ал нефтини фракциялоодо алынат).

БЕНЗИН ТВЕРДЫЙ катуу бензин (составы 95 % бензинден, калганы суу ж.б. заттардан турган, ячейкалуу структурага ээ жогорку концентрациялуу эмульция; ал формаланган брикет түрүндө да чыгарылат).

БЕНЗОИЛАМИНОУКСУСНАЯ КИСЛОТА бензоиламиноуксус кислотасы к. ГИППУРОВАЯ КИСЛОТА

БЕНЗОИЛГЛИЦИН бензоилглицин к. ГИППУРОВАЯ КИСЛОТА

БЕНЗОИЛ РАДИКАЛ бензоил радикалы ($C_7H_5O$ бир валенттүү радикал).

БЕНЗОИЛ ХЛОРИСТЫЙ бензоил хлориди ($C_6H_5-COCl$ көздөн жаш агызуучу ачуу суюктук).

БЕНЗОИЛА ПЕРЕКИСЬ бензоил пероксиди ($(C_6H_5CO_2)_2$ түссүз кристалл, $t_э$= 103,5°С).

БЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА бензой кислотасы ($C_6H_5-COOH$ ак кристалл, $t_э$=121°С ; бальзамдарда, каратылыш чайырларында учурайт, синтез жолу менен да алынат).

БЕНЗОЙНОЙ АЛЬДЕГИД бензой альдегиди к. БЕНЗАЛЬДЕГИД

БЕНЗОЛ бензол ($C_6H_5$ ароматтык углеводороддордун эң жөнөкөй өкүлү спиртте, эфирде эрүүчү түссүз суюктук, сууда эрибейт десе да болот).

БЕНЗОЛДИКАРБОНОВЫЕ КИСЛОТЫ (ФТАЛЕВЫЕ КИСЛОТЫ) бензолдикарбон кислоталары (фтал кислоталары) ($C_6H_5(COOH)_2$ эки негиздүү ароматтык кислота, о,м,п изомерлери учурайт).

БЕНЗОЛКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА бензолкарбон кислотасы к. БЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА

БЕНЗОСУЛЬФОКИСЛОТА бензосульфокислотасы ($C_6H_5SO_3H$ бензолдун күкүрт кислотасы менен сульфидденишинен пайда болуучу кристаллдык зат. Сууда жана спиртте эрийт, кристаллдары абадан сууну тартып алып, бузулуп кетет).

БЕНЗОЛЬНОЕ КОЛЬЦО бензол шакекчеси

БЕНЗОНАФТОЛ бензонафтол ($C_{10}H_7O-CO-C_6H_5$ бензой кислотасы менен нафталинден чыккан эфир, ак кристалл. Эфирде жана спиртте начар, хлороформада жакшы эрийт).

БЕНЗОНИТРИЛ бензонитрил ($C_6H_5-CN$ спирт жана эфирде жакшы, сууда начар эрүүчү зат).



БЕНЗОТИАЗОЛ бензотиазол ($C_7H_5NS$, $t_э$=234°С, спирт жана эфирде жакшы, сууда начар эрийт).

БЕНЗОТИОФЕН бензотиофен к. ТИОНАФТЕН

БЕНЗОТРИХЛОРИД бензотрихлорид ($C_6H_5-CCl_3$, $t_э$= -5°С, $d$ = 1,80 сууда эрибейт, спиртте жана эфирде эрийт).

БЕНЗОФЕНОН (ДИФЕНИЛКЕТОН) бензофенон (дифенилкетон) ($C_6H_5-CO-C_6H_5$ ароматтык кетон. Спиртте жана эфирде эрийт).

БЕНЗОФУРАН (КУМАРОН) бензофуран (кумарон) ($C_8H_6O$ таш көмүр чайырында кездешүүчү суюк зат, $d$ = 1,077).

БЕНЗОХИНОН бензохинон к. ХИНОН

БЕНИТОИТ бенитоит (дүң формуласы $BaTiSi_3O_9$ көгүш берүүчү, тригоналдык түзүлүштөгү, силикаттар тобуна кирүүчү минерал).

БЕНТОНИТ бентонит ($Al_2O_3 \cdot 4SiO_2 \cdot nH_2O$ жана $Al_2O_3 \cdot 3SiO_2 \cdot nH_2O$ минералдарынын аралашмасынан турган таза чопонун түрү).

БЕРГЕНИЗАЦИЯ УГЛЯ көмүрдү бергенизациялоо (таш көмүргө жогорку температурада жана жогорку аба басымында катализаторлорду жана суутекти кошуп, нефтиге окшогон суюк углеводороддорду алуу жолу).

БЕРИЛЛ берилл ($3BeO \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2$ бериллий менен алюминийдин силикаты. Ага бир аз хромдун кычкылы кошулса, минерал жашыл түскө айланат да, ал минерал изумруд делинип, минералдын түсү ачык саргыч болсо, аквамарин деп аталат).

БЕРИЛЛАТЫ бериллаттар ($H_2BeO_2$ туздары, м.: $K_2BeO_2$, $Na_2BeO_2$ алар түссүз мылтурок заттар. Буларды спирттик чейрелерде алышат).

БЕРИЛЛИЙ бериллий(МСнин II группасынан орун алган 4-элемент. Аны 1798-ж. Вокелен ачкан. Бир изотоптуу. Атомундагы кванттык деңгээлдер 2,2 электрондук катмарына ээ болуп, $1s^2 \cdot 2s^2$ формуласына ээ болуп турат. Ал 0 жана 2 валенттүүлүктү көрсөтөт, ал эми кычкылдануу саны +2: $BeH_2$, BeO, $BeCl_2$ - ж.б. Болот түстөгү катуу металл. Иондоштуруу потенциалы 9,32 эв болгондуктан, бир топ активдүү.

Бериллий металл түрүндө куймаларды алууда, башка металлдарга кошумчалоодо колдонулат. Бул учурда металлдардын катуулугу кескин жогорулайт. Эл чарбачылыгынын ар кайсы тармактарында анын ар түрдүү кошулмалары кеңири колдонулат. Сууда эрүүчү кошулмаларынын баары уулу келет.

БЕРИЛЛИЙОРГАНИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ бериллий органикалык кошулмалар (бериллийдин галогениддери менен Гриньярдын реактивдери же алкиллитийди, ариллитийди өз ара аракеттендирүү аркылуу алынган заттар, м.: $Be(CH_3)_2$, $[(CH_3)_3N-Be(CH_3)_2$ ж.б.).

БЕРИЛЛИЙ АЗОТИСТЫЙ (НИТРИД БЕРИЛЛИЯ) бериллий нитриди ($Be_3N_2$ эң катуу, түссүз зат, $t_э$=2200°C).

БЕРИЛЛИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ БЕРИЛЛИЯ) бериллий нитраты ($Be(NO_3)_2 \cdot 3H_2O$ сууда жана спиртте оңой эрип, ысытуудан ажырап кетүүчү кристалл түрүндөгү зат).

БЕРИЛЛИЙ БРОМИСТЫЙ бериллий бромиди ($BeBr_2$ түссүз тунук зат, $t_э$=488°C, d=3,465).

БЕРИЛЛИЙ СЕРНИСТЫЙ (сульфид бериллия) бериллий сульфиди (BeS кристаллдык зат, сууда гидролизденүү менен $H_2S$ пайда кылат).



БЕРИЛЛИЙ ИОДИСТЫЙ (ИОДИД БЕРИЛЛИЯ) бериллий иодиди ($BeJ_2$ кристаллдык зат, d=4,32, 510°C та ажырай баштайт).

БЕРИЛЛИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ БЕРИЛЛИЯ) бериллий сульфаты ($BeSO_4 \cdot 4H_2O$ сууда жакшы эрийт; ысытуудан суусун жоготуучу мелүүрөк кристалл, d=2,443).

БЕРИЛЛИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ БЕРИЛЛИЯ) бериллий карбонаты ($BeCO_3$ сууда эрибейт).

БЕРИЛЛИЙ УГЛЕРОДИСТЫЙ (КАРБИД БЕРИЛЛИЯ) бериллий карбиди ($Be_2C$ жө $BeC_2$ сыяктуу карбиддер бар, сууда гидролизденишинен метан бөлүнүп чыгат, d=1,9).

БЕРИЛЛИЯ ГИДРАТ ОКИСИ бериллий гидроксиди ($Be(OH)_2$ кислота жана кычкылдарда жакшы эрүүчү, ак түстөгү зат).

БЕРИЛЛИЙ ДИМЕТИЛ бериллий диметили ($Be(CH_3)_2$ абада күйүп кеткич келип, кычкылтексиз жерде сакталат, суунун таасиринен метанды бөлүп чыгарат).

БЕРИЛЛИЯ ОКИСЬ бериллий оксиди (BeO кислоталарда начар эрийт, органикалык заттарды синтездөөдө жана катализатор катарында колдонулат, d=3,02, $t_э$= 2570°C).

БЕРИЛЛОН бериллон ($C_{20}H_{10}O_{13}N_2S_4Na_4 \cdot 4H_2O$ сууда, ацетондо, спиртте эрүүчү кара күрөң порошок. Фотометриялык кол менен эритмеде Be табуу үчүн колдонулат).

БЕРКЛИЙ берклий (МСдагы актиноиддер тобуна кирген 97-элемент. 1949-ж. Г.Сиборг баш болгон окумуштуулар тарабынан синтездеп алынган. Атомунун электрондук түзүлүшү: 2,8,18,32,26,9,2 валенттик катмарынын электрондук формуласы... $5f^8 \cdot 6d^1 \cdot 7s^2$; төрө электртүзүлүгү 1,3. Элемент

+3 жана +4 кычкылдануу сандарына ээ боло алат, бирок туруктуусу +3. Бул элементтин катуу абалындагы бир нече эле конулмалары алынган. М.: $BkO_2$ флюориттин структурасындагы кристалл, $BkF_3$ порошок түрүндөгү зат).

БЕРТОЛЕТОВА СОЛЬ бертолет тузу к. КАЛИЙ ХЛОРНОВАТОКИСЛЫЙ

БЕРТОЛИДЫ бертолиддер (өзгөрүлмө составдуу конулмалар KCl менен KBr туздарынын аралаша кристаллдары бертолиддерге мисал боло алат).

БЕСКОНЕЧНО РАЗБАВЛЕННЫЕ РАСТВОРЫ чексиз суюлтулган эритмелер (химиялык термодинамиканын негиздерин жана эритмелердин физикалык теориясын колдонуп, алардын касиеттерин мүнөздөөгө карактуу эритмелер).

БЕССЕМЕРА МЕТОД бессемер методу (чойндан болот алуунун бир жолу).

БЕТА-ЛУЧИ бета-нурлары ($\beta$ – нурлары) радиоактивдүү элементтердин бөлүнүшүнөн пайда болгон нурлар. Алар электрондун агымы болуп эсептелинет).

БЕТА-ПРЕВРАЩЕНИЯ бета-өзгөрүш же $\beta$– айлануу (элементтердин атомунун ядросунан $\beta$ – бөлүкчөлөрү бөлүнүп чыкканда пайда болгон радиоактивдүү процесстер. $\beta$ – бөлүкчөнү бөлүп чыгаруудан пайда болгон элемент, мезгилдик системада бир клеткага оң жакты көздөй жылат, к. ЗАКОН СМЕЩЕНИЯ).

БЕТАТРОН бетатрон (электрондун учуп чыгуу илдамдыгын жогорулатуучу установка. Ал циклотрон принциби боюнча иштейт).

БЕТОН бетон (цемент, кум, шагылдын, акташтын аралашмасынан турган курулуш материалы. Темир эмдары аралаштырылып кошулса, темир бетону делет).



БИДЕНТАТНЫЙ ЛИГАНД бидентаттуу лиганд (борбордук атомго координациялануучу эки донорлук атому бар лигандлар. М.: этилендиамин – $H_2N - CH_2 - CH_2 - NH_2$ ).

БИДИСТИЛЛЯТ бидистиллят (эки ирет буулантып айдоо менен тазаланган суу).

БИКАРБОНАТЫ бикарбонаттар ($H_2CO_3$ кычкыл туздары, м.: $NaHCO_3$, $NH_4HCO_3$, $KHCO_3$ ж.б.).

БИМОЛЕКУЛЯРНЫЕ РЕАКЦИИ бимолекулалуу реакциялар (эки молекуланын катышуусу аркылуу ишке ашуучу химиялык кубулуштар).

БИНАРНЫЙ ЭЛЕКТРОЛИТ бинардык электролит (молекулалары дайыма эки ионго диссоциациялануучу электролиттер, м.: KCl, NaCl, $NH_4Cl$ ж.б.).

БИНАРНЫЕ СМЕСИ бинардык аралашмалар (эки компоненттен турган аралашма; алар бири биринде чексиз же кандайдыр бир өлчөмдө эриши мүмкүн, ал эми кээ бирлери өз ара такыр эрибейт).

БИОАЭРОЗОЛИ биоаэрозолдор (биологиялык аэрозолдор) (дисперсиялык фазасын бактериялар, спорлор, вирустар сыяктуу микроорганизмдер түзгөн газ абалындагы система, м.: тамчандылар тегүлгөн кардын 1 см абасында жүз миңге чейин ар түрдүү бактериялар учурайт. Алар ачытуу, иритүү жана чиритүү кубулуштарын жүзөгө ашырмат. жаныбарлардын, адамдардын организмдеринде ооруларды пайда кылмат).

БИОГЕОХИМИЯ биогеохимия (б.а. биологиялык, геологиялык

химия. Тирүү кандыктардын катышуусу менен күргөн геохимиялык кубулуштарды окутуучу геохимиянын бөлүмү).

БИОГЕННЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ биогендик элементтер (биологиялык организмдин негизин түзүүчү жана анын тиричилиги үчүн эң керектүү болгон элементтер. Алар төмөнкү 16 элемент: көмүртек, суутек, кычкылтек, күкүрт, фосфор, азот, темир, кез, натрий, калий, кальций, магний, корбальт, хлор, иод, марганец).

БИОКАТАЛИЗ (БИОЛОГИЧЕСКИЙ КАТАЛИЗ) биокатализ (биологиялык катализ) (биологиялык системалардагы ачуу, фотосинтез, тамак-аш сиңирүү сыяктуу кубулуштарды катализаторлордун жардамы менен ишке ашуусун изилдөөчү жана окутуучу биохимиянын бир тармагы).

БИОКАТАЛИЗАТОРЫ (ФЕРМЕНТЫ) биокатализатор (ферменттер) (биохимиялык кубулуштарда катализатор болуп кызмат кылуучу органикалык татаал заттар: энзимдер, гормондор, витаминдер ж.б.).

БИОКОЛЛОИДЫ биоколоиддер (б.а. биологиялык коллоиддер, белок, крахмал ж.у.с. организмде учуроочу заттардан пайда болгон коллоиддик эритмелер).

БИОЛОГИЧЕСКИЕ МОЛЕКУЛЫ биологиялык молекулалар (тирүү кандыктардын организминен учурап тиричиликтин башталгы белүкчөсү катары каралып, организмдин "курулуш материалдары" болгон молекулалар, м.: аминокислоталар).

БИОЛОГИЧЕСКИ ВАЖНЫЕ АМИНОКИСЛОТЫ биологиялык эң маанилүү аминокислоталар (бардык кандуулардын белокторунун составын



түзүүчү 21 аминокислоталар: аланин, глицин валин, лейцин серин, аспаргин ж.б.).

БИОЛОГИЧЕСКАЯ АКТИВНОСТЬ ВЕЩЕСТВА заттардын биологиялык активдүүлүгү (организмдерден келинген заттардын биохимиялык кубулуштарга мүкемдүүлүгү).

БИОПОЛИМЕРЫ биополимерлер (б.а. биологиялык полимерлер, м.: РНК, ДНК, АТФ ж.б.).

БИОТОКИ биотоктор (б.а. биологиялык токтор; тирүү организмдердеги күрүп жаткан химиялык кубулуштардын негизинде пайда болгон, эң аз чыңалуудагы электрдик токтор. Азыркы учурда буларды электрохимиялык кубулуштардын негизинде пайда болот да, анда химиялык энергия электр энергиясына айланат деп белгилешет. Бирок алардын биохимиялык механизми азыр толук ачыла элек).

БИОТИТ биотит (кара түстөгү слюда; анда темирдин $Fe^{2+}$ жана $Fe^{3+}$ иондору болот).

БИОХИМИЯ биохимия (организмдин химиялык составын түзүүчү жана андагы химиялык процесстерди изилдөөчү илим).

БИОХИМИЧЕСКОЕ ПОТРЕБЛЕНИЕ КИСЛОРОДА (БПК) кычкылтектин биохимиялык керектелүүсү (КБК) (аэробдук шартта биохимиялык кубулуштардын натыйжасында 1 л суудагы органикалык заттарды бут кычкылдандыруу үчүн сарпталган кычкылтектин өлчөмү (мг менен) Б: мг О/л).

БИОХИМИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС биохимиялык процесс, кубулуш

(тирүү организмдердеги механизмдери биологиялык структуралар аркылуу кылдат кенге салынган химиялык кубулуштар; булардын негизинде организм энергия жана зат менен камсыз болуп турат).

БИОХИМИЧЕСКАЯ ОЧИСТКА СТОЧНОЙ ВОДЫ саркынды кир сууларды биохимиялык жол менен тазалоо (ар түрдүү аэробдук жана анаэробдук бактериялардын жардамы менен өндүрүштен, турмуштиричиликтен агып чыккан кир сууларды тазалоо методу).

БИПОЛЯРНЫЕ ИОНЫ (ЦВИТТЕР ИОНЫ) биполярдуу иондор (цвиттер иондор) (түзүлүшүндө карама-каршы зарядду борбор-лору (атомдору же атомдук топтору) бар иондор. Буларды молекуланын кадимки структурасы менен таутомердик айлануага дуушар болгон структурасы тең салмактуулукта турган заттар катары мүнөздөшөт. М.: жалпысынан : $B-R-A-H \rightleftharpoons H-B^{+}-R-A^{-}$ же конкреттүү $H_2N-CH_2-CH_2-OH \rightleftharpoons H_3N^{+}-CH_2-CH_2-O^{-}$ кадимки структура цвиттер-ион).

БИПОЛЯРНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ биполярдуу кошулмалар (молекуласында оң жана терс зарядларга ээ болгон атомдору же атомдук топтору бар органикалык кошулмалар. М.: сульфанил кислотасы, бетаин, аминокислоталар ж.б., к. БИПОЛЯРНЫЕ ИОНЫ

БИРАДИКАЛЫ бирадикалдар (белүкчөсүндө эки жалгыз электрондору бар заттар. Алардын эң жөнөкөйлөрүнөн болуп метилен $CH_2<$ эсептелет. Жалпысынан мындай заттар парамагниттүү жана реакцияга өтө жөндөмдүү келишет. Көө бирлери бир топ убакытка чейин жашай алышат).

БИРЮЗА бирюза (формуласы: $CuAl_6(OH)_6(PO_4)_4 \cdot 5H_2O$ го жооп берген минерал).



БИСУЛЬФАТЫ бисульфаттар (күкүрт кислотасынын кычкыл туздары: $KHSO_4$, $NH_4HSO_4$ ж.у.с.).

БИСУЛЬФИТЫ бисульфиттер, гидросульфиттер (сульфит кислотасынын кычкыл туздары, м.: $KHSO_3$, $NH_4HSO_3$, $Ca(HSO)_2$).

БИТУМЫ битумдар (суюк жана катуу органикалык заттардын аралашмасынын жалпы аты. Алар органикалык эриткичтерде жакшы эрүүчү (асфальт, озокерит) курулуш материалдары).

БИУРЕТ биурет ($C_2H_5O_2N_3$ мочевинаны ысытууда пайда болот. Аны жегич менен иштетип, андан кийин $CuSO_4$ эритмесин кошсо, биурет көк түскө айланат).

БИУРЕТОВАЯ РЕАКЦИЯ биурет реакциясы (белоктуу заттарга щелочтуу чөйрөдө кездин туздарын таасир этүүдө көк түстөрдүн пайда болуусу; бул белоктордун бар экендигин аныктоочу салаттуу реакция).

БИХРОМАТЫ бихроматтар ($H_2Cr_2O_7$ кислотасынын туздары).

БИХРОМАТОМЕТРИЯ бихроматометрия (калийдин бихроматынын кычкылдануу реакциясын колдонуу менен белгисиз заттардын өлчөмүн табууга арналган кычкылдануу, калыбына келүү методунун бирөө).

БЛАГОРОДНЫЕ ГАЗЫ асыл газдар к. ИНЕРТНЫЕ ГАЗЫ

БЛАГОРОДНЫЕ МЕТАЛЛЫ асыл металлдар (кислоталарда, жегичтерде, абада даттанбас металлдар, м.: алтын, күмүш, платина, палладий, осмий ж.б. Галогендер менен гана реакцияга кирүүсү мүмкүн).

БЛИЖНИЙ ПОРЯДОК жакынкы иреттүүлүк (дымайда конденсацияланган (суюк жана катуу) абалдагы заттардын белүкчөлөрүнүн

өз ара иреттүү жайланыш даражасын мүнөздөөчү түшүнүк. Жакынкы иреттүүлүк каралып жаткан борбордун жакынкы аймагындагы жайланышкан бөлүкчөлөрдүн (атом, ион, молекулалардын) өз ара иреттелишин баяндайт. Бул көбүнчө коюу жана суюк заттарда жүзөгө ашат).

БЛОКСОПОЛИМЕРЫ блоксополимерлер (ар түрдүү звенолордон туруп, өзүнчө салыштырмалуу чоң блоктордун кайталануусунан курулган ири молекулалуу заттар. М.: биринчи блок-полиакрилонитрил болсо; экинчиси полистрол же бирөө бутадиен менен стиролдун сополимеры болсо, кийинкиси полихлорпрен ж.у.с. түзүлүп, шарттуу түрдө төмөнкүдөй көрсөтүлүшү ыктымал:

. . . ААААВВВВВАААААВВВВАААААА. . .

Булар жогорку илешкектүүлүктөгү, катууланганда аморфтук же кристалл түргө өтүүчү заттар.

Мындай полимерлердин экинчи блогу органикалык эмес заттар да болушу мүмкүн. Андайларга силикондук каучуктар кирет).

БЛОЧНЫЙ МЕТОД ПОЛИМЕРИЗАЦИИ полимеризациянын блоктук методу (бул инициаторлордун жардамы менен полимерлешүү кубулушу; мономерлердин суюк чөйрөсүндө ишке ашырылат. Реакциянын натыйжасында бирдиктүү бир катуу зат, блок пайда болот (методдун аты мына ушундан келип чыккан).

БОКОВАЯ ЦЕПЬ каптал чынжыр (негизги чынжырдын каптал жагына туташкан атом же атомдор тобу: звено, мономер ж.б.).

БОКСИТ боксит ($Al_2O_3 \cdot nH_2O$ алюминий кени).



БОЛОТНЫЙ ГАЗ саз газы (көлчүктөрдүн түбүнөн бөлүнүп чыгуучу газ. Бул негизинен метандан жана этандан турат).

БОМБА БЕРТЕЛЛО Бертеллонун бомбасы (таш көмүр, жаратылыш газы, жыгач ж.у.с. күйүүчү заттардын (демейде, отундардын) күйүү жылуулугун чөнөө үчүн колдонулуучу калориметрдик идиш).

БОР бор (МС нын Ш группасынан орун алган элемент. Ал байыркы араб алхимиктерине эле белгилүү болгон. Жер шарында салыштырмалуу көп өлчөмдө таралган элемент. Ал бор кислотасы $H_3BO_3$ жана анын туздары - бораттар түрүндө кездешет, жаратылыштагы минералдарынан болуп бура же тинкал $Na_2B_4O_7 \cdot 10H_2O$, борокальцит $CaB_4O_7 \cdot 4H_2O$, борацит $2Mg_3B_8O_{15} \cdot MgCl_2$, колеманит $Ca_2B_6O_{11} \cdot 5H_2O$ ж.б. эсептелишет).

БОРАЗОЛ боразол (диборанды $B_2H_6$ аммиактын агымына коюп ысытканда пайда болуучу, составы $B_3N_3H_6$ туура келген суюктук. Анын молекуласынын түзүлүшү бензол шакекчесине окшош болгондуктан, "органикалык эмес бензол", б.а. бордук бензол - боразол деп атаган).

БОР АЗОТИСТЫЙ (НИТРИД БОРА) бор нитриди (BN, кислоталар, жегичтер, кала берсе, хлор да таасир эте албаган ак порошок, $d = 2,84$).

БОРА ГЕТЕРОПОЛИКИСЛОТЫ бордун гетерополикислоталары ($H_9BO_6$ же $B_2O_3 \cdot 9H_2O$, бул гетерополикислоталар эркин алынбаса да, анын $HgB(W_2O_7)_6$ комплекстик туздары бар экендиги белгилүү).

БОРА ГИДРАТ ОКИСИ бор гидроксиди ($B(OH)_3$, бул

$H_3BO_3$ делип, кислота түрүндө жазылат, к. БОРНЫЕ КИСЛОТЫ).

БОРА ИЗОТОПЫ бордун изотоптору ($^{10}B$ - 19,8 %; $^{11}B$ - 80,2%)

БОРА НАДКИСЛОТЫ перборат кислоталары (бор кислоталарынан турган бораттардан башка да перборат туздары бар экендиги белгилүү, м.: $NaBO_3 \cdot 4H_2O$ натрийдин перборату $H_2O_2$ сыяктуу күчтүү кычкылдандыкыч).

БОРА ТИОКИСЛОТА бордун тиокислотасы ($HBS_2$ сууда гидролизденип кеткич туруксуз зат).

БОРАНЫ борандар (бордун суутек менен болгон бирикмелери, м.: $B_2H_6$(газ), $B_4H_{10}$, $B_5H_9$, $B_5H_{11}$, $B_6H_{10}$(суюк), $B_4H_{14}$(катуу); борандардын бардыгы уу, алар силандарга окшош).

БОРАТЫ бораттар ($H_2B_4O_7$ кислотасынын туздары, м.: $Na_2B_4O_7$, к. БУРА).

БОР БРОМИСТЫЙ (БРОМИД БОРА) бор бромиди ($BBr_3$ түссүз суюктук, $t_з$=47°C, d=2,65).

БОР ВОДОРОДИСТЫЙ (ГИДРИД БОРА) бор гидриди к. БОРАНЫ

БОРИДЫ бориддер (металлдардын бор менен болгон кошулмалары, м.: MnB, $Mo_3B_4$ ж.б. Алар жогорку температурада эрүүчү катуу заттар).

БОРИЛ борил (BO бир валенттүү радикал).

БОР ИОДИСТЫЙ (иодид бора) бор иодиди ($BJ_3$ тез нымдануучу кристалл).

БОР КРЕМНИСТЫЙ бор силициди ($B_2Si$, $B_6Si$ эң катуу заттар, алардын башка силициддери да бар экендиги белгилүү).

БОРНЫЕ КИСЛОТЫ бор кислоталары ($H_3BO_3$ ак кристалл,



нонк сууда жакшы эрийт, начар кислота; $HBO_2$ метаборат кислотасы эритмеде гана бар экендиги белгилүү. Боёк жасоо, тери аштоо, медицинада дезинфекциялоо үчүн жумшалат).

БОРНЫЙ АНГИДРИД бор ангидриди ($B_2O_3$ мөлтүрөк айнек сыяктуу зат. Сууда эрүүдөн $H_3BO_3$ кислотасын пайда кылат).

БОРОВСКИЙ РАДИУС Бордун радиусу (суутектин атомунун борборунан электрондун кайланышына эң чоң мүмкүнчүлүк бар 0,58 Å ге барабар, б.а. электрондун стационардык орбитасынын траекториясына чейинки радиус. Азыр ал атомдук туракту сандардын бири. Атомдун биринчи моделинин теориялык негиздерин иштеп чыккан Н.Бордун аатына коюлган).

БОРОВОДОРОДЫ бороводороддор (борандар, гидроидер), (бордун суутек менен кошулмалары, жалпы формуласы: $B_nH_{n+4}$ же $B_nH_{n+6}$, к. БОРАНЫ).

БОРООРГАНИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ бор органикалык кошулмалар (органикалык заттар менен бордун түздөн түз же кандайдыр бир башка O,N,S сыяктуу атомдор аркылуу байланышы бар заттар, м.: $B(CH_3)_2$, $B(OCH_3)_3$, $C_6H_5B(OH)_2$, аминодиборандар: $B_2H_5(CH_3NH)$, $B_2H_5(CH_3NSiH_3)$. Азыр органикалык кошулмалардын кездеген саны белгилүү).

БОРОУГЛЕРОДЫ бор көмүртектери (чыныгы түрүндөгү кайланышкан борандардын структурасынан Н ты С—Н менен алмаштыруу аркылуу пайда болгон бор углеводороддору. М.: $B_{10}C_2H_{12}$, $B_4C_2H_8$, хлордук туундулары: $B_{10}H_8Cl_2-C_2H_2$, $B_{10}H_4Cl_6C_2H_2$, металлдык кошулмасы: $B_4H_6C_2Me$ ж.б. Азыр бул багыт тез өркүндөп өсүп бара жатат).

БОРОФТОРИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА суутектүү фтороборат кислотасы ($HBF_4$ эритмеде гана белгилүү, комплекстик кошулмаларга кирет).

БОР СЕЛЕНИСТЫЙ (СЕЛЕНИД БОРА) бор селениди ($B_2Se_3$ бордун сульфидине окшош катуу зат).

БОР СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД БОРА) бор сульфиди ($B_2S$ түссүз мелтүрек, айнекке окшош зат, $t_э = 810°C$, $d = 1,55$).

БОР ТРИМЕТИЛ триметилдүү бор ($B(CH_3)_3$ сууда начар жана кислоталарда аз эрүүчү түссүз газ).

БОР УГЛЕРОДИСТЫЙ бор карбиди ($B_6C$ химиялык таасирлерге чыдамдуу, катуулугу алмазга жакын кошулма. $B_4C$, $B_3C$ сыяктуу карбиддери бар экендиги да белгилүү).

БОР ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД БОРА) бор фториди ($BF_3$ абада түтөөчү түссүз, тумчуктургуч газ; сууда жакшы эрийт).

БОР ХЛОРИСТЫЙ бор хлориди ($BCl_3$ түссүз, уу суюктук, абада түтөйт, $d = 1,48$, $t_э = -107°C$).

БРЕНСТЕДОВСКОЕ ОПРЕДЕЛЕНИЕ КИСЛОТ кислоталардын Бренстеддик аныктамасы: эритмеде протондорду пайда кылуучу химиялык кошулмаларды кислоталар дейбиз. М.:

$$H_2SO_4 \rightleftarrows 2H^+ + SO_4^{2-}$$
$$H_3O^+ \rightleftarrows H_2O + H^+$$

БРЕНСТЕДОВСКОЕ ОПРЕДЕЛЕНИЕ ОСНОВАНИЙ негиздердин Бренстеддик аныктамасы (эритмеден протондорду өзүнө кабыл алуучу химиялык кошулмаларды негиздер дейбиз. М.:

$$NH_3 + H^+ \rightleftarrows NH_4^+$$
$$Cl^- + H^+ \rightleftarrows HCl$$

).

БРИЛЛИАНТЫ бриллианттар (каухар таштар, асыл мончок



таштар; ар түрдүү геометриялык туура формада кырдалып, жалтырата жылмаланган асыл таштар).

БРИНА МЕТОД Бриндин методу (барийдин пероксидин ысытуу менен андан кычкылтекти алуу ыгы:

$$2BaO_2 \underset{700^0\,C}{\overset{500^0C}{\rightleftarrows}} 2BaO + O_2 ).$$

БРОЖЕНИЕ ачуу (кычкылтектин же кандайдыр бир микроорганизмдердин жардамы менен заттын химиялык составынын өзгөрүп кычкылдантуусу).

БРОЖЕНИЕ СПИРТОВОЕ спирттик ачуу (органикалык шекерлүү-таттуу заттардын мындай ачышынын продуктысынан болуп спирт эсептелет).

БРОЖЕНИЕ УКСУСНОКИСЛОЕ уксустук ачуу (эталону бар органикалык кошулмалардын (винолордун, бузулган соктордун) ачышы; анын негизги продуктысынан болуп уксус кислотасы эсептелет).

БРОМ бром (МСнын 35-элементи, A=79,904. Ал эркин абалында кочкул кызыл суюктук түрүндө 1826-ж. Балар тарабынан алынган. Бром негизинен деңиз сууларынан алынат. Анын атомунун электрондук түзүлүшү: 2,8,18,7; тышкы орбиталынын электрондук формуласы: $...2s^2 2p^5$; иондоштуруу потенциалы 11,8 эв, ал эми электронго ынактыгы 3,36 эв болгондуктан, бир топ активдүү металл эмес элемент. Ал: -1,+1,+4,+5,+6 га барабар кычкылдануу сандарына эз боло алат да ушул кычкылдануу даражасына ылайык кошулмаларды пайда кылат: $HBr$, $BrF_3$, $Br_2O$, $BrO_2$, $BrO_3$, $HBrO$. Бром химиялык реакцияларда кычкылданткычтын ролун аткарат.

Бромдун туздары фотографияда, медицинада колдонулат. Бром эң көп органикалык кошулмаларды синтездөөдө пайдаланылат).

БРОМАВИД бромазид ($BN_3$ кызыл түстүү суюктук, $t_з$=-45°С, жарылгыч зат, сууда акыроого дуушар болот).

БРОМА ИЗОТОПЫ бромдун изотоптору ($^{79}Br$ - 50 %; $^{81}Br$ - 49,9 %).

БРОМАНГИДРИДЫ КИСЛОТ кислоталардын бромангидриди (кислоталардын кычкылтеги бром менен орун алмашуудан пайда болот).

БРОМА ОКИСЛЕРИ бромдун оксиддери ($Br_3O_8$ бар экендиги маалым, ал түссүз кристалл; $BrO_2$ жана $Br_2O$ кычкылдары да алынган).

БРОМАТЫ броматтар ($HBrO_3$ кислотасынын туздары).

БРОМАТОМЕТРИЯ броматометрия (калийдин броматынын $KBrO_3$ кычкылдануу реакциясын колдонуу менен ар кандай заттардын концентрациясын аныктоого арналган метод. Көбүнчө аны кычкыл чөйрөдө колдонушат).

БРОМАЦЕТОН бромацетон к. ДИБРОМПРОПАН

БРОМБЕНЗОЛ бромбензол ($C_6H_5Br$ сууда эрибейт, спирт, эфир жана хлороформдо жакча болсо да эрийт, $t_з$=-31°, d=1,499

БРОМБЕНЗИЛЦИАНИД бромбензилцианид ($C_6H_5CHBrCN$ түссүз кристалл. Сууда эрибей, органикалык эриткичтерде гана эрүү көздөн кан чыгаргыч ачуу зат, $t_з$=25,4°, d=1,516).

БРОМИДЫ бромиддер ($HBr$ кислотасынын туздары).

БРОМИСТЫЙ ВОДОРОД бромдуу суутек ($HBr$, сууда жакшы эрүүчү, кескин жыттуу газ).

БРОМНАФТАЛИН бромнафталин ($C_{10}H_7Br$ нафталиндин бромдонтурулган туундусу).



БРОМНАЯ ВОДА бром суусу (бромдун суудагы жакшкан эритмеси: $Br_2 + H_2O \rightarrow HBrO + HBr$; $HBrO \rightarrow HBr + O$ атомардык кычкылтек бөлүнүп чыккандыктан күчтүү кычкылдандыч болуп эсептелет).

БРОМНОВАТАЯ КИСЛОТА бромат кислотасы ($HBrO_3$ эритмеде гана белгилүү).

БРОМНОВАТИСТАЯ КИСЛОТА гипобромит кислотасы ($HBrO$, күчтүү кычкылдандыч, бирок начар кислота).

БРОМ ОДНОФТОРИСТЫЙ бромдун(I)фториди ($BrF$ кызыл түстүү суюктук, $t_з$= -33°С).

БРОМОФОРМ бромоформ ($CHBr_3$, метандын суутеги үч бром менен алмашылгандагы көмүлмасы. Сууда начар эрийт. Спирт менен эфирде эрибечү катуу зат).

БРОМ ПЯТИФТОРИСТЫЙ бромдун(V)пента фториди ($BrF_5$ түссүз суюктук, $t_з$ = - 61°С).

БРОМТОЛУОЛЫ бромтолуолдор ($C_6H_4BrCH_3$ к.б. сууда эрибей спирт менен эфирде эришет).

БРОМ ТРЕХФТОРИСТЫЙ бром (III) три фториди ($BrF_3$ түссүз суюктук, $t_з$=5°С, d=2,49).

БРОМУКСУСНАЯ КИСЛОТА бромуксус кислотасы ($CH_2Br-COOH$, $t_з$ = 49 ÷ 50°С; сууда эрийт).

БРОМЭТАН бромэтан к. ЭТИЛ БРОМИСТЫЙ

БРОНЗА коло (көздин ар түрдүү металлдар: алюминий, марганец, бериллий, калай к.б. менен болгон биримдесинин жалпы аты).

БРОУНОВСКОЕ ДВИЖЕНИЕ броун кыймылы (чөйрөдө таралган

катуу же газдардын майда бөлүкчөлөрүнүн бири бирине урунушун дайыма кыймылда болушу. Молекулалардын дайыма чаркайыт кыймыл процесси броун кыймылы деп аталат).

БРУТТО ФОРМУЛА брутто (дүн) формула(кээде эмпирическая формула — эмпирикалык формула же общая формула – жалпы формула деп да аталат).

БРУЦИН брушин ($C_{23}H_{26}O_4N_2$ есүмдүктөрдө кездешүүчү алкалоид, кристаллдык зат, эң күчтүү уу).

БУМАГА ИОДОКРАХМАЛЬНАЯ иодокрахмал кагазы (айрым кычкылданткычтарды билүүдө керектелүүчү индикаторлук кагаз. Кычкылданткычтардын чөйрөсүндө иод кычкылданып, боз түрдө бөлүнүп чыгат да, анан крахмалга таасир этүүдөн ал көк түскө айланат).

БУМАГА КОНГО конго кагазы (кислоталардын чөйрөсүндө бул кагаздар көгөрүп, негиздер да кызаргандыктан, индикатор катарында колдонулат).

БУМАГА ЛАКМУСОВАЯ КРАСНАЯ кызыл лакмус кагазы (индикатор катары колдонулат, негиздик чөйрөдө көк түскө айланат).

БУМАГА ЛАКМУСОВАЯ СИНЯЯ көк лачмус кагазы (индикатор катары колдонулат, кислоталык чөйрөдө кызарат).

БУМАГА ПЕРГАМЕНТНАЯ пергамент кагазы (желим шыбалган кагазды 80 % туу күкүрт кислотасына 5-10 сек. матырып алып, андан кийин суу менен жакшылап чайкаса, пергамент (калтырак) кагазы пайда болот).

БУМАГА СВИНЦОВАЯ коргошун кагазы (кума, кагаз сыяктуу коргошундан кесилген тилке. Коргошун кагазы менен күкүрттүү суутектин бар экендигин билүүгө болот).



БУМАГА ФЕНОЛФТАЛЕИНОВАЯ фенолфталеин кагазы (негиздик чөйрөдө мала кызгылт түскө айлануучу индикатор).

БУРА бура ( $Na_2B_4O_7 \cdot 10H_2O$, иссик сууда жакшы эрүүчү, кристалл түрүндөгү зат).

БУРА ЮВЕЛИРНАЯ эргердик данакер ( $Na_2B_4O_7 \cdot 5H_2O$ , $d=1,815$, аны эргер материнде колдонушат).

БУРЫЙ ЖЕЛЕЗНЯК күрөн темир таш ($2Fe_2O_3 \cdot 3H_2O$ составындагы темирдин жаратылышта кездешүүчү кени).

БУРЫЙ УГОЛЬ күрөн таш көмүр (65 – 70 % көмүртектен турган, күрөн түстөгү, чым кендун абасыз шартта чирүүсүнөн пайда болгон көмүр. Ал жер кыртышынан казылып алынып, отун же химиялык сырьё катары пайдаланылат).

БУТАДИЕН бутадиен (дивинил $CH_2=CH-CH=CH_2$ каныкпаган углеводород, $C_nH_{2n-2}$ катарына кирет, $t_э=185°C$, каучукту синтездөөдө колдонулат).

БУТАН бутан ($C_4H_{10}$ каныккан углеводород, анын изобутан деген изомери бар).

БУТАНДИОН бутандион қ. ДИМЕТИЛДИКЕТОН

БУТАНКАРБОНИЛ бутанкарбонил ($C_4H_9CO$ каныккан валериан кислотасынан гидроксил тобун алып ташгордон пайда болгон бир валенттүү радикал).

БУТАНОЛЫ бутанолдор қ. БУТИЛОВЫЕ СПИРТЫ

БУТАНДИОН бутандион қ. ДИМЕТИЛКЕТОН

БУТИЛ бутил ($C_4H_9$ бутандан пайда болгон бир валенттүү радикал).

БУТИЛАМИН бутиламин ($CH_3(CH_2)_3—NH_2$ биринчилик

нормалдуу бутиламин; сууда эрүүдө негизди, кислоталар менен реакцияга кирүүдө туздарды пайда кылат).

БУТИЛЕН бутилен ($C_4H_8$ этилендин гомологдорунун бири).

БУТИЛОВЫЕ СПИРТЫ бутил спирттери ($C_4H_9OH$ сууда, спиртте, эфирде жакшы эрийт, анын төрт изомери бар).

БУТИЛ РАДИКАЛ бутил радикалы ($C_4H_9$ бутандын калдыгы, бир валенттүү радикалы, к. БУТИЛ)

БУФЕРНАЯ СМЕСЬ буфер аралашмасы (булар сыртқы таасирге карабастан суутектин иондорунун концентрациясын бир калыпта сактайт. Ал туз менен ошол тузду пайда кылуучу начар кислотанын эритмесинен турат, м.: натрийдин ацетаты менен уксус кислотасынын аралашмасы буфердик аралашма болуп саналат).

БУФЕРНЫЙ РАСТВОР буфердик эритме (бир аз өлчөмдөгү кислота же щелочту кошууда pH өзгөртпөгөн (же эң эле аз өзгөртүүчү) начар кислоталар менен начар туздарынын эритмелеринин аралашмасы).

БУФЕРНОСТЬ буфердүүлүк (буфер аралашмасынын суутек иондорунун концентрациясын өзгөртпөй сактоо жөндөмдүүлүгү).

## В

ВАЗЕЛИН вазелин (нефтиден алынуучу суюк жана катуу углеводороддордун аралашмасы).

ВАКАНТНАЯ ОРБИТАЛЬ ваканттык орбиталь (электрону жок жана аны кабыл алууга жөндөмдүү бош орбиталь).

ВАКУУМНАЯ КРИСТАЛЛИЗАЦИЯ вакуумда кристаллдаштыруу (эриткич сырттан жылуулук албастан эле, вакуумдун натыйжасында бууга айланып кетип, андагы эриген заттын бөлүнүп чыгып кристаллга айлануусу).



ВАЛЕНТНАЯ ЗОНА валенттик зона (электрондор менен тиешелүү санда толтурулган зона; бул ток өткөргүчтүүлүк теориясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири).

ВАЛЕНТНАЯ СВЯЗЬ валенттик байланыш (электрондук жуптардын натыйжасында пайда болгон байланыш. М.: коваленттик, полярдык, донор-акцептордук ж.б. байланыштар).

ВАЛЕНТНОСТЬ валенттүүлүк (элементтердин атомдорунун валенттик катмарындагы жалкы электрондордун санына барабар сан. Ал элементтин башка бир элемент менен кошулуудагы жупташууга сарпталган электрондордун санын көрсөтөт).

ВАЛЕНТНОСТЬ АТОМОВ В ВОЗБУЖДЕННОМ СОСТОЯНИИ дүүлүккөн абалдагы атомдордун валенттүүлүгү (сырттан кылган таасирлердин натыйжасында атом дүүлүккөн абалга өтүп, кванттык ячейкалардагы жалкы электрондорунун санынын көбөйүшүнө жараша пайда болгон валенттүүлүк. Бул учурда элементтин валенттүүлүгү жалкы электрондордун санына барабар).

ВАЛЕНТНОСТЬ МАКСИМАЛЬНАЯ максималдуу валенттүүлүк (м.: фосфордун максималдуу валенттүүлүгү 5, хлордуку 7 ж.у.с., элементтердин максималдуу валенттүүлүгү ал орун алган группанын номерине барабар (буларга O, F, N кошулбайт).

ВАЛЕНТНОСТЬ ПЕРЕМЕННАЯ өзгөрүлмө валенттүүлүк (көпчүлүк элементтердин валенттүүлүктөрү өзгөрүлмө болушат, м.: хлордуку I-ден 7 ге чейин; жездики I-2 ге чейин; азоттуку I-5 ке чейин ж.у.с. ).

ВАЛЕНТНОСТЬ ПОБОЧНАЯ кошумча (жардамчы) валенттүүлүк (элементтердин негизги валенттүүлүктөрүнөн башка да кардамчы валенттүүлүктөрү болушу мүмкүн (Вернердин теориясы боюнча). Анткени, элементтер айрым атомдорду кошуп алууда негизги валенттүүлүгүн сарп кылгандан кийин, кардамчы валенттүүлүгү аркылуу нейтралдык молекулаларды жана иондорду өзүнө бириктирип алышы мүмкүн. Мунун натыйжасында комплекстүү кошулмалар пайда болушат).

ВАЛЕНТНОСТЬ ПОЛОЖИТЕЛЬНАЯ И ОТРИЦАТЕЛЬНАЯ оң жана терс валенттүүлүк (кайсы бир элементтер реакцияга киргенде электрондорун жеңил оң валенттүү болуп калат, кайсы бирөөлөрү электрондорду өздөрүнө кабыл алгандыктан, терс валенттүү болот. Азыркы учурда бул түшүнүк кычкылдануу саны менен алмаштырылган, к. ОКИСЛИТЕЛЬНОЕ ЧИСЛО).

ВАЛЕНТНЫЕ КРИСТАЛЛЫ валенттик кристаллдар (мындай кристаллдык торчолордун түйүндөрүндө өз ара химиялык байланыштар менен бириккен атомдор жайланышкан, андыктан ар бир атомдун коңшуларынын саны, анын валенттик электрондорунун санына барабар болот).

ВАЛЕНТНОСТЬ СТЕХИОМЕТРИЧЕСКАЯ стехиометриялык валенттүүлүк (стехиометриялык составга туура келип биригишүүдөгү элементтердин көрсөткөн валенттүүлүгү).

ВАЛЕНТНЫЕ ОРБИТАЛИ валенттик орбиталдар (электронейтралдуу атомдун сыртқы электрондук катмарындагы орбиталдар; алар бош (ваканттык орбиталь), жалгыз электрондуу (толтурулбаган орбиталь) жана түгөйлөш электрондуу (толтурулган орбиталь) болуп үч абалда кездешет).



ВАЛЕНТНЫЕ КОЛЕБАНИЯ ($\nu$-КОЛЕБАНИЯ) валенттик термелүүлөр ($\nu$- термелүүлөр) (молекуладагы атомдордун химиялык байланыштарын бойлото ишке ашырылган термелүүлөр).

ВАЛЕНТНЫЕ ЭЛЕКТРОНЫ валенттик электрондор (атомдордун сыртқы катмарында туруучу жана химиялык байланыштарга катышуучу электрондор).

ВАЛЕНТНЫЙ УГОЛ валенттик бурч (химиялык байланыштардын багыты боюнча жайланышып биригишкен молекуладагы атомдордун ядролорун бириктирүүчү сызыктардын арасындагы бурчтар. М.: $H_2O$ валенттик бурч: 104°28′, $H_2S$ те 92°, $NH_3$ те 107°20′ ж.у.с.).

ВАЛЕРИАНОВАЯ КИСЛОТА валериан кислотасы ($CH_3-(CH_2)_3-COOH$, 4 изомерлүү карбон кислотасы).

ВАЛЕРИАНОВЫЙ АЛЬДЕГИД валериан альдегиди ($C_5H_{10}O$ же $CH_3-(CH_2)_3-COH$ өткүр жыттуу, сууда жакшы эрүүчү суюк зат. Анын изомерлери да бар).

ВАЛЕРИЛ валерил ($C_4H_9CO$ бир валенттүү радикал, ал валериан кислотасынан бир гидроксил тобун алып ташгоодон пайда болот).

ВАЛИН валин ($CH_2-CH=CH(NH_2)-COOH$ ак кристаллдык зат, аминокислоталардын тобуна кирет).

ВАЛЬДЕНОВСКОЕ ОБРАЩЕНИЕ вальдендик айлануу (оптикалык жактан активдүү органикалык кошулманын өзүнүн антиподуна б.а. Д формасынын L формасына айлануусу (бул жасалмалуу кубулуш). М.: L- алма кислотасы D- формасына, акыры кайрадан баштапкысына L ге айлана алат). Бул кубулушту 1895-ж. П.И.Вальден ачкан).

ВАНАДАТЫ ванадаттар ($HVO_3$ ванадий кислотасынын туздары).

ВАНАДИЕВАЯ КИСЛОТА ванадий кислотасы ($HVO_3$ ачык саргыч зат, сууда эрибейт).

ВАНАДИЕВЫЙ АНГИДРИД ванадий ангидриди ($V_2O_5$ коңур кызыл зат, ванадий кислотасынын ангидриди).

ВАНАДИЕВАЯ СЛЮДА (РОСКОЭЛИТ) ванадий слюдасы (роскоэлит) (составы $KV_2[AlSi_3O_{10}]OH$ же $KAl_2[AlSi_3O_{10}]F_2$ түрүндөгү катмардашкан минералдар; өнөр жайларда андан ванадийди өндүрүп алышат).

ВАНАДИЙ ванадий (МСнын V группасынын элементи. Аны 1830-ж. Вефстрем ачкан. Ванадий парамагниттик касиетке ээ, жалгыз $^{51}V$ изотоптуу, күмүш түсөлдөгү катуу металл.

ГЕРМАНИЙ ЧЕТЫРЕХАЗОТИСТЫЙ германийдин (IУ) нитриди ($Ge_3N_4$, германийге же $GeO_2$ ге 700°С та аммиакты таасир кылуудан пайда болот. 1000°С та гана ажырап кетиши мүмкүн).

ГЕРМАНИЙ ЧЕТЫРЕХБРОМИСТЫЙ германийдин (IУ) бромиди ($GeBr_4$, кристаллдык зат).

ГЕРМАНИЙ ЧЕТЫРЕХИОДИСТЫЙ германийдин (IУ) иодиди ($GeJ_4$, кызгылт-сары кристалл. Сууда эрийт).

ГЕРМАНИЙ ЧЕТЫРЕХФТОРИСТЫЙ германийдин (IУ) фториди ($GeF_4$, түссүз газ).

ГЕРМАНИЙ ЧЕТЫРЕХХЛОРИСТЫЙ германийдин (IУ) хлориди ($GeCl_4$, түссүз суюктук, сууда ажырап кетет).

ГЕРМАНИСТАЯ КИСЛОТА германит кислотасы ($H_2GeO_3$ күчсүз кислота, аморфтуу зат).

ГЕРМАНИТ германит ($CuS \cdot Cu_2S \cdot GeS_2$, германий өндүрүлүп алынуучу минералдардын бири).



ГЕРМАНИЙ ГИДРАТЫ ОКИСОВ германийдин гидроксиддери ($Ge(OH)_2$; $Ge(OH)_n$ ак зат, начар кислоталык касиетке ээ).

ГЕРМАНИЙ (IУ) ДВУОКИСЬ германийдин (IУ) диоксиди к. ГЕРМАНИЕВЫЙ АНГИДРИД

ГЕРМАНИЙ ДИИМИД германийдин диимиди ($Ge(NH)_2$ ак түстөгү аморфтук зат).

ГЕРМАНИЙ ИМИД германийдин имиди ($GeNH$ сары порошок).

ГЕРМАНИЙ НАДКИСЛОТЫ пергерманат кислоталары (кислотасы таза түрдө алынбаганы менен туздары бар экендиги белгилүү, м.: $NaGeO_5 \cdot 4H_2O$, $Na_2GeO_7 \cdot 4H_2O$, $K_2GeO_7 \cdot 4H_2O$).

ГЕРМАНИЙ (П) ОКИСЬ германийдин (П) оксиди ($GeO$ сууда начар эрүүчү зат).

ГЕРМАНИЙ ХЛОРОКИСЬ германийдин оксихлориди ($GeOCl_2$ түссүз май сыяктуу суюктук, ысытканда хлор менен $GeO$ го ажырап кетет).

ГЕРМАНОХЛОРОФОРМ германохлороформ ($GeHCl_3$ сууда эрибейт, ысык сууда ажырагыч суюк зат).

ГЕРМЕТИКИ герметиктер (бүтөгүч келимдер) (фторкаучуктардын же силикондук, хлорпрендик, бутадиен-нитрилдик ж.б. синтетикалык каучуктардын негизинде алынган, ысыктыкка (-60 тан +300°ка) чыдамдуу келимдер (клейлер). Көбүнчө тешиктерди бүтөө үчүн колдонулат).

ГЕТЕРОАЗЕОТРОПНЫЕ СМЕСИ гетероазеотроптуу аралашмалар (тиешелүү концентрациянын чегинде бөлүнбөстөн кайноочу, аралашпаган эки фазалуу эритмелер, к. АЗЕОТРОПНЫЕ СМЕСИ).

ГЕТЕРОАТОМ гетероатом (ар түрдүү табияттагы атомдор. М.: гетероатомдуу молекула ар түрдүү атомдордон турган молекула).

ГЕТЕРОАУКСИН гетероауксин ($C_{10}H_9NO_2$ ауксиндин бир канча группасынан туруп, эфирде жана спиртте жакшы эриген физиологиялык таасири күчтүү зат).

ГЕТЕРОВАЛЕНТНЫЙ ИЗОМОРФИЗМ гетероваленттүү изоморфизм (радиустары бири-бирине жакын же барабар иондор ар түрдүү жана ар кандай табияттагы кристаллдык торчонун түйүндөрүндө алмашкан (же кайлашкан) учурларда пайда болгон изоморфизм кубулушу. М.: $Li^+$ иону $Mg^{2+}$ ге, $Na^+$ иону $Ca^{2+}$ алмашуулары мүмкүн).

ГЕТЕРОГЕННАЯ СИСТЕМА гетерогендүү система (системанын фазалары ар түрдүү болгон учур; мындайларда фазаларды бөлүп турган беттик чектер болот. М.: кайнатма туздун чөкмедеги аныкча өлчөмү менен анын каныккан эритмеси к.у.с. Калпысынан бир түрдүү эмес система).

ГЕТЕРОГЕННЫЕ РЕАКЦИИ гетерогендик реакциялар (реакциянын чөйрөсүндөгү аракеттенишүүчү заттар ар түрдүү фазада (же агрегаттык абалда) болгон учурда ишке ашуучу реакциялар. М.: $KClO_{4\,(крист)} + 2C_{(крист)} = KCl_{(крист)} + 2CO_{2\,(газ)}$).

ГЕТЕРОГЕННЫЙ КАТАЛИЗ гетерогендик катализ (реакцияланучу заттардан башка агрегаттык (же физикалык) абалда туруучу катализатор аркылуу ишке ашырылуучу реакция. М.: катализатор катуу абалында, ал эми заттар газ абалында болсо, аммиакты оксиген менен азоттон синтездөө темир катализаторунун таасири аркылуу жүрөт).



ГЕТЕРОЛИТИЧЕСКАЯ ДИССОЦИАЦИЯ гетеролиттик диссоциация (нуклеофилдик айырбашташуу механизминин бир түрү же $S_N1$ жана Е 1 механизмдеринин жалпы аты, к. ДИССОЦИАТИВНЫЙ МЕХАНИЗМ, НУКЛЕОФИЛЬНОЕ ЭЛИМИНИРОВАНИЕ).

ГЕТЕРОЛИТИЧЕСКИЙ РАЗРЫВ СВЯЗИ байланыштын гетеролиттик үзүлүшү (бул иондук механизм боюнча жүрүүчү реакцияларда кездешет. Мында байланышты түзүп туруучу жуп электрон, байланыш үзүлгөндө акырашуучу атомдордун бирине гана таандык болуп кетет. Бул учурда молекулалык калдыктар иондор болуп эсептелинишет).

ГЕТЕРОНУКЛЕАРНЫЕ МОЛЕКУЛЫ гетеронуклеардуу молекулалар (ар түрдүү табиятка ээ ядролуу атомдордун биригишинен түзүлгөн молекулалар. М.: HCl , CO, LiF, $KClO_4$ к.у.с. Буларды гетероядролуу же гетероатомдуу молекулалар деп да аташат).

ГЕТЕРОПОЛИКИСЛОТЫ гетерополикислоталар (кычкылтектүү кислоталардын молекулаларына башка элементтердин кычкылдары биригүүдөн пайда болгон заттар, м.: $H_3PO_4 \cdot 12MoO_4 \cdot nH_2O$, $H_3PO_4 \cdot 12WO_3 \cdot nH_2O$, $H_2SiO_2 \cdot 12MoO_3 \cdot nH_2O$ ).

ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ гетерополярдуу байланыш (тере электрдүүлүктөрү ар түрдүү болгон атомдор арасындагы пайда болгон байланыш. Алар полярдуу жана иондуу байланыштар. Мындай молекулаларда карама-каршы заряддуу электрдик полюстар пайда болгондуктан, алардагы байланыштар гетерополярдык же иондук байланыш деп да аталат).

ГЕТЕРОПОЛЯРНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ гетерополярдуу кошулмалар К. ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ

ГЕТЕРОЦИКЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ гетероциклдүү кошулмалар (шакекчесинде көмүртектен башка азот, кычкылтек, күкүрт ж.у.с. элементтер бар органикалык кошулмалар тобу).

ГЕТЕРОЦИКЛЫ гетероциклдер (органикалык молекуланын шакекчелери көмүртектин атомдору менен бирге азот, кычкылтек же күкүрт сыяктуу элементтерден турушкан учур).

ГЕТЕРОЦЕПНЫЕ ПОЛИМЕРЫ гетерочынжырлуу полимерлер (б.а. көп тектүү чынжырлуу полимерлер)(Булардагы чынжырдык тулку ар түрдүү элементтердин (C,O,N,S,Si ж.б.) атомдорунан курулат. М.: целлюлоза, тиоколдор, кремний органикалык полимерлер ж.б.).

ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ МОЛЕКУЛА гетероядролуу молекула к. ГЕТЕРОНУКЛЕАРНЫЕ МОЛЕКУЛЫ

ГЕТЕРОЯДЕРНАЯ (ГЕТЕРОАТОМНАЯ) СВЯЗЬ гетероядролук (гетероатомдук) байланыш (ар түрдүү (демейде эки түрдүү) атомдордун арасындагы пайда болгон байланыш; бул байланыш өзүнүн полярдуулугу менен мүнөздөлөт , к. ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ).

ГИБРИДНЫЕ ОРБИТАЛЫ гибриддик (аргындашкан) орбиталдар (S жана p орбиталдарынын аралашуусунан пайда болуп, электрондорду кайрадан бөлүштүрүү менен энергиялык жактан ыңгайлуу абалга өткөн орбиталь. Жөнөкөйлөрүнөн болуп $sp^3 \to q^4$, $sp^2 \to q^3$ жана $sp \to q^2$ эсептелишет. Мында $q$ гибриддик орбиталдар).

ГИБКОСТЬ МОЛЕКУЛ молекулалардын ийилгичтиги (ийкемдүүлүгү) (бул түшүнүк молекуладагы жана макромолекуладагы байланыштардын же молекуланын өздүк түзүлүштөрүнүн ийилгичтик, серпилгичтик, оролуш, жыйрылыш касиеттерин, шондой эле андагы атомдордун, атомдук топтордун термелүү, айлануу мүмкүнчүлүктөрүн ж.б. мүнөздөйт. Буга тете байланыштардын динамикалуулугу деген термин да пайдаланат).



ГИББЕРЕЛИНЫ гибберелиндер (карбондук кислоталардын аралашмасынан турган физиологиялык активдүү заттар тобу. Булар өсүмдүктөрдүн сөңгөктөрүнүн узундугун, алардын гүлдөшүн, уруктарынын өндүрүмдүүлүгүн жөнгө салышат).

ГИГАНТСКИЕ МОЛЕКУЛЫ залкар молекулалар (көбүнчө тирүү жандыктардын организмдеринде кездешүүчү, молекулалык массалары нечен миңге барабар молекулалар, вирустар гигант молекулалардын агрегатынан болуп эсептелишет).

ГИГРОСКОПИЧНОСТЬ гигроскопиялуулук (нымдануучулук) (заттардын суунун буусун сиңирип алуу жөндөмдүүлүгү).

ГИДРАЗИДЫ КИСЛОТ кислоталардын гидразиддери (алар кислота ангидриддерин гидразинге $NH_2-NH_2$ таасир кылуудан пайда болот, м.: уксус кислотасынын гидразиди: $CH_3CO-NH-NH_2$ ).

ГИДРАЗИН (ДИАМИН, ДИАМИД) гидразин (диамин, диамид) ( $NH_2-NH_2$, $d = 1{,}011$ , $t_э = 2°C$, абада түтөөчү суюк зат. Суунун таасиринен гидразин гидраты, кислотанын таасиринен туздар пайда болот. Сууда жана спиртте эрийт).

ГИДРАЗИНА ГИДРАТ гидразин гидраты ( $NH_2-NH_2 \cdot H_2O$ эфирде эрибейт, сууда жана спиртте эрийт).

ГИДРАЗИНЫ гидразиндер (гидразиндин суутегин алкилдерге алмаштыруудан пайда болгон заттар, м.: $C_6H_5NH-NH_2$- фенил гидразин).

ГИДРАБЕНЗОЛ гидрабензол ( $C_6H_5NH-NH-C_6H_5$; жука крис-

таллдардан турган сууда аз эрүүчү зат, $d = 1,158$, $t_з = 126°C$. Нитробензолдун калыбына келиринен пайда болот).

ГИДРАЗОНЫ гидразондор (альдегид же кетондорго гидразинди (м.: уксус альдегиди менен гидразинди) өз ара таасир кылуудан пайда болушат. Кристалл түрүндөгү заттар).

ГИДРАЗОСОЕДИНЕНИЯ гидразокошулмалар (составында -NH-NH- бар органикалык заттар, м.: $C_6H_5-NH-NH-C_6H_5$).

ГИДРАРГИЛЛИТ гидраргиллит ($Al(OH)_3$ минерал, к. БОКСИТ).

ГИДРАТАЦИЯ гидратация (гидраттардын пайда болуу процесси, к. ГИДРАТЫ).

ГИДРАТНАЯ ИЗОМЕРИЯ гидраттык изомерия (молекуланын составындагы суунун ар түрдүү байланышынан пайда болгон изомерия кубулушу, м.: $CrCl_3 \cdot 6H_2O$ түн изомерлери: $[Cr(H_2O)_6]Cl_3$ – көгүш, $[Cr(H_2O)_5Cl]Cl_2 \cdot H_2O$ – кашыл, $[Cr(H_2O_4)Cl_2]Cl \cdot 2H_2O$ – сарғыч кашыл түстөгү заттар).

ГИДРАТЫ гидраттар (заттардын кенчулугу эригенде алардын молекулалары эритүүчү заттардын молекулалары менен бириги мат, анда пайда болгон бирикмелер сольваттар деп аталат. Эгерде эритүүчү зат суу болсо, гидраттар деп аталат).

ГИДРИДЫ гидриддер (суутек активдүү металлдар: K, Na, Ca сыяктуулар менен реакцияга кирип; KH, NaH, CaH ж.б. пайда кылат. Булар демейде, катуу кристаллдар. Азыр даярлык бар лык металлдардын гидриддери белгилүү).

ГИДРИРОВАНИЕ гидрлештирүү (б.а. суутекти кошуу)(кайсы бир заттардын молекулаларына суутекти байланыштыруу процесси).



ГИДРОАРОМАТИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ гидроароматтуу кошулмалар (жалпы формуласы $C_nH_{2n}$ болуп, каныкпаган углеводороддорго кирсе да каныккан углеводороддун касиети бар заттар. М.: нефтинин составына кирүүчү нефтендер, терпендер, камфоралар гидроароматтык кошулмалар болуп эсептелинет).

ГИДРОБЕНЗОИН гидробензоин ($C_6H_5-(CHOH)_2-C_6H_5$ бул гликоль же эки атомдуу спирт).

ГИДРОГЕЛЬ гидрогель (лиофилдик коллоид коагуляцияланганда же ууганда өзү менен бирге эриткичти да кошо ала кетет. Составында суусу болгон мындай гелдер гидрогелдер деп аталышат).

ГИДРОГЕНИЗАЦИЯ гидрогенизация (суюк майлардан катуу майларды даярдоо процесси).

ГИДРОГЕНИТ гидрогенит (кремнийди жегичтер менен аралаштырып ысытса, суутек чыга баштайт: $Si + Ca(OH)_2 + NaOH = CaO + Na_2SiO_3 + 2H_2$ мындай аралашма техникада гидрогенит деп аталат).

ГИДРОГЕОХИМИЯ гидрогеохимия (көбүнчө жер кыртышынын түзүлүшүнө карата андагы минералдык суулардын касиетин, пайда болуш себебин ж.б. изилдөөчү жана окутуучу, геология менен химиянын ортосунан пайда болгон гидрохимиялык маселелерди чечүүчү илим тармагы).

ГИДРОЗОЛЬ гидрозоль (коллоид системасынын суюк фазасы суу болсо, андай золь гидрозоль деп аталат).

ГИДРОКАУЧУК гидрокаучук (кадимки каучукка ете окшош; каучукту катализ жолу менен суутек аркылуу калыбына келтирүүдө пайда болуучу зат).

ГИДРОКСАМОВЫЕ КИСЛОТЫ гидроксам кислоталары (формуласы: $C_nH_{2n+1}C(=O)NHOH$ нан турган заттар).

ГИДРОКСИЛ гидроксил (ОН суунун молекуласынан бир атом суутекти алып салуудан пайда болгон суу калдыгы).

ГИДРОКСИЛАМИН гидроксиламин ($NH_2OH$, аммиактын составындагы бир атом суутекти гидроксил группасы менен алмаштыруудан пайда болуп, түссүз кристаллдардан турат, $t_э$=33,05°С, d=1,35. Суу менен кошулуудан $NH_2OH \cdot H_2O$ турундагу кошулманы пайда кылат. Спирттерде эрият кана иондорго диссоциялanышат).

ГИДРОКСИЛАМИН СЕРНОКИСЛЫЙ гидроксиламиндин сульфаты ($(NH_2OH)_2 \cdot H_2SO_4$ сууда кана спиртте эрүүчү кристаллдык зат. $t_э$=170°С).

ГИДРОКСОНИЙ гидроксоний (суутектин иондору суунун молекуласына кошулуп $H_3O^+$ ионун пайда кылат, бул ион гидроксоний деп аталат).

ГИДРОЛАЗЫ гидролаздар (суунун таасири аркылуу органикалык заттарды (углеводородду, белокторду) ажыратууга дуушар кылуучу организмдин клеткасына адсорбцияланган ферменттер).

ГИДРОЛИЗ гидролиз (заттардын суунун иондору ($OH^-$ жана $H^+$) менен реакцияланышып, алардын pH өзгертүүсү гидролиз деп аталат. Углеводороддор, амиддер, белоктор, туздар, галогенддер ж.у.с. гидролизденишет. Туздар, эгерде, күчтүү кислота менен начар негизден пайда болушса; $2H_2O + CuSO_4 = Cu(OH)_2 + H_2SO_4$; күчтүү негич менен начар кислотадан пайда болсо; $Na_2CO_3 + H_2O = NaOH + H_2CO_3$; начар кислота менен начар негизден пайда болсо; $CuS + H_2O = Cu(OH)_2 + H_2S$ ушул типтерде гидролизденишет. Күчтүү



кислота менен күчтүү негичтен пайда болгон туздар гидролизге учурабайт, м.: $HCl + NaOH = NaCl + H_2O$. Гидролиз даракасы температурага, концентрацияга көз каранды өзгерет).

ГИДРОЛИТ гидролит ($CaH_2$ кальцийдин гидриди; суу менен аракеттенишүүдө суутек бөлүнүп чыккандыктан, ал аэростаттарды суутек менен толтурууда колдонулат: 42 г. $CaH_2$ 44,8 л. суутекти бөлүп чыгарат).

ГИДРОМЕТАЛЛУРГИЯ гидрометаллургия (керектүү металлдарды кендерден эритип эритмелерге өткөрүп алып, андан соң металлдарды тиешелүү ыктар менен өздөрүнчө бөлүп алуу методдору).

ГИДРООКИСИ гидрооксиддер (б.а. суу кычкылдары; элементтердин кычкылдарынын суу менен реакцияга кириишинен пайда болгон кошулмалар).

ГИДРОПЕРЕКИСИ гидропероксиддер (б.а. өтө кычкылдар; суутектин өтө кычкылынын бир атом суутеги органикалык же органикалык эмес радикалдар менен айырбашталганда пайда болуучу заттар; жалпы формуласы: $R-O-O-R$).

ГИДРОСЕРНИСТАЯ КИСЛОТА гидросульфат кислотасы ($H_2S_2O_4$ ажырап кетүүчү туруксуз начар кислоталардын бири. Эң күчтүү калыбына келтиргичтен болуп эсептелет. $Na_2S_2O_4$, $K_2S_2O_4$ өндүү туздары бар).

ГИДРОСТРИХНИН гидрострихнин ($C_{21}H_{24}O_2N_2$, эң күчтүү уу, туруксуз зат, к. СТРИХНИН).

ГИДРОСУЛЬФИДЫ гидросульфиддер (сульфид кислотасынын гидротуздары, м.: KHS, NaHS, $NH_4HS$ булар сууда эришет).

ГИДРОСУЛЬФИТЫ гидросульфиттер (сульфит кислотасынын гидротуздары, м.: $NaHSO_3$, $KHSO_3$, $Ca(HSO_3)_2$ ж.у.с.).

ГИДРОСФЕРА гидросфера (жердин суу кабаты; жер жүзүндөгү суулар: океандар, деңиздер, көлдөр, дарыялар, булактар).

ГИДРОФИЛЬНЫЕ ГРУППЫ гидрофиль топтору (сууга жүйөөлөш, сууга химиялык ынактыгы чоң топтор; булар суу менен таасирдениишүүгө кендемдүү: $-SO_3Na$, $-OSO_3Na$, $-COOH$, $-NH_2$, $-O-$, $-OH$, $-ONO_2$ ж.у.с. топтору бар заттар. Демейде, алар углеводороддук радикалдардын (гидрофобдордун) учтарынын калдыктары болуп эсептелишет. Андыктан; м.: карбон кислотасынын натрий тузун суу бетине тамызсак, углеводороддук радикал суудан чыгып калат да, ага жүйөлүү гидрофиль тобу таасирдениишүүгө кирип, сууга тартылып чөгүшөт. Булар жакшы нымдалышат, к. ПОВЕРХНОСТНО АКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА).

ГИДРОФОБНЫЕ РАДИКАЛЫ гидрофобдуу радикалдар (б.а. сууга жүйөлөшпөс радикалдар. Булар демейде, беттик активдүү заттардын углеводороддук калдыктары; 8 тен 20 жана андан көп сандагы көмүртектүү алкилдер ж.б. Алар суу менен таасирдениишүүгө өтө кендемсиз келишет да нымдалышпайт).

ГИДРОХИМИЯ гидрохимия (жаратылыш сууларынын химиялык составын жана касиеттерин изилдөөчү илим).

ГИДРОХИНОН (п - ДИОКСИБЕНЗОЛ) гидрохинон (п - диоксибензол) ($C_6H_4(OH)_2$, сууда, спиртте, эфирде эрүүчү кристалл түрүндөгү зат, $t_э$= 169°С, d= 1,332).

ГИДРОЦЕЛЛЮЛОЗА гидроцеллюлоза (целлюлозага калыбына келтиргичтерди таасир этүү менен алынат).



ГИДРОЦИКЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ гидроциклдуу кошулмалар к. ГИДРОАРОМАТИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ

ГИЛОТРОПНЫЕ СМЕСИ (АЗЕОТРОПНЫЕ СМЕСИ) гилотроптук аралашмалар к. АЗЕОТРОПНЫЕ СМЕСИ

ГИПЕРТОНИЧЕСКИЙ РАСТВОР гипертониялык эритме (экинчи бир эритмеге караганда затынын концентрациясы жогору болуп, осмостук басымды пайда кылуучу эритме).

ГИПЕРЛИГАНДНЫЕ КОМПЛЕКСЫ гиперлигандык комплекстер (мындай октаэдрлик түзүлүштөгү комплекстерде лиганд-металл ортосундагы байланыш эки 3d орбиталын пайдалануу менен ишке ашырылат (3d нын калган үч орбитали атомдордун өздүк электрондору аркылуу толтурулат); бул учурда комплексте бек байланыш келип чыгат. М.: $[Fe(CN)_6]^{4-}$, $[Co(CN)_6]^{3-}$ ж.б.).

ГИПЕРКОНЪЮГАЦИЯ гиперконъюгация к. СВЕРХСОПРЯЖЕНИЕ

ГИПОБОРАТЫ гипобораттар ($H_2(B_2H_6O_2)$ гипоборат кислотасынын туздары. Алар туруксуз жана күчтүү калыбына келтирүүчүлөрдөн болушат).

ГИПОЛИГАНДНЫЕ КОМПЛЕКСЫ гиполигандык комплекстер (химиялык байланышка металлдын 3d орбитали катышпаган, 4s жана үч 4p / орбиталдары же алар менен бирге эки 4d " орбитали аркылуу пайда болгон, лиганддары боорбордук ион менен бошоң байланышкан комплекстик кошулмалар, м.: $[Fe(H_2O)_6]^{2+}$. Булар демейде, октаэдрлик түзүлүшкө ээ).

ГИПОНИТРИТЫ гипонитриттер ($H_2N_2O_2$ гипонитрит кисло-

тасынын туздары, м.: $Na_2N_2O_2$, $K_2N_2O_2$ ысык сууда карылып кетет).

ГИПОРЕНАТЫ гипоренаттар (сууда оной ажырап кеткич, сары түстөгү рений кислотасынын туздары, м.: $Na_4Re_2O_7$).

ГИПОСУЛЬФИТ гипосульфит (натрийдин тиосульфаты, к. НАТРИЙ СЕРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ).

ГИПОТЕЗА ДЕ-БРОЙЛЯ де-Бройлдун гипотезасы (1924-ж) (бул гипотеза боюнча, кандай гана бөлүкчө (же об"ект) болбосун, ал Е – энергиясына жана $\nu$ ылдамдыгына ээ болсо, ага $\lambda$ узундуктагы, $\nu$ жыштыктагы электромагниттик толкун туура келет. Чынында эле Жер шарына $4 \cdot 10^{-61}$ см, басып күрөн адамга орточо $7{,}5 \cdot 10^{-32}$ см, учуп күрөн суутектин атомуна $1{,}66 \cdot 10^{-8}$ см, электронго $1{,}22 \cdot 10^{7}$ см узундуктагы электромагниттик толкундар туура келет. Көп эксперименталдык далилдөөлөрдөн өткөн соң, азыр бул гипотеза де-Бройлдун закону деп аталат).

ГИПОТЕЗА ИЛЬИНСКОГО-ТИЛЕ Ильинский-Тиленин гипотезасы (бул гипотеза химиялык жыштык маанисинин үлүштөнүшүн түшүндүрөт. Ал пикир бензолдук ядродогу байланыштардын ирээттүүлүгүнүн бүтүн санга барабар эместигинен келип чыккан. Кийин бул көз бир башка байланыштын ирээттүүлүгү менен такталган, к. ПОРЯДОК СВЯЗИ).

ГИПОТОНИЧЕСКИЙ РАСТВОР гипотониялык эритме (экинчи бир эритмеге караганда заттын концентрациясы төмөн болгондуктан, осмостук басымды төмөндөтүүчү эритме).

ГИПОТЕТИЧЕСКИЕ СТРУКТУРЫ божомолдуу структуралар (б.а. гипотеза боюнча түзүлгөн структуралар).



ГИПОФОСФИТЫ гипофосфиттер ($H_3PO_2$ нин туздары. Сууда жакшы эришет, к. НАТРИЙ ФОСФОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ).

ГИПОХЛОРИТЫ гипохлориттер (HClO нун туздары, эң күчтүү кычкылдандыргычтардан, бирок туруксуз, к. КАЛИЙ ХЛОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ).

ГИППУРОВАЯ КИСЛОТА гиппур кислотасы ($C_6H_5 - CO - NH - CH_2 - COOH$ ысык сууда жана спиртте жакшы эрүүчү кристаллдык зат).

ГИПС гипс к. КАЛЬЦИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ

ГИПСОВАЯ ВОДА гипс суусу ($CaSO_4 \cdot 2H_2O$ нун суудагы эритмеси).

ГИПС СТРОИТЕЛЬНЫЙ курулуш гипси к. КАЛЬЦИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ

ГИСТОНЫ гистондор (лейкоциттерде, кызыл кан денечелеринде, нуклеопротеиддерде кирип, кислоталык касиетке ээ, сууда оной эрүүчү зат).

ГЛАВНАЯ ВАЛЕНТНОСТЬ негизги валенттүүлүк к. ПОБОЧНАЯ ВАЛЕНТНОСТЬ

ГЛАВНОЕ КВАНТОВОЕ ЧИСЛО негизги кванттык сан (энергетикалык деңгээлдерди же энергетикалык катмарларды, же электрондук катмарларды, же кванттык деңгээлдерди (булардын баарынын мааниси тендеш) мүнөздөөчү жана ошого караша алардагы энергиянын жалпы санын баалоочу, же электрондордун суммардык энергиясын айкындоочу сан. Эң жөнөкөйлөтүп, схемалаштырып Бор-Резерфорддун моделдерине ылайык айтканда, бул кванттык сан электрондук орбитанын ядродон алыстыгын мүнөздөйт).

ГЛАЗЕРИТ глазерит ($3K_2SO_4 \cdot Na_2SO_4$ түрүндегү минерал).

ГЛАЗУРЬ глазурь, кэк боёк (фарфор идиштердин боёктору. Андай сырлардын составына каолин (ак чопо), талаа шпаты (бор), кварц, бура, ар түрдүү металлдардын кычкылдары кирет).

ГЛАУБЕРИТ глауберит ($Na_2SO_4 \cdot CaSO_4$ составындагы минерал).

ГЛАУБЕРОВА СОЛЬ глаубер тузу ($Na_2SO_4 \cdot 10H_2O$ айнек жасоо үчүн жана медицинада ич алдыруучу катарында колдонулат).

ГЛЕТ глет (коргошундун (П) кычкылы – PbO, сары түстөй болот).

ГЛИКОГЕН гликоген ($(C_6H_{10}O_5)_n$ крахмалга окшогон сары түстөгү полисахарид, жаныбарлардын боорлорунда кездешкендиктен, жаныбарлар крахмалы деп да аталат).

ГЛИКОКОЛЕВАЯ КИСЛОТА гликоколь кислотасы к. ГЛИКОЛЕВАЯ КИСЛОТА

ГЛИКОКОЛЬ гликоколь к. ГЛИЦИН

ГЛИКОЛЕВАЯ КИСЛОТА гликоль кислотасы ($HO - CH_2COOH$ оксиацетат кислотасы. Сууда, спиртте, эфирде эрийт).

ГЛИКОЛЕВЫЙ АЛЬДЕГИД гликоль альдегиди ($C_2H_4O_2$, түзүлүшү: $HO-CH_2-CHO$ спиртте эрип, кооз кристаллдарды пайда кылат).

ГЛИКОЛИ гликолдор (эки атомдуу спирттер: $C_nH_{2n}(OH)_2$ ).

ГЛИКОЛЬ гликоль к. ЭТИЛЕНГЛИКОЛЬ

ГЛИКОЛЯТЫ гликоляттар (спирттердин OH группаларынын суутектери металл менен орун алмашуусунан пайда болуучу заттар, м.: $CH_2(ONa) - CH_2(ONa)$.

ГЛИОКСАЛИН глиоксалин ($C_3H_4N_2$ кристалл түрүндегү зат, $t_э$ =88°C).



ГЛИОКСИЛОВАЯ КИСЛОТА глиоксил кислотасы (COOH—COH сууда жакшы эрийт, альдегидокислоталарга кирет).

ГЛИОКСАЛЬ глиоксаль (OHC — CHO сары түстөгү, спиртте жана эфирде жакшы эрүүчү кристалл. Буулары жашыл түстө. $t_э$ = 15°C, $d$ = 1,14).

ГЛИЦЕРАТЫ глицераттар (глицериндеги OH группалардын суутектери металлга алмашканда алынган заттар).

ГЛИЦЕРИДЫ глицериддер (глицериндин органикалык кислоталар менен пайда болгон татаал эфирлери).

ГЛИЦИН (гликоколь, аминоуксусная кислота) глицин ($H_2N - CH_2 - COOH$ – аминоуксус кислотасы. $t_э$=282°C, $d$ =1,61. Спиртте, эфирде эрийт; айбандардын канында бир аз кездешкен таттуу кристаллдык зат).

ГЛОБИН глобин (гемоглобиндин составында учуроочу белоктун бир түрү).

ГЛОБУЛИНЫ глобулиндер (белоктордун бир түрү; туздардын жана жегичтердин эритмесинде эрип, начар кислоталык касиетке ээ. Дандагы эдистин, булчуңдагы лиюзин, кандагы фибриген-глобулиндерге кирет).

ГЛОБУЛЫ глобулдар (латекстеги каучуктун чоң тоголокчолору; алардын тышы белоктор жана чайырлар, кийинкиси каучуктун гелдери, ал эми эң ичкиси накта каучуктан турган үч катмардан турушат. Жалпы жонунан глобулдар деп тоголоктошуп чырмалган белүкчелерду аташат. Булар белоктордо, кандарда ж.б., ошондой коллоиддик эритмелерде да кездешет).

ГЛУБИНА ПРЕВРАЩЕНИЯ айлануу тереңдиги (б.а. баштапкы

заттардын продуктыларга айлануу өлчөмүнүн чондугу; химиялык реакциянын жүрүү тереңдиги, к. СТЕПЕНЬ ПРЕВРАЩЕНИЯ).

ГЛУТАМИН глутамин ($C_5H_{10}O_3N_2$ глутамин кислотасынын моноамиди, түзүлүшү: $NH_2-CO-CH_2-CH_2-CH(NH)_2-COOH$. Ал гемоглобин, казеин жана желимдерде кездешет).

ГЛУТАМИНОВАЯ КИСЛОТА глутамин кислотасы ($HOOC-(CH_2)_3-COOH$, спирт менен эфирде жакшы эрүүчү катуу зат).

ГЛУТАРОВЫЙ АЛЬДЕГИД глутар альдегиди ($C_5H_8O_2$, май сыяктуу, сууда эригич катуу зат).

ГЛЮКОЗА глюкоза, жүзүм канты ($CH_2OH-(CHOH)_4-CHO$, ак түстөгү кристалл).

ГЛЮКОЗАН глюкозан ($C_6H_{10}O_5$ глюкозанын ангидриди, $\alpha$-глюкоза бир молекула суусун жоготкондо пайда болот).

ГЛЮКОЗАДЫ глюкозиддер (гексозалардын ароматтык заттар менен түзгөн эфир сыяктуу кошулмалары. м.: Линамарин (зигыр) данында), салицил (талда), амигдалин (данекте) каратылып глюкозиддеринен болушат).

ГЛЮКОПРОТЕИДЫ глюкопротеиддер (белоктордун углеводдор менен түзгөн кошулмаларына кирип гидролизденгенде, белокторго жана углеводороддорго ажырап кетиши).

ГНИЕНИЕ чирүү (тышкы шарттын же микроорганизмдердин таасири аркасында заттардын ажыраш же бузулушу. Бул кубулуш кычкылтектин катышуусу менен жүргөн кычкылдануу процесси).

ГОЛЬМИЙ гольмий (лантаноиддер тобуна кирген HCнын 67-элементи. Жаратылыштагы өлчөмү аз жана абдан чачыранды, көбүнчө монациттик кумдарда кездешет. Эркин абалында күмүштөй жарык металл. $t_э$ = 1500°, $t_к$ = 2300°. Туруктуу бир гана $^{165}_{67}Ho$ изотобунан турат. Элементтин атомунун электрондук түзүлүшү: 2,8,18,8+11,8,2; электрондук формуласы: $...4f^{11}6s^2$ (валенттик орбиталдыкы), демек $f$- элемент. Иондоштуруу потенциалы 6,12 эв. Бул маалыматтар анын химиялык аракеттенишүүгө бир топ кендейдүү экенин көрсөтүп олтурат. Чындыгында эле +3 кычкылдануу санына эө болуу менен: гидридди - $HoH_3$, оксиди - $Ho_2O_3$, галогениддерди - $HoX_3$, комплекстүү кошулмаларды - $Ho[Eu(NO_3)_5]$, кош туздарды-$3Ho(NO_3)_3 \cdot 4KNO_3 \cdot 11H_2O$ ж.б. пайда кылат. Иондорунун түсү демейде сары. Гольмий азырынча колдонулбайт).

ГОЛЬМИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ гольмийдин сульфаты ($Ho_2(SO_4)_3 \cdot 8H_2O$ сары түстөгү, сууда эригич зат).

ГОМЕОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ гомеополярдык байланыш (атомдук же коваленттик байланыш, к. АТОМНАЯ СВЯЗЬ).

ГОМОАЗЕОТРОПЫ гомоазеотроптор (бир түрдөгү (бир агрегаттык абалдагы) азеотроптук аралашмалар; бул кадимки азеотроптук аралашмалардан айырмаланбайт, к. АЗЕОТРОПНЫЕ СМЕСИ).

ГОМОГЕННАЯ СИСТЕМА гомогендик система (берилген системадагы фазалардын баары бир түрдүү болгон учур; мындай системада фазаларды белүп турган беттик чек болбойт, м.: этил спирти менен суунун аралашмасы, газдардын аралашмасынан турган аба ж.б.).

ГОМОГЕННЫЕ РЕАКЦИИ гомогендик реакциялар (реакциялануучу заттардын бардыгы бир түрдүү сыюк же газ фазаларда туруп аракеттенишүүсү. М.: $N_2 + O_2 \rightleftarrows 2NO$, $H_2 + Cl_2 \rightleftarrows 2HCl$ ж.о.).

ГОМОГЕНИЗАЦИЯ ЖИДКОСТЕЙ суюктуктарды гомогендештирүү (өз ара аралашпаган суюктуктарды чалып аралаштыруу к.у.с. колдор менен бир түрдүү абалга келтирүү).

ГОМОЛИТИЧЕСКИЙ РАЗРЫВ СВЯЗИ байланыштын гомолиттик үзүлүшү (эркин радикалдык механизм боюнча жүрүүчү реакцияларда ишке ашат да, байланышты түзүп турган жуп электрондор бөлүнүшүп, ажырашкан атомдордун ар бирине бирден таандык болуп бөлүнүп кетишин мүнөздейт. Бул учурда байланыш үзүлүп кеткен молекулалык калдыктар эркин радикалдар болуп эсептелишет).

ГОМОЛОГИ гомологдор (текшеш окшоштор).

ГОМОЛОГИЧЕСКАЯ РАЗНОСТЬ гомологиялык айырма (гомологиялык катардагы заттардын формулаларынын ортосунда белгилүү бир атомдук топторго барабар айырма. М.: углеводороддогу гомологиялык айырма $-CH_2$ тобуна барабар).

ГОМОЛОГИЧЕСКИЕ РЯДЫ гомологиялык катарлар (бирдей химиялык функциялары жана бирдей түрдөгү түзүлүштөрү бар, бири-биринен бир же бир канча метилен топтору менен айырмалануучу органикалык кошулмалар, м.: этан, этилен, ацетилен, бензол сыяктуу катарлар).

ГОМОНУКЛЕАРНЫЕ МОЛЕКУЛЫ гомонуклеардуу молекулалар (ядролору бирдей атомдордун биригишинен пайда болгон молекулалар б.а. бир текчү атомдуу молекулалар, к. ГОМОЯДЕРНАЯ СВЯЗЬ).

ГОМОПОЛИМЕРЫ гомополимерлер (бардык элементардык звенолору бирдей мономерлерден түзүлгөн макромолекула. М.: поливинил хлорид, полипропилен ж.б.).

ГОМОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ гомополярдык байланыш к. АТОМНАЯ СВЯЗЬ



ГОМОФИЛИЗМ гомофилизм (металлдардын эки же андан көп атомдорунун өз ара байланышуусу; мындай кубулуш кошулмалардагы d-элементтердин бардыгында кездешет, ал эми: Nb, Ta, Mo, W жана Re элементтеринде бул эң эле мүнөздүү касиеттерден болуп эсептелишет. М.: $[C_5H_5Mo(CO)_3]_2$ кошулмасында, димерлешүү молибден аркылуу ишке ашат да, андагы Mo — Mo байланышынын узундугу 3,22 Å түзүп турат).

ГОМОЦЕПНЫЕ ПОЛИМЕРЫ гомочынжырлуу полимерлер (б.а. бир текчү чынжырлуу полимерлер. Булардагы чынжырдын негизги тулкусу бирдей атомдук топтордон түзүлүшөт. М.: карбоцепчү ( — C — C — C — C) байланыштагы полиэтилен, поливинилхлорид, фенолформальдегиддик чайырлар, полистирол ж.б.).

ГОМОЯДЕРНАЯ (ГОМОАТОМНАЯ) СВЯЗЬ гомоядролук (гомоатомдук) байланыш (бир түрдүү атомдор арасындагы байланыш. М.: $H_2$, $N_2$, $Li_2$, $Cl_2$ ж.б., к. ГОМОНУКЛЕАРНЫЕ МОЛЕКУЛЫ).

ГОПКАЛИТ гопкалит ($MnO_2$ менен CuO нун аралашмасы).

ГОРДЕНИН гординин ($HO-C_6H_4-CH_2-CH_2-N(CH_3)_2$, фенол мүнөздүү, арпанын уругунда кездешүүчү органикалык заттар. Суууда, спиртте жана эфирде эрийт).

ГОРЕНИЕ күйүү (жарык, жалын жана жылуулук пайда кылуу менен жүрген кубаттуу химиялык реакциялар).

ГОРМОНЫ гормондор (кан менен жүрүп организмдеги ар түрдүү биохимиялык кубулуштарга катышуучу заттар. М.: адреналин, инсулин, кортизон ж.б. Аларды ички секреция бездери өндүрүп чыгарат).

ГОРНАЯ СМОЛА тоо смоласы (чайыры) к. АСФАЛЬТ

ГОРНЫЙ ВОСК тоо мому (озокерит).

ГОРНЫЙ ЛЕН таш кебез к. АСБЕСТ

ГОРНЫЙ ХРУСТАЛЬ тоо хрусталы ($SiO_2$ нин жаратылышта кездешүүчү тунук,кооз кристалл).

ГОРЧИЧНЫЙ ГАЗ горчица газы к. ИПРИТ

ГОРЬКАЯ СОЛЬ ачуу туз ($MgSO_4 \cdot 7H_2O$ , деңиз сууларында кездешет).

ГОРЮЧИЕ МИНЕРАЛЬНЫЕ СЫРЬЯ күйүүгө жөндөмдүү (күйгүч) минералдык сырьёлор (буларга жер кыртышынан өндүрүлүп алынуучу көмүр, нефть, чым кең, жаратылыш газы ж.б. киришет).

ГОРЮЧИЕ ИСКОПАЕМЫЕ күйүүгө жөндөмдүү кендер (таш көмүр, нефть, чым кең, жаратылыш газдары сыяктуу отун болуучу жа күйүүгө жөндөмдүү жер кыртышынан өндүрүп алынган кендер, к. ГОРЮЧИЕ МИНЕРАЛЬНЫЕ СЫРЬЯ).

ГОРЯЧАЯ ЛАБОРАТОРИЯ радиоактивдүү лаборатория (жогорку активдүүлүктөгү радиоактивдүү препараттар менен иш жүргүзүүчү лабораториялар).

ГОРЯЧИЙ АТОМ радиоактивдүү атом (ядролук реакциялардагы айлануулардын негизинде пайда болгон жогорку энергиялуу атомдор, к. ИЗОТОПНАЯ МЕТКА).

ГОФРИРОВАННЫЕ ВОЛОКНА кыйрылма булалар (парашют, балык кармоочу буюмдар сыяктуу бышык пластикалык массалар).

ГРАВИМЕТРИЯ гравиметрия (анализдеп табылуучу заттын өлчөмүн, реакциянын продуктысынын массасын өлчөө аркылуу



ишке ашыруучу аналитикалык химиянын бир методу. Ошондуктан ал весовой анализ - салмактык анализ жолу деп да аталат).

ГРАВИТАЦИОННОЕ ОБОГАЩЕНИЕ ПОЛЕЗНЫХ ИСКОПАЕМЫХ пайдалуу кендерди гравитациялык жол менен байытуу (пайдалуу кендердин кошулмаларын, керексиз тектерден алардын салыштырма салмактарынын айырмасына негизделп белуп алуу менен андагы алардын өлчөмүн жогорулатуу).

ГРАДУСЫ ЖЕСТКОСТИ шордуулук градустары (суунун шордуулугун сандык аныктоо үчүн кабыл алынган чен бирдиги; ал дөмейде $CaCO_3$ концентрациясы аркылуу, ар бир өлкөнүн кабыл алган бирдигине жараша ар кандай туюнтулат).

ГРАМИЦИДИН СОВЕТСКИЙ советтик грамицидин (жалтырак ак түстүү зат. Дезинтерия, тифтерге колдонулуучу антибиотик).

ГРАММ-АТОМ грамм-атом (атомдук массанын грамм менен туюнтулган өлчөмү , м.: кычкылтектин атомдук салмагы 15,999г. болгондуктан, 15,999 г кычкылтектин бир гр. атомуна барабар. Бир грамм-атомдогу учурайган атомдордун саны $6,02 \cdot 10^{23}$ (Авогадронун саны).

ГРАММ-ИОН грамм-ион (иондордун грамм менен туюнтулган массасы. М.: $Cl^-$ ионунун грамм-ону 35,5г; $OH^-$ грамм-ону 17 г. $Ag^+$ дун грамм-ону 107,88 г болот).

ГРАММ-КАЛОРИЯ грамм-калория (кичине калория, к. КАЛОРИЯ МАЛАЯ).

ГРАММ-МОЛЕКУЛА грамм-молекула (моль) (заттардын массасын алардын молекулалык салмагына барабар болгон грамм менен туюнтуу. М.: суунун грамм-молекуласы 18 г. барабар).

ГРАММ-МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ВЕС грамм-молекулалык салмак к. ГРАММ-МОЛЕКУЛА

ГРАММ-МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ОБ"ЕМ ГАЗА газдардын грамм-молекулалык көлөмү (ар бир грамм-молекуланын алып турган көлөмү 22,4 л барабар).

ГРАММ-ЭКВИВАЛЕНТ грамм-эквивалент (заттардын эквиваленттик салмагына тең кылынып, грамм менен туюнтулган өлчөмү, м.: кычкылтектин эквиваленти 8, демек 8 г, анын бир грамм-эквиваленти болот).

ГРАНАТЫ гранаттар (составы $Me_3^{2+}$, $Me_2^{3+}(SiO_4)_3$ (мында $Me^{2+}$ – $Mg^{2+}$, $Ca^{2+}$ же $Fe^{2+}$, ал эми $Me^{3+}$ – $Al^{3+}$, $Cr^{3+}$ же $Fe^{3+}$) формуласына ээ берген татаал түзүлүштөгү ортосиликаттар).

ГРАНЕЦЕНТРИРОВАННАЯ КРИСТАЛЛИЧЕСКАЯ РЕШЕТКА кырлары боюнча борбордошкон кристаллдык торчо (бул торчо атомдору элементардык ячейканын чокуларында гана эмес, кырларынын ортосунда (борбордош) жайлануусунда түзүлөт).

ГРАНИТ гранит, кварц ($SiO_2$ талаа шпаты, ортоклаз: $K_2O \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2$ жана слюда: $K_2O \cdot 3Al_2O_3 \cdot 6SiO_2 \cdot 2H_2O$).

ГРАНИЦА РАЗДЕЛА ФАЗ фазаларды ажыратуучу чек

ГРАНОЗАН гранозан (үрөндөрдү ар түрдүү микроорганизмдерден сактоо үчүн колдонулуучу этилмеркурхлорид: $C_2H_5HgCl$ препарат).

ГРАНУЛЫ гранулалар к. МИЦЕЛЛЫ

ГРАФИЧЕСКАЯ ФОРМУЛА графикалык формула (бул молекулалардын ичиндеги атомдордун байланышын графикалык түрдө жалпак



беттө сүрөттөөчү формула. Мында анын мейкиндик түзүлүшүнө б.а. структурасына көңүл бурулбайт).

ГРАФИТ графит (көмүртектин аллотропиялык түр өзгөрүшүнүн бири. Кагазга так калтырган кумшак зат).

ГРАФИТОВАЯ КИСЛОТА графит кислотасы (сары түстөгү катуу зат, графитти 60 % азот кислотасы менен кычкылдантуудан алынат).

ГРАФСОПОЛИМЕРЫ графсополимерлер (алар бир полимердин негизги макромолекулалык чынжырындагы звенолорго, башка бир мономерден пайда болгон чынжырларды жалгаштыруу менен алынат. М.: полистиролго (... —A— A— A...) метилметакрилат (... – B—B — B – ...) кошулган полимер:



ГРЕМУЧАЯ КИСЛОТА куркурек кислота (H—O—N= C цианид кислотасынын кычкыл окшош, туруксуз, бууланып кеткич зат; тез полимерденет. Уксус кислотасы менен эфирде жакшы эриген өтө уу зат).

ГРЕМУЧИЙ ГАЗ куркурек газ (эки көлөм суутек жана бир көлөм кычкылтектин аралашмасынан турган газ. Тутандыруудан күчтүү жарылып, сууну пайда кылат).

ГРЕМУЧИЙ СТУДЕНЬ тарсылдагыч жилжилдек (нитроглицерин күчтүү атылгыч заттан болгондуктан, аны таза түрдө пайдалануу өтө коркунучтуу, ошондуктан ага 7 % ке чейин коллоид ту-

рүндөгү эритме кошулат да, ал тарсылдагыч килкилдек түрүндө болуп, атылгыч затка кирет).

ГРЕМУЧАЯ РТУТЬ <u>күркүрөк сымап</u> (ысытканда же соккондо жарылып кетүүчү, формуласы $Hg(CNO)_2$ ге жооп берген туруксуз зат. Аны сымаптын нитраты менен этил спиртинин аракеттенүүсүнөн алышат. Химиялык аты сымаптын фульминаты).

ГРУБОДИСПЕРСНЫЕ СИСТЕМЫ <u>кесек бүдүрчөлүү системалар</u> (буларга бөлүкчөлөрүнүн масштабдары $10^{-3} \div 10^{-5}$ см аралыгында жаткан суспензиялар жана эмульсиялар киришет).

ГРУППОВЫЕ ОРБИТАЛЫ <u>группалык (топтук) орбиталдар</u> (бөлүкчөнүн жанындагы координациядагы бир канча орбиталдарды чогуу кароо; мындай көз караш боюнча алар топ орбиталдарды түзөт).

ГРУППОВЫЕ РЕАГЕНТЫ <u>топтук реагенттер</u> (ар түрдүү табияттагы бир канча иондордун тобун (же жалпысынан бөлүкчөлөрдү) аныктоого же аларды чогуу түрдө бөлүп алууга жарактуу заттар. М.: $H_2S$ баардык оор металлдарды, алар аралашкан эритмеден бөлүп алууга мүмкүнчүлүк берет).

ГРУШЕВАЯ ЭССЕНЦИЯ <u>алмурут эссенциясы</u> (уксус-бутил эфири; $CH_3-COO-C_4H_9$ парфюмерияда колдонулат).

ГРЯЗНЫЕ СТОЧНЫЕ ВОДЫ ПРОМЫШЛЕННОСТИ <u>өнөр жайлардын балит (саркынды) суулары</u>

ГУАНИДИН <u>гуанидин</u> (иминомочевина) ($CH_5N_3$ же $H_2N-CNH-NH_2$ түссүз, ным тарткыч, спиртте жана эфирде жакшы эрүүчү зат).

ГУАНИДИН УГЛЕКИСЛЫЙ <u>гуанидин карбонаты</u> $(H_2N-CNH-NH_2)_2-HCO_3$ ажырап кеткич ак кристалл).

ГУАНИЛОВАЯ КИСЛОТА <u>гуанил кислотасы</u> ($C_{10}H_{14}O_8N_5P \cdot 2H_2O$, мээ бездеринде кездешүүчү кристаллдык зат, $t_э = 208°$).



ГУАНИН <u>гуанин</u> ($C_5H_5ON_5$ өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрдүү органдарында кездешет: сууда, спиртте, эфирде начар, кандын суудагы эритмесинде жакшы эрийт).

ГУАНО <u>гуано</u> (канаттуулардын кыктары; кайсы бир аралдарда алар жыйналып дөбө-дөбө болуп кездешет. Анда фосфордук бирикмелер эң көп болгондуктан, жакшы жер семирткич катарында колдонууга болот).

ГУБЧАТАЯ ПЛАТИНА <u>губка сымал (көпшөк) платина</u> (эң майда майдаланган металл абалындагы платина; ал аммонийдин хлороплатинасын $(NH_4)_2PtCl_6$ ны какшыта ысытуудан алынат).

ГУДРОН <u>гудрон</u> (нефтини кургак буулантып бөлгөндө бензин (300°С) жана керосин бөлүнүп чыгып кеткенден кийин мазут калат. Андан майлагыч майларды бөлүп алгандан кийин гудрон калат).

ГУЛОЗА <u>гулоза</u> ($C_6H_{12}O_6$ гексоазандын бир түрү).

ГУМИНОВЫЕ КИСЛОТЫ <u>гумин кислоталары</u> (жогорку молекулалык аморфтуу заттар).

ГУММИАРАБИК <u>гуммиарабик</u> (жыгач желими) ( гидролизденүүдөн лактоза жана арабинозаны пайда кылат).

ГУМУС <u>гумус</u> (кыртыш же топурактын составындагы химиялык жана биологиялык өзгөрүштөрдүн натыйжасында пайда болгон органикалык заттар).

ГУТТАПЕРЧА <u>гуттаперча</u> (каучук сымал өсүмдүктөрдүн сүтүнөн алынуучу зат. Электротехникада изолятор катарында колдонулат).

# Д

ДАВЛЕНИЕ НАСЫЩЕННОГО ПАРА каныккан буунун басымы (суюктуктун үстүндөгү динамикалык тең салмактуулукка келген буунун идиштин бетине жана суюктукка кысым. Демейде кыскача давление пара буу басымы деп да аташат).

ДАВЛЕНИЕ МОЛЕКУЛЯРНОЕ молекулалык басым (суюктуктун үстүнкү бетиндеги молекулалардын катмарынын астындагы (келемдеги) молекулаларга кылган басымы. Бул беттик тартылыштын натыйжасында келип чыгат. Басымдын чондугу бир канча миң атмосферага жетет. М.: суу үчүн ал болжол менен 14 000 атм).

ДАВЛЕНИЕ ПАРЦИАЛЬНОЕ парциалдык (үлүштөнгөн) басым

ДАВЛЕНИЕ НАБУХАНИЯ кебүүнүн басымы (кандайдыр бир нерсенин кебүү учурунда пайда болгон басым. Бул кээде 5 – 10 атм. чейин жетет. Табияты боюнча ал осмостук басымга окшош).

ДАВЛЕНИЕ КРИТИЧЕСКОЕ четкин басым (суюктуктун өз буусу менен чеги жоголуп, өз ара тең салмактуулукка келген фазага караштуу басым, б.а. критикалык (четкин) абалга туура келген басым).

ДАЛЬНИЙ ПОРЯДОК алыскы иреттүүлүк (заттардын бөлүкчөлөрүнүн өз ара ыраатту жайланышынын аймактык масштабын мүнөздөө үчүн колдонулат. Ал структуралык түзүлүштүн канчалык алыстыкка чейин жайылып, иреттүүлүктүн мезгилдүү кайталанып турушун баяндайт. Көбүнчө бул коңшу жана суюк абалындагы заттарга мүнөздүү).

ДАЛЬТОНИДЫ дальтониддер (составы өзгөрбөс, стехиометрияга баш ийген химиялык кошулмалар).



ДВИЖУЩАЯ СИЛА ПРОЦЕССА кубулуштун (процесстин) кыймылдаткыч күчү (кубулуштун ишке ашышына, анын ылдамдыгына жана айлануу даражасына себепкер болгон күчтөр жө таасирлер).

ДВИМАРГАНЕЦ двимарганец (б.а. экинчи марганец, 1871-ж. Д.И.Менделеев божомолдогон марганецке окшош 75-элементтин аты. Кийин 1925-ж. гана ал Ноддак жана Таккэ (Англия) аркылуу ачылып, ага рений деген ат берилген).

ДВОЙНАЯ СВЯЗЬ кош байланыш (заттардын молекулаларындагы элементтердин атомдору өз ара байланышканда валенттүүлүктөрү толук пайдаланылса, кош же үч ирет байланыш келип чыгат).

ДВОЙНЫЕ СОЛИ кош туздар к. ДВОЙНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ

ДВОЙНАЯ СИСТЕМА экилик (кош) система (эки компоненттүү системанын кыскача аты, к. ДВУХКОМПОНЕНТНАЯ СИСТЕМА).

ДВОЙНОЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ СЛОЙ электрдик кош катмар (кабат) (катуу заттын бети менен электролиттин чек арасында пайда болуп, жандаш жайланышкан эки түрдүү заряддардын катмары. Бул заряддардын саны өз ара тендеш болбогондуктан, алар электроддук потенциалдын айырмасынын пайда болушуна себепкер болуп эсептелишет).

ДВОЙНОЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ СЛОЙ ГЮИ-ЧАПМЕНА Гюи-Чапмендин электрдик кош катмары (кабаты) (адсорбциялык-диффузиялык чекте пайда болгон потенциал аркылуу мүнөздөлүүчү кош электрдик катмар).

ДВОЙНОЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ СЛОЙ ГЕЛЬМГОЛЬЦА Гельмгольцтун электрдик кош катмары (кабаты) (электрод – эритме чегинде пайда болгон кош электрдик катмар, к. ГЕЛЬМГОЛЬЦА СЛОЙ).

ДВОЙНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ кош бирикмелер (эки молекуладан пайда болгон бирикмелер, м.: $CuCl_2 \cdot 2KCl$, $CS(NH_2)_2 \cdot 2CdJ_2$ ж.у.с.).

ДВУХРОМОВАЯ КИСЛОТА биохромат кислотасы ($H_2Cr_2O_7$ эритмеде гана белгилүү, м.: $K_2Cr_2O_7$, $Na_2Cr_2O_7$. Алар кызыл түстөгү өтө күчтүү кычкылдандычтар).

ДВУПОЛЮСНЫЕ ИОНЫ кош полюстуу (уюлдуу) иондор к. БИПОЛЯРНЫЕ ИОНЫ

ДВУХСТОРОННЯЯ ПОЛЯРИЗАЦИЯ карама-каршы багыттуу поляризация (уюлдашуу) (аракеттенишип жаткан бөлүкчөлөрдүн (атомдордун, иондордун молекулалардын бири-бирин өз ара уюлдаштыруусу; бул учурда электрондук булуттар жылкырылып, уюлдуулук азайып, коваленттүүлүктүн салымы көбөрүлөйт. М.: AgCl дун молекуласында булардын себебинен катуу абалында иондук (поляризация) байланыш болсо, буусунда ал коваленттик (поляризация) байланыштын салымы көп молекулага айланат).

ДВУХМЕРНЫЕ СТРУКТУРЫ (ЦЕПИ) эки чендик структуралар (чынжырлар) (б.а. молекуланын эки мейкиндик октор боюнча кайталанышкан структуралары. Булар жалпак же бурчтук структурага ээ түзүлүштөр).

ДЕВАРДА СПЛАВ девардын куймасы (50 % Cu, 45 % Al жана 5 % Zn тан туруп, калыбына келтиргич катары колдонулат).

ДЕГАЗАТОР дегазатор (уу заттарды жоготуучу заттар. М.: хлор агарткычы $Ca(Cl)_2O$ дегазатор жана ал иприттен сактануу үчүн колдонулат).

ДЕГАЗАЦИЯ дегазация (ууландыруучу заттар жайылган аймакты же тийген буюмдарды, кийимдерди ж.б. зыянсыздандыруу; шахталардан организмге илдеттүү газдарды жок кылуу).



ДЕГИДРАТАЦИЯ дегидратация (суусун жоготуш, м.: коллоид эритмелеринин, кристаллогидраттардын кристаллдашкан сууларын жоготуусу. Спирттин суусун катализдик жол менен ажыратып, этиленди алуу да дегидратацияга мисал боло алат: $C_2H_6O = C_2H_4 + H_2O$).

ДЕГИДРИРОВАНИЕ дегидрлөө к. ДЕГИДРОГЕНИЗАЦИЯ

ДЕГИДРОГЕНИЗАЦИЯ дегидрогенизация (заттардын молекулаларынын составынан суутекти бөлүп чыгаруу процесси же гидрогенизациянын тескери процесси, м.: гександан суутектин бөлүнүп чыгып, альдегид пайда болушу дегидрогенизацияга мисал болот: $C_6H_{12} = C_6H_6 + 3H_2$, $C_2H_6O = C_2H_4O + H_2$).

ДЕЗАКТИВАЦИЯ дезактивация (активдүү заттардын бөлүкчөлөрүнүн активдүү эмес түргө өтүшү).

ДЕЗОКСИРИБОНУКЛЕИНОВАЯ КИСЛОТА (ДНК) дезоксирибонуклеин кислотасы (ДНК) (түкүм куучулук информациясын алып жүргөн, биологиялык жактан эң маанилүү молекула. Составы негизинен 31 % аденин, 19 % гуанин, 31 % тимин жана 19 % цитозин аминокислоталарынын белгилүү бир иреттүүлүктөгү тизмектеринен турат. Мындай шурудай тизмектүү чынжыр экөө. Алар бири бири менен суутектик байланыштар аркылуу биригишип, өз ара толгонуу менен кош спиралды пайда кылышат. ДНК клетканын ядросунда кайталанышат).

ДЕЙТЕРИЙ дейтерий к. ВОДОРОДА ИЗОТОПЫ

ДЕЙТОН дейтон (суутектин изотобу дейтерийдин ядросунун эски аты; к. ДЕЙТРОН).

ДЕЙТРОН дейтрон (бир протон бир нейтрондон турган, суутектин оор изотобу, дейтерийдин ядросу).

ДЕКАГИДРОХИНОЛИН декагидрохинолин ($C_9H_{17}N$ күчтүү калыбына келтиргич, кристаллдык зат).

ДЕКАМЕТИЛЕНДИГУАНИДИН декаметилендигуанидин к. СИНТАЛИН

ДЕКАН декан ($C_{10}H_{22}$ суюктук, спирт менен эфирде гана эригич зат).

ДЕКАНДИКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА декандикарбон кислотасы ($C_{12}H_{22}O_4$; же $COOH - (CH_2)_{10} - COOH$).

ДЕКАНТАЦИЯ декантация (эритмени тундуруп туруп, чөкмесүнөн бөлүп, акырын башка идишке сарыктырып куюп алуу).

ДЕКАПИРОВАНИЕ декапирлөө (металлдардын бетине гальваникалык капкычтар (м.: хром, калай ж.б. калатуу) какшы бекитилиш үчүн, буюмдарды же тетиктерди гальваникалык ваннага салардын алдында, аларды химиялык же электрохимиялык жол менен 0,2÷÷2 мин жеңил тазалоо).

ДЕКАРБОКСИЛАЗЫ декарбоксилаздар (фермент, амин кислоталарын жана ошондой эле активдүү аминдерди табууда кеңири колдонулат).

ДЕКАРБОКСИЛИРОВАНИЕ декарбоксилдөө (карбоксил топторунан $CO_2$ ни бөлүп алуу процесси).

ДЕКСТРИНЫ декстриндер ($C_6H_{10}O_5$ крахмалды суу менен кошуп ысытуудан пайда болот).

ДЕКСТРОЗА декстроза к. ГЛЮКОЗА

ДЕЛИТЕЛЬНАЯ ВОРОНКА бөлгүч воронка (салыштырма салмактары ар түрдүү болуп, бир бири менен аралашпай турган суюктуктарды бөлүүдө колдонулуучу воронка).



ДЕЛОКАЛИЗАЦИЯ СВЯЗИ байланыштын делокализациясы (б.а. байланыштын бир атомдун аймагына байыр албашы (олтурукташпасы). Бул жуп электрондордун атомдор арасындагы бир нече байланыштарга бөлүнүшүн, б.а. бир нече байланышка тиешелүү болуп кетишин көрсөтөт. Кээде делокализация неподеленных пар электронов – бөлүштүрүлбөгөн жуп электрондордун делокализациясы деп да колдонулат, к. ДЕЛОКАЛИЗАЦИЯ ЗАРЯДОВ).

ДЕЛОКАЛИЗАЦИЯ ЗАРЯДОВ заряддардын делокализациясы (б.а. заряддардын байырдалышынын жоголушу бөлүштүрүлбөгөн жуп электрондордун негизинде белгилүү бир атомдордо пайда болгон заряддардын жандаш жайланышкан бир канча атомдорго жайылып кетиши).

ДЕЛОКАЛИЗАЦИЯ НЕСПАРЕННОГО ЭЛЕКТРОНА жупташпаган жалгыз электрондун делокализациясы (байырдашуусунун жоголушу, эркин радикал пайда болгондогу жалгыз электрон (эркин валенттүүлүк электрон), молекула калдыгынын кандайдыр бир атомунун аймагына байырдашат (м.: н-пропилде $—CH_2—CH_2—CH_3$) же байырдашпайт. Акыркы учурда жалгыз электрон бүт радикалга тиешелүү болуп калат да, жалгашкан байланыш пайда болуп, эркин радикалдын четки атомдору бирдей эркин валенттүүлүккө ээ болот. М.: пропилден бир суутек ажыраганда:

$$H_2\dot{C} \text{-----} CH \text{=====} \dot{C}H_2$$

эркин радикалы пайда болот. Бул учурда эркин валенттүүлүк бирдиги үлүштөнүп, азайып калат. Жалгыз электронунун байырдашуусу жоголгон мындай заттар химиялык аз активдүүлүккө ээ болушат).

ДЕНАТУРИРОВАННЫЙ СПИРТ денатурацияланган спирт (спиртти ичүүгө жарамсыз кылууда, ага түрдүү уу заттар, м.: метил спирти, пиридин ж.б. кошулат. Андай спирттер техникада колдонулат).

ДЕНСИМЕТРИЯ денсиметрия (суюк жана катуу заттардын тыгыздыгын өлчөө методу).

ДЕНТАТНОСТЬ дентаттуулук (координациялашуу мезгилиндеги аракеттенишүүдө бир эле убакта бир нече жол менен бор-бордук белүкчөгө байланышууга мүмкүнчүлүгү бар лиганддын составиндагы донорлук атомдорунун саны, к. БИДЕНТАТНЫЙ МОНОДЕНТАТНЫЙ жана ПОЛИДЕНТАТНЫЙ ЛИГАНДЫ).

ДЕПОЛИМЕРИЗАЦИЯ деполимерлешүү (макромолекуланын тизмектүү чынжырынан мономердик бирдиктерди ажыратып алуу менен жүрүүчү реакциялар).

ДЕПОЛЯРИЗАТОР деполяризатор (электроддордун поляризациясын төмендетүүчү же таптакыр жоготуучу химиялык реакциялардын натыйжасында пайда болуп, электр тогунун агымына карама-каршы агуучу токту пайда кылуучу зат).

ДЕПСИДЫ депсиддер (фенолокислоталардын карбоксил тобу менен фенолдук гидроксил аркылуу пайда болгон татаал эфирлердин жалпы аты).

ДЕСИКАНТЫ десиканттар (айыл чарбалык ар түрдүү өсүмдүктөрдү кыноонун алдында аларды бир аз кургатуу үчүн колдонулуучу химиялык заттар).

ДЕСМОТРОПИЯ десмотропия к. ТАУТОМЕРИЯ

ДЕСОРБЦИЯ десорбция (адсорбциянын тескери процесси, б.а.



адсорбент соруп алган заттын кайтадан бөлүнүп чыгыш, к. АДСОРБЦИЯ).

ДЕСТРУКЦИЯ деструкция (заттардын молекуласынын түзүлүшүн же жалпы эле заттын түзүлүшүн бузуу (талкалоо). Мында активдүүлүгү өтө жогорку молекулалык калдыктар (үзүндүлөр) сыяктуу эркин радикалдар же ондор пайда болушат. Ал эми заттын түзүлүшүн бузууда молекулалардын аралык байланыштары начарлап, ассоциаттар ажырашат, сольваттык катмарлар башка түзүлүшкө өтөт, кристаллдарда деффектер (мандемдер) пайда болушат ж.у.с. М.: суюк абалдагы сууга кайсы бир заттарды кошууда анын структурасы бузулуп, касиеттери бир топ өзгөрөт. Заттык деструкция деструктуралаштыруу деп да аталат).

ДЕСТРУКТИРОВАНИЕ деструктурлаштыруу к. ДЕСТРУКЦИЯ

ДЕТЕРГЕНТЫ детергенттер (нефтини кайра иштетүүдөн чыккан таштанды заттарды же парафиндерди кычкылдандыруудан пайда болгон продуктыларды пайдалануу менен алынган синтетикалык кир жуугуч заттар).

ДЕТОНАТОРЫ детонаторлор ( жарылгыч заттарды тутандыруучу капсулалар; детонатор катарында коргошундун азиди: $Pb(N_3)_6$ ; күркүрөк симап: $[Hg(OCN)_2]$ ж.б. колдонулат).

ДЕФФЕКТ В КРИСТАЛЛАХ кристаллдардагы деффект(мандемдүүлүк бузулуш, бул белүкчөлөрдүн (атомдордун,иондордун,молекулалардын) кристаллдык торчолордогу түзүлүш закон ченемдүүлүктөрдүн бузулушунан келип чыгат).

ДЕФФЕКТ МАССЫ массанын деффектиси,мандеми (ядролук реакциялардын натыйжасында бөлүнүп чыккан зор энергияда, эквиваленттүү пайда болгон ядронун массасы да азаят. Бул эквивалент-

түүлүн А.Эйнштейндин $\Delta E = \Delta m c^2$ формуласы боюнча берилет. М.: 7 г литий менен суутектин ядролорунун гелийге айлануусунда масса $\Delta m$=I8,62 мг га өзгөрөт. Химиялык реакциялардын энергиясы "эң аз" болгондуктан, демейде, $\Delta m \approx 10^{-9}$ г гана түзөт. Демек, реакция көрсөтүлгөндөй энергия бөлүп чыгаруу менен кургендуктен продукт массасын азайтты).

ДЕФИЦИТ ЭЛЕКТРОНОВ электрондордун жетишсиздиги( тартыштыгы)

ДЕФЛЕГМАТОР дефлегматор (заттарды буулантып бөлүүдөгү колдонулуучу курал).

ДЕФОЛИАНТЫ дефолианттар (өсүмдүктөрдү кыйноонун алдында алардын жалбырактарынын түшүрүүсүн тездетүү үчүн колдонулуучу химиялык заттар).

ДЕФОРМАЦИОННЫЕ КОЛЕБАНИЯ ($\delta$- КОЛЕБАНИЯ ) деформациялык термелүүлөр ( $\delta$- термелүүлөр)(молекуладагы атомдор арасындагы химиялык байланыштардын валенттик бурчтарын өзгөртүү менен күрүүчү термелүүлөр).

ДЕЦЕН децен ($CH_3-(CH_2)_7-CH=CH_2$ каныкпаган углеводороддордун бири, спирт менен эфирде жакшы эрийт , сууда эрибейт).

ДЕЦИЛОВЫЙ СПИРТ децил спирти ($CH_3-(CH_2)_8-CH_2OH$ түссүз суюктук, Парфюмерияда; самын, жуугуч заттар жасоодо колдонулат).

ДЕЦИНОРМАЛЬНЫЙ РАСТВОР децинормалдуу эритме (0,I гр-экивалент заттын I литрдеги эритмеси).

ДЗЕТА-ПОТЕНЦИАЛ дзета-потенциал (коллоиддик бөлүкчедеги кыймылсыз адсорбциялык катмардын үстүнкү бети менен ал аркылуу сыйгалануп турууга мүмкүндүгү бар кыймылдуу катмардын ортосуна пайда болгон потенциалдардын айырмасы. Бул электрокинетикалык потенциал деп да аталат. Жалпы жонунан салыштырмалуу: биринчиси кыймылсыз; экинчиси кыймылдуу катмарлардын арасындагы потенциал. Б: в, млв, мкв).



ДИАГРАММЫ РАВНОВЕСИЙ тең салмактуулуктун диаграммалары (тең салмактуулукта турган гетерогендик (же гомогендик) системанин абалын баяндоочу график түрүндөгү сүрөттөөлөр).

ДИАГРАММЫ СОСТОЯНИЯ абалдык диаграммалар (гетерогендик системанин тең салмактуулукта турган ар кандай составынын температурага (кээде ага кошо басымга) жараша өзгөрүшүн график түрдө сүрөттөөчү диаграмма. Андыктан, бул диаграмма көбүнчө состав-температура октору на түзүлөт, к. ДИАГРАММЫ РАВНОВЕСИЯ).

ДИАГРАММЫ ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ УРОВНЕЙ энергетикалык деңгээлдердин диаграммалары (атомдогу энергетикалык (кванттык) деңгээлдерди, алардын энергиялык запасына жараша иреттүү жайланышын графикалык түрдө сүрөттөө. Кээде булар менен бирге, Паулинин принцибине жана Хундун эрежесине ылайык, алардын электрондор аркылуу толтурулушу да сүрөттөлөт).

ДИАЗОАМИНОБЕНЗОЛ диазоаминобензол ($C_{12}H_{11}N_3$ алтындай сары зат, I50° С та карылып кетет. Эфирде, спиртте, бензолдо жакшы эрийт).

ДИАЗОЛЫ диазолдор к. ГЛИОКСАЛИН

ДИАЗОСОЕДИНЕНИЯ диазокошулмалар (HN = NH тын эки суутеги тең ароматтык радикалдар менен алмашылгандагы биринмелер; боёк өндүрүшүндө колдонулат).

ДИАЗОУКСУСНЫЙ МЕТИЛОВЫЙ СПИРТ диазоуксус метил эфири ($C_3H_4O_2N_2$ майга окшогон зат).

ДИАЗОУКСУСНЫЙ ЭТИЛОВЫЙ ЭФИР диазоуксус этил эфири ($C_2H_5CO_2CHN_2$ оной жарылуучу май сыяктуу уу зат. Өзүнө мүнөздүү жыты бар жана спиртте, бензолдо чексиз эрийт).

ДИАКВОТЕТРАМИНЫ диаквотетраминдер (комплекстик бирикмелердин бир түрү, м.: $[Co(NH_3)_4(H_2O)_2]Cl_3$ ).

ДИАЛИЗ диализ (коллоид бөлүкчөлөрү айрым молекулаларга караганда ирирээк болсо да, сүзгүч кагаздын тешиктеринен өтүп кетишет, бирок өсүмдүк жана айбандардын челдеринен өтө алышпайт. Андай челдер молекула, атом жана иондорду гана өткөзүшөт. Чыныгы эритмелердин бөлүкчөлөрү андай челдерден өтүп кетишет (диффузияланат). Коллоиддик эритме чыныгы эритме менен аралашып калса , аны диализ жолу менен тазалайт).

ДИАЛИЗАТОР диализатор (чыныгы эритмелерди коллоид эритмелеринен ажыраткыч аспап, к. ДИАЛИЗ).

ДИАЛКИЛЦИНК диалкилцинк (цинк органикалык кошулмалар, м.: $Zn(C_2H_5)_2$ , к. ДИЭТИЛ ЦИНК, ДИМЕТИЛ ЦИНК).

ДИАЛЛИЛ (ГЕКСАДИЕН) диаллил (гексадиен) ($C_6H_{10}$ же $CH_2{=}CH-CH_2-CH_2-CH{=}CH_2$ сууда эрийт).

ДИАЛУРОВАЯ КИСЛОТА (ОКСИБАРБИТУРОВАЯ КИСЛОТА) диалур кислотасы (оксибарбитур кислотасы) ( $C_4H_4O_4N_2$ же

$$CO\begin{matrix}\diagup CHOH-CO\diagdown\\ \diagdown CHOH-CO\diagup\end{matrix}NH$$



сууда эрибейт, ажырап кеткич зат).

ДИАЛЬДЕГИДЫ диальдегиддер (эки альдегид группасы бар заттар, мындай заттардын аягына "диаль" мүчөсү кошулуп айтылат, м.: глиоксаль COH–COH этандиаль деп да айтылат).



ДИАМАГНИТНЫЕ ВЕЩЕСТВА диамагниттүү заттар (туруктуу магниттик моментке зэ эмес кошулмалар. Магнит талаасы таасир кылганда, бул заттарда талаага каршы магниттик момент индукциялангандыктан магнит талаасынан түртүлүшөт).

ДИАМИД диамид к. ГИДРАЗИН

ДИАМИНОБЕНЗОЛ диаминобензол ($C_{12}H_{12}N_4$ кызыл түстөгү, спирт жана эфирде жакшы эрүүчү кристалл).

ДИАМИНОСОЕДИНЕНИЯ диаминокошулмалар (алар анилинге азот кислотасын таасир этүүдөн алынат. Ысытуудан чартылдап жарылуучу сары зат).

ДИАМИНЫ диаминдер ( $NH_2-CH_2-CH_2-NH_2$ этилендиамин же $H_2N-C_6H_4-NH_2$ перафенилендиамин ж.б. Жалпысынан эки аминдүү заттар).

ЗАКОН КОЛЬРАУША Кольрауштун закону (чексиз (өтө) суюлтулган электролиттин эритмесинин эквиваленттик электр өткөргүчтүүлүгү катиондор менен аниондордун электр өткөргүчтүүлүктөрүнүн суммасына барабар: $\lambda_\infty = \lambda^-_\infty + \lambda^+_\infty$ мында $\lambda^-_\infty, \lambda^+_\infty$ – өтө суюлтулган эритмелердеги иондук өткөргүчтүүлүк же иондордун кыймылдуулугу. Демек, өтө суюлтулган эритмелерде



ар түрдүү заряддагы иондордун кыймылы бири бирине көз каранды болбой, алар өздөрүнчө салым киргизип, өткөргүчтүүлүгү абсолюттук гана ылдамдыктарына түз пропорциялаш болуп калышат).

ЗАКОН КОНОВАЛОВА Коноваловдун закондору (1. өз ара аралаштырылган эки суюктуктун буусу, алардын учма суюктугунун буусу менен байланган абалда болорун түшүндүрөт; 2. эки компоненттүү суюктуктардын бууларынын басымында (же кайноо температураларында) экстремум (максимум же минимум) пайда болсо, ал чекитте суюктук менен буунун составы бирдей болорун баяндайт).

ЗАКОН КИРХГОФА Кирхгофтун закону (буулануу жылуулук эффектисинин температурага жараша өзгөрүшү туруктуу басым убагындагы газга (бууга) айланган суюктуктун жылуулук сыйымдуулугу менен анын суюк абалындагы жылуулук сыйымдуулугунун ортосундагы айырмага барабар:

$$\frac{d\Delta H_{буу.}}{dT} = C_{p(газ)} - C_{p(суюк)} \quad ).$$

ЗАКОН ЛАВУЗЬЕ ЛАПЛАСА Лавуазье-Лапластын закону (берилген химиялык кошулманын жөнөкөй заттарга ажыроодогу жылуулук эффектиси, ал кошулма жөнөкөй заттардан пайда болуудагы жылуулук эффектисине карама-каршы белги менен барабар. М.:

$$PбS + S = PбS_2 + 22,5 \text{ ккал/моль}$$
$$PбS_2 = PбS + S - 22,5 \text{ ккал/моль} ).$$

ЗАКОН ЛОРАНА Лорандын закону (ар кандай органикалык кошулмалардагы: суутектин, азоттун, фосфордун, мышьяктын, металлдардын жана галогендердин атомдорунун сандарынын суммасы жуп санга барабар болушу керек. Бул органикалык татаал түзүлүштөгү

конулмалардын формулаларын аныктоодо кеңири колдонулат. Кезде правило Лорана-Лорандын эрежеси деп да аталат).

ЗАКОН МОЗЛИ Мозлинин закону (закон боюнча рентген нурларынын толкунунун узундуктарынын тескери чондуктарынын квадраттык тамырлары,элементтердин катар номерлерине түз сызык түрүндө көз каранды.Бул закон теңемдүүлүк төмөнкү теңдеме менен туюнтулат: $\sqrt{\frac{1}{\lambda}} = a.(z-b)$.

$\lambda$ толкундун узундугу, $z$ катар номери, $a$, $b$ алынган сериянын сызыктары үчүн туракту сандар).

ЗАКОН О НАПРАВЛЕННОСТИ ПРОЦЕССОВ процесстердин(кубулуштардын)багыттары жөнүндөгү закон к.ВТОРОЙ ЗАКОН ТЕРМОДИНАМИКИ

ЗАКОН ОКТАВ октавалар закону(1864-жылы Ньюлендс тарабынан элементтердин атомдук салмактарынын өсүшү боюнча аларды кетиден катарларга жайлаштырууда табылган болжолдуу закон теңемдүүлүк).

ЗАКОН ОСМОТИЧЕСКОГО ДАВЛЕНИЯ осмостук басымдын закону (1.осмостук басым туруктуу температурада концентрацияга,туруктуу басымда температурага түз пропорциялуу.Темп.1°С ка көтөрүлгөндө, ал басым өзүнүн нурдагы чондугунун 278 белгүнө чоңоёт; 2. суюлтулган эритмелердеги заттардын осмостук басымы, эгөл заттар газ түрүндө туруктуу көлөмдө жана температурада кандай басым жасаса,так ошондой басымга барабар).

ЗАКОН ПАРЦИАЛЬНОГО ДАВЛЕНИЯ парциалдуу басымдын закону (газдардын аралашмасындагы ар бир газ,өзү жалгыз болгондогудай эригичтикти көрсөтөт, б.а. газдардын эригичтиги анын аралашмадагы басымына түз пропорциалдуу. Бул законду Дальтон ачкан).



ЗАКОН ПАУЛИ Паулинин закону (атомдо бардык төрт кванттык саны бирдей болгон эки электрон болууга эч качан мүмкүн эмес. Электрондор эч болбосо, бир кванттык саны менен айырмаланышы керек. Демейде Паулинин принциби деп аталат).

ЗАКОН ПЕРИОДИЧЕСКИЙ мезгилдик закон (бардык химиялык элементтердин арасында закон теңемдүү байланыш бар экендигине орустун улуу окумуштуусу Д.И.Менделеев негиз салган. Элементтерди системага жайланыштыруунун негизинде атомдук салмакты коюп, ал 1869-жылы төмөнкү закондун формулировкасын берген: химиялык элементтердин касиеттери, алардын атомдук салмактарына мезгилдүү көз каранды болушат; азыркы формулировкасында: химиялык элементтердин касиети, алардын катар сандарына же атомдордун ядросунун зарядынын чондугуна мезгилдүү көз каранды(лыкта болот - деп, мезгилдик закондун маниси түшүндүрүлөт).

ЗАКОН ПОГЛОЩЕНИЯ (ИЛИ ЗАКОН ЛАМБЕРТА-БУГЕРА-БЕЕРА) сиңирүү закондору (же Ламберт-Бугер-Беердин закону) (бул ар бир өз алдынча ачылган эки закондон (Ламберттин жана Беердин закондорунан) турат. Азыркы учурда алар бирдикте "кандайдыр бир тунук чөйрө аркылуу жарык нуру өтүүдө, андагы заттын концентрациясына жана көлөмүнүн калыңдыгына карама жарыктын белгилүү бир үлүшү сиңирилет" деген формулировка менен берилет).

ЗАКОН ПОСТОЯНСТВА ГРАННИХ УГЛОВ кырдык бурчтардын туруктуулук закону (бир эле заттын кристаллдарынын тиешелүү кырларынын арасындагы бурчтар туруктуу болушат).

ЗАКОН ПОСТОЯНСТВА СОСТАВА составдын туруктуулук закону (химиялык бирикме кандай гана кол менен алынбасын анын составы ар дайым бирдей болот, б.а. химиялык зат пайда болгондо, анны түзгөн элементтер бири бирине белгилүү салмактык катнашта болот).

ЗАКОН ПОСТОЯНСТВА СУММ ТЕПЛА жылуулук суммаларынын (калпы жылуулуктун) туруктуулугунун закону к. ЗАКОН ГЕССА

ЗАКОН ПРОСТЫХ КРАТНЫХ ОТНОШЕНИЙ заттардын кенекей эселик катыш закону (1803-ж. Англиянын химиги Дальтон заттардын түзүлүшү жөнүндөгү атомдук көз карашка таянып төмөнкудей жыйынтыкка келген. Эгерде эки элемент бири бири менен химиялык бир нече бирикме пайда кылса, анда алардын биреөнүн экинчи элементтин салмактык санына туура келген сандары, өз ара кенекей бүтүн сандар катарында катышат. М.: метан менен этилдеги көмүртектер бир бирине 1:2 санда катышат).

ЗАКОН ПРОСТЫХ ОБ"ЕМНЫХ ОТНОШЕНИЙ заттардын көлөмдүк кенекей катыш закону (Гей-Люссактын закону (1808-ж.) Туруктуу басым менен өзгөрүлбөгөн температурада, реакцияга кирген газдардын көлөмү өз ара жана реакциядан кийин пайда болгон газдардын көлөмүнө, бүтүн сандар катары катышты. М.: $3H_2 + N_2 \rightleftarrows 2NH_3$ үч көлөм суутектен, бир көлөм азоттон, эки көлөм аммиак пайда болду. Демек, бул газдар өз ара 3:1:2 санда катышат).

ЗАКОНЫ РАУЛЯ Раулдун закондору (1. эритменин каныккан буусунун басымы, оңой эриткичте эритилген заттын белүкчөлөрүнүн (молекулаларынын, иондорунун) санына гана көз каранды,



алардын табиятына көз каранды эмес. Вюльнер менен Раулдун бул закону чогуу кароодо, формула катары сандык мүнөздөмө алынат:

$$\frac{P_0 - P}{P_0} = \frac{n}{N+n}$$

Мында $P_0$ жана P эриткичтин жана эритменин буусунун басымы; n эритилген заттын молдорунун саны, N эриткичтин молдорунун саны; 2. эритменин кайноо температурасынын көтөрүлүшү, эритилген заттын табиятына байланыштуу болбостон, анын белүкчөлөрүнүн (молекулаларынын, иондорунун) санына көз каранды:

$$\Delta t_к = Km$$

мында K эбулиоскопиялык константа, m заттын өлчөмү).

ЗАКОН РАВНОВЕСИЯ ФАЗ фазалардын тең салмактуулук закону к. ПРАВИЛО ФАЗ

ЗАКОН РЕЛЕЯ Рэлейдин закону (опалесценциялануунун карыктануусу волго келип түшкен карыктын толкунунун узундугунун төртүнчү даражасына тескери пропорциялаш: $J = I:\lambda^4$. Отондуктан, вольдорду кадимки карык менен шоолаландырганда тиндалдын конусу көгүш тартып көрүнөт).

ЗАКОН РАДИОАКТИВНОГО РАСПАДА радиоактивдуулуктун акыроо закону (убакыттын бир бирдигиндеги радиоактивдүү изотоптордун ядролорунун акыроого дуушар болгон саны, алардын калпы санына түз пропорциялаш).

ЗАКОН РАЗБАВЛЕНИЯ суултуу закону (электролиттин диссоциациясынын туруктуусу K менен диссоциациянын даражасынын $\alpha$ ортосунда белгилүү өз ара байланыш бар:

$$K = \frac{(c\alpha)^2}{c(1-\alpha)} \text{ же } K = \frac{c\alpha^2}{1-\alpha}$$

Бул Оствальддын суултуу законунун теңдемеси).

ЗАКОН РАСПРЕДЕЛЕНИЯ бөлүштүрүү закону (тең салмактуулукка келип, бирге турган фазалардагы эритилген заттын концентрацияларынын катышы белгилүү температурада туруктуу сан).

ЗАКОН СМЕЩЕНИЯ жылышуу закону (радиоактивдик кубулуштарга карата элементтердин касиеттери да өзгөрөт. Мында жылышуу закону деп аталуучу жөнөкөй закон чөнөмдүүлүк байкалат. Элементтерден $\alpha$ нурлары бөлүнүп чыкканда пайда болгон элемент, өзүнүн химиялык касиети боюнча мезгилдик системада, адепки элементтен эки группа сол жакка жылып орун алат. $\beta$ нурлары бөлүнгөндө, пайда болгон элемент адепки элементтен оң жакка бир группа жылып орун алат).

ЗАКОНЫ СОХРАНЕНИЯ сакталуу закондору (буларга массанын энергиянын, импульстун, кыймыл санынын, кыймыл санынын моментинин, заряддардын сакталуу закондору кирет).

ЗАКОН СКОРОСТИ РЕАКЦИИ реакция ылдамдыгынын закону (кээде закон Бекетова-Вильгельми – Бекетов-Вильгельмдин закону деп да аташат. Көбүнчө массалардын таасирдениүү закону дешет, к. ЗАКОН ДЕЙСТВУЮЩИХ МАСС).

ЗАКОН СОХРАНЕНИЯ МАССЫ ВЕЩЕСТВ заттардын массасынын сакталуу закону (азыркы мезгилде мындай аныкталат: реакцияга кирген заттардын массасы, реакциядан пайда болгон заттардын массасына ар дайым барабар болушу. Бул законду заттардын салмагынын сакталуу закону деп да аташат, анткени, жер шарынын ар бир точкасында заттардын массасы алардын салмагына түз пропорциялуу).

ЗАКОН СОХРАНЕНИЯ ЭНЕРГИИ энергиянын сакталуу закону



(кандайдыр бир материалдык системанын толук энергиясы туруктуу чондук. Аны системанын бөлүкчөлөрүнүн арасындагы аракет эч кандай көбөйтө да, азайта да албайт. Бул энергия бир түрдөн экинчи түргө эквиваленттүү санда гана айлана берет).

ЗАКОН СТОКСА Стокстун закону (люминесценцияланган заттын чыгарган көзгө көрүнүүчү жарыгынын толкунунун узундугу, аны дүүлүктүрүүчү жарыктын толкунунун узундугунан жогору болот).

ЗАКОНЫ ТЕРМОХИМИИ термохимиянын закондору (негизгилери Лавуазье-Лапластын жана Гесстин закондору).

ЗАКОН ЭКВИВАЛЕНТНОСТИ ЭНЕРГИЙ энергиялардын эквиваленттүүлүк закону к. ПЕРВЫЙ ЗАКОН ТЕРМОДИНАМИКИ

ЗАКОН ЭКВИВАЛЕНТОВ эквиваленттер закону (элементтер бири бири менен эквиваленттик пропорциялуу салмактык сандарда бириге. Эквиваленттер законунан пайдаланып, элементтин эквивалентин табууга болот).

ЗАКОН ЭЙНШТЕЙНА Эйнштейндин закону (зат аркылуу сиңирилип жаткан ар бир фотон бир элементардык фотохимиялык реакцияны башташ, б.а. молекуланын жаткан заттын бир молекуласын өзгөрүүгө дуушар кылат. Бул фотохимиялык реакциялардын сандык мүнөздөмөсүн түшүндүрүүчү экинчи закон. Ошондуктан второй закон фотохимии – фотохимиянын экинчи закону деп да аталат).

ЗАКОНЫ ЭЛЕКТРОЛИЗА электролиз закондору к. ЗАКОНЫ ФАРАДЕЯ

ЗАКОНЫ РАУЛЯ Раулдун закондору (I. туруктуу температурада электролит эмес заттардын суюлтулган эритмелериндеги

буунун басымынын төмөндөшү, алынган салмактык сандагы эриткичтеги эритилген заттардын санына пропорциялуу; 2. тоңуу чекитинин төмөндөшү, алынган салмактык сандагы эриткичте эриген заттардын санына пропорциялуу. М.: 100 г. сууда 5 г. кант болсо, ал эритме минус 0,27°С та, 10 г. кант болсо минус 0,54°С та тоңот; 3. берилген бирдей салмактык сандагы эриткичте эриген эквимолекулалык ар трүдүү заттар, эриткичтин тоңуу чекитин бирдей сандагы градуска төмөндөтөт. М.: 100 г. сууда эриген 0,1 грамм молекула кант, суунун тоңуу точкасын 0,186°С ка төмөндөтөт. 0,1 грамм молекула суутектин өтө кычкылы да ошондой эле градуска төмөндөтөт).

ЗАКОНЫ ФАРАДЕЯ Фарадейдин закондору (1. электролизде бөлүнүп чыккан заттардын сандык салмактары, электролиттен өткен электр санына пропорциялаш; 2. бир эле сандагы электр саны бөлүп чыгарган ар түрдүү заттардын өлчөмү алардын химиялык эквивалентине пропорциялуу).

ЗАКОН ЧЕТНОСТИ АТОМОВ В МОЛЕКУЛЕ молекуладагы атомдордун санынын жуп болуу закону к. ЗАКОН ЛОРАНА

ЗАМКНУТАЯ СИСТЕМА туюк система (айлана чөйрө менен энергия алмаша алуучу, бирок масса боюнча катыша албоочу система).

ЗАМКНУТАЯ ЭЛЕКТРОННАЯ КОНФИГУРАЦИЯ электрондук жабык конфигурация (жупташкан электрондор менен толгон, суммардык жалды спини нөлгө барабар электрондук топтор же электрондук катмарлар).

ЗАПРЕЩЕННЫЕ КВАНТОВЫЕ УРОВНИ мүмкүндүк берилбеген кванттык деңгээлдер (электрондордун жайланышына мүмкүнчүлүк жок болгон, атомдук ядронун айланасындагы аймактар).



ЗАТВОРНЫЕ (ЗАПИРАЮЩИЕ) ЖИДКОСТИ бүтөгүч суюктуктар (газдардын кандайдыр бир жылчыктар аркылуу чыгып кетпес үчүн аларды бүтөп калуучу суюктуктар колдонулат. М.: газдарды анализдөөдө сымап, $Na_2SO_4$, $CaCl_2$, NaCl ж.б. каныккан эритмелери пайдаланылат).

ЗАРЯД ДРОБНЫЙ улуштук заряд к. ЭФФЕКТИВНЫЙ ЗАРЯД

ЗАРЯД ИЗБЫТОЧНЫЙ ашыкча заряд к. ЭФФЕКТИВНЫЙ ЗАРЯД

ЗАРЯД ОСТАТОЧНЫЙ калдык заряд к. ЭФФЕКТИВНЫЙ ЗАРЯД

ЗАРЯД ЭЛЕКТРОНА электрондун заряды (рентген нурларынын газдарды иондоштуруу жөндөмдүүлүгү, электрондун зарядын түздөн түз аныктоого пайдаланылган. Электрондун заряды $4{,}803 \cdot 10^{-10}$ электростатикалык бирдикке барабар).

ЗАРЯД ЯДРА ядронун заряды (ядронун заряды сан жагынан элементтин катар номерине барабар. Атомдук ядронун зарядын аныктоодо Мозли закону жардам берди).

ЗАРЯДНОСТЬ КОМПЛЕКСНОГО ИОНА комплекстик иондун заряддуулугу (комплекстик иондун заряды $n = K - r$ формуласы боюнча табылат. Мында $n$-комплекстик иондун заряды, $K$ - борбордук атомдун жана $r$ - лиганддын кычкылдануу саны).

ЗАСЕЛЕННОСТЬ ОРБИТАЛЕЙ ЭЛЕКТРОНАМИ электрондордун орбиталдарга жайланышуусу (бул берилген орбиталдардын электрондорго толтурулуш чөнөмин мүнөздөйт).

ЗАСТУДНЕВАНИЕ уюуу к. ГИДРОГЕЛЬ

ЗАХВАТ ЭЛЕКТРОНА ЯДРОМ ядронун электронду тартып алышы (бул кээ бир ядролордун кандайдыр бир туруктуу эмес абалында айланасындагы электронду "жутуп" алып, ошого жараша анын оң зарядынын азайышын мүнөздөйт, к. Е-ЗАХВАТ).

ЗАЩИТА ОТ ИЗЛУЧЕНИЙ РАДИОАКТИВНЫХ ВЕЩЕСТВ радиоактивдуу заттардын нурларынан коргонуу

ЗАЩИТНЫЕ ПОКРЫТИЯ коргоо каптамасы же сактоо катмары (металлдарды, куймаларды ж.б. коррозиядан сактоо, кычкылдануудан сактоо үчүн капталган катмар).

ЗНАКИ ХИМИЧЕСКИЕ химиялык белгилер (М.: Al, K, Cu, C, Ba к.у.с.).

ЗЕЛЕНОЕ МАСЛО кашыл май (көгөрку молекулалуу полициклиддик углеводороддордун аралашмасынын эл арасында таралган аты).

ЗОЛОТА ОКИСЬ алтындын оксиди ($Au_2O_3$ кара-күрөң түстүү порошок; $Au(OH)_3$ ту акырындык менен суусун жоготуудан алат).

ЗОЛОТА ТИОСОЛИ алтындын туздары (алтындын Me ($AuS_3$) жана $Me_3(AuS_2)$ составындагы тиотуздары бар).

ЗОЛОТАЯ КИСЛОТА алтын кислотасы ( $Au(OH)_3$ , бул бирикме негиздер менен биригип туздар пайда кылат. Анткени, ал амфотердик касиетке ээ).

ЗОЛОТАЯ ПУДРА алтын упасы к. ЗОЛОТО СУСАЛЬНОЕ

ЗОЛОТАЯ СОЛЬ алтын туз (составы $Na[AuCl_4]\cdot 2H_2O$ формуласына ээ болгон заттын кеңири таралган аты).

ЗОЛОТО алтын (МС нын VI мезгилинде I А подгруппасында жайланышкан 79-элемент).

ЗОЛОТО(III)АЗОТНОКИСЛОЕ(НИТРАТ ЗОЛОТА)алтындын(III)нитраты $Au(NO_3)_3$ бул туз концентрацияланган $HNO_3$ түн эритмесинде гана белгилүү. $[Au(NO_3)_4]\cdot 3H_2O$ составындагы комплекстүү кристаллогидраты пайда болот).

ЗОЛОТО (III) БРОМИСТОЕ (БРОМИД ЗОЛОТА) алтындын (III) бромиди к. ЗОЛОТО ТРЕХБРОМИСТОЕ



ЗОЛОТО (III) ИОДИСТОЕ (ИОДИД ЗОЛОТА) алтындын (III) иодиди к. ЗОЛОТО ТРЕХИОДИСТОЕ

ЗОЛОТО ОДНОХЛОРИСТОЕ (МОНОХЛОРИД ЗОЛОТА) алтындын хлориди (AuCl сары кристаллдык зат, $d = 7,4$; сууда, спиртте ажырап, HCl да жана $HBr_2$ до эрийт ).

ЗОЛОТО (III) СЕРНИСТОЕ (СУЛЬФИД ЗОЛОТА) алтындын (III) сульфиди к. ЗОЛОТО ТРЕХСЕРНИСТОЕ

ЗОЛОТО (III) СЕРНОКИСЛОЕ (СУЛЬФАТ ЗОЛОТА) алтындын (III) сульфаты ($Au_2(SO_4)_3\cdot H_2O$ , кызыл кристаллдык зат; сууда, HCl до, $H_2SO_4$ те эрип, ысык сууда ажырайт).

ЗОЛОТО СУСАЛЬНОЕ сусалдык алтын (майдаланып кесилген калай менен кукурттү же кукурттуу суутекти аракеттендирүүдөн алынган, түрпөтү алтын сымалдуу кабырчалар, формуласы: $SnS_2$ Аны кээде алтын упасы деп да коюшат).

ЗОЛОТО ТРЕХБРОМИСТОЕ (БРОМИД ЗОЛОТА) алтындын (III) бромиди ( $AuBr_3$ суу менен эфирде эрийт).

ЗОЛОТО ТРЕХИОДИСТОЕ (ИОДИД ЗОЛОТА) алтындын (III) иодиди ($AuJ_3$ ромба кристаллдардан турган кашыл зат. Ысык сууда ажырап, сууда эрибей, иодиддерде эрийт).

ЗОЛОТО ТРЕХСЕРНИСТОЕ (ТРИСУЛЬФИД ЗОЛОТА) алтындын (III) сульфиди ($Au_2S_3$ , кара-күрөң түстөгү порошок. Аны алыш үчүн кургак $Li[AuCl_4]$ кукурттуу суутек менен иштетет. $Au_2S_3$ 100°С ажырай баштап, 240°С элементтерге ажырап кетет).

ЗОЛОТО ТРЕХФТОРИСТОЕ (ТРИФТОРИД ЗОЛОТА) алтындын (III) фториди ($AuF_3$ 300° С же 400° С алтын менен фтордун кошулуусунан алынат. Өтө туруксуз болгондуктан, тезе түрде алына элек).

ЗОЛОТО (Ш) ХЛОРНОЕ (ТРЕХХЛОРИСТОЕ ЗОЛОТО, ХЛОРИД ЗОЛОТА) алтындын (Ш) хлориди ($AuCl_3$, $d=2,44$, $t_э=196°C$, кочкулкызыл түстүү, сууну өзүнө тартып алгыч масса. Спиртте, эфирде, суюк майларда жакшы эрийт).

ЗОЛОТО ЧЕРВОННОЕ кызгылтым алтын (зергердик иштерге колдонулуучу жогорку өлчөмдөгү алтыны бар куйма; анын 1000г. нын 958 алтындан турат б.а. 958 пробадагы (сындамдагы) алтын).

ЗОЛОТОЕ ЧИСЛО алтын саны (бул 10 $см^3$ алтындын стандарттык золуна 1 $см^3$ 10 % түү хлордуу натрийдин эритмесин куйган учурда, анын коагуляцияга каршылык кылышы. Бул ар кандай заттардын коргонуу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү стандарт. М.: гемоглобиндин алтын саны 0,05 мг, ал эми картошканын крахмалынын 25 мг. барабар).

ЗОЛОЧЕНИЕ алтындоо (б.а. алтын жалатуу (каптоо) электрохимиялык жол менен кандайдыр бир нерселердин бетине алтындык кабыкча каптоо).

ЗОЛЬ золь к. РАСТВОРЫ КОЛЛОИДНЫЕ

ЗОННАЯ ТЕОРИЯ ПРОВОДИМОСТИ өткөргүчтүүлүктүн зоналык теориясы (молекулалык орбиталдар теориясын, $\approx 10^{23}$ атомдук системадагы коваленттик жана металлдык кристаллдарга колдонуу менен алардын электрдик ток өткөргүчтүүлүгүнө негиз салган теориялык жобо).

ЗООЦИДЫ зооциддер (зыяндуу жаныбарларга каршы күрөшүү үчүн колдонулуучу химиялык заттар).

ЗУБНЫЕ ЦЕМЕНТЫ тиш цементтери (м.: орел цементи: 28,4 % $Al_2O_3$; 20,9% $SiO_2$; 19,7% $Na_2SiF_6$; 19,0% $CaSiF$; 3,9% $CaCO_3$; 4,1% $H_3PO_4$; 4,0% $H_3AsO_4$).



# И

ИДЕАЛЬНЫЕ ЖИДКОСТИ идеалдык суюктуктар (илешкектикс эз эмес, температураны өзгөртүүдө тыгыздыгы өзгөрбөгөн, басым алдында кысылбаган суюктук. Ал практикада кездешпегени менен суюктуктар жөнүндөгү гидродинамикалык теорияны негиздөөдө чоң роль ойнойт).

ИДЕАЛЬНЫЕ РАСТВОРЫ идеалдык эритмелер ( Раулдун законуна баш ийүүчү эритмелер. Эритменин үстүнкү бетиндеги каныккан буусунун басымы, суюктукка эритилген заттын молдук үлүшүнө пропорциялаш болгон эритмелер, к. ЗАКОН РАУЛЯ, ИДЕАЛЬНЫЕ ЖИДКОСТИ).

ИДЕАЛЬНЫЙ ГАЗ идеалдык газ (эгерде газ абдан суюлтулса, анын молекулаларынын арасы абдан алыс болуп, молекулалардын ортосундагы өз ара тартышуу күчү өтө начар болот. Мындай учурда молекулалардын өз көлөмү газдын алып турган жалпы көлөмүнө салыштырганда эң эле аз. Газдын мындай абалдагысы идеалдык газ болот).

ИДЕНТИФИКАЦИЯ окшоштуруу, табуу, идентификациялоо (белгилүү кошулманын башка бир белгисиз кошулма менен бирдей окшоштугун же анын өзүн табуу. Бул үчүн эки заттын физикалык-химиялык турактууларын, касиеттерин, реакциялануу механизмдерин салыштырышат же касиеттери боюнча эле талкуулашат).

ИЗБИРАТЕЛЬНЫЕ РЕАКТИВЫ тандамал же селективдүү реактивдер (чакан сандагы иондор менен бирикмеге кирүүчү аналитикалык реактивдер. Алынган реактив менен канчалык аз ион бирикмеге кирсе, бул реактивдин селективдүүлүгү ошончолук көп болот).

ИЗВЕСТКОВАЯ ВОДА акитан суусу к. ИЗВЕСТКОВОЕ МОЛОКО

ИЗВЕСТКОВОЕ МОЛОКО акитан сүтү ($Ca(OH)_2$ нин суудагы каныккан эритмеси. Мында $Ca(OH)_2$ катуу белүкчөлөрү да калкып жүрөт).

ИЗВЕСТЬ акитан (CaO кальцийдин кычкылы же акитан. Акитанты кальцийдин карбонатын $CaCO_3$ 450°С жогорку температурада ысытуудан алат).

ИЗВЕСТЬ БЕЛИЛЬНАЯ агарткыч акитан (формуласы: $CaCl_2O$. өчүрүлгөн акитанга хлорду таасир кылуудан алынган ак порошок ; агарткыч материнде колдонулат).

ИЗВЕСТЬ ГАШЕНАЯ өчүрүлгөн акитан к. КАЛЬЦИЙ ГИДРАТ ОКИСЬ.

ИЗВЕСТЬ ЖЕЛЕНАЯ бышырылган акитан к. КАЛЬЦИЙ ОКИСЬ

ИЗВЕСТЬ НАТРОННАЯ натрон акитаны (кальцийдин жегичи менен натрийдин жегичинин механикалык курган аралашмасы).

ИЗВЕСТЬ НЕГАШЕНАЯ өчүрүлбөгөн акитан

ИЗВЕСТЬ СЕЛИТРЯНАЯ селитрадуу акитан (составы $Ca(OH)NO_3$ формуласына жооп берген заттын эл арасындагы аты).

ИЗВЕСТЬ ХЛОРНАЯ хлордуу акитан к. ИЗВЕСТЬ БЕЛИЛЬНАЯ

ИЗЛУЧЕНИЕ КВАНТА ЭНЕРГИИ квант энергияны бөлүп чыгаруу

ИЗЛУЧЕНИЕ ЭНЕРГИИ энергияны нурлантуу (энергияны бөлүп чыгаруу кванттык теориянын негизинде бөлүп-бөлүм (квант) боюнча ишке ашырылат ).

ИЗМЕНЕНИЕ ЗАПАСА ЭНЕРГИИ энергиялык запастын өзгөрүшү (бул химиялык кубулуштун натыйжасында системанын бир абалдан (түрдөн) экинчи абалга (түргө) өткөн учурдагы энергиясынын чондугунун өзгөрүшүн, б.а. эки абалдарга тиешелүү болгон энергиялардын ортосундагы айырманы мүнөздейт).



ИЗОАКТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА ПОЛИМЕРОВ полимерлердин изоактуу структурасы (түзүлүшү улам кайрадан так кайталануучу полимердик структуралар).

ИЗОБАРНАЯ ТЕПЛОЕМКОСТЬ изобардык жылуулук сыйымдуулугу (системадагы басым туруктуу болгон учурдагы анын жылуулук сыйымдуулугу).

ИЗОБАРНО-ИЗОТЕРМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ изобардык-изотермиялык потенциал (изотермический потенциал изотермиялык потенциал. Бул келемдүн жана басымдын өзгөрбөс абалындагы $V=const$ жана $P=const$ аныкталган термодинамикалык потенциал. Кээде термодинамический потенциал термодинамикалык потенциал деп да аталат. Бул чондукту 1875-ж. Гиббс негиздегендиктен, азыр анын ысымы аркылуу энергия Гиббса - Гиббстин энергиясы деп атоо кабыл алынган. Б.: ккал/моль, кдж/кмоль к.у.с. к. СВОБОДНАЯ ЭНЕРГИЯ ГИББСА).

ИЗОБАРЫ изобарлар (ядросунда нейтрондор менен протондорунун саны ар түрдүү, бирок нуклондорунун саны бирдей атомдор. М.: $^{40}_{18}Ar\,(18p,22n)$, $^{40}_{19}K\,(19p,21n)$, $^{40}_{20}Ca\,(20p,20n)$ булардын баарында протон менен нейтрондорунун суммасы: p+n = 40 ка барабар).

ИЗОБАРИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изобардык процесс (туруктуу басымда кургузулген кубулуш).

ИЗОВАЛЕНТНЫЙ ИЗОМОРФИЗМ изоваленттүү изоморфизм (изоморфтук кристаллдык торчолордун түйүндөрүндөгү бирдей зарядду жана жакын радиустуу иондор бири бирине орун алмашкан учуру).

ИЗОГИДРА изогидра (гетерогендик нөл компоненттүү системанын абалдык диаграммасынын проекциясындагы суунун өлчөмү бирдей болгон состав (точка).

ИЗОИОННАЯ ТОЧКА изоиондук точка (эритмеден $H^+$ жана $OH^-$ иондорунун бирдей санын сиңирип алууга мүмкүнчүлүк түзүүчү белоктун эритмесинин белгилүү pH. Кээде изопротондук чекит деп да аташат).

ИЗОЛИРОВАННЫЕ РЕАКЦИИ изоляцияланган реакциялар (сырттан таптакыр бөлүнүп салынган реакциялар аракеттенишүүсү сырт менен зат жана энергия алмашпастан жүрүп, бир түрдүү гана продуктуларды пайда кылуучу реакциялар).

ИЗОЛИРОВАННЫЕ СИСТЕМЫ изоляцияланган системалар (тышкы айлана менен энергия да, зат да алмашууга катыша албаган, таптакыр бөлүнүп турчаланган система. Мындай термодинамикалык системада энергиянын, заттын өлчөмү, заряддардын чоңдугу, кыймыл-аракет өлчөмдөрү к.б. баары өзгөрүүсүз туруктуу сакталып кала берет).

ИЗОЛИРОВАННЫЕ СВЯЗИ изоляцияланган байланыштар (кош байланыштардын арасы, бир же бир нече көмүртектик атомдар аркылуу ажыратылган байланыштар).

ИЗОЛОГИЧЕСКИЕ РЯДЫ изологиялык катарлар (бири биринен $(2H)_n$ айырмаланган органикалык заттардын катарлары, м.:

$$C_6H_{14} \xrightarrow{-2H} C_6H_{12} \xrightarrow{-2H} C_6H_{10} \xrightarrow{-2H} C_6H_8 \xrightarrow{-2H} C_6H_6,$$

Бул учурда пайда болгон $\pi$-байланышы, суутектин эки атомун жоготуу менен эквиваленттүү абалга келет. Демек, каныкпаган углеводороддорго $(2H)_n$ байланышы туура келет. Мында n -$\pi$-байланыштарынын саны).

ИЗОЛЯТОРЫ изоляторлор (электр тогун практикалык



жактан өткөрбөөчү заттар, м.: асбест, резина, керосин, айнек к.б.).

ИЗОМЕРИЗАЦИЯ изомерлешүү , изомеризациялоо (органикалык бирикмелердин составын жана молекулалык салмагын өзгөртпөстөн туруп, андагы атомдордун же атомдук түзүлүштүн жайланыш иретин, мейкиндик түзүлүшүн өзгөртүү).

ИЗОМЕРИЯ изомерия (составы бирдей, касиеттери ар түрдүү болгон заттар).

ИЗОМЕРИЯ ГЕОМЕТРИЧЕСКАЯ геометриялык изомерия (эгерде көмүртектин ар бир атому менен ар түрдүү башка атомдор же радикалдар ар кандай байланышса, анда геометриялык же цис-транс изомерия келип чыгат. Буга дихлорэтан мисал боло алат:



цис-форма



транс-форма

Биринчи изомердин молекуласында хлордун атомдору кош байланыштын бир тарабынан, экинчи изомерде хлордун атомдору кош байланыштын ар тарабынан орун алгандыгын байкайбыз. Биринчи цис-конфигурация, экинчи транс-конфигурация деп аталат. Цис жана транс-изомерлер физикалык, химиялык касиеттери боюнча өз ара айырмаланып турушат).

ИЗОМЕРИЯ ЗЕРКАЛЬНАЯ кызгылеш изомерия (оптикалык изомерлерде, молекулалардагы атомдордун ар түрдүү мейкиндикте орун алышы. Бул изомерлердин негизги өзгөчөлүгү түзүлүшүнүн асимметриясында болуп саналат. Ошондуктан алар поляризациянын тегиздигин карама-каршы жакка айландырышат).

ИЗОМЕРИЯ КООРДИНАЦИОННАЯ координациялык изомерия

(эгерде анион менен катиондун экөө тең комплекстик иондордно болушса, эки координациялык сфералардын арасында лигандардын ар түрдүү бөлүштүрүлүшү пайда болот да, изомердик структуралар келип чыгат. М.: $[Co(NH_3)_6][Cr(CN)_6]$ же $[Cr(NH_3)_6][Co(CN)_6]$ ошондой эле: $[Cu(NH_3)_4][PtCl_4]$ жана $[Pt(NH_3)_4][CuCl_4]$

ИЗОМЕРИЯ ЛИГАНДОВ лиганддардын изомериясы (лиганддардын ар түрдүү жайланышынан пайда болгон комплекстик кошулмалардын изомериясы. М.: $[Co(pn)_2Cl_2]Cl$ жана $[Co(tn)_2Cl_2]Cl$ мында pn-диаминопропан, tn-триметилендиамин: экөө тең пропандын туундулары).

ИЗОМЕРИЯ ОПТИЧЕСКАЯ оптикалык изомерия к. ИЗОМЕРИЯ ЗЕРКАЛЬНАЯ

ИЗОМЕРИЯ ПОВОРОТНАЯ толгонуш (буралуудан пайда болгон) изомериясы (жөнөкөй байланыш аркылуу тегеренүүдөн же айлануудан атомдук топтордун ар түрдүү жайланышы пайда болот да, изомердик түзүлүш келип чыгат).

ИЗОМЕРИЯ СОЛЕВАЯ туздук изомерия (комплекстин борбордук (атомуна бир нече жол менен байланышууга мүмкүнчүлүгү бар кебүнчө ди жана триден таттуу) лиганддар аркылуу пайда болушкан изомерлер. М.: $NO_2^-$ – эки түрдө б.а. $[Co(NH_3)_5NO_2]^{2+}$ нитроизомер жана $[Co(NH_3)_5ONO]^{2+}$ нитритоизомер катары байланышат да изомердик структураларды пайда кылат).

ИЗОМЕРИЯ ЭЛЕКТРОННАЯ электрондук изомерия (молекуласындагы атомдордун жайланышы менен химиялык байланыштарынын кретүүлүгү бирдей, бирок молекуланын структурасы боюнча электрондук заряддардын (тыгыздыктын) бөлүштүрүлүшү ар кандай түзүлүштөгү кошулмалар: М.: $CH_2=CH-\ddot{C}H_2^-$ жана



$-\ddot{C}H_2-CH=CH_2$ же $CH_3-{}^{+}CH-CH=CH_2$ жана $CH_3-CH=CH-{}^{+}CH_2$ ж.у.с. Электрондук изомерлердин формулаларын, кээде предельные структуры жетиккен түзүлүштөр же канонические структуры – каноникалык түзүлүштөр деп да аташат).

ИЗОМЕРИЯ ЯДЕРНАЯ ядролук изомерия (ядросунун составы бирдей, бирок ар кандай энергетикалык абалда тургандыктан, ар түрдүү касиеттерге ээ болгон атомдордун түрлөрү).

ИЗОМЕРЫ изомерлер к. ИЗОМЕРИЯ

ИЗОМЕРЫ ПОЛИМЕРИЗАЦИОННЫЕ полимерлешүүдөн чыккан изомерлер (булар чындыгында изомерлер болбосо да, акыркы учурда ушуш кез караш менен баяндалып жүрөт; бул төмөнкү мисалдардан түшүнүктүү: $[Pt(NH_3)_2Cl_2]$ жана $[Pt(NH_3)_4][PtCl_4]$. Булардын молекулалык массалары бири биринен айырмаланышып турат; изомеры положения – абалдык изомерлер (молекуланын составындагы атомдордун абалдарынын өзгөрүлүшүнөн пайда болгон изомерлер).

ИЗОМЕРНЫЕ ПРЕВРАЩЕНИЯ изомердик айлануулар (өзгөрүүлөр) (эгерде системанын өзгөрүүгө ийкемдиги аз болуп, изомерлешүү жогорку температурада же катализатордун таасири аркылуу гана жүрсө, изомердик өзгөрүүлөр пайда болушат).

ИЗОМОРФИЗМ изоморфизм ( составы боюнча ар түрдүү заттардын бирдей формадагы кристаллдарды пайда кылуу кубулушу).

ИЗОМОРФНЫЕ ВЕЩЕСТВА изоморфтуу заттар к. ИЗОМОРФИЗМ

ИЗОМОРФНОЕ ЗАМЕЩЕНИЕ изоморфтук айырбашташуу (изоморфтук кристаллдардын торчолорунун түйүндөрүндө жайланышкан иондорду башкалар менен алмаштыруу. М.: калийдин иону аммонийге алмаша алат. Ал эми изоморфдуу ачык таштарда $Me^{I}Me^{II}(SO_4)_2$

$\cdot 12H_2O$ да $Me^{I}$ небүнче $K^+$, $Na^+$, $NH_4^+$; $Me^{III} - Al^{3+}$, $V^{3+}$, $Cr^{3+}$, $Fe^{3+}$. Алмашуу негизинен иондордун радиустары жана заряддары бири бирине жакын же барабар, полярдашуу мүмкүнчүлүктөрү чоң, кристаллдык түзүлүштөрү окшош болгондо гана мүмкүн).

ИЗОМОРФНЫЕ РЯДЫ изоморфтук катарлар (радиустары өз ара өтө жакын иондор аркылуу пайда болгон заттар изоморфтук катарларды түзөт. В.И.Вернадский (1910-ж.) сегиз изоморфтук катарды аныктады: 1. $Al^{3+}$, $Mn^{3+}$, $Cr^{3+}$, $Fe^{3+}$, $Ti^{3+}$ жана $V^{3+}$ түзүшөт; 2. $Ca^{2+}$, $Sr^{2+}$, $Ba^{2+}$ жана $Pb^{2+}$; 3. $Cl^-$, $Br^-$, $J^-$ аниондору; 4. P, As, V; 5. $As^{3+}$, $Sb^{3+}$, $Bi^{3+}$ ; 6. $K^+$, $Na^+$, $OH_3^+$; 7. $Mg^{2+}$, $Mn^{2+}$, $Fe^{2+}$, $Co^{2+}$, $Cu^{2+}$; 8. $Cu^+$, $Au^+$, $Ag^+$, $Hg_2^{2+}$, $Pb^{2+}$ . Булар минералдардын пайда болушуна таасир тийгизип, алардагы татаал составдагы түзүлүштү берет).

ИЗОМОЧЕВИНА изомочевина к. МОЧЕВИНА

ИЗООСМОТИЧЕСКИЕ РАСТВОРЫ изоосмостук эритмелер к. ИЗОТОНИЧЕСКИЕ РАСТВОРЫ

ИЗОПОЛИКИСЛОТЫ изополикислоталар (мындай кислоталар металлдын ионунан башка кычкылтекти же кычкылтек менен суутекти гана камтып турушкан татаал составдар: бул дегенде молибден, вольфрам жана сурьмада кездешет).

ИЗОПРЕН изопрен ($CH_2=CHC-(CH_3)=CH$ органикалык бирикме, $d=0,6806$, $t_з=-120^0C$; каучук изопрендин полимери болуп саналат).

ИЗОПРЕНОИДЫ изопреноиддер (скелетинин түзүлүшү боюнча n-сандагы изопрендин $(C_5H_8)_n$ дин түзүлүшүнө жооп берип, аны туундуларынан болгон жана өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүндө кездешүүчү заттар; мында $n=2,3,4,5$ ж.у.с.).

ИЗОПРЕНОВЫЕ КАУЧУКИ изопрен каучуктары (металл түрүндөгү литий менен өтө кычкыл коштомаларды катализатор катары колдонуп, изопренди полимерлөөдөн алынган синтетикалык каучуктар. Ал өзүнүн түзүлүшү боюнча , накта каучукка окшош келет).

ИЗОТАКТИЧЕСКИЕ ПОЛИМЕРЫ изотактык полимерлер (буларда бир текчүү орундаштыруучулардын баары негизги чынжырдын



бир жак капталында орун алышып, өзгөчө кайталанышат:



Алардын көбү жогорку температурада эрүүчү, механикалык жактан бышык полимерлер).

ИЗОТЕРМА ГИББСА Гиббстин изотермасы (1876-ж.) (адсорбцияланган заттын өлчөмүнүн Г, эритилген заттын концентрациясынын өзгөрүүсү менен беттик тартылуунун $\sigma$ өзгөрүүсүнө болгон байланышы, ар кандай туруктуу температурада (Т) төмөнкү формула менен баяндалат:

$$\Gamma = -\frac{d\sigma}{dc}\cdot\frac{c}{RT}$$

$d\sigma$ - эритменин концентрациясынын эң аз өзгөрүүсүнө-$dc$ туура келген бир аз гана азайган беттик тартылуу (мында $d$ дифференциалдын : белгиси), R – универсалдуу газ туруктуусу (эрг/град·моль), Г - адсорбция (үлүштүк өлчөм менен), (моль/г)

Бул изотерма суюлтулган эритмелер үчүн жакшы натыйжаларды берет).

ИЗОТЕРМА ЛЭНГМЮРА Лэнгмюрдун изотермасы (молекулалык кинетикалык көз караштарга таянуу менен Лэнгмюр $T=const$ болгон шартта төмөнкү формуланы алган: $\Gamma = \Gamma_\infty \frac{bc}{1+bc}$. Мында Г - адсорбция чондугу, $\Gamma_\infty$ – каныккан абалдагы адсорбциянын чондугу (чегине жеткиккен адсорбция өлчөмү), С – адсорбциялануучу заттын концентрациясы, $b$ – адсорбенттин бетинин жарым адсорбциялануучу молекулаларынын бир катмары менен толгон учурундагы заттын концентрациясын көрсөтөт (берилген бетке заттын адсорбциялануу жөндөмдүүлүгүн

билдирет). Качан С дан $\beta$ бир канча эсе чоң болгон учурда тендеме төмөнкүдөй жөнөкөй түргө келет:

$$\Gamma = \Gamma_\infty \beta C$$

Бул адсорбциялык ийри сызыктын башталышындагы түз участокко туура келет).

ИЗОТЕРМА-ИЗОБАРИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изотерма-изобардык процесс (туруктуу бирдей температурада, бирдей басымда жүргүзүлгөн процесс).

ИЗОТЕРМА РАСТВОРИМОСТИ эригичтиктин изотермасы к. ПРАВИЛО ГЕНРИ

ИЗОТЕРМА ФРЕЙНДЛИХА Фрейндлихтин изотермасы (температура туруктуу болгон шартта, эритмедеги заттын адсорбциялануучу өлчөмүнүн, анын концентрациясына көз карандылыгы мындай формула боюнча берилет: $\frac{x}{m} = kC^{\frac{1}{n}}$.

Мында X - адсорбцияланган заттын молунун саны, $m$ - адсорбенттин салмагы (г), с - концентрация, К жана n берилген зат үчүн туруктуу сандар).

ИЗОТЕРМИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изотермалык процесс (туруктуу бир температурада жүргүзүлгөн процесстер).

ИЗОТОНИЧЕСКИЕ РАСТВОРЫ изотондук эритмелер (осмостук кубулушту пайда кылбаган, эриген заттарынын концентрациялары барабар эритмелер; бул учурда эки эритмени бөлүп турган жарым өткөргүчтүү мембрана аркылуу ион өткөрүү кубулушу ишке ашпайт)

ИЗОТОНИЧЕСКИЙ КОЭФФИЦИЕНТ изотондук коэффициент (осмостук басымдын чоңоюм $P=CRT$ тендемеси менен белгиленет. Бул тендемени осмос басымы "нормалдуу болбогон" эритмелерге пай-



даланууу үчүн Вант-Гофф ага түзөтүүчү коэффициентти (же $i$ изотоникалык коэффициентти) киргизген. $P=iCRT$ Ал эритмедеги осмостук басымы нормалдуу эритмедеги басымдан канча эсе чоң экендигин көрсөтөт).

ИЗОТОНЫ изотондор ( ядросундагы протондордун саны ар түрдүү, бирок нейтрондорунун саны бирдей болгон атомдордун түрлөрү). М.: $^{136}_{54}Xe(54p,82n)$, $^{138}_{56}Ba$ (56p,82n), $^{139}_{57}La$ (57p, 82n), буларда нейтрондордун саны $n=82$).

ИЗОТОПЫ изотоптор (ядросундагы протондорунун саны бирдей, ал эми нейтрондорунун саны ар түрдүү болгон атомдор. М.: $^{40}_{20}Ca(20p,20n)$, $^{42}_{20}Ca(20p,22n)$, $^{43}_{20}Ca(20p,23n)$, буларда протондордун саны $p=20$).

ИЗОТОПНАЯ МЕТКА изотоптук белги (химиялык реакциялар учурунда молекуладан кайсы атом ажырады, кайсынысы орун алмашты, молекулалык учтар кандай биригишти же кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушту деген суроолорго жооп берүү үчүн ар түрдүү металлдардын (м.: калийдин, кобальттын ж.б.), суутектин (дейтерийдин), галогендердин ж.б. радиоактивдүү изотоптордун (б.а. белги салынган атомдорун) колдонуп белгилөө жүргүзүү, к. МЕЧЕННЫЕ АТОМЫ).

ИЗОТОПНЫЕ ИНДИКАТОРЫ изотоптук индикаторлор (берилген элементтин изотопторунан радиоактивдүүлүгү, атомдук массасы боюнча айырмаланып турган изотопту кармап жүрген заттар).

ИЗОТОПНЫЕ ЭФФЕКТЫ изотоптук эффекттер (берилген элементтин изотопторунун атомдук массаларынын ар түрдүүлүгүнөн, алардын касиеттеринин бири-биринен айырмаланышы, окшоштугу).

ИЗОТОПНЫЙ ОБМЕН изотоптук орун алмашуу (изотоптору аркылуу гана орун алмашуу менен жүрүүчү реакциялар. М.: $H_2O + HD \longrightarrow HDO + H_2$ ж.у.с.).

ИЗОТРОПНАЯ ТОЧКА изотроптук чекит к. ИЗОИОННАЯ ТОЧКА

ИЗОХОРИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изохордук процесс (туруктуу келемде жүргүзүлгөн процесс).

ИЗОХОРНО-ИЗОТЕРМИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС изохордук-изотермиялык процесс, кубулуш (кыскача изохорный процесс - изохордук процесс деп аташат. Бул, системадагы келем менен температура турактуу болгон шартта жүрүүчү кубулуш, б.а. $V$ жана $T$).

ИЗОХОРНО-ИЗОТЕРМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ изохордук-изотермиялык потенциал (кыскача изохорный потенциал изохордук потенциал. Бул термодинамикалык потенциал 1882-ж. Гельмгольц тарабынан аныкталгандыктан азыр энергия Гельмгольца Гельмгольцтун энергиясы деп да аталат. Илимий адабияттарда кээде колдонулуп жүрген свободная энергия эркин энергия жана свободная энергия Гельмгольца Гельмгольцтун эркин энергиясы деген ат менен да кездешет, к. ЭНЕРГИЯ ГЕЛЬМГОЛЬЦА).

ИЗОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СИСТЕМА изоэлектрдик система (коллоиддик бөлүкчөлөрү нейтралдашкан система. Мындай абалда система туруксуз болот.).

ИЗОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ТОЧКА изоэлектрдик точка (кандайдыр бир кош уюлдуу молекулага демейде, аминокислотага электрдик талаа таасир этпей калган учурдагы чөйрөнүн PHы б.а. суутектин белгилүү бир концентрациясы. Бул учурда молекула катион жана анион абалында болот да, кайсы бир электродду кездей жылуу ошол замат экинчи электроддун таасири менен жоюлат. Глициндин изоэлектрдик чекити pH=6,1).



ИЗОЭЛЕКТРОННОСТЬ изоэлектрондуулук (бирдей сандагы электрондуулар. Бирдей сандагы электрондорду кармап турган иондор: $S^{2-}$, $Cl$, $K^+$, $Ca^{2+}$ (булар 18 электронго ээ); CO жана $N_2$ молекулалары 10 электрон аркылуу байланыш түзүшкөн).

ИЗОЭЛЕКТРОННЫЕ ЧАСТИЦЫ изоэлектрондуу бөлүкчөлөр (атомдор, молекулалар, молекулалык калдыктар, эркин радикалдар б.а. составында бирдей сандагы электрондору бар бөлүкчөлөр, к. ИЗОЭЛЕКТРОННОСТЬ).

ИЗУМРУД зымырыт (өңү ачык жашыл, кымбат таштардан, табигый алюмо-силикаттардын жакшы түзүлгөн кристаллдарынан турат).

ИМИНОГРУППА имин тобу (=NH кош радикалдуу атомдук топтор).

ИНВАР инвар (куймалардын түрү. Болоттун составында 35-37 % никель бар. Кеңейүү коэффициенти эң кичинекей болгондуктан, сааттардын маятниктеринин өзөктөрү, ар түрдүү назик приборлордун шкалалары жасалат).

ИНВАРИАНТНЫЕ (НОНВАРИАНТНЫЕ) СИСТЕМЫ инварианттуу же нонварианттуу системалар (эркиндик даражасына ээ эмес системалар, к. ПРАВИЛО ФАЗ).

ИНВЕРСИЯ САХАРА кантты инверсиялоо к. ИНВЕРТИРОВАННЫЙ САХАР

ИНВЕРТАЗА инвертаза (сахарозаны гидролиздеечү ферменттер, м.: ачыткыдагы ферменттер).

ИНВЕРТИРОВАННЫЙ САХАР инверсияланган кант (сахарозанын (кызылча жана тростник кантынын) гидролизинин продуктысы.

Бул учурда канттын эритмеси карыктын поляризацияланган нурунун тегиздигинин бағытын өзгертет. М.: кызылча канты гидролиз убагында Д-глюкозага жана Д-фруктозага айланат да, булардын аралашмасы инверсияланган кант деп аталат).

ИНГИБИТОРЫ ингибиторлор (химиялык жана физикалык кубулуштардын ылдамдыгына тоскоолдук кылып, аларды акырындатуучу же такыр токтотуп коюучу заттар. М.: гидрохинон бензальдегиддин кычкылдануусуна ингибитор, ал эми техницийдин коюлмалары болоттун коррозиясын дээрлик токтотушат).

ИНГРЕДИЕНТ ингредиент (татаал коюлмалардын бир белүү).

ИНДАТЫ индаттар ($In(OH)_3^-$ же $H_3InO_3$ ушулардын туздары).

ИНДЕКС СВОБОДНОЙ ВАЛЕНТНОСТИ эркин валенттүүлүк индекси (кандайдыр бир атомго таандык эмес каалыча $\pi$ электрондордун молекуланын составында болушу. Кош жана үч байланыштарда электрондук жалгашууларды пайда кылуу менен алардын тыгыздыктарын өзгертет, отол тыгыздыктардын сан маанисин эркин валенттүүлүк индекси деп аталат. М.: бутандиендеги көмүртектин атомундагы электрондук тыгыздыктар

$$H_2C \overset{0,838}{=} CH \overset{0,891}{-\!-} CH \overset{0,891}{=} CH_2 \overset{0,838}{}$$

түрүндө белүнүшүп, экинчи жана үчүнчүлөр 0,891 ге, ал эми четки атомдор 0,838 ге барабар эркин валенттүүлүк индексине ээ болуп турушат).

ИДЕНТИЧНОСТЬ СВЯЗИ байланыштардын бирдейлиги (окшоштугу)

ИНДИВИД ХИМИЧЕСКИЙ химиялык индивид (заттардын химиялык элементтин, химиялык коюлмалардын бир түрүнөн турган фаза. Химиялык практикада химиялык индивид "химиялык таза заттар" дегенди түшүндүрөт).



ИНДИГО (ИНДИГОТИН) индиго ($C_{16}H_{10}N_2O_2$ мол. салмагы 262, көк түстөгү кристаллдар, $t_э$ =390-392°C; органикалык эриткичтердин көпчүлүгүндө эрибейт. Индигонун буулары кызыл түстүү).

ИНДИГОКАРМИН индигокармин ($C_{16}H_8N_2O_2(O_3SNa)_2$ мол. салмагы 466,87 көк кристаллдар; индигону ишетүүдөн алынат, суюда начар эрийт).

ИНДИЙ индий (МС нын 49-элементи, ал У мезгилинде III А подгруппасында орун алган, элемент).

ИНДИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ ИНДИЯ) индийдин нитраты ($InNO_3 \cdot 5H_2O$ түссүз кристаллдык зат; ысытканда акырайт, суюда жакшы эрийт).

ИНДИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ИНДИЯ) индийдин бромиди ($InBr_2$, $t_э$ =436°C, $d$ =4,74 суюда жакшы эрийт).

ИНДИЙ ИОДИСТЫЙ индийдин иодиди ($InJ_3$, $t_э$ =210°C, $d$ =4,65, сары кристаллдык зат; суюда, спиртте жана хлороформдо эрийт).

ИНДИЙ (III) СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД ИНДИЯ) индийдин (III) сульфиди ($InS$ $d$ =4,9, $t_э$ =1050°C. Эки модификациясы бар, $\alpha$ - форма сары түстө, суюну өзүнө тартпайт, $\beta$ - форма кызыл түстө, суюну өзүнө тартпайт, $\alpha$ - формадан $\beta$ - формага өтүү 330°C та жүрөт).

ИНДИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ ИНДИЯ) индийдин сульфаты ($In_2(SO_4)_3 \cdot 9H_2O$, $d$ =3,488, Суюда жакшы эрийт, эрүү температурасы 600°C тан көгөрүү).

ИНДИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД ИНДИЯ) индийдин хлориди ($InCl_3$, түссүз кристаллдар, кабык идиште 585°C эрийт).

ИНДИКАТОРЫ индикаторлор (химиялык процесстердин багытына таасир кылбастан, реакцияга кирген заттардын бирее түгенгенде, өзүнүн өңүн өзгертүп жиберүүчү заттар).

ИНДИКАТОРЫ АДСОРБЦИОННЫЕ адсорбцияланма индикаторлор (булар аналитикалык химияда чекме пайда кылып, титрлее методдорун да колдонулат. Индикаторлордун иондору чекменүн бүдүрчелерүне жабышуу (адсорбциялануу) менен титрлеенүн эквиваленттик чекитинде өңүн кескин өзгертүшет. Адсорбцияланма индикаторлорго эозин, эритрозин, флуоресцеин ж.б. кирет. Булардын аниондору адсорбцияланган учурда дефформацияланышат да өңдерүн өзгертүүге дуушар болушат).

ИНДИКАТОРНЫЙ ЭЛЕКТРОД индикатордук электрод (титрлее учурунда потенциалы заттын концентрациясына жараша ийкемдүү өзгерген электроддор. Индикаторлук деп аталган себеби-алар индикаторлук заттардын ордуна колдонулуп, алардын эритмеге кошулуусун талап кылбайт).

ИНДИЯ (Ш) ГИДРАТОКИСИ индийдин (Ш) гидроксиди ( $In(OH)_3$ амфотердүү; аммиактын суу кычкылында эрибейт, кислоталарда жакшы эрийт).

ИНДИЯ (Ш) ОКИСЬ индийдин (Ш) оксиди ($In_2O_3$, $d=7,179$, $t_э=2000°C$ сары кристаллдар, сууда эрибей, кислоталарда эрийт).

ИНДИЯ ТИОСОЛИ индийдин тиотуздары ( $NaInS_2 \cdot H_2O$ ак түстегү зат, $KInS_2$ - кызыл түстө).

ИНДОКСИЛ индоксил ($C_8H_7NO$ мол. салмагы 133, ачык сары кристаллдар. Сасык жыты бар. Щелочтордо эрип туздарды пайда кылат).



ИНДОЛ индол ($C_8H_7N$, мол. салмагы 117, түссүз кристаллдар, $t_э=52 \div 53°C$, Сууда, органикалык эриткичтерде эрийт. Баалуу препараттарды алууда жумшалат).

ИНДУКТОМЕРНЫЙ ЭФФЕКТ индуктомердик эффект к. ДИНАМИЧЕСКИЙ ИНДУКЦИОННЫЙ ЭФФЕКТ

ИНДУКТОР индуктор к. АКТОР

ИНДУКЦИОННОЕ ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ индукциялык аракеттенишүү (уюлдуу (полярдуу) молекулалар менен уюлсуз (полярсыз) молекулалардын өз ара таасирденишин түшүндүрет).

ИНДУКЦИОННЫЙ ПОЛЯРНЫЙ ЭФФЕКТ индукциялык полярдык (уюлдук) эффект ( Айырбаштоочулардын таасирлеринен пайда болгон бардык индукциялык эффектилердин суммасы: $P = (J_\sigma + F) + (J_\pi + M) = J + T$. Мында $J_\sigma$ - $\sigma$-электрондук индукциялык эффект, $J$ - индукциялык талаалык эффект, $J_\pi$ - $\pi$-электрондук эффект, $M$ - мезомердик эффект, $J = J_\sigma + F$ - $\pi$-электрону жок (же аны эсепке албагандагы) байланыштын суммардык индукциялык эффеги, $T = M + J_\pi$ - $T$-эффект).

ИНДУКЦИОННЫЙ ЭФФЕКТ индукциялык эффект (реакцияга катышпай турган учурдагы, молекуланын өздүк түзүлүшүндегү $\sigma$-байланышты түзген ортоктош электрондордун терс электрдүүлүгү жогору атомду кездей жылышы,

Электрондук жылышуунун салыштырмалуу чен бирдиги (стандарты) катары бул учурда С—Н байланышынын индукциялык эффеги нөлгө барабар делип, шарттуу түрдө кабыл алынат (чындыгында С-Н байланышынын диполдук моменти нөлгө барабар эмес, бирок салыштырмалуу эң аз., к. ПОЛЯРИЗАЦИЯ СВЯЗИ).

ИНДУКЦИОННЫЙ ЭФФЕКТ ПОЛЯ талаанын индукциялык эффеги (молекуланын реакциялык борборуна, электростатикалык күчтүн таасири аркасында кандайдыр бир атомдун же молекулалык калдыктын байланышы аркылуу эмес, мейкиндик аркылуу таасир этип, электрондук жылышууну пайда кылышы).

ИНДУКЦИОННЫЙ Т-ЭФФЕКТ индукциялык Т-эффект (Т-электрондук полярдашуудан пайда болгон $J_{\pi}$ — эффект менен мезомердик М-эффектин суммасы: $T=M+J_{\pi}$ к. ИНДУКЦИОННЫЙ ПОЛЯРНЫЙ ЭФФЕКТ).

ИНЕРТНЫЕ ГАЗЫ инерттүү газдар (бул газдарга гелий, неон, аргон, криптон, ксенон жана радон кирет. Булар аргоноиддер группасын түзүшөт. Алардын молекулалары бир гана атомдон туруп, өз ара молекулаларды түзүшпөйт).

ИНЕРТНЫЕ КОМПЛЕКСЫ инерттүү комплекстер (кыйындык менен жай түзүлүүчү же эң жай диссоциациялануучу комплекстүү кошулмалар. Аларга башкалар менен аракеттенишүүгө ийкемдүү эмес комплекстер да кирет).

ИНИЦИИРОВАНИЕ ЦЕПИ чынжырды ишкердендирүү (инициативдештирүү)(бул чынжырлуу уланма реакциялардын баштапкы этабынан болуп эсептелет. Мында энергия жутуп алуу менен реакцияга активдүү борборлор (же атомдор), молекула калдыктары (эркин радикалдар) ж.б. пайда болот. Булар уланма реакцияны баштап, тизмекти түзүүгө түрткү берет. Көпчүлүк учурда бул стадияны возникновение цепи - чынжырдын пайда болушу деп да аташат).

ИНКОНГРУЭНТНАЯ РАСТВОРИМОСТЬ инконгруэнттик эрүү



(заттын эрүү точкасы бүдөмүктөлүп, ачык аныкталбай калган учуру).

ИНКОНГРУЭНТНАЯ СИСТЕМА инконгруэнттик система (химиялык кошулма менен башка составдагы суюк фаза тең салмактуулукта туруп, бирок кошулманын эрүү чекитти тең салмактуулукту мүнөздөөчү ийри сызык аркылуу бүдөмүктөлүп калган учурдагы гетерогендик системалар).

ИНСЕКТИЦИДЫ инсектициддер (зыяндуу курт-кумурскаларга каршы күрөшүү үчүн колдонулуучу химиялык заттар).

ИНСЕКТОАТТРАКТАНТЫ инсектоаттрактанттар (курт-кумурскаларга жагымдуу келгендиктен аларды өзүнө тартуучу заттар. М.: диспарлур, бомбикол (транс 10 - цис 12, гексадекадиенол 1) ж.б.).

ИНСЕКТОРЕПЕЛЛЕНТЫ инсекторепелленттер (зилдеттүү курт-кумурскаларды адамдардан, жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн кубалоочу же аларды коргоочу химиялык заттар. М.: бензимин (териге сүйкөйт), диметилфталат (ДМФ - себинет) ж.б.).

ИНСТРУМЕНТАЛЬНЫЕ МЕТОДЫ АНАЛИЗА анализдөөнүн инструменталдык методдору (аналитикалык ар кандай анализдерди тийиштүү приборлордун, куралдардын жана аспаптардын жардамы менен жүргүзүү ыгы).

ИНТЕГРАЛЬНАЯ ТЕПЛОТА РАСТВОРЕНИЯ эрүүнүн интегралдык жылуулугу (белгилүү өлчөмдөгү заттын белгилүү сандагы эриткичте эриткенде пайда болгон жылуулуктун жалпы саны. Б.: ккал/моль, кдж/кмоль ж.у.с.).

ИНТЕНСИВНЫЕ ПАРАМЕТРЫ СИСТЕМЫ системанын интенсивдуу параметрлери (термодинамикалык системанын массасына, андагы белүнчөлөрдүн санына байланыштуу болбостон өзгөрүүчү параметрлер к. ИНТЕНСИВНЫЕ СВОЙСТВА СИСТЕМЫ).

ИНТЕНСИВНОСТЬ ПРОЦЕССА процесстин (кубулуштун) интенсивдуулугу (бул алынган продуктынын өлчөмүнүн башталкы заттардын реакциялык аппаратка болгон убактысына болгон катышы. Б: кг/мин, т/саат ж.у.с.).

ИНТЕНСИВНЫЕ СВОЙСТВА СИСТЕМЫ системанын интенсивдуу (кигердүү) касиеттери (термодинамикалык системанын заттын өлчөмүнө көз каранды болбогон температура, молдук көлөм, басым сыяктуу касиеттери).

ИНТЕРЛИГАНДНЫЕ ПЕРЕХОДЫ интерлигандык өтүүлөр (электрондордун лигандын бир орбиталынан экиничисине өтүүсү; булар лиганддардын борбордук атомго (же ионго) координацияланышына көп таасир бербейт).

ИНТЕРМЕДИАТЫ интермедиаттар (эритмелерде ишке ашуучу орундашуу же синтезделүү реакцияларынын реакция аралык активдүү комплекстери).

ИНТЕРМЕТАЛЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ интерметаллдык кошулмалар (бул кошулмаларды көбүнчө кегич жана кегич-жер ,металлдар, металлдык касиеттери начар болгон жуп эмес подгруппанын металлдары менен пайда кылат. Алардын составы кээде стехиометриялык законго баш ийишпейт. М.: натрий, калий, коргошун төмөнкү интерметаллдык бирикмелерди пайда кылат: $NaSn_6$, $NaSn_4$, $NaSn_3$, $NaSn_2$, NaSn, $Na_4Sn_2$, $Na_2Sn$, $Na_3Sn$, $Na_4Sn$; $NaPb_5$, $Na_4Pb_3$, NaPb, $Na_4Pb$; $K_2Sn$, $K_3Sn_4$ ж. б.



Интерметаллдык кошулмалар эритмелерде туздар менен кадимки эле орун алмашуу реакциясына катышат.

м.: $2Ca(NO_3)_2 + K_4Pb = Ca_2Pb + 2KNO_3$ )

ИНФРАКРАСНАЯ СПЕКТРОСКОПИЯ (ИКС) инфракызгылт спектроскопия (ИКС) (электромагниттик толкундун 7600 Å жогорку узун толкундуу областы ичине алган спектроскопия методдорунун бири. Ал атомдор арасындагы байланыштарды аныктоого жана ар кандай молекулалардын структурасын түзүүгө кардам берет).

ИОД иод (МС нин галогендер подгруппасынын элементи №28, A = 126, 90).

ИОДА АЗИД иода азиди ($JN_3$ сары кристаллдык калыбына келтиргич зат. Суунун таасири менен гидролизденет да акырайт).

ИОДА ОКИСЛЫ иоддун кычкылдары к. ИОДА ПЕРЕКИСЬ, ИОДНОВАТЫЙ АНГИДРИД

ИОДАТЫ иодаттар ($HJO_3$ иодат кислотасынын туздары).

ИОДБЕНЗОЛ иодбензол ($C_6H_5J$ түссүз суюктук, d=1,824, $t_з$=-28,50°C; сууда эрибейт, спиртте эрип, эфир менен хлороформдо чексиз эрийт).

ИОД БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ИОДА) иоддун бромиди к. ИОД ПЯТИБРОМИСТЫЙ, ИОД ТРЕХБРОМИСТЫЙ

ИОДИДЫ иодиддер (иодид кислотасынын-HJ туздары).

ИОДИЛ ИОДНОВАТОКИСЛЫЙ (ИОДИЛ ИОДАТ) иодилдин иодаты (JO) $JO_3$ сууда начар эригич сары зат).

ИОДИЛ СЕРНОКИСЛЫЙ (ИОДИЛ СУЛЬФАТ иодилдин сульфаты ($(JO)_2SO_4$ үч валенттүү иоддун бирикмеси, кристаллдык сары зат).

ИОД (Ш) ИОДНОВАТОКИСЛЫЙ иоддун (Ш) иодаты ($J(JO_3)_3$ үч валенттүү иоддун иодаты).

ИОДИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА иоддуу суутек кислотасы (HJ суутектүү иоддун суудагы эритмеси, бир негиздүү кислота, абада түтөйт. d =1,75; муздак сууда жакшы эрийт, анын $HJ \cdot 2H_2O$, $HJ \cdot 3H_2O$, $HJ \cdot 4H_2O$ сыяктуу гидраттары бар, булар түссүз суюктук, сууда жакшы эрийет. $HJ \cdot 2H_2O$ нун $t_э$=-48°C, $HJ \cdot 3H_2O$ $t_э$=-48°C, $HJ \cdot 4H_2O$ нун $t_э$=-36,5°C).

ИОДИСТЫЙ ВОДОРОД иоддуу суутек (HJ түссүз, сууда жакшы эрүүчү газ, спиртте да эрийт).

ИОДНАЯ КИСЛОТА периодат кислотасы ($HJO_4$ түссүз кристаллдык зат, абада нымданып кетет, эки молекула кристаллизациялык суусу бар. Бул кислота $HJO_3$тен күчсүз).

ИОДНАЯ НАСТОЙКА иоддун эритмеси (иоддун этил спиртиндеги эритмеси. Кызыл-күрөң түстөгү медицинада колдонулуучу суюктук).

ИОДНОВАТАЯ КИСЛОТА иодат кислотасы ($HJO_3$, бул зат эки молекула суу менен кристаллизацияланат. Түссүз, тунук, ромба түрүндөгү кристаллдардан турган зат, начар кислота).

ИОДНОВАТИСТАЯ КИСЛОТА гипоиодит кислотасы (HOJ амфотердик касиети бар кислота. Төмөнкүчө диссоциаланышат: $HOJ \rightleftarrows H^+ + OJ^-$ же $HOJ \rightleftarrows OH^- + J^+$. Сууда ажырайт).

ИОДНОВАТЫЙ АНГИДРИД иодит ангидриди ($J_2O_5$ ак кристаллдык порошок, сууда жакшы эрийт, сууда эригенде иодат кислотасы пайда болот, d =4,799, спиртте эрибейт).

ИОД ОДНОХЛОРИСТЫЙ иоддун (I) хлориди (JCl, мол. салмагы 162,89, Кызыл түстөгү катуу, күчтүү кычкылдандыргыч зат болуп эсептелинет, $t_э$=27°C).



ИОДОЛ иодол ($C_4J_4NH$ ачык сары же кара-күрөң түстүү кристаллдык порошок. Жытсыз, уулуу эмес, сууда эрибейт, спиртте жана эфирде эрийт).

ИОДОМЕТРИЯ иодометрия (аналитикалык химиянын көлөмдүк анализинин бир методу. Бул метод иоддун туздарына кычкылдандыргычтар таасир эткенде, элементардык иоддун бөлүнүп чыгышына же калыбына келтиргичтер таасир кылганда иоддун конго өтүшүнө негизделген).

ИОДА ПЕРЕКИСЬ (ПЕРОКСИД ИОДА) иоддун пероксиди ($J_2O_3$ түссүз, туруксуз зат).

ИОДОФОРМ иодоформ ($CHJ_3$ сары кашыл кристаллдык зат, d =4,008, $t_э$=119°C; спиртте, хлороформдо эрип, сууда эрибейт).

ИОД ПЯТИБРОМИСТЫЙ иоддун (У) бромиди ($JBr_5$ суюктук).

ИОД ПЯТИФТОРИСТЫЙ иоддун (У) фториди ($JF_5$ түссүз суюктук, $t_э$=10°C, $t_к$=98°C).

ИОД СЕМИФТОРИСТЫЙ иоддун (УП) фториди ($JF_3$ түссүз газ, $t_к$=5°C).

ИОДТИОФОН иодтиофон ($C_6H_4JS$ кону зат, кайноо температурасы 182°C).

ИОД ТРЕХБРОМИСТЫЙ иоддун (Ш) бромиди ($JBr_3$ суюктук).

ИОД ТРЕХХЛОРИСТЫЙ иоддун (Ш) хлориди ($JCl_3$ катуу сары зат, +101°C кайноо температурасы (ажыроо менен) +64°C).

ИОДУКСУСНАЯ КИСЛОТА иодуксус кислотасы ($CH_2J—COOH$ түссүз кристаллдык зат, $t_э$=83°C, сууда эрийт).

ИОД ФТОРИСТЫЙ иоддун фториди к. ИОД ПЯТИФТОРИСТЫЙ, ИОД СЕМИФТОРИСТЫЙ

ИОД ШЕСТИФТОРИСТЫЙ (ГЕКСОФТОРИД ИОДА) иоддун (VI) фториди ($JF_6$ түссүз газ).

ИОН-РАДИКАЛЫ ион-радикалдар К. МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ИОН

ИОНИЗАЦИОННЫЙ МЕХАНИЗМ РЕАКЦИИ ЗАМЕЩЕНИЯ орундаштыруу (айырбашташуу) реакцияларынын иондоштуруу менен жүрүш механизми К. ДИССОЦИАТИВНЫЙ МЕХАНИЗМ

ИОНИЗАЦИЯ иондоштуруу (электронейтралдуу атомдордон же молекулалардан иондорду пайда кылуу).

ИОНИЗАЦИЯ ГАЗОВ газдарды иондоштуруу (газдардын белүкчелөрүнүн электр тогунун таасиринен зарядталышы. Бул процесстин натыйжасында газ электр тогун өткөрүү касиетине ээ болот. Бул кубулуш, ядролук реакциялардын натыйжасында пайда болгон жогорку энергиялуу белүкчелөрү менен кагылышуусунан пайда болот).

ИОНИЗАЦИОННАЯ ИЗОМЕРИЯ (иониздик изомерия (калпысынан бирдей составга ээ болгону менен эритмеде ар түрдүү иондорду пайда кылып диссоциациялануучу заттар. М.:

$[Co(NH_3)_4Cl_2]NO_2$ жана $[Co(NH_3)_4Cl(NO_2)]Cl$ ж.у.с.).

ИОНИЗАЦИЯ КИСЛОТ (ИЛИ ОСНОВАНИЙ) кислоталардын (же негиздердин) иондошуусу (негиздер менен кислоталардын электролиттик диссоциацияга дуушар болуп, иондорго ажырашы, К. ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКАЯ ДИССОЦИАЦИЯ).

ИОНИЗИРУЮЩИЕ ИЗЛУЧЕНИЯ иондоштуруучу нурлар (эң жогорку кинетикалык энергияга ээ болгондуктан, абанын же газдардын (көздө эритмелердеги заттардын) белүкчелөрүн ионго айландырып жиберүүчү $\alpha,\beta$ сыяктуу ядролук (көздө космостук) белүкчелөр).

ИОНИЗИРУЮЩИЕ РАСТВОРИТЕЛИ иондоштуруучу эриткичтер (чейресүндөгү эриген заттарды иондорго ажыратууга көндөмдүү эриткичтер; булар эриткичтер жогорку диэлектриктик туракгуулукка ээ суу, формамид, пиридин сыяктуу суюктуктар).



ИОНИЙ ионий (радиоактивдүү элемент, атомдук номери 90, А=230, торийдин изотобу).

ИОНИТЫ иониттер (иондорду алмаштыруучу заттар, К. ИОНООБМЕННИКИ

ИОННАЯ АССОЦИАЦИЯ иондук ассоциация (б.а. иондук топтошуу негизинен электростатикалык тартышуу күчтөрүнүн натыйжасында пайда болгон иондордун экиден топтошуусу. Үчтөн жана андан көптөн топтошуу азыркы учурда мүмкүн эмес деп божомолдонот).

ИОННАЯ ПАРА жуп ион (кошоктош ион) (иондордун арасындагы аралык жакын жана баш-аламандыкка алып келүүчү жылуулук кыймылынын энергиясына караганда электростатикалык тартышуу күчү жогору болгондо $[A^+ B^-]'$ түрүндөгү кошоктошкон ион пайда болот. Кээде ионные двойники иондук кошоктоштор же иондук куптар деп да аташат).

ИОННАЯ ПРОВОДИМОСТЬ иондук ток өткөргүчтүүлүк (муну электролиттик диссоциацияга дуушар боло алуучу заттардын баары пайда кыла алышат да, алардагы электр тогун таңгычтардан болуп иондор өткөрөлинет).

ИОННАЯ (ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ) РЕШЕТКА иондук (гетерополярдык-турдуу үюлдуу) торчолор (мындай торчолордун кристаллдарынын түйүндөрүндө иондор: оң зарядталган катиондор жана терс зарядга ээ аниондор жайланышат. Аларды байланыштырып турган күчтүн табияты электростатикалык тартышуу күчү. Бул торчолорго ээ заттар жогорку температурада эришет да, катуу жана механикалык жактан бекем болушат. Буларга органикалык эмес заттардын көпчүлүгү кирип, сууда эрүүдө электролиттик диссоциацияга дуушар болушат).

ИОННАЯ СИЛА РАСТВОРА эритменин иондук күчү (эритмедеги иондор түзгөн электростатикалык талаанын интенсивдүүлүгүнүн чени).

ИОННАЯ СВЯЗЬ иондук байланыш к. ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ

ИОННАЯ ТЕОРИЯ БЬЕРРУМА Бьеррумдун иондук теориясы к. ТЕОРИЯ БЬЕРРУМА

ИОННО-ЭЛЕКТРОННЫЙ МЕТОД ион-электрондук метод (кычкылдануу жана калыбына келүү реакцияларынын иондук тендемесин колдонуп, берилген жана кошулуп алынган электрондордун сандарын барабарлоо менен тендемени түзүү жолу. Кээде метод ионно-электронного баланса ион электрондук тендештик (баланс) методу деп да аталат).

ИОНОГЕННАЯ СВЯЗЬ иногендик байланыш (б.а. ион пайда кылууга кендемдүү байланыш. Буга эритмелеринде иондорду пайда кылууга ийкемдүү уюлдуу (полярдык) жана иондук байланыштардагы заттар кирет).

ИОННОСТЬ СВЯЗИ байланыштын ондуулугу (химиялык байланышта иондук байланыштын салымынын үстөмдүк кылышы. М.: NaCl 90 коваленттик байланыш 20 % ти түзсө, иондук байланыштын салымы 80 % ке барабар. Демек, мында иондук байланыш үстөмдүк кылат. Кээде ионный характер связи байланыштын иондук мүнөзү деп да аталат).

ИОННОЕ ПРОИЗВЕДЕНИЕ ВОДЫ суунун иондук кебейтүндүсү (суунун электролиттик диссоциациясынын учурунда пайда болгон гидроксоний (же кенекейлеткен учурда суутектин) иондун концентрациясынын гидроксид ионунун концентрациясына болгон кебейтүндүсү: $K = [H^+][OH^-] = 10^{-14}$).

ИОННОЕ УРАВНЕНИЕ иондук тендеме (химиялык реакциялардын тендемесинин иондук түрдө жазылган формасы, м.: молекулярдык



түрдөгү: $AgNO_3 + NaCl = NaNO_3 + AgCl\downarrow$;

реакциянын иондук тендемеси:

$Ag^+ + NO_3^- + Na^+ + Cl^- = Na^+ + NO_3^- + AgCl\downarrow$;

же кыскача: $Ag^+ + Cl^- = AgCl$).

ИОННЫЕ РЕАКЦИИ иондук реакциялар к. ИОННОЕ УРАВНЕНИЕ

ИОННЫЕ СОЕДИНЕНИЯ иондук кошулмалар (кристаллындагы структуралык бирдиктери иондор аркылуу түзүлгөн заттар. Булар көбүнчө органикалык эмес кошулмалар; алардын атомдорунун арасындагы байланыштарда иондук байланыштын салымы үстөмдүк кылат. М: NaCl, LiF, KF, FeF ж.у.с.).

ИОННЫЙ МЕХАНИЗМ РАСПАДА МОЛЕКУЛЫ молекуланын ажырашынын иондук механизми (М.: С—Н байланышы төмөнкүдөй ажыроого (диссоциацияга) дуушар боло алат:

$$\geqslant C : H \longrightarrow \geqslant C^- + H^+$$

$$\geqslant C : H \longrightarrow \geqslant C^+ + H^-.$$

Калтысынан байланышты пайда кылып турган куп электрондун кайсы атомго тиешелүү болуп кетүүсүнө байланыштуу, молекуланын ар түрдүү заряддуу иондорду пайда кылуу менен ажырашы).

ИОННЫЙ МЕХАНИЗМ РЕАКЦИЙ реакциялардын иондук механизми (реакциялануучу молекулалардын биринде байланышты үзүү, аны пайда кылып турган калпы куп электронду бир гана атомдун аймагына берүү менен ишке ашырылып, кийин ошолор аркылуу ыракеттенишүү келип чыкса, реакция иондук механизм боюнча жүрөт. Бул механизм өзүнчө эки түрдө жүзөгө ашырылат:

$$X^+ + R : Y \longrightarrow R : X + Y^+$$

$$X^- + R : Y \longrightarrow R : X + Y^-).$$

ИОННЫЙ ОБМЕН ион алмашуу (эки түрдөгү заттардын арасындагы иондордун алмашуу кубулушу).

ИОННЫЙ ПОТЕНЦИАЛ иондук потенциал (ал иондун аймагындагы заряддык талаанын тыгыздыгын мүнөздөйт да, иондун электрдик заряддарынын санынын анын радиусуна болгон катышы аркылуу туюнтулат: $P=Z/r$. Мында $Z$ -иондун заряды, $r$ - иондун радиусу. Эгерде металлдын иондук потенциалы 4 тен кичине болсо, анын гидроксиди негиз, 6 дан көбүрөөк болсо, ал кислота, 4-6 интервалында жатса, алар амфотердүү болот).

ИОННЫЙ РАДИУС иондук радиус (шар түрүндө деп кабыл алынган иондордун масштабын мүнөздөө үчүн кабыл алынган тушунук, Б: Å, см, нм).

ИОНОГЕНЫ ионогендер (ион пайда кылуучу же ионго күйөлөн заттар).

ИОНЫ иондор (электрдик заряды бар атомдор, к. ДИССОЦИАЦИЯ ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКАЯ ИОНИЗАЦИЯ ГАЗОВ.

ИОНООБМЕННИКИ (ИЛИ ИОНИТЫ) ион алмашуучулар (же иониттер (өздөрүнүн бетиндеги иондорду электролиттердин иондору менен ийкемдүү алмашуучу, катуу абалындагы поливаленттүү кислоталар (катион алмашуучулар - катиониттер) же катуу түрүндөгү поливаленттүү негиздер (анион алмашуучулар - аниониттер). Органикалык эмес катиониттер: цеолиттер, пермутиттер, табигый доломит, апатит, оор металлдардын силикаттары ж.б. Органикалык иониттер: чым көң, лигнин, фенолоформальдегиддик, стиролдук чайырлар жана алардын аминдик туундулары. Булар сууларды тазалоодо, витаминдерди өндүрүүдө, электролиттер-



ди электролит эместерден бөлүүдө ж.б. колдонушат. Кийинки учурларда сууда эригич иониттер да синтезделе баштады).

ИПРИТ иприт (2,2 дихлордиэтилсульфид - горчица газы) суюктук, саримсак же күйгөн резина жыттанып турат. $d=1,2741$, сууда начар, органикалык кислоталарда жакшы эрийт, өтө уу зат, денеге тийсе терини каралантып жиберет).

ИРИДИЙ иридий (МС нын платиналык оор элементтер тобуна кирүүчү VIII группасынын элементи).

ИРИДИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ИРИДИЯ) иридийдин бромиди к. ИРИДИЙ ТРЕХБРОМИСТЫЙ, ИРИДИЙ ЧЕТЫРЕХБРОМИСТЫЙ

ИРИДИЙ ДВУХЛОРИСТЫЙ (ДИХЛОРИД ИРИДИЯ) иридийдин (II) хлориди ($IrCl_2$ жашыл кристаллдык зат, эрүү менен 773°С та ажырап кетет),

ИРИДИЙ ТРЕХБРОМИСТЫЙ (ТРИБРОМИД ИРИДИЯ) иридийдин (III) бромиди ($IrBr_3 \cdot 4H_2O$ кашыл түстөгү зат, сууда эрип, спиртте жана эфирде эрибейт. 100°С та кристаллизациялык суусун жоготот).

ИРИДИЙ ТРЕХЛОРИСТЫЙ (ТРЕХХЛОРИД ИРИДИЯ) иридийдин (III) хлориди ($IrCl_3$ жашыл түстөгү зат, $d=5,8$, 763°С та ажырап кетет, сууда эрибейт).

ИРИДИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД ИРИДИЯ) иридийдин (III) фториди к. ИРИДИЙ ЧЕТЫРЕХФТОРИСТЫЙ, ИРИДИЙ ШЕСТИФТОРИСТЫЙ).

ИРИДИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ИРИДИЙ ХЛОРИДА) иридийдин хлориди к. ИРИДИЙ ДВУХЛОРИСТЫЙ, ИРИДИЙ ТРЕХХЛОРИСТЫЙ, ИРИДИЙ ЧЕТЫРЕХ ХЛОРИСТЫЙ

ИРИДИЙ ЧЕТЫРЕХ ХЛОРИСТЫЙ (ТЕТРАХЛОРИД ИРИДИЯ) иридийдин (IV) хлориди ($IrCl_4$ кек порошок, сууда жана спиртте эрип, суунуу өзүнө тартып алгыч зат).

ИРИДИЙ ЧЕТЫРЕХБРОМИСТЫЙ (ТЕТРАБРОМИД ИРИДИЯ) иридийдин (IУ) бромиди ($IrBr_4$ кызыл зат, сууда жана спиртте жакшы эрийт).

ИРИДИЙ ШЕСТИХЛОРИСТЫЙ (ГЕКСАХЛОРИД ИРИДИЯ) иридийдин (УI) хлориди ($IrCl_6$ сары зат, сууда ажырап кетет).

ИРИДИЙ ШЕСТИФТОРИСТЫЙ иридийдин (УI) фториди ($IrF_6$ кристаллдык сары зат, $t_з$=44°С, d =6, сууда эрийт).

ИРИДИЯ (Ш) ГИДРООКИСИ иридийдин (Ш)гидрооксиди ($Ir(OH)_3$ кошул зат, сууда эрибейт).

ИРИДИЯ ИЗОТОПЫ иридийдин изотоптору ($^{194}Ir$ — 88,5 %; $^{193}Ir$ — 61,5 %).

ИРИДИЯ КАРБОНИЛЫ иридийдин карбонилдери ($[Ir(CO)_3]\cdot nH_2O$ сары кристаллдык зат, $[Ir(CO)_4]_2$ саргыч-кошул кристаллдык зат).

ИРИДИЯ ОКИСЛЫ иридийдин оксиддери ($Ir_2O_3$ кек-кара зат, сууда эрибейт, ысык HCl до жана ысык $H_2SO_4$-те эрийт; $IrO_2$ кек-кара зат, d =8,15. Сууда,кислотада жана негиздерде эрибейт).

ИРИДИЯ СЕРНИСТЫЕ СОЕДИНЕНИЯ иридийдин сульфиддери ($Ir_2S_3$ порошок түрүндөгү зат $(NH_4)_2S$ де эрип, сууда эрибейт; $IrS_2$ жана IrS сыяктуу бирикмелери да бар).

ИСКУССТВЕННАЯ РАДИОАКТИВНОСТЬ касалма радиоактивдүүлүк (туруктуу ядролорду жогорку энергиялуу белукчелер менен урдуруп, аларды касалма кол менен радиоактивдүү ядрого айландыруу. Лабораториялык шартта мындай ядролук реакцияны биринчи 1919-ж. А.Резерфорд (Кембридж, США) ишке ашырган; бул учурдагы альфа белукче менен азоттун ортосундагы реакция кычкылтекти жана протонду пайда кылуу менен жүрген:

$$^{14}_{7}N + {}^{4}_{2}He \longrightarrow {}^{17}_{8}O + {}^{1}_{1}H \quad (же\ {}^{1}_{1}p).$$



Мындай метод азыр жаңы элементтерди синтездөөнүн бирден-бир жолу болуп олтурат).

ИСКУССТВЕННО ПОЛУЧЕННЫЕ ХИМИЧЕСКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ касалма жол менен алынган химиялык элементтер (касалма радиоактивдештирүүнүн негизинде ядролук реакциялар аркылуу алынган элементтер. Булардын катар номери:48,62,85,87 жана 93-106 элементтер; баардыгы 18).

ИСКУССТВЕННЫЕ ВОЛОКНА касалма булалар (ар түрдүү органикалык заттарды полимерлөөдөн синтезделип алынган жогорку молекулалуу касалма заттар, аларга вискоздук, ацетаттык ж.б. булалар киришет).

ИСТИННАЯ ФОРМУЛА СОЕДИНЕНИЯ кошулманын накта формуласы (бул кошулманын молекуласынын составы кайсы элементтердин канча атомдорунан турарын көрсөтүп, стехиометриянын закондоруна (эселик катнаш, эквиваленттер закондоруна, валенттүүлүк эрежесине) толук баш ийген формулалар. Химия курсунда кошулманын анык формуласы гана колдонулуп, ал ар качан кыскача химиялык формула деп эле аталат).

ИСТИННЫЕ РАСТВОРЫ накта эритмелер (эриген заттардын белукчелөрү молекулалык же иондук абалга чейин майдаланып ажыраган, тунук туруктуу эритмелер. Бирок буларда иондук, молекулалык топтошуулар болуп турат, ошондой болсо да белукчелөрү оптикалык методдордун эч бирөө менен байкалбайт).

ИСТИННЫЕ ЭЛЕКТРОЛИТЫ накта электролиттер (кристаллдык решеткасында, б.а. катуу абалында иондорду камтып туруучу электролиттер. М.: кайнатма туз, көз бир башка туздар, гидроксиддер ж.б.).

ИСТОЧНИКИ ЯДЕРНЫХ ИЗЛУЧЕНИЙ ядролук нурланууунун булактары (алар ядролук реакциялар, радиоактивдүүлүк ж.б.).

ИСХОДНЫЕ ВЕЩЕСТВА баштапкы заттар (б.а. химиялык реакцияларга катышуусу алгачкы алынган заттар).

ИТТЕРБИЙ иттербий (МСнын лантаноиддер тобунда кайталанышкан, катар номери 70-элемент).

ИТТЕРБИЯ (Ш)ГИДРООКИСЬ иттербийдин (Ш) гидрооксиди ($Yb(OH)_3$ сууда эрибейт).

ИТТЕРБИЯ (Ш)ОКИСЬ иттербийдин (Ш) оксиди ($Yb_2O_3$ түссүз, сууда эрибей, суюлтулган нык кислоталарда эригич зат, $d$ =9,175).

ИТТРИЙ иттрий (МСнын 39-элементи).

ИТТРИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ ИТТРИЯ) иттрийдин нитраты ($Y(NO_3)_3 \cdot 6H_2O$, $Y(NO_3)_3 \cdot 4H_2O$ кызгылт кристаллдык зат, булар сууда, спиртте жана азот кислотасында эришет).

ИТТРИЙ БРОМИСТЫЙ иттрийдин бромиди ($YBr_3 \cdot 9H_2O$ түссүз кристаллдык зат, сууда жана спиртте эрип, эфирде эрибейт).

ИТТРИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ ИТТРИЯ) иттрийдин сульфаты $(Y_2(SO_4)_3 \cdot 8H_2O$, $d$= 2,558 кызгылт кристаллдык зат; концентрацияланган күкүрт кислотасында эрип, сууда начар эрийт да кычкылтарда эрибейт).

ИТТРИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ иттрийдин карбонаты ($Y_2(CO_3)_3 \cdot 3H_2O$ кызгылт порошок. Кислоталарда эрийт, суудан спиртте жана эфирде эрибейт).

ИТТРИЙ УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ ИТТРИЯ) иттрийдин ацетаты ($Y(C_2H_3O_2)_3 \cdot 8H_2O$ кристаллдык түссүз зат, сууда эрийт).



ИТТРИЙ ХЛОРИСТЫЙ иттрийдин хлориди ($YCl_3 \cdot 6H_2O$ кызгылт кристаллдык зат, $d$ =2,575; сууда эрип, спиртте аз эрийт да эфирде эрибейт).

ИТТРИЯ ГИДРАТ ОКИСИ иттрийдин гидроксиди ($Y(OH)_3$ сары зат. Ысытканда акырап, сууда жана негиздерде эрибей, кислоталарда эрийт).

ИТТРИЯ ИЗОТОП иттрийдин изотобу ($^{89}Y$ — 100 %).

ИТТРИЙ ОКИСЬ иттрийдин оксиди ($Y_2O_3$ саргыч ак кристаллдык порошок, $d$ =4,84, $t_э$ =2410°С, сууда жана негиздерде эрибей кислоталарда эрийт).

## К

КАДМАТЫ кадматтар ($H_2CdO_2$ кадмия кислотасынын туздары

КАДМИЙ кадмий (МС нын У мезгилинин П В группасынын катар номери 48 ге барабар элементи).

КАДМИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ КАДМИЯ) кадмийдин нитраты ($Cd(NO_3)_2 \cdot 4H_2O$ призма түрүндөгү кристаллдар, $d$ =2,46, 100°С тан ашык ысытканда суусун жана азот кислотасын бөлүп чыгарат. Сууда жакшы эрийт).

КАДМИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД КАДМИЯ) кадмийдин бромиди ($CdBr_2$ сууну тартып алгыч түссүз кристаллдар, $t_э$ =566°С, $d$ =5,19, сууда, спиртте жакшы эрийт).

КАДМИЙ БРОМНОВАТОКИСЛЫЙ (БРОМАТ КАДМИЯ) кадмийдин броматы ($Cd(BrO_3)_2 \cdot H_2O$ кристаллдык ак зат, $d$ =3,758, сууда эрип, спиртте эрибейт; аналитикалык химияда колдонулат;

КАДМИЙ ВОЛЬФРАМОВОКИСЛЫЙ (ВОЛЬФРАМАТ КАДМИЯ) кадмийдин вольфраматы ($CdWO_4$ кристаллдык сары зат, сууда аз эрийт).

КАДМИЙ ИОДИСТЫЙ (ИОДИД КАДМИЯ) кадмийдин иодиди ($CdJ_2$ түссүз жалтырак, абада туруктуу кристаллдар, $t_э$ = 387°C, $d$ =5,67, сууда жакшы эрийт).

КАДМИЙ ИОДНОВАТОКИСЛЫЙ (ИОДАТ КАДМИЯ) кадмийдин иодаты ($Cd(JO_3)_2$ ак порошок, $d$ =6,48, сууда аз эрийт; $Cd(JO_3)_2 \cdot H_2O$ бирикмеси да бар).

КАДМИЙ РОДАНИСТЫЙ кадмийдин роданиди ($Cd(CNS)_2$ түссүз кристалл. Сууда, спиртте жана суюк аммиакта эрийт).

КАДМИЙ СЕРНИСТОКИСЛЫЙ (СУЛЬФИТ КАДМИЯ) кадмий сульфити ($CdSO_3 \cdot 2H_2O$ түссүз, кристаллдык зат. Спиртте эрибей, кислоталарда эрийт).

КАДМИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД КАДМИЯ кадмийдин сульфиди ($CdS$ түссүз кристаллдык зат, сууда аз эрип, спиртте эрибей, кислоталарда эрип, сары боёк катарында колдонулат).

КАДМИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ КАДМИЯ) кадмийдин сульфиди ($3CdSO_4 \cdot 8H_2O$ түссүз кристаллдар, $d$ =3,1, сууда жакшы эрип, спиртте эрибейт. Суусу жок туздун $d$ =4,7 $t_э$ =1000°C).

КАДМИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ КАДМИЯ) кадмийдин карбонаты ($CdCO_3$ аппак порошок. $d$ =4,28. Кээде составында 0,5 молекула суу кездешет: $2CdCO_3 \cdot H_2O$ аны ысытканда $CO_2$ бөлүнүп чыгып, $CdO$ пайда кылат).

КАДМИЙ УКСУСНОКИСЛЫЙ АЦЕТАТ КАДМИЯ кадмийдин ацетаты ($Cd(CH_3COO)_2 \cdot 2H_2O$ түссүз кристалл. $t_э$ =254-256°C, $d$ =2,34, сууда жакшы эрийт). $Cd(CH_3COO)_2 \cdot 3H_2O$ составындагы кристаллогидраты бар).

КАДМИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД КАДМИЯ) кадмийдин фториди



($CdF_2$ түссүз бирикме, 25°C та 100 мл сууда 4,3 г $CdF_2$ эрийт. Ал плавик кислотасында ж.б. минералдык кислоталарда эрийт, $t_э$ =1100°C, $d$ =6,64).

КАДМИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД КАДМИЯ) кадмийдин хлориди ($CdCl_2$ ак масса түрүндөгү зат, $d$ =4,05, $t_э$ =570°C. Сууда жакшы эрийт. Ал суу эритмесинен 2,5 молекула суу менен бирге кристаллданат).

КАДМИЙ ХЛОРНОВАТОКИСЛЫЙ (ХЛОРАТ КАДМИЯ) кадмийдин хлораты $Cd(ClO_3)_2 \cdot 2H_2O$ түссүз сууну өзүнө тартып алгыч кристаллдар. $d$ =2,28, $t_э$ =80°C, сууда кислоталарда, спиртте эрийт).

КАДМИЙ ЦИАНИСТЫЙ (ЦИАНИД КАДМИЯ) кадмийдин цианиди ($Cd(CN)_2$ абада туруктуу кристалл. Ысытканда күрөң түскө өтүп кетет. 15°C та 100 мл сууда 1,7 г $Cd(CN)_2$ эрийт. KCN дин эритмесинде да эрийт).

КАДМИЙ ЩАВЕЛЕВОКИСЛЫЙ (ОКСАЛАТ КАДМИЯ) кадмийдин оксалаты ($Cd(COO)_2 \cdot 3H_2O$ түссүз, кристалл түрүндөгү порошок. $d$ =3,82, сууда жана спиртте эрибейт).

КАДМИРОВАНИЕ кадмийлөө (б.а. буюмдун бетине кадмий жалатуу. Бул нерселерди туздуу суудан, тропикалык нымдуулуктан ж.б. коргоо үчүн жүргүзүлөт. Анда кадмий сульфаты, цианид кычкылы колдонулат да электрохимиялык жол менен ишке ашырылат. Бул учурда кадмийлик коргоо кабыкчасы пайда болот).

КАДМИЯ ГИДРАТ ОКИСИ кадмийдин гидроксиди ($Cd(OH)_2$ ак порошок. $d$ =4,79, седеп өндүү жалтырак, түссүз кристаллдар. Кислоталарда жана $NH_4Cl$ эритмесинде эрийт. 25°C та 100 мл сууда 0,26 мг $Cd(OH)_2$ эрип, 200°C та суусун жоготот. $d$ =4,79).

КАДМИЙ (I) ЗАКИСЬ кадмийдин (I) чала кычкылы ($Cd_2O$, $d$ =8,192, кызыл аморфтук зат, кислоталарда жана негиздерде акырайт).

КАДМИЙ ОКИСЬ кадмийдин оксиди ($CdO$ күрөң түстөгү порошок. Абада акырындык менен агып кетет, анткени $CO_2$ ни өзүнө тартып, $CdCO_3$ түү пайда кылат).

КАДМИЙ ПЕРЕКИСЬ кадмийдин пероксиди ($CdO_2$ пайдене элек зат).

КАЗЕИН казеин ( сүттүн составында кездешүүчү зат. Казеиндин составында фосфор, көп негиздүү кислоталар бар. Сууда спиртте жана эфирде эригей аморфтуу кытыз порошок, составында: C-53,18 %. H- 7,06 %. O-22,40 %.N-15,78 %. S - 0,77 %. P-0, 86%O бар).

КАИНИТ каинит ($KCl \cdot MgSO_4 \cdot 3H_2O$ составындагы минерал, $d$ =2,14).

КАЛЕВЕРИТ калеверит ($AuTe_2$ составындагы минерал).

КАЛИЕВОАЛЮМИНИЕВЫЕ КВАСЦЫ (СУЛЬФАТ КАЛИЯ-АЛЮМИНИЯ) калий-алюминий ачыкташ ($K_2Al_2(SO_4)_4 \cdot 2H_2O$, алюминийдин сульфатына калийдин сульфатын комуп, кристаллдашууга мүмкүндүк берсек, андан түссүз кристаллдар пайда болот).

КАЛИЕВО СТЕКЛО калийдүү айнек (составы $K_2O \cdot CaO \cdot 6SiO_2$).

КАЛИЕВОХРОМОВЫЕ КВАСЦЫ калий-хром ачыкташ ($K_2SO_4 \cdot Cr_2(SO_4)_3 \cdot 24H_2O$ кара-көк түстөгү кубдук кристаллдардан турган зат, $d$=1,842. сууда эрип, спиртте эрибейт).

КАЛИЕВЫЕ КВАСЦЫ калийдик ачык таштар к. КАЛИЕВО-АЛЮМИНИЕВЫЕ КВАСЦЫ

КАЛИЙ калий (МС нин щелочтуу металлдар тобуна кирүүчү 19-элемент).



КАЛИЙ АЗОТИСТОКИСЛЫЙ (НИТРАТ КАЛИЯ) калийдин нитраты ($KNO_2$ ак кристалл түрүндөгү зат, $d$=1,92 абадан сууну тартып алып, нымданып кетет, $t_э$ =297,5°C; сууда эң жакшы эрийт, ал эритмеде негичтик реакция бар. Спиртте да эрийт).

КАЛИЙ АЗОТИСТЫЙ (НИТРИД КАЛИЯ) калийдин нитриди ($K_3N$ буд азид термикалык ажыратуу жолу менен алынат. $K_3N$ кызыл түстөгү, абада туруктуу зат. Сууда жана спиртте аммиакты бөлүп чыгаруу менен ажырайт).

КАЛИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ КАЛИЯ, КАЛИЙНАЯ СЕЛИТРА) калийдин нитраты,калий селитрасы ($KNO_3$ абада туруктуу, түссүз, призма түрүндөгү кристаллдар, $d$ =2,1, сууда жакшы эрийт. Ал мылтыктын дарысын, температурага чыдамдуу айнектерди алууда колдонулат).

КАЛИЙ АНТИМОНИЛВИННОКИСЛЫЙ калий антимонил тартрат,окшутуучу таш ($K(SbO)C_4H_4O_6 \cdot 0,5H_2O$ ромба түрүндөгү даамы начар кристаллдар. 0,2 г. бирикмесин ичсе, кускуну келтирет).

КАЛИЙ БЕНЗОСУЛЬФОНАТ КАЛИЯ (БЕНЗОСУЛЬФОНАТ) калийдин бензосульфонаты ($C_6H_5-SO_2OK$ түссүз, кристаллдык зат).

КАЛИЙ БОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ (ГИПОБРАТ КАЛИЯ) калийдин гипобораты ($K_2[B_2O_2H_6]$ ак кристаллдык зат, абада нымданып кетет, кучтуу калыбына келтиргич).

КАЛИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД КАЛИЯ) калийдин бромиди ($KBr$ түссүз, сууда эригич, жаркыраган кристалл, $d$ =2,749; абада туруктуу, спиртте начар эрийт).

КАЛИЙ БРОМНОВАТОКИСЛЫЙ (БРОМАТ КАЛИЯ) калийдин броматы ($KBrO_3$ түссүз кристалл, $d$ =3,24, 434°C та кычкылтекти бөлүп чыгарып, $KBr$ айланат, сууда начар эрийт).

КАЛИЙ ВИННОКИСЛЫЙ (ТАРТРАТ КАЛИЯ) калийдин тартраты ($K_2C_4H_4O_6 \cdot 0,5H_2O$ сууда жакшы эрүүчү ак кристаллдар).

КАЛИЙ ВОДОРОДИСТЫЙ (ГИДРИД КАЛИЯ) калийдин гидриди (KH кристалл түрүндөгү зат. Суутектин атмосферасында ысытканда калий гидриди пайда болот).

КАЛИЙ ВОЛЬФРАМОВОКИСЛЫЙ (ВОЛЬФРАМАТ КАЛИЯ) калийдин вольфраматы ($K_2WO_4$ кристаллдык порошок, сууда эрибей спиртте эрийт).

КАЛИЙ ДВУУГЛЕКИСЛЫЙ калий гидрокарбонаты к. КАЛИЙ КИСЛЫЙ УГЛЕКИСЛЫЙ

КАЛИЙ ДВУХРОМОВОКИСЛЫЙ (БИХРОМАТ КАЛИЯ) калийдин бихроматы ($K_2Cr_2O_7$ ачык кызыл түстөгү ичке кристаллдар, $d=2,70$; өтө ысытканда $Cr_2O_3$ жана $K_2CrO_4$ке ажырайт. $K_2Cr_2O_7$уу зат).

КАЛИЙ ЕДКИЙ жегич калий к. КАЛИЯ ГИДРАТ ОКСИДИ

КАЛИЙ ЖЕЛЕЗИСТОКИСЛЫЙ (ФЕРРИТ КАЛИЯ) калийдин феррити ($K[FeO_2]$ кристаллдык зат).

КАЛИЙ ЖЕЛЕЗИСТОСИНЕРОДИСТЫЙ (ФЕРРОЦИАНИД КАЛИЯ, ЖЕЛТАЯ КРОВЯНАЯ СОЛЬ) калийдин ферроцианиди ($K_4[Fe(CN)_6] \cdot 3H_2O$ сары кан тузу; минтип аталышынын себеби, ал кургаган шакарды жана темирди кошуу менен алынат. Ачык сары түстөгү призмалар).

КАЛИЙ ЖЕЛЕЗНОКИСЛЫЙ (ФЕРРАТ КАЛИЯ) калийдин ферраты ($K_2FeO_4$ алты валенттүү темирдин бирикмеси. Аны алуу үчүн темирдин кычкылына калий селитрасын жана калийдин жегичин кошуп сысытышат).

КАЛИЙ ЖЕЛЕЗОСИНЕРОДИСТЫЙ (ФЕРРИЦИАНИД КАЛИЯ, КРАСНАЯ КРОВЯНАЯ СОЛЬ) калийдин феррициониди, кызыл кан тузу



($K_3[Fe(CN)_6]$ кочкул кызыл түстөгү кристаллдар. Эгерде эки валенттүү темирдин бирикмесине феррицианидди кошсок, кегүлтүр турнбуль боёгу пайда болот).

КАЛИЙ ИМИДООЛОВЯННОКИСЛЫЙ (ИМИДОСТАННАТ КАЛИЯ) калийдин имидостаннаты ($K_2[Sn(NH_2)_6]$ комплекстик бирикме).

КАЛИЙ ИОДИСТЫЙ (ИОДИТ КАЛИЯ) калийдин иодити (KJ тунук, катуу кристаллдар, $d=3,11$, $t_э=1319°C$, сууда оңой эрийт, KJ дун суудагы эритмеси жарыктын таасиринен иодду белүп чыгарып, саргайып кетет).

КАЛИЙ ИОДНОВАТОКИСЛЫЙ (ИОДАТ КАЛИЯ) калийдин иодаты ($KJO_3$ түссүз кристаллдар, $t_э=560°C$, өтө ысытканда ажырап, $O_2$ белүп чыгарып, KJ калат).

КАЛИЙ ИОДНОКИСЛЫЙ (ПЕРИОДАТ КАЛИЯ) калийдин периодаты ($KJO_4$ ак же түссүз кристаллдардан турган порошок, $d=3,618$, $t_э=582°C$, сууда эрип, жегич щелочтордо начар эрийт).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ ВИННОКИСЛЫЙ (ГИДРОТАРТРАТ КАЛИЯ) калийдин гидротартраты ($KHC_4H_4O_6$ сууда эң начар эрүүчү ак кристаллдар. Спиртти кошкондо эригичтиги ого бетер төмөндөйт).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ ИОДНОВАТОКИСЛЫЙ (ГИДРОИОДАТ КАЛИЯ) калийдин гидроиодаты ($KH(JO_3)_2$ же $KJO_3 \cdot HJO_3$ кристаллдык зат, сууда эрийт).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ СЕРНИСТОКИСЛЫЙ (БИСУЛЬФИТ, ГИДРОСУЛЬФИТ КАЛИЯ) калийдин гидросульфити, калий бисульфити ($KHSO_3$ тунук кристаллдардан турган зат, сууда жакшы эрип, спиртте эрибейт).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ СЕРНИСТЫЙ (ГИДРОСУЛЬФИТ КАЛИЯ калийдин гидросульфиди (KHS ромба түрүндөгү кристаллдардан турган түссүз зат, $d=2,0$, $t_э=455°C$, сууда жакшы, спиртте начар эрийт).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (БИСУЛЬФАТ, ГИДРОСУЛЬФАТ КАЛИЯ) калийдин гидросульфаты ($KHSO_4$ кристалл түрүндөгү зат, $d=2,86$, сууда жакшы эрип, 600°С тан жогору ысытканда $H_2SO_4$ бөлүнүп чыгат да $K_2SO_3$ пайда болот).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (БИКАРБОНАТ, ГИДРОКАРБОНАТ КАЛИЯ) КАЛИЙДИН ГИДРОКАРБОНАТЫ (калий бикарбонаты) ($KHCO_3$ түссүз майда кристаллдардан турган зат, $d=2,17$, сууда эрип, спиртте эрибейт).

КАЛИЙ КИСЛЫЙ ЩАВЕЛЕВОКИСЛЫЙ (ГИДРООКСАЛАТ КАЛИЯ) калийдин гидрооксалаты ($KHC_2O_4 \cdot 0,5H_2O$ түссүз кристаллдык зат, суусуз $KHC_2O_4$ түн $d=2,088$).

КАЛИЙ КОБАЛЬТИАЗОТИСТОКИСЛЫЙ (КОБАЛЬТИНИТРИТ КАЛИЯ) калийдин кобальтинитрити ($K_3[Co(NO_2)_6]$ сары кристаллдар, сууда төмөнкү натыйжада эрийт: $K_3Co(NO_2)_6$ : $H_2O$ = 1:1000).

КАЛИЙ КРЕМНЕКИСЛЫЙ (СИЛИКАТ КАЛИЯ) калийдин силикаты ($K_2SiO_3 \cdot H_2O$ эрүүчү айнек, кремнеземдүү жегич калийге эритмеде пайда болот. Айнек сыяктуу аморфтук зат, сууда эрийт).

КАЛИЙ ЛИМОННОКИСЛЫЙ (ЦИТРАТ КАЛИЯ) калийдин нитраты ($C_6H_5O_7K_3H_2O$ түссүз кристаллдардан турган порошок, $d=1,98$; сууда эрип, спиртте начар эрийт).

КАЛИЙ МАРГАНЦОВИСТОКИСЛЫЙ калийдин марганаты ($K_2MnO_4$ ромба түрүндөгү кара-кочкул кызыл майда кристаллдар. Бир аз турганда эритменин түсү кызара баштап, $KMnO_4$ пайда болот).

КАЛИЙ МАРГАНЦОВОКИСЛЫЙ (ПЕРМАНГАНАТ КАЛИЯ) калийдин перманганаты ($KMnO_4$ кызгылт-көк түстөгү кристаллдар, $d=2,71$, сууда эрийт).

КАЛИЙ МЕТАБИСУЛЬФИТ калийдин метабисульфиди К. КАЛИЙ ПИРОСЕРНИСТОКИСЛЫЙ



КАЛИЙ МЕТАБОРНОКИСЛЫЙ (МЕТАБОРАТ КАЛИЯ) калийдин метабораты ($KBO_3$ кристаллдардан турган порошок, $t_э=947°C$, сууда эрийт).

КАЛИЙ МЕТАФОСФОРНОКИСЛЫЙ (МЕТАФОСФАТ КАЛИЯ) калийдин метафосфаты ($KPO_3$ тунук катуу зат, $d=2,893$, сууда аз эрийт).

КАЛИЙ МЕТИЛСЕРНОКИСЛЫЙ (МЕТИЛСУЛЬФАТ КАЛИЯ) калийдин метилсульфаты ($KCH_3SO_4 \cdot 0,5H_2O$ түссүз, майда, абада сууланып кетүүчү кристаллдардан турган зат).

КАЛИЙ МОЛИБДЕНОВОКИСЛЫЙ (МОЛИБДАТ КАЛИЯ) калийдин молибдаты ($K_2MoO_4 \cdot 5H_2O$ майда кристаллдардан турган ак порошок, $d=2,8$, $t_э=919°C$; сууда эрип, спиртте эрибейт).

КАЛИЙ МЫШЬЯКОВИСТОКИСЛЫЙ (АРСЕНИТ КАЛИЯ) калийдин арсенити ($K_3AsO_3$ түссүз кристаллдардан турган уу зат).

КАЛИЙ МЫШЬЯКОВОКИСЛЫЙ (АРСЕНАТ КАЛИЯ) калийдин арсенаты ($K_3AsO_4$ түссүз кристаллдардан турган уу зат, сууда, спиртте эрийт).

КАЛИЙ НАДСЕРНОКИСЛЫЙ (ПЕРСУЛЬФАТ КАЛИЯ) калийдин персульфаты ($K_2S_2O_8$ сууда начар эриген түссүз кристалл, ал күчтүү кычкылдандычтардан болуп саналат. Ысытуу абада ажырап, $KHSO_4$ ту пайда кылат, $d=2,477$).

КАЛИЙ НАДУГЛЕКИСЛЫЙ (ПЕРКАРБОНАТ КАЛИЯ) калийдин перкарбонаты ($K_2C_2O_6 \cdot H_2O$ көк түстөгү зат, ысытканда CO жана $O_2$ ге ажырайт да сууда гидролизденет).

КАЛИЙ НАДУРАНОВОКИСЛЫЙ (ПЕРУРАНАТ КАЛИЯ) калийдин перуранаты ($K_2UO_5 \cdot 8H_2O$ кызыл түстөгү кристаллдык зат, сууда жана HCl до ажырайт).

КАЛИЙ НАТРИЙ ВИННОКИСЛЫЙ (ТАРТРАТ КАЛИЯ НАТРИЯ) калийдин

тартраты , сегнет тузу ( $KNaC_4O_6 \cdot 4H_2O$ түссуз кристалл, 70-80°С та өзүнүн кристаллизациялык суусунда эрийт. 100°С та моногидратка $KNaC_4H_4O_6 \cdot H_2O$ өтөт да 180°С та суусун такыр жоготот. Бул таза сууда жакшы эрип, спиртте эрибейт).

Калий оловяннокислый (станнат калия) калийдин станнаты ($K_2SnO_3 \cdot 3H_2O$ түссүз, ромба түрүндөгү кристаллдардан турган зат, $d = 2,197$; сууда эрип, спиртте эрибейт).

Калий пальмитиновокислый (пальмитинат калия) калийдин пальмитинаты ($C_{15}H_{31}COOK$, кристаллдардан турган ак зат).

Калий пироборнокислый (пирборат, тетраборат калия) калийдин пирбораты ($K_2B_4O_7 \cdot 5H_2O$ же $K_2O \cdot 2B_2O_3 5H_2O$ порошок, сууда эрийт).

Калий пиросернистокислый (пиросульфит калия) калийдин пиросульфити ($K_2S_2O_5$ кристаллдардан турган жалтыраң ак зат, $d = 2,8$, сууда эрип, спиртте эрибейт).

Калий пиросернокислый (пиросульфат калия) калийдин пиросульфаты ($K_2S_2O_7$ түссүз кристаллдык порошок же тунук кристаллдардан турган зат, $d = 2,277$, $t_э = 325°C$ сууда эрип, ысык сууда ажырайт).

Калий пиросурьянокислый (калий дигидроантимонат) калийдин дигидроантимонаты ( $K_2H_2Sb_2O_7 \cdot 4H_2O$ , майда кристаллдардан турган ак порошок, муздак сууда начар, ысык сууда жакшыраак эрийт).

Калий пирофосфорнокислый (пирофосфат калия) калийдин пирофосфаты ( $K_4P_2O_7 \cdot 3H_2O$ түссүз кристаллдык порошок, $d = 2,83$; сууда эрип, спиртте эрибейт).



Калий роданистый (роданид калия) калийдин роданиды (KCNS түссүз кристаллдар түрүндө кездешет, $d = 1,9$ жана $t_э = 161°C$, сууда абдан жакшы эрийт. Кездемелерди боёдо колдонулат).

Калий сернистокислый (сульфит калия) калийдин сульфити ($K_2SO_4 \cdot 2H_2O$ түссүз кристаллдык порошок, сууда жакшы, спиртте начар эрийт да, ысытканда ажырап кетет).

Калий сернистый (сульфид калия) калийдин сульфиди ($K_2S \cdot 5H_2O$ сууну өзүнө тартып алгыч кристаллдык ак порошок, $t_э = 192°C$, $d = 1,74$; сууда абдан жакшы эрийт).

Калий сернокислый (сульфат калия) калийдин сульфаты ($K_2SO_4$ ромба түрүндөгү кристаллдар, $d = 2,67$, $t_э = 1074°C$; сууда оңтоо эрип, спиртте дээрлик эрибейт).

Калий танталовокислый (танталат калия) калийдин танталаты ($4K_2O \cdot 8Ta_2O \cdot 16H_2O$ сууда жакшы эрийт).

Калий тетрахлороплатинат калийдин тетрахлороплатинаты ($K_2[Pt(Cl_4)]$) кызыл кристаллдар же ачык кызыл порошок түрүндө кездешет. Сууда начар эрип, спиртте эрибейт).

Калий тетращавелевокислый (тетраоксалат калия) калийдин тетраоксалаты ($KHC_2H_4 \cdot H_2C_2O_4 \cdot 2H_2O$ түссүз кристаллдык зат, сууда начар эрийт).

Калий тиосернокислый (тиосульфат калия) калийдин тиосульфаты ( $K_2S_2O_3 \cdot 1,5H_2O$ сууда эрүүчү түссүз кристаллдык сууну өзүнө тартып алгыч зат).

Калий тиоуглекислый (тиокарбонат калия) калийдин тиокарбонаты ( $K_2CS_3$ сууда жана спиртте эрүүчү кристаллдык, сууну өзүнө тартып алгыс зат).

КАЛИЙ ТИТАНОФТОРИСТЫЙ (ФТОРОТИТАНАТ КАЛИЯ) калийдин фторотитанаты ($K_2TiF_6 \cdot H_2O$ сууда эригич түссүз кристаллдык зат).

КАЛИЙ ТРИТИОНОВОКИСЛЫЙ (ТРИТИОНАТ КАЛИЯ) калийдин тритионаты ($K_2S_3O_6$ ачуу, даамдуу, түссүз кристалл. 30-40°С ка ысытканда $SO_2$ жана $K_2O_4$ бөлүнүп чыгат. 0°С та 100 г. сууда 8,14 г. $K_2S_3O_6$ эрийт, спиртте эрибейт).

КАЛИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ КАЛИЯ) калийдин карбонаты, шакар ($K_2CO_3$ сууну өзүнө тартып алгыч ак масса, $d$ =2,30, $t_э$=894°С, сууда жакшы эрийт).

КАЛИЙ УГЛЕРОДИСТЫЙ (КАРБИД КАЛИЯ) калийдин карбиди ($K_2C_2$ калийдин көмүртек менен болгон бирикмеси, ал калийди көмүр менен бирге ысытуудан алынат. $K_2C_2$ кристаллдык катуу зат, өтөт жогорку температурада эрийт).

КАЛИЙ УКСУСНОКИСЛЫЙ АЦЕТАТ КАЛИЯ) калийдин ацетаты ($CH_3COOK$ ак кристаллдык порошок, $t_э$=292°С, $d$ =1,8; сууда жана спиртте, эрип, эфирде эрибейт).

КАЛИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ДВУЗАМЕЩЕННЫЙ (ГИДРОФОСФАТ КАЛИЯ) калийдин гидрофосфаты ($K_2HPO_4$ ысытканда ажыроочу ак кристаллдык порошок, сууда жана спиртте эрип, абада сууланып кетет).

КАЛИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ОДНОЗАМЕЩЕННЫЙ (ДИГИДРОФОСФАТ КАЛИЯ) калийдин дигидрофосфаты ($KH_2PO_4$ тетрагоналдык кристаллдар, $d$=2,33 кычкыл даамы бар. Сууда эрип, спиртте эрибейт. 96°С та кристаллдар суюктукка айланып, муздаганда калийдин метафосфатына -$KPO_3$ кө айланат).



КАЛИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ТРЕХЗАМЕЩЕННЫЙ (ФОСФАТ КАЛИЯ) калийдин фосфаты ($K_3PO_4 \cdot 8H_2O$, 45°С та эрүүчү, жалпак кристаллдар. Сууда жакшы эрийт).

КАЛИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД КАЛИЯ) калийдин фториди (KF, сууда жакшы эрүүчү кристаллдар, $d$ =2,48, $t_э$=846°С, суудагы эритмеси айнекти жеп жиберет).

КАЛИЙ ФТОРИСТЫЙ КИСЛЫЙ (ГИДРОФТОРИД КАЛИЯ) калийдин гидрофториди ($KHF_2$ же $KF \cdot HF$ кристалл түрүндөгү катуу масса. Кургак абада (ал түгүл вакуумдун алдында да) кислоталык касиетин жоготпойт. Сууга таасир эткенде, плавик кислотасы жана KF пайда болот).

КАЛИЙ ХЛОРИСТЫЙ калийдин хлориди (KCl жаратылышта минерал-сильвин түрүндө кездешет. KCl ду карналиттен-$KCl \cdot MgCl_2 \cdot H_2O$ ден алышат. Кристаллдары түссүз, $d$ =1,84, $t_э$=768°С).

КАЛИЙ ХЛОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ (ГИПОХЛОРИТ КАЛИЯ) калийдин гипохлорити (KClO, жегич калийдин эритмесине хлор жибергенде пайда болот да, хлордун жыты байкалат, Агарткыч касиетке эз).

КАЛИЙ ХЛОРНОВАТОКИСЛЫЙ (ХЛОРАТ КАЛИЯ) калийдин хлораты (Бертолет тузу, $KClO_3$ түссүз жалпак кристаллдар, $d$ =2,33, $t_э$=370°С, ысык сууда жакшы эрийт. Ширенке жасоо менен пиротехникада жана жарылгыч зат катарында колдонулат).

КАЛИЙ ХЛОРНОКИСЛЫЙ (ПЕРХЛОРАТ КАЛИЯ) калийдин перхлораты ($KClO_4$. Сууда аз эригич кристаллдык зат. 600°С ка чейин ысытканда KCl жана $O_2$ пайда болот: $KClO_4 = KCl + 2O_2$. $KClO_4$ өсүмдүктөр үчүн уу зат).

КАЛИЙ ХЛОРОПЛАТИНАТ калийдин хлороплатинаты ($K_2[PtCl_6]$ хлорплатинат кислотасынын тузу. Сары майда кристаллдар, сууда

эригичтиги температурага байланыштуу. Ысытканда калийдин хлоридине жана металл түрүнө платинага ажырайт).

КАЛИЙ ХРОМОВОКИСЛЫЙ (ХРОМАТ КАЛИЯ) калийдин хроматы ($K_2CrO_4$ хром кислотасынын тузу; сары түстөгү кристалл, күчтүү кычкылданткыч, $d$ =2,74, $t_э$= 975°C; сууда жакшы эрип, спирт менен эфирде эрибейт).

КАЛИЙ ЦИАНИСТЫЙ (ЦИАНИД КАЛИЯ) калийдин цианиди (KCN кристаллдык түссүз зат, сууда жакшы эрийт. Калийдин цианиди синиль кислотасындай өтө уу зат. Ал абанын кычкылтегинин катышуусунда алтынды жана күмүштү эритүүгө жөндөмдүү).

КАЛИЙ ЦИАНОВОКИСЛЫЙ (ЦИАНИТ КАЛИЯ) калийдин цианиди (KCNO кристаллдардан турган түссүз зат, сууда жакшы эрип, ысык сууда ажырайт).

КАЛИЙ ЩАВЕЛЕВОКИСЛЫЙ (ОКСАЛАТ КАЛИЯ) калийдин оксалаты ($K_2C_2O_4 \cdot H_2O$ ромбалык кристаллдардан турган зат, $d$ =2,18; ысытканда ажырап, сууда жакшы эрийт).

КАЛИМАГ (КАЛИМАГНЕЗИЯ) калимаг, калимагнезия ($K_2SO_4$ менен $MgSO_4$ заттарынын аралашмасы).

КАЛИФОРНИЙ калифорний (актиноиддердин катарына кирүүчү МС нын 98-элементи).

КАЛИЯ АЗИД калийдин азиди ($KN_3$ өзүнүн эригичтиги боюнча KCI го окшош, калийдин азиди натрийдин азидинен $NaN_3$ алынат).

КАЛИЯ АМИД калийдин амиди ( $KNH_2$ кристалл түрүндөгү зат. Ысытып эритилген калийдин үстүнен газ түрүндөгү аммиакты жибергенде $KNH_2$ пайда болот).

КАЛИЯ АММИАКАТЫ калийдин аммиакаттары (М.: $KJ \cdot 6NH_3$ бул зат $NH_3$ тын KJ жасаган таасиринен пайда болуп, сууда дароо ажырайт).



КАЛИЯ ГИДРАТ ОКИСИ (ЕДКОЕ КАЛИЯ) калийдин гидроксиди, жегичи (KOH ак катуу зат, сууну өзүнө тартып алгыч келет. Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн ткандарына, айнекке, фарфорго таасир эткенде жеп жиберет).

КАЛИЯ КАРБОНИЛ калийдин карбонили ($K_6C_6O_6$, аны алуу үчүн жогорку температурада жана жогорку басымда көмүртектин кычкылын калийге таасир этет).

КАЛИЙ МНОГОСЕРНИСТЫЙ СОЕДИНЕНИЯ (ПОЛИСУЛЬФИДЫ КАЛИЯ) калий полисульфиддери к. КАЛИЙ СЕРНИСТЫЙ

КАЛИЯ ОКИСЬ калийдин оксиди ($K_2O$ комнаттык температурада ак, борпоң порошок. Ысытканда саргарып кетип, суу менен эң тез реакцияга кирет, $d$ =2,88).

КАЛИЯ ПЕРЕКИСЬ калийдин өтө кычкылы ($K_2O_4$ сары түстөгү порошок, $t_э$=400°C, абада нымданып кетет. Абдан күчтүү кычкылданткыч, $KO_2$ калийди кычкылтекте (кычкылтекти ашыгы менен алганда) күйгүзгенде пайда болот).

КАЛИЯ ТРИХЛОРАМИНПЛАТИНАТ калийдин трихлораминплатинаты ($K[PtNH_3Cl_3]$. Комплекстүү бирикме, триацидомоноаминге кирет).

КАЛОМЕЛЬ каломель (сууда эрибеечү сымаптын хлориди $Hg_2Cl_2$, ал сызыктуу Cl-Hg-Hg-Cl түзүлүшүндөгү молекула, медицинада колдонулат).

КАЛОМЕЛЬНЫЙ ЭЛЕКТРОД каломель электроду (салыштырмалуу электрод, б.а. белгисиз электроддук потенциалды ага салыштыруу менен табууда колдонулуучу электрод. Анын электроддук потенциалы 0,8678 в го барабар жана температуранын өзгөрүшүнө кеп кез каранды эмес. Бул электрод амперометрияда потен-

циометрияда, электрохимиялык изилдөөлөрдө кеңири пайдаланылат).

КАЛОРИМЕТР калориметр (химиялык реакциялар жылуулукту бөлүп чыгаруу же өзүнө керектөө менен жүрөт жана ал калория менен өлчөнөт. Жылуулукту өлчөөчү прибор – калориметр).

КАЛОРИЧЕСКОЕ УРАВНЕНИЕ СОСТОЯНИЯ абалдын калориттик теңдемеси (бул термодинамикалык системанын ички энергиясынын Т-температурага, V- көлөмгө жана Х-заттын молдук үлүшүнө көз карандылыгын байланыштыруучу татаал дифференциалдык теңдеме; көпчөкөй функционалдык түрдө $\Delta U = f(T, V, X)$ деп көрсөтүүгө болот. Бул теңдеме $\Delta H = f(T, P, X)$ түрүндө да берилет; мында р-басым, ΔН- энтальпиянын маанисинин өзгөрүшү, $f$ -функциялык көз карандылык деген маанини түшүндүрүүчү математикалык белги).

КАЛЬЦИЙ кальций (МС нин көк металлдарынын катарына кирип, катар номери 20-элемент).

КАЛЬЦИЙ АЗОТИСТЫЙ (НАТРИД КАЛИЯ) кальцийдин нитриди ($Ca_3N_2$ бул бирикменин эки түрү бар: $\alpha - Ca_3N_2$ жана $\beta - Ca_3N_2$ алуу температурасына карата бул нитрид кара (850°С) көк сары (1150°С) түстө болот, $d$ =2,62, суу менен реакцияга киргенде $Ca(OH)_2$ жана $NH_3$ пайда болот).

КАЛЬЦИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ КАЛЬЦИЯ, НОРВЕЖСКАЯ СЕЛИТРА) кальцийдин нитраты ((Норвегия селитрасы; $Ca(NO_3)_2 \cdot 4H_2O$ призма түрүндөгү тунук кристаллдар, $d$ =1,82, $t_э$=42,5°С, абада нымданып кетет. Суусуз $Ca(NO_3)_2$ ак масса . . $d$ =2,4, $t_э$ =561°С).

КАЛЬЦИЙ БОРИСТЫЙ (БОРИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин борид



($CaB_6$ куб түрүндөгү кристаллдардан турган кара зат, $d$ =2,33; суюда эрибейт, $HNO_3$ те эрийт).

КАЛЬЦИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин бромиди ($CaBr_2 \cdot 6H_2O$ суусу жок кезде ак масса түрүндөгү зат. $t_э$ =860°С, касиети боюнча кальцийдин хлоридине окшош. Суюда жана спиртте жакшы эрийт).

КАЛЬЦИЙ ВОДОРОДИСТЫЙ кальцийдин гидриди ($CaH_2$ түссүз кристаллдар. Суу менен реакцияга кирип, суутекти сүрүп чыгарат, $d$ =1,90).

КАЛЬЦИЙ ВОЛЬФРАМОВОКИСЛЫЙ (ВОЛЬФРАМАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин вольфраматы ($CaWO_4$ жаратылышта шеелит минерали катарында кездешет, эч кандай аралашмасыз эле люминофор болуп эсептелет).

КАЛЬЦИЙ ЖЕЛЕЗИСТОСИНЕРОДИСТЫЙ (ФЕРРОЦИАНИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин ферроцианиди ($Ca[Fe(CN)_6]$ кристаллдык сары зат).

КАЛЬЦИЙ ЙОДИСТЫЙ (ЙОДИД КАЛИЯ) кальцийдин йодиди ($CaJ_2$, $d$ =4,9, $t_э$=70°С, көп касиеттери бромидге окшош. Суудагы эритмесинен $CaJ_2 \cdot 6H_2O$ пайда болот).

КАЛЬЦИЙ ЙОДНОВАТОКИСЛЫЙ (ЙОДАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин йодаты ($Ca(JO_3)_2 \cdot 4H_2O$, $d$ =4,59, күчтүү кычкылдандыгыч, кристалл түк зат, суюда эрип, спиртте аз эрийт, ысытуудан ажырайт).

КАЛЬЦИЙ КИСЛЫЙ МЫШЬЯКОВИСТОКИСЛЫЙ (ГИДРОАРСЕНИТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин гидроарсенити ($CaH \cdot AsO_4 \cdot 1,5\ H_2O$ же $2CaH \cdot AsO_4 \cdot 3H_2O$ суюда эрибес ак порошок).

КАЛЬЦИЙ КИСЛЫЙ СЕРНИСТОКИСЛЫЙ (БИСУЛЬФИТ, ГИДРОСУЛЬФИТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин гидросульфити ($Ca(HSO_3)_2$ бул целлюлоза өндүрүүдө пайдаланылат).

КАЛЬЦИЙ КИСЛЫЙ СЕРНИСТЫЙ кальцийдин гидросульфити (суудагы эритмесинен $Ca(HS)_2 \cdot 6H_2O$ түрдө кристаллдануучу, призма түрүндөгү түссүз зат, 15°С та ажырайт жана суу менен спиртте эрийт).

КАЛЬЦИЙ КИСЛЫЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (БИКАРБОНАТ, ГИДРОКАРБОНАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин гидрокарбонаты ($Ca(HCO_3)_2$ бул сууда көп болсо, суунун кордуулугу кебейет. Аны азайтуу үчүн сууну кайнатса, $Ca(HCO_3)_2$ карбонатка $CaCO_3$ өтүп кетет. Сууда, спиртте эригич ромба түрүндө кристаллдардан турган зат).

КАЛЬЦИЙ МОЛИБДЕНОВОКИСЛЫЙ (МОЛИБДАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин молибдаты ($CaMoO_4$, кристаллдардан турган ак зат, d =3,85, суу менен спиртте эрибейт, кислоталарда эрип, ысык сууда ажырайт).

КАЛЬЦИЙ МЫШЬЯКОВОКИСЛЫЙ (АРСЕНАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин арсенаты ($Ca_3(AsO_4)_2$ ак порошок, сууда эң аз эрип, суюлтулган кислоталарда да эрийт).

КАЛЬЦИЙ ОДНОЙОДИСТЫЙ кальцийдин иодиди ($CaJ_2$ кристаллдык зат).

КАЛОРИЯ БОЛЬШАЯ чоң калория (1000 г сууну 0°С тан 1°С ка чейин жылытканга кеткен жылуулуктун саны. Б.: ккал.).

КАЛОРИЯ МАЛАЯ кичине калория (1 г сууну 0°С тан 1°С ка чейин жылытканга кеткен жылуулуктун саны Б.: кал.).

КАЛЬЦИЙ ОДНОФТОРИСТЫЙ (МОНОФТОРИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин (I) фториди ($CaF_2$ кызгылт сары түстүү кристалл).

КАЛЬЦИЙ ОДНОХЛОРИСТЫЙ (МОНОХЛОРИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин (I) хлориди ($CaCl_2$ кызгылт көк түстүү кристалл).

КАЛЬЦИЙ СЕРНИСТОКИСЛЫЙ (СУЛЬФИТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин сульфити ($CaSO_3 \cdot 2H_2O$ сууда аз эриген кристаллдык ак порошок).



КАЛЬЦИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин сульфиди (CaS сууктукка өзүнөн өзү айланып кетүүчү порошок. Сапгич зат. d =2,18 сууда начар эрийт, к. КАЛЬЦИЙ МНОГОСЕРНИСТЫЕ СОЕДИНЕНИЯ).

КАЛЬЦИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ кальцийдин сульфаты ($CaSO_4$ каратылышта $CaSO_4 \cdot 2H_2O$ гипс түрүндө эң көп кездешет, аны 150÷170°С ысытканда ал өзүнүн кристаллизациялык суусунун $\frac{3}{4}$ үн жоготуп алебастрга ($2CaSO_4 \cdot H_2O$) айланат. Алебастрга сууну кошкондо, ал катып кайтадан гипс пайда болот).

КАЛЬЦИЙ СЕРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ (ТИОСУЛЬФАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин тиосульфаты ($CaS_2O_3 \cdot 6H_2O$ кристаллдарынан турган түссүз зат, d =1,872, сууда эрип, спиртте эрибейт, ысык сууда ажырап кетет).

КАЛЬЦИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин карбонаты ($CaCO_3$ каратылышта акиташ, бор жана мрамор түрүндө кездешет. Сууда аз эрип, ысытканда көмүр кычкыл газ жана кальцийдин кычкылын пайда кылат).

КАЛЬЦИЙ УГЛЕРОДИСТЫЙ (КАРБИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин карбиди ($CaC_2$ түссүз кристалл түрүндөгү масса, d =2,22, эриткичтердин эч биринде эрибейт. Ага сууну кошкондо ацетилен бөлүнүп чыгат. Кальцийдин карбидин алуу үчүн, электр мештеринде кокс менен бышырылган акиташты кошуп ысытышат).

КАЛЬЦИЙ УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин ацетаты ($Ca(CH_3COO)_2 \cdot H_2O$ ак порошок, сууда эрип, спиртте начар эрийт. Ысытуудан ажырайт).

КАЛЬЦИЙ ФОСФОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ (ГИПОФОСФИТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин гипофосфити ($Ca(H_2PO_2)_2$ кристаллдардан турган түссүз жалтырак порошок, сууда эрип, спиртте эрибейт, ысытуудан ажырайт).

КАЛЬЦИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ДВУЗАМЕЩЕННЫЙ (ГИДРОФОСФАТ КАЛЬЦИЯ, ПРЕЦИПИТАТ) кальцийдин гидрофосфаты, преципитат ($CaHPO_4$ ак түстөгү кошулма, суу эритмесинде көпкө турса, кристаллдарга айланат, анын составы $CaHPO_4 \cdot 2H_2O$. Кальцийдин гидрофосфаты толук фосфат сыяктуу эле сууда начар, кислоталарда жакшы эрийт).

КАЛЬЦИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ОДНОЗАМЕЩЕННЫЙ (ДИГИДРОФОСФАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин дигидрофосфаты ($Ca(H_2PO_4)_2 \cdot H_2O$ сууда жакшы эрийт, ал кальцийдин фосфатына кислота таасир кылуудан алынат. $Ca_3(PO_4)_2 + 2H_2SO_4 + 4H_2O = Ca(H_2PO_4)_2 + 2CaSO_4 \cdot 2H_2O$).

КАЛЬЦИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ТРЕХЗАМЕЩЕННЫЙ (ФОСФАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин фосфаты ($Ca_3(PO_4)_2$ оңул зат $CaF_2$ жана $CaCl_2$ менен бирге аппатит жана фосфорит түрүндө жаратылыштагы фосфордун кошулмаларынын негизги запастарын түзөт жана сууда начар эрийт. Спектрин составынан учурайт).

КАЛЬЦИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин фториди ($CaF_2$ ак порошок, 18°С'та 100 мл сууда 0,0015 г $CaF_2$ эрийт, $t_э$=1403°С, $d$=3,18, к. КАЛЬЦИЙ ОДНОФТОРИСТЫЙ).

КАЛЬЦИЙ ХЛОРНОВАТИСТОКИСЛЫЙ (ГИПОХЛОРИТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин гипохлорити ($Ca(ClO)_2$ көскин жыттуу абдан күчтүү кычкылдантыч, нымдуу абада көмүр кычкыл газынын таасиринен ажырап, $CaCO_3 + 2HClO$ ну пайда кылат).

КАЛЬЦИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД КАЛЬЦИЯ) кальцийдин хлориди ($CaCl_2 \cdot 6H_2O$; $CaCl_2$ сууну өзүнө тартып алгыч ак масса, $t_э$=780°С. Сууда эриткенде көп жылуулук бөлүнүп чыгат. $CaCl_2 \cdot 6H_2O$ призма түрүндөгү кристаллдар, $d$=1,65).

КАЛЬЦИЙ ЩАВЕЛЕВОКИСЛЫЙ (ОКСАЛАТ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин оксалаты



($CaC_2O_4$ куб түрүндөгү кристаллдардан турган түссүз порошок, $d$=2,2 суу менен уксус кислотасында эрибейт, туз жана азот кислоталарында эрийт).

КАЛЬЦИТ кальцит ($CaCO_3$ жаратылышта көп учуроочу минерал).

КАЛЬЦИЯ АЗИД кальцийдин азиди ($Ca(N_3)_2$ 110°С та акырай баштап, сууда жакшы эрийт).

КАЛЬЦИЯ АММИАКАТ кальцийдин аммиакаты ($[Ca(NH_3)_6]Cl_2$, $[Ca(NH_3)_8]SO_4$ кристалл түрүндөгү заттар; туруктуулугу ж.б. касиеттери боюнча кристаллогидраттарга окшош, комплекстик кошулмалардын катарына кирет).

КАЛЬЦИЯ ГИДРАТ ОКИСИ кальцийдин гидроксиди ($Ca(OH)_2$ өчүрүлгөн акиташ. Борпоң, аморфтук порошок, $d$=2,08).

КАЛЬЦИЯ КАРБОНИЛ кальцийдин карбонили ($Ca(CO)_2$ катуу зат).

КАЛЬЦИЙ КРЕМНИСТЫЕ СОЕДИНЕНИЯ (СИЛИЦИДЫ КАЛЬЦИЯ) кальцийдин силициддери ($CaSi_2$, $CaSi$, $Ca_2Si_3$, $CaSi_4$).

КАЛЬЦИЙ МНОГОСЕРНИСТЫЕ СОЕДИНЕНИЯ кальций полисульфиддери (формуласы: $CaS_n$).

КАЛЬЦИЯ ОКИСЬ кальцийдин оксиди ($CaO$, $t_э$=2572°С, $d$=3,85, суу менен кошулуп гидроксидин пайда кылат).

КАЛЬЦИЯ ПЕРЕКИСЬ кальцийдин пероксиди ($CaO_2$ ак түстөгү зат. Кислота менен таасир кылганда суутекти бөлүп чыгаруу менен ажырайт).

КАЛЬЦИЯ ЦИАНАМИД кальцийдин цианамиди ($Ca(CN)_2$, түссүз кристаллдар, $t_э$=1200°С, суунун таасири астында ажырандын менен акырай баштап, эритмесин 70°С ка чейин ысытканда мочевина пайда болот).

КАЛЮТРОН калютрон (урандын изотопторунан ажыратып алуучу курал).

КАМЕННАЯ СОЛЬ таш туз ( $NaCl$ – галит жаратылышта кеңири таркалган, $d = 2,17$, $t_э = 800°C$).

КАМЕННОУГОЛЬНАЯ СМОЛА таш көмүр чайыры (таш көмүрдөн коксту алганда, кошумча зат катарында таш көмүр чайыры пайда болот. Андан бензол, толуол ж.б. органикалык заттарды алууга болот).

КАМЕРНАЯ КИСЛОТА камера кислотасы (күкүрт кислотасын камера жолу менен алууда, камераларда 65 % түү $H_2SO_4$ пайда болот. Бул кислоталарда коргошун жана мышьяк аралашмасы учурайт).

КАМФОРА камфора (дүң формуласы: $C_{10}H_{16}O$ го туура келген полициклдүү органикалык кошулма. Эгерде бул молекуладагы кычкылтектин жалгыз атомун эки суутекке алмаштырсак, камфан деп аталуучу зат пайда болот).

КАНАЛОВЫЕ ЛУЧИ канал нурлары же аноддук нурлар (канал нурлары трубкага толтурулган газдардын оң заряддалган бөлүкчөлөрүнүн (иондорунун) агымы болуп саналат).

КАНИФОЛЬ канифоль (гартус, катуу чайыр, трепетинди иштеткенде суунун буусу менен скипидар учуп кетип, канифоль калып калат).

КАОГЕЛИ каогелдер (суюктуктан тунуп, бөлүнүп чыккан килкилдек чөкмөлөр, булар гидрофобдук золдор, м.: темирдин гидроксиди ж.б.).

КАОЛИН каолин ($Al_2O_3 \cdot 2SiO_2 \cdot 2H_2O$ ак түстөгү таза каолин. Чопо негизинен каолинден турат. Каолин талаа шпатынан пайда болушу мүмкүн: $2K[AlSi_3O_8] + 7H_2O = Al_2[Si_2O_5](OH)_4 + 4H_2SiO_3 + 2KOH$



Температуранын жогорулашы, басымдын көбөйүшү каолиндин пайда болушун тездетет).

КАПЕЛЬНАЯ МОДЕЛЬ ЯДРА ядронун тамчыга окшош модели (кыскача ядронун тамчылык модели, бул модель боюнча ядронун формасы суюктуктун тамчысына окшош келип, беттик тартылыштын негизинде шар формасын алып жүрөт. Андыктан ал деформацияланууга жана бөлүнүүгө дуушар боло алат. Биринчи жолу бул моделди Н.Бор сунуш кылган).

КАПЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ тамчылык анализ (бул суюктуктун өңүнүн өзгөрүшүнө же түстүү чөкмөлөрдүн пайда болушуна негизделген. Изилденген зат сүзгүч кагазына же айнек, фарфор пластинкаларына тамызылат да ага реактив кошулат. Пайда болгон өңгө жараша тигил же бул заттын бар же жок экендиги жөнүндө айтылат).

КАПИЛЛЯРНАЯ КОНДЕНСАЦИЯ капиллярдык конденсация (адсорбциянын же кандайдыр бир башка кубулуштардын натыйжасында кичинекей тешиктерге, оюктарга (жалпысынан капиллярларга) заттар кирген учурда, ошол жерлерде алардын буусунун басымынан төмөн болуусуна байланыштуу, конденсация кубулушу пайда болуп, зат суюктукка же кээде катуу абалга өтөт).

КАПИЛЛЯРНО-АКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА капиллярдык активдүү заттар (суюктукка кошкондо анын беттик илешкектигин төмөндөтүүчү заттар; к. ПОВЕРХНОСТНО АКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА).

КАПИЛЛЯРНО-ИНАКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА капиллярдык инактивдүү заттар (суюктукка кошкондо, анын беттик илешкектигин жогорулатуучу заттар).

КАПИЛЛЯРНЫЕ ЯВЛЕНИЯ капиллярдык кубулуштар (капиллярдын ичке түтүнчө же эң жука тоола) (эки заттын беттик тилкеси чегеринде, беттик аракеттенишүүлөрдүн натыйжасында байкалган кубулуштар).

КАРБАМИД (МОЧЕВИНА) карбамид (мочевина) к. МОЧЕВИНА

КАРБАМИДИН карбамидин к. ГУАНИДИН

КАРБАНИОНЫ карбаниондор (б.а. $R_1R_2R_3C^-$ тибиндеги аниондор. Мында $R_1$, $R_2$ жана $R_3$ ар түрдүү радикалдар).

КАРБЕНЫ карбендер (эки валенттүү көмүртектин коңулмалары, булар негизинен реакция аралык бирикмелер. М.: $:CR_1R_2$; жөнөкөйүү белгилүү дифторметил – $:CF_2$, суюк бир топто жашай алат).

КАРБИДЫ карбиддер (жогорку температурада көмүртек кээ металлдар менен бирикмесинде пайда болгон коңулмалар. Кээлери боюнча нитриддерге окшош. Эң бир эритмелерде эрийт).

КАРБИЛАМИНЫ (ИЗОНИТРИЛЫ) карбиламиндер (изонитрилдер) (өзгө үч сүйүктүү, изонитриллерде карбиламиндерде алкилдер азот менен байланышпай, м.: CH—N≡C).

КАРБИНОЛ карбинол к. МЕТИЛОВЫЙ СПИРТ

КАРБОДИИМИД карбодиимид к. ДИИМИД

КАРБОКСИЛДИК ТОБУ карбоксил тобу ($-C\langle{O \atop OH}$ бир валенттүү радикал. Мындай тобу бар бирикмелер органикалык же карбон кислоталары деп аталат).

КАРБОКСИЛДИК КИСЛОТА карбон кислотасы (формул, к. ФОРМУЛ).

КАРБОКСИЛДИК ТОПТО карбон тобу (эки молекуланын диполдук кислороддон болуучу чагылуу зат, $C_6H_5-\overset{O}{\overset{\|}{C}}-C_6H_5$; $t_{пл}$ 48,5°C).

КАРБОН карбон к. УГЛЕРОД



КАРБОНАТЫ карбонаттар (каратылыштагы кенен таралган минералдар. М.: Бор, мрамор, акиташ (кальцийдин карбонаттары $CaCO_3$); магнезит – $MgCO_3$, малахит $CaCO_3 \cdot Cu(OH)_2$ ж.б.).

КАРБОНИЙДИК ИОНДОР карбоний иондору (б.а. $R_1R_2R_3C^+$ тибиндеги катиондор. М.: $C_6H_5-C^{C_6H_5}_{C_6H_5}$ трифенилметилкарбоний ону, к. КАРБАНИОНЫ).

КАРБОНИЛДЕР МЕТАЛЛОВ металлдардын карбонилдери (металлдардын карбонил тобу- CO менен түзгөн бирикмелери. М.: $Fe(CO)_5$, $Ni(CO)_4$, $V(CO)_6$, $Cr(CO)_6$, $Re_2(CO)_{10}$ ж.б. катуу заттар. Металл менен байланышуу көбүнчө донор – акцепторлук же семиполярдык механизмде ишке ашат да, буларда металл нол кычкылдануу даражасына ээ болуп турат).

КАРБОНИЛЬНАЯ ГРУППА карбонил тобу (=C=O, бул радикал альдегиддин жана кетондордун молекулаларында кездешет).

КАРБОРОНЫ карборандар к. БОРОУГЛЕРОДЫ

КАРБОРУНД карборунд же кремнийдин карбиди (SiC, түссүз кристаллдар. Катуулугу боюнча алмаздан кийинки орунда турушат).

КАРБОСИЛАНЫ карбосиландар (молекуласында $-\overset{|}{Si}-\overset{|}{C}-\overset{|}{Si}-$ топтору бар кремний органикалык коңулмалар, б.а. булардын чынжырдык тулкусу көмүртек менен кремнийдин атомдорунун карбосиландык байланышы аркылуу биригишет, к. КАРБОСИЛАНОВАЯ СВЯЗЬ).

КАРБОСИЛАНОВАЯ СВЯЗЬ карбосилан байланышы (кремний органикалык коңулмадагы негизги чынжырдагы C–Si байланышы; бул байланыш карбосиландардын эригичтигин, серпилгич жана ийилгичтигин мүнөздөйт).

[illegible] (измерение коллоид[illegible] менен металлдарда, ошондой кычкылдарда кальций келтирип алуу. Бул металлургия өнөр жайында бир методду. Ал болочо сапатташуу жайын аныктайт (м.: темир, кез,мыс, коргошун) металлар алынат).

[illegible] (коллоидные) соединения кальция (по названию) коллоиды (органикалык бул коллоидалык эритмелерине жогорулоо аныктоонун түрлөө каалоо жана шарттар бар. Бул класс азыркы заман белгилөө: 1. алюминий коллоиды; силикаттар жана ага окшош заттарда силикон болуучу заттардын бары кирет; 2. органикалык коллоиды; животных өсүмдүктөрдө жана клеткалык түрлө заттар кирет).

Каолинит каолинит ($Al_2Si_2O_5(OH)_4$ минерал. Ал ууга кошулат, фарфор өндүрүшүндө кең колдонулат).

Каолин каолин ($K_2O \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2 \cdot 2H_2O$ минерал).

Кара кычкыл Кычкыл кычкылтек ($H_2SO_4$- күчтүү минералдык кислота; $t_{кай}$ =315°С ге жогору ал түссүз майлуу суюктук).

Кара көмүр ($C_nH_n$ көмүрдүн негизги, карбонизацияланган. Кычкылтек менен кошулганда көмүр кычкыл).

Кремний кислота ($H_2SiO_3$ кремний түзүлүшүнө ээ кислоталар кычкылтек сыяктуу кычкыл, кычкыл кислота кристаллдар, үлгүлөрдүлүгүнө кирет).

Кремний кислотасы (кремнийдин кычкыл кислотасы, 1. кислота).

Кремнийдин кычкылы ($SiO_2$, минерал, кальцийдин ал



маанилүү кени. Бул минерал гранаттын арасында же кум менен чопонун аралашмасы түрүндө кездешет).

КАСТРОВОЕ МАСЛО касторка майы (өсүмдүктөрдүн уругунда кездешет. Техникада сүрүлүүнү азайтуучу майлагыч катарында, самын өндүрүшүндө, ализарин боёгун алууда жана медицинада колдонулат).

ОХЛАЖДАЮЩИЕ СМЕСИ муздатуучу аралашмалар(балкып эрүүдө же жен эле суюктуктарда эрүү учурунда жылуулукту сарптагандыктан, чөйрөнүн температурасын төмендетүүчү катуу же суюк (ошондой эле суюк жана катуу) заттардын аралашмасы.
М.: $H_2O + NH_4Cl$ (-3,4°C), $H_2O + CaCl_2$ (-12°C), МУЗ + NaCl (-21°C) ж.б.).

## П

ПАЙРЕКС (ПИРЕКС) пайрекс (механикалык таасирге жана температурага чыдамдуу айнек).

ПАЛЛАДИЙ палладий (МСнын 46-элементи, платиналык металлдарга кирет).

ПАЛЛАДИЙ ИОДИСТЫЙ (ИОДИД ПАЛЛАДИЯ) палладийдин иодиди

($PdJ_2$ жогорку температурада ажырап, сууда эрибейт).

ПАЛЛАДИЙ (II) СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД ПАЛЛАДИЯ) палладийдин (II) сулфиди ($PdS$ кара түстөгү зат. Сууда жана туз кислотасында эрибей, падыша арагында гана эрийт).

ПАЛЛАДИЙ (II) ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД ПАЛЛАДИЯ) палладийдин (II) хлориди ($PdCl_2$ күңүрт-кызыл түстөгү, куб түрүндөгү кристаллдардан турган сууда эрибөөчү зат).

ПАЛЛАДИЙ (II) ЦИАНИСТЫЙ (ЦИАНИД ПАЛЛАДИЯ) палладийдин (II) цианиди ($Pd(CN)_2$ саргыч ак зат. HCN , KCN жана $NH_4OH$ та эрийт).

ПАЛЛАДИЕВАЯ ЧЕРНЬ палладий кара (кара түстөгү металлдан турган порошок).

ПАЛЛАДИЯ АММИАКАТЫ палладийдин аммиакаттары ( $[Pd(NH_3)_4X_2]$ жана $[Pd(NH_3)_2X_2]$ тибиндеги комплекстик бирикмелер).

ПАЛЛАДИЯ ГИДРАТ ОКИСИ палладийдин гидрооксиди ($Pd(OH)_2$ күңүрт зат болуп, суусун ажырындап коготуп отуруп, карарып калат. Кислоталар менен күчтүү щелочто гана эрийт).

ПАЛЛАДИЯ ДИАЦИДОДИАМИНЫ палладийдин диацидодиаминдери: $[Pd(NH_3)_2Cl_2]$, $[Pd(NH_3)_2Br_2]$, $[Pd(NH_3)_2C_2O_4]$.

ПАЛЛАДИЯ ОКИСЬ палладийдин оксиди ($PdO$ жогорку температурада ажырагыч кара түстүү зат. Кислоталарда бир азыраак эрийт, $PdO_2$ да кара түстө болот).

ПАЛЛАДИЯ ТЕТРАМИНЫ палладийдин тетраминдери ($[Pd(NH_3)_4]X_2$, $[Pd(NH_3)_4En]_2$ En – этилендиамин, к. ТЕТРАМИН).

ПАЛЬМИТИНОВАЯ КИСЛОТА пальмитин кислотасы ($CH_3-(CH_2)_{14}-COOH$ май сыяктуу катуу зат. Спиртте, эфирде жана хлороформдо гана эрийт).



ПАНДЕРМИТ пандермит ($Ca_2B_6O_{11}\cdot 5H_2O$ минерал. Полиборит кислотасынын тузу).

ПАРА ($\pi$) ПОЛОЖЕНИЕ пара ($\pi$) абал (орун)

ПАРАЛЛЕЛЬНЫЕ РЕАКЦИИ жанаша (жандаш) жүрүүчү реакциялар (бир эле учурда эки же андан көп реакциялардын бирге жүрүшүн баяндайт.

М.:  к.у.с.).

ПАРАМАГНИТИЗМ парамагнитизм к. ПАРАМАГНИТНЫЕ ВЕЩЕСТВА

ПАРАМАГНИТНЫЕ ВЕЩЕСТВА парамагниттүү заттар (молекуласында же атомунда жалгыз электрондору болгондуктан, өздүк магниттик моментке ээ заттар. Алар начар да болсо магнитке тартылышат).

ПАРАМЕТРЫ РАСЩЕПЛЕНИЯ ажыроонун параметрлери (комплекстүү кошулмаларда жогорку энергиялуу $E_g$ орбиталы менен төмөнкү энергиялуу $T_{2g}$ орбиталынын ортосундагы айырманы билдирүүчү параметр. Бул айырма комплекстин туруктуулугун мүнөздөйт, к. ЭНЕРГИЯ СТАБИЛИЗАЦИИ КРИСТАЛЛИЧЕСКИМ ПОЛЕМ).

ПАРАМЕТРЫ ИНТЕНСИВНОСТИ СИСТЕМЫ системанын интенсивдүү параметрлери к. ИНТЕНСИВНЫЕ ПАРАМЕТРЫ СИСТЕМЫ

ПАРАМЕТРЫ СОСТОЯНИЯ СИСТЕМЫ системанын абалдык параметрлери (термодинамикалык системанын абалын мүнөздөөчү чондуктар. Алар басым, температура, көлөм, концентрация ж.б.).

ПАРАМЕТРЫ ЭКСТЕНСИВНОСТИ СИСТЕМЫ системанын экстенсивдүү параметрлери (термодинамикалык системадагы заттардын массасына жана анын болуктөлүүнүн санына көз каранды болгон параметрлер. М.: көлөм, концентрация ж.б.).

ПАРИЖСКАЯ ЗЕЛЕНЬ париж жашылы к. МЕДЬ УКСУСНОМЫШЬЯКОВИСТОКИСЛАЯ .

ПАР НАСЫЩЕННЫЙ каныккан буу (берилген темпаратурада суюктук менен тең салмактуулукта турган буу. Мында суюктуктан бууланып чыккан молекулалардын саны конденсацияланып жаткан молекулалардын санына барабар).

ПАРЦИАЛЬНАЯ МОЛЬНАЯ ЭНЕРГИЯ ГИББСА Гиббстин өлчөмдүк мольдук энергиясы (б.а. химиялык потенциал, к. ХИМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ).

ПАРЦИАЛЬНОЕ ДАВЛЕНИЕ өлчөмдүк басым (б.а. системадагы басымдын кандайдыр бир үлүшү же өлчөмү Б: бар, атм, кг/см$^2$ ж.б.с.)

ПАССИВИРУЮЩИЕ АГЕНТЫ пассивдөөчү агенттер к. ПАССИВНОСТЬ МЕТАЛЛОВ

ПАССИВНОСТЬ МЕТАЛЛОВ металлдардын пассивдүүлүгү (кайсы бир металлдардын сыртки жака оксиддик же башка кабыкчалар менен капталып коррозияга жана сыртки чөйрөнүн таасирине активсиз болуп калышы. Металлдардын мындай касиеттери пассивдүүлүк деп, аларга пассивдүүлүктү берүүчү заттар пассивдөөчү агенттер деп аталат).

ПЕЛАРГОН пеларгон (формуласы: $[-NH(CH_2)_8CO-]_n$ жооп берген полиамиддик полимер, $t_э$=170÷182°С; ал ар кандай механикалык деформацияга абдан чыдамдуу материал).

ПЕНИЦИЛЛИН пенициллин (пенициллиум деп аталуучу кээ бир желелик микробдордон пайда болуучу антиботик. Азырки кезже пенициллиндин бир канча түрлөрү бар экендиги белгилүү. Анын составына эки аминокислота – диметилцистеин менен ацетилсериндеи турган ядро кирет, аны дипептид сыяктуу кароого да болот.



Ал курган учукка, ангинага ж.б. каршы колдонулат).

ПЕННАЯ ФЛОТАЦИЯ көбүктөр аркылуу флотациялоо (көбүк пайда кылуучу заттарды кошуп, алардын көбүктөрүнүн жардамы менен кандайдыр бир заттарды суспензиядан (пульпадан) флотациялап бөлүп алуу. Бул кендерди байытуунун бир методу).

ПЕНОПЛАСТЫ көпшөк пластмассалар(полистирол, полиуретан сыяктуу полимерлердин ката элек жумшак учурунда, аларга газдарды (м.: $CO_2$, $NH_3$ , аба ж.б.) үйлөтүү менен көбүртүп, көпшөк абалга айландырылган соң катырылган пластмассалар. Алар жылуулук, электр тогуна жана үн өткөрбөөчүлүк касиеттерге ээ келишет).

ПЕНТАХЛОРОМОНОАМИН ПЛАТЕАТЫ пентахлоромоноамин платеаттары (пентацидомоноамин тибиндеги комплекстик бирикмелер, м.: $K[Pt(NH)Cl_5]$ ).

ПЕНТАЦИДОМОНОАМИНЫ пентацидомоноаминдер (комплекстик татаал кошулмалар. Жалпы формуласы: $[MeAx_5]$, бул ион анион же катиондун ролун аткарышы мүмкүн).

ПЕНТОНОВАЯ КИСЛОТА пентон кислотасы к. ЛЕВУЛИНОВАЯ КИСЛОТА

ПЕПТИДНАЯ СВЯЗЬ пептиддик байланыш (пептиддик -CO—NH- топтору аркылуу түзүлгөн химиялык байланыштын түрү. Муну суутектик байланыш катары кароого да мүмкүн).

ПЕПТИЗАЦИЯ пептизация (коллоиддик чөкмөнү эритмеге -золго өткөзүш. Бул көбүнчө электролиттерди кошуу менен жүрөт. Кошулган заттар – электролиттер пептизаторлор деп аталат).

ПЕПТОНЫ пептондор(белоктордун гидролизинен пайда болгон заттар. Алар кадимки биурет, бирок бардык эле туздардан чөгө бербейт).

ПЕР пер (I. кошулманын молекуласында эң жогорку кычкылдануу санына ээ атом бар экенин мүнөздөөчү колдонулат да, алардын атына кошула айтылат. (м.: перманганат $KMnO_4$, перхлорат $KClO_4$ ж.б.); 2. молекулада пероксид топторунун бардыгын көргөзүүдө колдонулат. М.: персульфат - $K_2S_2O_8$ ж.у.с.; 3. органикалык кошулмалардагы суутектин атому башка бир атомдорго толук алмашканын баяндоодо пайдаланылат. М.: перхлорбензол $C_6Cl_6$ ж.у.с.; 4. эселик байланыштын толук гидрленишин көрсөтүүдө айтылат. М.: пергидрофенантрен).

ПЕРБОРАТЫ пербораттар (перборат кислотасынын туздары, м.: $NaBO_4 \cdot 4H_2O$ ; кездемелерди, жибектерди агартуу үчүн колдонулат).

ПЕРВИЧНАЯ СТРУКТУРА БЕЛКА белоктун биринчилик структурасы(бул аминокислоталык калдыктардын полипептиддик чынжырга белгилүү бир иреттүүлүктө байланышын жана белоктордун аминокислоталык составын мүнөздөйт).

ПЕРВИЧНЫЕ РАДИКАЛЫ биринчилик радикалдар (б.а. углеводороддук бир радикал аркылуу байланышкан эркин валенттүүлүккө ээ көмүртектик атом. М.: $R-CH_2-$

Эгерде эркин валенттүү көмүртектин атому, эки углеводороддук радикал менен байланышса вторичный радикал - экинчилик радикал пайда болот. М.: $R-\overset{|}{C}H-R$. Ал эми үч радикал аркылуу байланышууда третичный радикал - үчүнчүлүк радикал түзүлөт:

$$R-\overset{|}{\underset{|}{C}}-R$$



Буларга илайык биринчилик, экинчилик жана үчүнчүлүк спирттер, аминдер ж.б. органикалык заттар пайда болушат.

спирттер: $R-CH_2OH$ $R-\overset{|}{C}H-OH$ ($R$) $R-C-OH$ ($R$)

аминдер: $R-NH_2$ $R>NH$ $R>N$ ($R$)

биринчилик экинчилик үчүнчүлүк).

ПЕРГИДРОЛЬ пергидроль (суутектин өтө кычкылынын суудагы 30%-түү эритмеси).

ПЕРГОНКА буулантып бөлүү, айдоо (заттарды кайнатып буугa айлантып, кайтадан муздатып суюк түрүнө айлантып бөлүп алуу, м.: мындай ыкма пайдалануда нефтиден түрдүү заттар алынат).

ПЕРГОНКА НЕФТИ нефтини буулантып бөлүү (ысытуу жолу менен нефтинин составдык бөлүктөрүн өздөрүнчө ажыратуу же фракцияларга бөлүү).

ПЕРЕКРЫВАНИЕ ОРБИТАТЕЛЕЙ орбиталдардын кабышуусу ж.ПЕРЕКРЫВАНИЕ ЭЛЕКТРОННЫХ ОБЛАК.

ПЕРЕКРЫВАНИЕ ЭЛЕКТРОННЫХ ОБЛАК электрондук булутчалардын өз ара кабышуусу (электрондук булутчалардын бири-бири кабуусу, электрондук спиндер карама-каршы болгон учурда гана пайда болот. Мында булутчалар бири-бирине кирип калгандай абалга келет да, ядролор арасындагы аралык азаят).

ПЕРЕНОС РЕАКЦИОННОГО ЦЕНТРА реакциялык борборду көчүрүү (молекуладагы реакцияга активдүү атомдун ролун башка бир атомго которуу).

ПЕРЕНОС ЭНЕРГИИ энергиянын кечүрүлүшү,берилиши (энергиянын бир системадан экинчиге берилиши, к. МИГРАЦИЯ ЭНЕРГИИ).

ПЕРЕХОДНОЕ СОСТОЯНИЕ өтмө абал (баштапкы заттардан продуктылардын пайда болуш учурундагы реакциянын жолун энергетикалык жактан мүнөздөөдө келип чыккан реакция аралык активдүү комплекстин абалы. Бул энергетикалык абал химиялык кошулмалардын абалдарынан жогору жайгашып, бөлүкчөнүн активдүү абалын мүнөздөйт).

ПЕРЕХОДНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ өтмө катардын элементтери(ортозар элементтер)(булар нейтралдык атомунда $d$ жана $f$ электрондук орбиталдары толтурулууга дуушар болгон элементтер, б.а. булар $d$ жана $f$ элементтери. Булар өз ара негизинен $d$ топторго (элементтерге), лантаноиддерге жана актиноиддерге делип үч класска бөлүнүшөт. Алардын баары металлдар).

ПЕРВЫЙ ЗАКОН ТЕРМОДИНАМИКИ термодинамиканын биринчи закону (энергиянын сакталуу законунун негизинде, термодинамикалык кубулуштардын закон ченемдүүлүктөрүн аныктайт. Энергия жоктон бар болбойт да, бардан жок болбойт, анын бардык өлчөмү бир түрдөн экинчи түргө гана айланат).

ПЕРИОД ПОВТОРЯЕМОСТИ (ИДЕНТИЧНОСТИ)РЕШЕТКИ торчонун кайталанмалуулугу (бул элементардык ячейканын кырынын узундугун мүнөздөйт. Ал кристаллдык торчонун туруктуу мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп эсептелет).

ПЕРИОД ПОЛУРАСПАДА бөлүнүүнүн (ажыроо) жарым мезгили (алынган туруксуз бөлүкчөнүн массасынын жарымы ажыроого (бөлүнүүгө) дуушар болгончокту кеткен убакытты көрсөтөт. Андыктан жарым өлчөмдүн ажыроо мезгили деп да аталат).



ПЕРИОДИЧЕСКАЯ СИСТЕМА Д.И. МЕНДЕЛЕЕВА Д.И.Менделеевдин мезгилдик системасы (Менделеев аркылуу 1869-ж. түзүлгөн химиялык элементтердин табигый системасы. 7 мезгилден жана 8 группадан турат. I мезгил 2 элементтен, II-III мезгилдер 8 элементтен, УI - У мезгилдер 18 элементтен, УI мезгил 32 элементтен жана УП мезгил (азырынча) 18 элементтен турат. Бул система мезгилдик закондун таблицалык түрү болуп эсептелет).

ПЕРИОДИЧЕСКИЙ ЗАКОН МЕНДЕЛЕЕВА Менделеевдин мезгилдик закону (элементтердин касиеттери, алардын бирикмелеринин формасы жана касиеттери, алардын атомдорунун зарядына мезгилдүү карандылыкта турат. Бул закон жаратылыштын эң негизги закондорунун биринен болуп эсептелет).

ПЕРИОДАТЫ периодаттар (периодат кислотасынын $HJO_4$ тун туздары).

ПЕРЛИТ перлит (цементит менен фериттин аралашмасы).

ПЕРЛЫ БУРЫ бура мончоктору (буранын кристаллын платина зымынын учуна илип ысытса, түссүз мончоктор пайда болот. Бул мончокторду оюй буулантуучу ар түрдүү туздарга малып алып ысытса, андагы металлга карата халын пайда болот).

ПЕРМАНГАНАТОМЕТРИЯ перманганатометрия (перманганат ионунун - $MnO_4^-$ ар кандай чөйрөдө кычкылдантуусун колдонуп, ар түрдүү заттардын концентрациясын аныктоо жолу. Ал аналитикалык химиянын титриметриялык методунун бири, мында $KMnO_4$ тун стандарттык эритмеси колдонулат).

ПЕРМАНГАНАТЫ перманганаттар (перманганат $HMnO_4$ кислотасынын туздары).

ПЕРМУТИТЫ перутиттер (составы боюнча жаратылыш цеолиттерине окшош жасалма жол менен алынган алюмосиликаттар тобу. Алар иониттик касиетке ээ да, саркынды сууларды тазалоодо колдонулат).

ПЕРРЕНАТЫ перренаттар (перренат $HReO_4$ кислотасынын туздары).

ПЕРСУЛЬФАТЫ персульфаттар (персульфат $H_2S_2O_8$ кислотасынын туздары).

ПЕРУРАНАТЫ перуранаттар ( $MeUO_3$, $MeUO_4$ сыяктуу туздар).

ПЕРХЛОРАТЫ перхлораттар (перхлорат $HClO_4$ кислотасынын туздары).

ПЕСОК кум ($SiO_2$ таза кум, өзү түссүз мөлтүрөк зат. Бирок анын өңүнүн ар түрдүү болушу, ага аралашкан заттарга жараша болот).

ПЕТРОЛЕЙНЫЙ ЭФИР петролей эфири (нефтиден алынуучу түссүз суюктук, $d$ =0,650-0, 660 . 40-70°C кайнайт).

$\pi$ (Пи)- СВЯЗЬ $\pi$ (пи)-байланыш ( $\sigma$ байланышына перпендикуляррдуу координаталарда (тегиздиктерде) жаткан, кошулган атомдордун ядролорун туташтыруучу окко симметриялуу жайланышкан коваленттик байланыш).

ПИКОЛИНОВАЯ КИСЛОТА пиколин кислотасы к. ПИРРИНДИКАРБОЛОВЫЕ КИСЛОТЫ

ПИКОЛИНЫ (МЕТИЛПИРИДИНЫ) пиколиндер (жалпы формуласы: $C_6H_7N$. Сууда, спиртте, эфирде жакшы эригич пиридиндин гомологдору).

ПИ ($\pi$) КОМПЛЕКСЫ пи ($\pi$) комплекстер (бөлүштүрүлбөгөн жуп



электрондук же борбордук атомдун толтурулган орбиталдарынан электрондорду кабыл алууга жөндөмдүү бош орбиталдары бар донорлуу атомго ээ лигандар аркылуу түзүлгөн комплекстик. кошулмалар).

ПИКРАМИД пикрамид к. ТРИНИТРОАНИЛИН

ПИКРАТЫ пикраттар (пикрин кислотасынын туздары).

ПИКРИНОВАЯ КИСЛОТА пикрин кислотасы к. ТРИНИТРОФЕНОЛ

ПИНАКОЛИН пинаколин ($C_6H_{12}O$ же үчүнчүлүк метил-бутилкетон пинакондон пайда болот, $d$ =0,8265).

ПИНАКОН пинакон ( $C_6H_{14}O_2$ эки атомдуу спирт. Сууда спиртте, эфирде эрийт. $t_3$ =41°C, $d$ =0,6967).

ПИНАН пинан ( $C_{10}H_{18}$ кош шакекчелүү парафин. Анын үч түрү бар экендиги белгилүү).

ПИНЕНЫ пинендер ( $C_{10}H_{16}$ көп шакекчелүү терпендер. Эфир менен спиртте жакшы эрийт).

ПИПЕРАЗИН (ДИЭТИЛЕНДИАМИН ) пиперазин ( $C_4H_{10}N_2$ суу менен спиртте эрип, ным тартыч кристалл).

ПИПЕРИДИН пиперидин ( $C_5H_{11}N$ суу менен оңой аралашуучу суюктук, $t_3$ =-9°C, $d$ =0,8606).

ПИПЕРИН пиперин ( $C_{17}H_{19}N$ формунасына жооп берген алкалоид).

ПИПЕРИНОВАЯ КИСЛОТА пиперин кислотасы ( $C_{12}H_{14}O_4$)

ПИРАМИДОН пирамидон к. 4-МЕТИЛАМИНОАНТИПИРИН

ПИРИДИН пиридин (тамеки жыттуу, суу сиңирип алгыч суюктук. Сууда жана спиртте эң жакшы эрийт).

ПИРИДИНКАРБОНОВЫЕ КИСЛОТЫ пиридин карбон кислоталары ($C_6H_5O_2N$ пиридин шакекчеси бар бир канча OH группалуу заттар).

ПИРО пиро (1. жогорку температуранын таасири аркасында айлануларга дуушар болгон заттын атына жалгашуучу сөз. М.: пробензол, пирокатехин к.б.с.; 2. кандайдыр бир кислоталык ангидрид орточо сандагы сууну кошуп алуу менен гидраттык формага өткөндө пайда болгон кислотанын атына кошулуучу сөз.

М.: $P_2O_5 + H_2O = 2HPO_3$ (метафосфор кислотасы).

$P_2O_5 + 2H_2O = H_4P_2O_7$ (пирофосфор кислотасы).

$P_2O_5 + 3H_2O = 2H_3PO_4$ (ортофосфор кислотасы).

ПИРОВИНОГРАДНАЯ КИСЛОТА пирокүзүм кислотасы же пропанон кислотасы ($CH_3-CO-COOH$ органикалык кислоталардын тобуна кируучу ачуу-кыттуу суюктук. Сууда, спиртте жана эфирде жакшы эрийт).

ПИРОГАЛЛОЛ пирогаллол ( $C_6H_3(OH)_3$ калтырак, пластинкага окшош кристалл. Сууда, спиртте жана эфирде жакшы эрип, күчтүү калыбына келтиргич зат. Кычкылдануууда ажырап кетет).

ПИРОКАТЕХИН пирокатехин ( $C_6H_4(OH)_2$ түссүз кристалл, бензолдо, спиртте, эфирде жана сууда эрийт).

ПИРОКСИЛИН пироксилин к. ТРИНИТРОЖЕЛЕТЧАТКА

ПИРОЛИЗ пиролиз (жогорку температуранын таасири аркылуу органикалык кошулмалардын деструкцияланышы жана өзгөрүшү. Пиролиз учурунда: 1. молекуланын көмүртектик скелети бузулууга дуушар болот; 2. функциялык топтордун толук же жарым-картаң ажыроосу пайда болуп, алардан суу, аммиак, көмүртектин кычкылы сыяктуу кенекей кошулмалар бөлүнүп чыгат; 3. полимеризация жана поликонденсация кубулуштары ишке ашат; 4. деструкцияга кошулуп изомерлентирүү жүрөт; 5. көмүртек, суутекти бөлүп чыгаруу жүзөгө ашат).



ПИРОЛЮЗИТ пиролюзит ( $MnO_2 \cdot nH_2O$ минерал).

ПИРОМЕТАЛЛУРГИЯ пирометаллургия ( жогорку температуранын (күйгүзүү, калыбына келтирүү, эритиндиге өткөрүү сыяктуу) таасирлери аркасында металлдарды (куймаларды) өндүрүп алууга байланышкан металлургиянын бир түрү. Анын негизинде болот, чоюн, жез, никель ж.б. металлдар алынат).

ПИРОНЫ пирондор ($C_5H_4O_2$ сууда, спиртте жана эфирде эрип, суунун ысыган өзүнө тарткыч кристалл, к. КУМАЛИН).

ПИРОСЕРНАЯ КИСЛОТА пиросульфат кислотасы ($H_2S_2O_7$).

ПИРОСЕРНИСТАЯ КИСЛОТА пиросульфит кислотасы ($H_2S_2O_5$, анын $K_2S_2O_5$, $Na_2S_2O_5$ сыяктуу туздары бар).

ПИРОСУЛЬФАТЫ пиросульфаттар (пиросульфат кислотасынын - $H_2S_2O_7$ туздары).

ПИРОСУЛЬФУРИЛ ХЛОРИСТЫЙ пиросульфурил хлориди ($S_2O_5Cl_2$ пироосульфат кислотасынын хлорангидриди. Түссүз суюктук. Суунун таасиринен ажырап, $H_2SO_4$ жана $HCl$ кислоталарын пайда кылат).

ПИРОФИЛИТ пирофилит к. АГАЛЬМАТОЛИТ

ПИРОФОРНОЕ ЖЕЛЕЗО пирофордук темир (б.а. карылып кетүүгө көндөмдүү темир. Ал күңүрт түстөгү $FeO$ менен абдан майдаланган темирдин күкүмдөрүнүн аралашмасынан турат да; көлү кулак кислотасынын темирдик тузун ысытуудан алынат).

ПИРОФОРНОСТЬ пирофорность (кайсы бир металлдын күкүмдөрүнүн абада өзүнөн-өзү жалтылдоо касиеттери).

ПИРОФОСФОРНАЯ КИСЛОТА пирофосфат кислотасы ( $H_4P_2O_7$ ; ортофосфор кислотасын ысытууда пайда болот: $2H_3PO_4 \rightarrow H_4P_2O_7 + H_2O$ Сууда эригенде ортофосфор кислотасын берет. Спиртте жана эфирде жакшы эрийт).

ПИРОХИМИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ пирохимиялык анализ (минералдардын составына кируучу кайсы бир элементтерди когорку температурадагы жалындын түстөнүшү боюнча аныктоо методу. Бул ар түрдүү элементтердин от жалынын ар башкача түстөрге боёшуна негизделген).

ПИРРОЛ пиррол (хлороформ сыяктуу жыттуу түссүз суюктук. Абада кычкылдануу менен карарып кетет).

ПЛАВИКОВАЯ КИСЛОТА плавик кислотасы к. ФТОРИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА

ПЛАВИКОВЫЙ ШПАТ плавик шпаты ($CaF_2$ составындагы минерал. Ал флюорит деп да аталат).

ПЛАЗМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ВЕЩЕСТВА заттардын плазмалык абалы (белүкчелеру иондоштурулган абалдагы зат; бул заттардын агрегаттык абалынын төртүнчү түрү катары каралат).

ПЛАЗМОХИМИЯ плазмохимия, б.а. плазмалык химия (плазманын таасири аркылуу ишке ашырылган химиялык кубулуштарды, реакциялык механизмдерди к.б. изилдөөчү химия илимининн тармагы).

ПЛАНЕТАРНАЯ МОДЕЛЬ АТОМА атомдун планетардык модели (атомдун электрондору анын ядросун, планеталар Күнду айланып жүргөн сыяктуу ар кандай аралыктагы туруктуу орбиталарда айланып жүрөт деген түзүлүштү көрсөтүүчү модель. Кээде муну модель Резерфорда - Бора-Резерфорд - Бордун модели деп да аташат).

ПЛАТИНА платина (МСнын VIII В подгруппасында жайланышкан катар номери 78 ге барабар элемент).

ПЛАТИНЫ АММИАКАТЫ платина аммиакаттары $PtCl_4 \cdot 3NH_3$, $PtCl_4 \cdot 6NH_3$, $PtCl_4 \cdot 4NH_3$; булар комплекстүү кошулмалар).



ПЛАТИНА БРОМИСТАЯ (БРОМИД ПЛАТИНЫ) платинанын бромиди к. ПЛАТИНА ЧЕТЫРЕХБРОМИСТАЯ

ПЛАТИНА ГУБЧАТАЯ көпшөк платина ($(NH_4)_2[PtCl_6]$ тузун бир аз ысытса пайда болот. Ал активдүү катализатор).

ПЛАТИНА ДВУХЛОРИСТАЯ платинанын (II) хлориди ($PtCl_2$, $d=5,87$; HCl кислотасында эрүүдөн $H_2[PtCl_4]$ ни пайда кылат, $NH_4OH$ эрийт).

ПЛАТИНА ИОДИСТАЯ (ИОДИД ПЛАТИНЫ) платинанын иодиди к. ПЛАТИНА ЧЕТЫРЕХИОДИСТАЯ

ПЛАТИНА (II)СЕРНИСТАЯ платинанын (II) сульфиди (PtS тетрагоналдык кристаллдардын турган кара зат, $d=8,847$, ысытуудан ажырап, падыша арагында жана $(NH_4)_2S$ тин эритмесинде эрийт. Анын $PtS_3$ жана $PtS_2$ сыяктуу бирикмелери бар экендиги белгилүү).

ПЛАТИНА ФТОРИСТАЯ (ФТОРИД ПЛАТИНЫ) платинанын фториди к. ПЛАТИНА ЧЕТЫРЕХФТОРИСТАЯ

ПЛАТИНА ХЛОРИСТАЯ (ХЛОРИД ПЛАТИНЫ) платинанын хлориди к. ПЛАТИНА ДВУХЛОРИСТАЯ, ПЛАТИНА ХЛОРНАЯ

ПЛАТИНА (IV) ХЛОРНАЯ (ТЕТРАХЛОРИД ПЛАТИНЫ) платинанын (IV) тетрахлориди ($PtCl_4$, туз кислотасында эрүүдөн кызыл-жашыл түстөгү $H_2[PtCl_6] \cdot 6H_2O$ кристаллдарды пайда кылат. Сууда, спиртте жана ацетондо жакшы эрийт).

ПЛАТИНА (IV) ЧЕТЫРЕХБРОМИСТАЯ (ТЕТРАБРОМИД ПЛАТИНЫ) платинанын (IV) тетробромиди ($PtBr_4$, $d=5,69$, сууда эрийт. HBr до эрүүдөн $H_2[PtBr_6] \cdot 9H_2O$ пайда болот).

ПЛАТИНА ЧЕТЫРЕХИОДИСТАЯ (ТЕТРАИОДИД ПЛАТИНЫ) платинанын тетраиодиди ($PtI_4$ сууда жана ысытууда ажырайт, ал $H_2[PtI_6] \cdot 9H_2O$ кызгылт түстөгү затты пайда кылат).

ПЛАТИНА ЧЕТЫРЕХФТОРИСТАЯ (ТЕТРАФТОРИД ПЛАТИНЫ) платинанын (IУ) фтортуу кошулмасы ( $PtF_4$ сууда жана с иштүүдө ачыраган, ным тартпаган, сары кристалл).

ПЛАТИНИТ платинит (составында 0,15 % көмүртек менен 46 % никель кирген болот).

ПЛАТИНОВАЯ ЧЕРНЬ платина кара кара ( $H_2[PtCl_6]$ нын калыбына келишинен пайда болгон майда күкүм).

ПЛАТИНОСИНЕРОДИСТАЯ КИСЛОТА (ТЕТРАЦИАНОПЛАТОКИСЛОТА) тетрацианоплатинит кислотасы ( $H_2[Pt(CN)_4]$ эки негиздүү күчтүү кислота, $H_2[Pt(CN)_4]\cdot 5H_2O$ кызыл түстөгү кристаллогидрат. Бууда хлороформдо, сууда жана спиртте эрийт).

ПЛАТИНОХЛОРИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА (ТЕТРАХЛОРОПЛАТОКИСЛОТА) гексахлороплатинат кислотасы ($H_2[PtCl_6]$ кызгылт-күрөң призма түрүндөгү кристалл. Сууда, спиртте, эфирде эрийт).

ПЛАТИНЫ (IУ) ГИДРАТ ДВУОКИСИ платинанын (IУ)-окиси кычкылынын гидраты ($Pt(OH)_4$ кызгылт-күрөң түстөгү кристаллогидрат. Падыша арагында, туз кислотасында жана суу кошулган кычкылтекте жакшы эрийт).

ПЛАТИНЫ ИЗОТОПЫ платинанын изотоптору ( $^{192}Pt$ - 0,8 %, $^{198}Pt$ -85,8 %, $^{194}Pt$ - 30,2 %, $^{196}Pt$ - 26,6 %, $^{198}Pt$ - 7,2%).

ПЛАТИНЫ ОКИСЛЫ платинанын оксиддери ($PtO$ — кара түстө, $PtO_2$ — көгүш, $PtO_3$ — бирикпеген ачыраган кычкылтек).

ПЛАТИНЫ ТЕТРАЦИДОСОЕДИНЕНИЯ платинанын тетрацидокошулмалары (булар комплекстик кошулмаларга кирет: $K_2[Pt(CN)_4]$; $K_2[PtCl_4]$ ж.у.с.).

ПЛЕЯДА плеяда (кандайдыр бир элементтердин же алардын



туруктуу изотопторунун тобу. М.: кычкылтектин плеядасы: $^{16}O$, $^{17}O$ жана $^{18}O$ лордон турат. Мындай топтор смешанные или полиизотопные - аралаш же полиизотоптуулар деп аталышат).

ПЛЕОХРОИЗМ плеохроизм (кайсы бир кристаллдардын өзүнө түшкөн нурларга карата ар кандай өзгөртүшү).

ПЛЕЯДЫ ИЗОТОПОВ изотоптордун плеядалары ж. ПЛЕЯДА

ПЛОСКОСТЬ СИММЕТРИИ симметриянын тегиздиги (1. кристаллды кызгылдагы чагылыш элесиндей кылып экиге бөлгөн симметриялуу формалардын так ортосунда жайланышкан тегиздик; 2. геометриялык фигуралардын симметриялуу жайланышкан чекттерин же бөлүктөрүн беттештирүүгө мүмкүндүк берүүчү тегиздик).

ПЛОТНАЯ УПАКОВКА ыкчам жайланыш (катуу же суюк заттардагы бөлүкчөлөрдүн тыгыз жайланышын мүнөздөөдө колдонулган түшүнүк).

ПЛОТНЕЙШАЯ УПАКОВКА (УКЛАДКА) ыкчамдалып (эң тыгыз) жайлануу, сыйышуу (кандайдыр бир тоголок катуу шариктердин арасында эң эле аз ачык (бош) мейкиндик калгандай кылып, мүмкүн болушунча тыгыз жана экономдуу жайлаштыруу ыкмасы. Бул заттардын кристаллдык торчолорун мүнөздөөдө колдонулат).

ПЛОТНОСТЬ ВЕРОЯТНОСТИ мүмкүнчүлүктүн тыгыздыгы (бул ядронун айланасындагы берилген аймакта электрондун болуп калуу мүмкүнчүлүгүн мүнөздөйт. Бул толкундук функциянын квадраты аркылуу туюнтулат, ж. ИНТЕРПРИТАЦИЯ ВОЛНОВОЙ ФУНКЦИИ).

ПЛУТОНИЙ плутоний (МС нын 94-элементи. Ал актиниддердин тобуна кирүүчү радиоактивдүү элемент ($T_{1/2}$ =24 400 жыл ). Туруктуу кычкылдануу саны +4. Биринчи жолу 1940-жылы жасалма жол менен синтезделип алынган).

ПЛУТОНИЛ плутонил ( $PuO_2^{2+}$ - эки валенттүү радикал).

ПЛЮМБАТЫ плюмбаттар (коргошундун оксиддери жана гидрооксиддери менен щелочтор аракеттенүүдө пайда болгон туздар. М.: $Na_2PbO_2$, $Na_2Pb(OH)_4$ ж.б.).

ПЛЮМБИТЫ плюмбиттер ($H_2PbO_2$ кислотасынын туздары).

ПЛЮМБУМ коргошун (Pb мезгилдик системанын IУ группасынын элементи, к. СВИНЕЦ).

ПОБЕДИТ победит (85 % - вольфамдан, 13 % - кобальтан, 7 % - көмүртекпен турган эң катуу металлокерамикалык куйма. Ал металлдарды иштетүүчү ишканаларда колдонулат).

ПОБОЧНАЯ ПОДГРУППА ЭЛЕМЕНТОВ элементтердин жардамчы подгруппасы (негизги подгруппадагы элементтер менен бир группада жайланышканына карабай алардан d - электрондук (ички электрондук) катмарынын толтурулушу аркылуу айырмаланып турушкан элементтер. Буларды кээде өтмө катардын элементтери же ортозар элементтер деп да аташат, к. ПЕРЕХОДНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ).

ПОВАРЕННАЯ СОЛЬ кайнатма туз к. ХЛОРИСТЫЙ НАТРИЙ

ПОВЕЛЛИТ повеллит к. КАЛЬЦИЙ МОЛИБДЕНОВОКИСЛЫЙ

ПОВЕРХНОСТНАЯ АКТИВНОСТЬ беттик активдүүлүк (оң адсорбция аркылуу мүнөздөлүүчү заттын беттик энергиясынын чоңдугу, б.а. беттик активдүүлүктүн өлчөмү).

ПОВЕРХНОСТНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ беттик өткөргүчтүүлүк (капиллярда же мембранада жайланышкан электролиттин эритмелеринин кадимки көлөмдөгүгө караганда жогору электр өткөргүчтүүлүккө ээ болушу).

ПОВЕРХНОСТНАЯ ЭНЕРГИЯ беттик энергия (катуу заттын сырткы бетине топтолгон энергиянын өлчөмү. Демейде ал I $см^2$



бетке тиешелүү алынып, үлүштүк беттик энергия деп аталат. Б: кал/$см^2$, кдж/$м^2$ ж.у.с. Муну поверхностная избыточная (остаточная) энергия - беттик ашыкча (калдык) энергия деп да аташат).

ПОВЕРХНОСТНО-АКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА беттик активдүү заттар (молекулаларынын бир тарабы полярдуу -COOH, $-SO_3H$, $-NO_2$ топторунан, ал эми экинчи жагы полярдуу эмес углеводороддук радикалдардан турган заттар. М.: олеин кислотасы, камфора ж.б.).

ПОВЕРХНОСТНО-ИНАКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА беттик инактивдүү заттар (беттик тартышты азайтуучу заттар, б.а. беттик тартылышка инерттүү заттар).

ПОВЕРХНОСТНОЕ НАТЯЖЕНИЕ беттик тартылыш (тартыш)

ПОВЕРХНОСТЬ ГИДРОФИЛЬНАЯ гидрофильдүү бет (б.а. сууга ынактыгы жогору келип, жакшы нымдалуучу беттер. М.: карбонаттардын, силикаттардын, сульфаттардын, жыгачтын, айнектин ж.б. бети).

ПОВЕРХНОСТЬ ГИДРОФОБНАЯ гидрофобдуу бет (б.а. сууга ынактыгы жок, катуу заттардын беттери. М.: таза металлдар, катуу майлар, сульфиддер, графит ж.б. Буларга суу жукпайт жана алар начар нымдалышат).

ПОВЕРХНОСТЬ РАЗДЕЛА ФАЗ фазалардын чектик бети (эки же андан көп фазалардын арасындагы тийишүү беттери же фазаларды бөлүштүрүүчү беттик чектер. Булар көбүнчө гетерогендүү фазаларда кездешет).

ПОВОРОТНЫЕ ИЗОМЕРЫ толгонч изомерлер (мындай изомерлер эки атомдук топтордун (же радикалдардын) ортосундагы жөнжкөй

байланыш боюнча ез ара ар кайсы (м.: бирее сааттын стрелкасы боюнча, экинчиси тескери) тарапка буралуусунан пайда болушат. Булар мейкиндик изомериянын бир түрүнен болуп эсептелишет).

ПОГЛОЩЕНИЕ КВАНТА ЭНЕРГИИ квант энергиясы сиңирип (жутуп) алуу (б.а. жарыктын бир бүдүрчесүн (фотонду) сиңирүү).

ПОДАТЛИВОСТЬ ХИМИЧЕСКИХ СВЯЗЕЙ химиялык байланыштардын ийкемдүүлүгү (бул байланыштардын тышкы таасирлерге карата үзүлүп кетүү, созулуу, ийрейип валенттик бурчтарды өзгертүү, чыңалган абалда болуу ж.у.с. мүмкүнчүлүктөрүн мүнөздейт).

ПОДВИЖНОСТЬ ИОНОВ иондордун кыймылдуулугу (б.а. иондордун кыймылга жөндөмдүүлүгү ) бул эритмедеги иондордун ылдамдыгын, эркин кыймылга ийкемдүүлүгүн мүнөздейт да, сан жагынан алардын абсолюттук ылдамдыгына түз пропорциялаш чоңдук болуп эсептелет).

ПОДГРУППЫ АНАЛОГОВ аналогдор (окшоштор) подгруппасы (мезгилдик системанын бир подгруппасына жайланышкан, химиялык касиеттери жагынан окшош элементтер. Булар боюнча бардык элементтер $s, p, d$ жана $f$ аркылуу 32 подгруппага бөлүнүшөт).

ПОЛЕВЫЕ ШПАТЫ талаа шпаты (булар жаратылыш алюмосиликаттары. М.: ортоклаз (ак чопо)-$K_2O \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2$; альбит-$Na_2O \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2$ анорсит- $CaO \cdot Al_2O_3 \cdot 6SiO_2$

ПОЛИВИНИЛОВЫЙ СПИРТ поливинил спирти $(CH_2 = CHOH)_n$ көп атомдуу спирт, жытсыз сары порошок).

ПОЛИГАЛИДЫ полигалиддер (галогендердин бир канча атомдорунун биригишүүсүнен пайда болгон туздар. Жалпы формуласы: $Me^+[X^- \cdot X_n]^-$ ге жооп беришет (мында $n = 2+10$). М.: $RbClBrJ$, $CsCl_4J$, $CsCl_4J$, $CsBr_5$ ж.б. Мындагы $[X^- \cdot X_n]^-$ ион да полигалиддик ион деп аталат).



ПОЛИГАЛИТ полигалит ($K_2SO_4 \cdot MgSO_4 \cdot 2CaSO_4 \cdot 2H_2O$ формуласындагы минерал).

ПОЛИГАЛОГЕНИДЫ полигалогенддер (галогендердин комплекстик кошулмалары, алар кебүнче туруксуз заттар).

ПОЛИГЕТЕРОЦИКЛИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ полигетероциклдуу кошулмалар к. ГЕТЕРОЦИКЛЫ

ПОЛИДЕНТАТНЫЕ ЛИГАНДЫ полидентаттуу лигандар (эки же андан көп донорлук ролду аткаруучу атомдору бар адденддер. М.: диметилглиоксим (координациялык сыйымдуулугу - 2), ЭДТА (координациялык сыйымдуулугу - 6) ж.б., к. КООРДИНАЦИОННАЯ ЕМКОСТЬ).

ПОЛИЕНЫ полендер (молекуласында экиден көп кош байланышы бар каныкпаган углеводороддор).

ПОЛИИЗОТОПНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ полиизотоптуу элементтер (жаратылышта бир канча түрдегү изотопторго ээ, б.а. нуклондук составы бирдей эмес элементтер. М.: суутектин протий, дейтрий жана тритий деген үч изотобу бар, к. ПЛЕЙДА).

ПОЛИКИСЛОТЫ поликислоталар (молекуласында бирден ашык кислота калдыктарын алып жүрүүчү органикалык эмес кычкылтектүү кислоталар. М.: поликремний кислоталары: $H_2Si_2O_5$ $(2SiO_2 \cdot H_2O)$, $H_2Si_3O_7$ $(3SiO_2 \cdot H_2O)$, $H_6Si_2O_7$ $(2SiO_2 \cdot 3H_2O)$ формуласына жооп берип турушат. Политион кислоталарынын жалпы формуласы: $H_2S_xO_6$ - $x = 2-5$ м.: $H_2S_2O_6$- дитион, $H_2S_3O_6$-тритион, $H_2S_5O_6$-пентатион ж.у.с. кислоталар. Полифосфор кислоталары, м.: $(HPO_3)_n$ мында $n = 2-6$ ж.б.).

ПОЛИКРЕМНИЕВЫЕ КИСЛОТЫ полисиликат кислоталары ($x \cdot SiO_2 \cdot yH_2O$; $x > y$, к. КРЕМНЕВАЯ КИСЛОТА).

ПОЛИКРИСТАЛЛ поликристалл (көп түрдөгү кристаллдардын чогуу өсүшүнөн пайда болгон кристаллдык күкүмчөлөрдүн аралашмасы).

ПОЛИМЕРГОМОЛОГИ полимердик гомологдор

ПОЛИМЕРИЗАЦИЯ полимерлешүү (бир нече молекулалардын бир чоң молекулага биригүү реакциясы).

ПОЛИМЕРИЗАЦИЯ ИОННАЯ иондук полимерлешүү (полимерлешүүнү иондук механизм боюнча ишке ашыруу үчүн реакция аралык кошулма катары жүрүүчү макромолекуланын калдыгы болгон иондорду пайда кылуу керек да, андан соң жаңы бөлүкчөнү ага байланыштыруу керек. Жалпысынан:

$$R \vdots X + R' \rightarrow R^+ + R' + X^- \rightarrow R - R' + X^-$$

$$R : \vdots X + R' \rightarrow R^- + R' + X^+ \rightarrow R - R' + X^+$$

яИондук полимерлешүүгө винилдин, дивинилдин катарындагы, гетероциклдүү мономерлер ийкемдүү келишет).

ПОЛИМЕРИЗАЦИЯ РАДИКАЛЬНАЯ радикалдуу полимерлешүү (бул учурда чынжырды үзүү эркин радикалдык механизм б.а. $R \overset{i.e.}{\underset{\cdot}{\cdot}} H$ боюнча жүргүзүлөт да, молекулалык тулкунун өсүшү ошол реакцияга жөндөмдүү эркин радикалдар аркылуу ишке ашырылат. М.:

$$R' + CH_2 = CHX \rightarrow R' - CH_2 - CHX \xrightarrow{+CH_2=CHX} R' - CH_2 - CHX - CH_2 - CHX \cdots$$

Радикалдуу полимерлешүүгө этилген, винилхлорид, винилацетат, стирол, бутадиен сыяктуулар жөндөмдүү келишет).

ПОЛИМЕРНЫЕ ПОЛУПРОВОДНИКИ полимердик жарым өткөргүчтөр (электрондук өткөргүчтүүлүккө ээ болгон органикалык жогорку молекулалуу кошулмалар. М.: полинитрил, молиакрилонитрил ж.б.).



ПОЛИМЕРНЫЕ ЭЛЕКТРОЛИТЫ полимерлик электролиттер (эритмесинде электролиттер сыяктуу электролиттик диссоциацияга дуушар болуп, катиондорду жана аниондорду пайда кылуучу макромолекулалуу заттар. Булардын жасалма түрүндө синтезделген тобун полиэлектролиты - полиэлектролиттер деп аташат. М.: полиакриламид, полиакрилонитрил ж.б. Полимердик электролиттердин көбү кислоталык жана щелочтук механизм боюнча диссоциациялануучу амфолиттер. Ошондуктан көпчүлүгү биполярдуу кошулмалар, к. БИПОЛЯРНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ).

ПОЛИМЕТАЛЛИЧЕСКИЕ РУДЫ полиметаллдык кендер (ар түрдүү металлдарга бай кендер).

ПОЛИМОРФИЗМ полиморфизм (кээ бир заттардын (м.: кварц, күкүрт, темир ж.б.) бир канча кристаллдык формаларды пайда кылуу касиеттери. Бул формада модификациялар же полиморфтук түр өзгөртүүчүлүк, ал эми бир түрдөн экинчисине өтүшү полиморфное превращение- полиморфтук айлануулар деп аталат).

ПОЛИНИТРОСОЕДИНЕНИЯ полинитрокошулмалар (молекулаларынын составында бир канча нитрогруппасы бар органикалык бирикмелер. Жарылып кетүүчү сары кристаллдардан турат).

ПОЛИОЗЫ полиоздор (полисахариддерге киришип, гидролизденүүдөн бир канча моносахариддерди пайда кылуучу заттар).

ПОЛИОРГАНОМЕТАЛЛОСИЛОКСАНЫ полиорганометаллдык силоксандар (негизги чынжырлык өзөгүндө кремний менен кычкылтектен башка ар түрдүү металлдары, м.: Al, Ti, Cr, Sn, Pb, Sb, ж.б. бар кремнийорганикалык кошулмалар. Жалпы формуласын төмөн-

кудай керсетүүгө болот:



ПОЛИОРГАНОСИЛОКСАНЫ полиорганосилоксандар (булар чынкырларынын тулкусунда силоксандык байланыш: Si—O—Si бар кремнийорганикалык, когорку молекулалуу полимерлер. Жалпы формулалары: $[R_2SiO]_n$, $[SiOR'R]_n$, $[SiR_2O—SiR_2O]_n$

ПОЛИПЕПТИДЫ полипептиддер (карбоксилдердин гидроксил тобу менен аминогруппасынын суутекгинен суу бөлүнүп чыгып, андан кийин бир нече аминокислоталар бириккенде пайда болгон конулмалар: $NH_2—CH_2—CO—NH—CH_2—CO—NH—CH_2—CO—NH—...$).

ПОЛИСАХАРИДЫ полисахариддер (бир канча моносахариддердин калдыктарынын бирлигинен пайда болгон татаал углеводдор, м.: крахмал, целлюлоза к.б.).

ПОЛИСУЛЬФИДЫ полисульфиддер к. МНОГОСЕРНИСТЫЕ СОЕДИНЕНИЯ

ПОЛИТЕРПЕНЫ политерпендер (өсүмдүктөрдө кездешүүчү полимердешкен углеводороддор $(C_{10}H_{16})_n$, М.: дитерпен – $C_{20}H_{32}$ к.б. Табигый каучук да политерпендерге кирет).

ПОЛИТИОНОВЫЕ КИСЛОТЫ политион кислоталары (дүң формуласы: $H_2S_{2+n}O_6$ га жооп берген күкүрт кислоталары, мында $n=1\div6$. М.: $H_2S_4O_6$ – тетратион, $H_2S_6O_6$ – гексатион кислотасы к.у.с.).

ПОЛИЦИКЛИЧЕСКИЕ ТЕРПЕНЫ полициклдүү терпендер (составында бир канча терпендери бар макекчелүү түзүлүштөгү терпендер).

ПОЛИЭЛЕКТРОЛИТЫ полиэлектролиттер (макромолекуласынын составында эритмелерде иондошууга кендемдүү атомдук топтору бар полимерлер, к. ПОЛИМЕРНЫЕ ЭЛЕКТРОЛИТЫ).



ПОЛНОЕ МИНЕРАЛЬНОЕ УДОБРЕНИЕ С МИКРОЭЛЕМЕНТАМИ микроэлементтери бар толук минералдык кор семирткичтер (составында азот, фосфор, калий, бор, молибден, кобальт, цинк, жез, марганец жана күкүрт бар комплекстүү кер семирткичтер).

ПОЛОЖИТЕЛЬНЫЕ ЛУЧИ он нурлар к. КАНАЛОВЫЕ ЛУЧИ

ПОЛОЖИТЕЛЬНЫЙ КАТАЛИЗ он катализ (кубулуштун ылдамдыгын тездетүүчү катализаторду колдонуудагы ишке ашкан катализ процесси).

ПОЛОНИЙ полоний (УШ мезгилдин УІ А подгруппасынан орун алган МС нын 84-элементи).

ПОЛОНИДЫ полониддер (полонийдин ар кандай металлдар менен пайда кылган конулмалары. М.: $BePo$, $CaPo$, $NiPo$, $Hg_2Po$, $PtPo$ к.б.).

ПОЛОСАТЫЙ СПЕКТР тилкелүү спектрлер к. МОЛЕКУЛЯРНЫЕ СПЕКТРЫ

ПОЛУКОЛЛОИДЫ чала коллоиддер (сыртқы шартка байланыштуу (м.: температура, pH к.б.) нанга эритмелерге же коллоиддик абалдарга өтүп кетүүгө кендемдүү жана өзүнүн касиеттери боюнча алардын ортолук абалында туруучу системалар. Буларга самындардын же башка бир кир жуучу заттардын, каз бир бөөктордун, таниддердин к.б. эритмелери киришет. Жалпысынан аларда нанга эритме ⇄ коллоиддик система ⇄ гель динамикалык тең салмактуулук өкүм сүрүп турат).

ПОЛУМЕТАЛЛЫ чала (карым) металлдар (булар металлдык жана металл эместик касиеттерге ээ болуп, металлдык жана металл эместик аллотропиялык модификацияларды пайда кылуучу элементтер. М.: бор, кремний, мышьяк, селен, германий).

ПОЛУМИКРОАНАЛИЗ <u>жарым микроанализ</u> (аналитикалык химиянын бир белүмү. Бул анализде, заттар макроанализге караганда 20-25 эсе кем алынып, эритмелери 1 мл менен өлчөнөт).

ПОЛУПРОВОДНИКИ <u>жарым өткөргүчтөр</u> (белгилүү бир шарттарда ток өткөргүчтүүлүк касиеттерге ээ болгон диалектрдик заттар. Көпчүлүк заттары МСнын орто көрүнөн орун алмашкан. М.: B, C, Si, Ge, Sn, P, As, Sb, S, Se, J.

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЕ КРИСТАЛЛЫ <u>жарым өткөргүчтүү кристаллдар</u> (кай бир кычкылдар менен сульфиддер тобу иондук электр өткөргүчтүүлүк касиетке ээ. Алар коваленттүү кристаллдар менен иондук кристаллдардын ортосундагы абалды ээлеп турушат).

ПОЛУПРОНИЦАЕМЫЕ ПЕРЕПОНКИ <u>жарым картылай өткөргүчтүү челдер</u> (кээ бир иондорду өткөрүп, калгандарын өткөрбөй аралашмаларды бөлүүчү челдер, м.: табарсык челдөрү).

ПОЛУПРОНИЦАЕМЫЕ ПЕРЕГОРОДКИ <u>жарым-картылай өткөргүчтүү тосмолор</u> (кээбир иондорду же бөлүкчөлөрдү гана өткөрүүчү тосмолор).

ПОЛУРЕАКЦИИ <u>жарым-картылай алынган реакциялар</u> (толук эмес, этаптуу же үзгүлтүк түрдө алынган реакциялар. М.:

жарым реакция $Zn - 2e \longrightarrow Zn^{2+}$

жарым реакция $Cu^{2+} + 2e \longrightarrow Cu$

жалпы (толук) реакция $Zn + Cu^{2+} \rightarrow Zn^{2+} + Cu$ ).

ПОЛЯРИЗАТОР <u>поляризатор</u> (1. заттардын молекулаларын полярдануугa алып келген таасирлер (электр жана магнит талаасы, ар түрдүү нурлар ж.б.) же бөтөн молекулалар. М.: полярсыз же бир аз полярдуу молекулада электр талаасынын таасири алдында



оң жана терс заряддардын электрлик борборлору бири-биринен жылышпаган уюлдуу эмес молекула, полярдуу молекулага айланат. 2. жарыктын тегиздигин бурууга көндөмдүү заттар, оптикалык аспаптар).

ПОЛЯРИЗАЦИЯ <u>полярдаштыруу, уюлдаштыруу</u> (молекулалардын, атомдордун же иондордун электромагниттик сыртқы талаанын (же электрдик талаанын) таасири аркасында электрондук катмарларынын же ядролорунун бири-бирине карата жылышпаган бөлүкчөнүн оордук борборуна дал келбеечү, теңдеш эмес анык заряддарды пайда кылуусу).

ПОЛЯРИЗАЦИЯ АТОМНАЯ <u>атомдук полярдашуу (уюлдашуу)</u> к. ПОЛЯРИЗАЦИЯ

ПОЛЯРИЗАЦИЯ ИОНОВ <u>иондордун полярданышы (уюлданышы)</u> к. ПОЛЯРИЗАЦИЯ

ПОЛЯРИЗАЦИЯ МОЛЕКУЛ <u>молекулалардын полярданышы</u> (молекулалардын оң жана терс заряддалган жактуу (уюлдуу) абалга келиши).

ПОЛЯРИЗАЦИЯ ОРИЕНТАЦИОННАЯ <u>ориентациялык полярдашуу</u> (б.а. багытташкан полярдашуу (уюлдашуу), к. ПОЛЯРИЗАЦИЯ).

ПОЛЯРИЗАЦИЯ КОНЦЕНТРАЦИОННАЯ <u>концентрациялык полярдашуу (уюлдашуу)</u> (электроддун бетине тийишип турган электролиттеги электрохимиялык кубулушка катышуучу заттын концентрациясынын өзгөрүшүнөн пайда болгон электрохимиялык полярдашуу).

ПОЛЯРИЗАЦИЯ ХИМИЧЕСКАЯ <u>химиялык полярдашуу (уюлдашуу)</u> (иондордун разряддалуусу, комплекстердин диссоциациясы ж.у.с. натыйжасында, электрохимиялык реакциялардын акырындап жылышына себеп болгон электроддук полярдашуу кубулушу).

ПОЛЯРИЗАЦИЯ ЭЛЕКТРОННАЯ электрондук полярдашуу (уюлдашуу)

ПОЛЯРИЗАЦИЯ ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКАЯ электрохимиялык полярдашуу (уюлдашуу) (электр тогунун өтүүсүнүн натыйжасында, электроддун тең салмактуу абалынын (анын потенциалынын, электрдик кош катмардагы зарядлардын тыгыздыгынын) өзгөрүшү. Демейде электроднай поляризация - электроддук полярдашуу деп аталат).

ПОЛЯРИЗУЕМОСТЬ полярдашуучулук, уюлдашуучулук (тышкы кылган магниттик, таасирлердин натыйжасында молекулалардын, атомдордун, иондордун полярдашуусу. Бул негизинен электрондук булутчалардын жана химиялык байланыштардын динамикалык мүнөзүнө байланыштуу пайда болот).

ПОЛЯРИМЕТР поляриметр (оптикалык активдүү заттардын полярдашуу тегиздикти кандайча бурчка бурушун өлчөөчү курал).

ПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ полярдуу (уюлдуу) байланыш (терс электрдүүлүктөрү ар түлдүү болгон атомдордун арасындагы байланышта пайда болуп, электрондук жылышуулардын натыйжасында туруктуу дипольдук моментке ээ болгон коваленттик байланыштын бир түрү).

ПОЛЯРНЫЕ ЖИДКОСТИ полярдуу (уюлдуу) суюктуктар (молекуласы дипольдук моментке ээ болгон суюктуктар, М.: суу, спирт ж.б., к. ЖИДКОСТИ ПОЛЯРНЫЕ).

ПОЛЯРНОСТЬ МОЛЕКУЛ молекуланын полярдуулугу к. ГЕТЕРОПОЛЯРНАЯ СВЯЗЬ, ПОЛЯРНОСТЬ МОЛЕКУЛ

ПОЛЯРОГРАФИЯ полярография (изилденип жаткан заттын бөлүчөлөрүнүн, тамчылап турган сымап катодунда калыбына келүүсүнө негизделген электрохимиялык анализдөө методу).

ПОРОХ ЧЕРНЫЙ мылтыктын кара дарысы (68 % $KNO_3$, 15 % S, 17 % C тин аралашмасы. Дары атылганда төмөнкү реакция жүрөт.

$2KNO_3 + 3C + S = K_2S + N_2 + 3CO_2 + 169$ ккал).



ПОРОПЛАСТЫ көбүлдүү пластмассалар (пластикалык полимердик массаларды аба же газдар аркылуу көпшөк абалга келтирип, ээ ара катнаштагы көбүлдөрдү пайда кылуу менен алынган жеңил материалдар. Алардын салыштырма салмагы $d = 0{,}01 \div 0{,}2$ келишет да, амортизациялоочу материалдар катары кеңири колдонулат).

ПОРОШКОВАЯ МЕТАЛЛУРГИЯ кукум металлургиясы (майдаланган металлдардын (же майда металлдык сынык-тардын) металл эмес заттар менен аралаштыруудан ар түрдүү буюмдарды, тетиктерди ж.б. өндүрүүчү металлургиялык метод).

ПОРФИРИНЫ порфириндер (кызыл кан денечелерде кездешкен азоттуу пигменттер, кычкылтекке окшош кичинекей молекулаларды өздөрүнө тартып алышып, клеткалардын химиялык функцияларын, башкача айтканда, ферментация, фотосинтез процесстерди күргүзүшөт. Булардын ичинен эң маанилүүсү - пурин комплекстери болуп эсептелет, к. ГЕМОГЛОБИН).

ПОРЯДКОВЫЙ НОМЕР ЭЛЕМЕНТА элементтин катар номери (элементтердин МС катар номерлери; алар ядронун зарядына барабар).

ПОРЯДОК ВЫТЕСНЕНИЯ суруп чыгаруу ирети (бул реакциялар заттардын бардык агрегаттык абалдарында ишке ашырылат. Суу эритмелеринде металлдардын жана металл эместердин бири экинчисин анын кошулмаларынан суруп чыгаруу жөндөмдүүлүгү, алардын активдүүлүк катары (кычкылдануу-калыбына келүү потенциалдары) боюнча аныкталат. Ал эми катуу жана наз абалындагы заттарда, пайда кылуу жылуулугунун салыштырмалуу когорку сан маанисине карама алынат. Демек суруп чыгаруу ирети, кандайдыр бир эле-

менттин же кошулманын экинчи бир элементи же кошулманы анын заттарынан сүрүп чыгаруу кендемдүүлүгү боюнча иреттелген катарды түшүндүрөт).

ПОРЯДОК ЗАПОЛНЕНИЯ ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ УРОВНЕЙ (ИЛИ ПОДУРОВНЕЙ) энергетикалык деңгээлдердин (же деңгээлчелердин) толтурулуу тартиби (ал энергиясы аз деңгээлден (же деңгээлчеден) баштап, энергиясы көп жакты кездей иреттүү толтурулат, к. ПРАВИЛО ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ СХЕМ).

ПОРЯДОК РЕАКЦИЙ реакциялардын ирети (бул массалардын өз ара таасирденишүү законунун формуласындагы ($\vartheta = k C_A^n \cdot C_B^m$) концентрациялардын өзгөрүшүне алып келүүчү чондукту б.а. алардын даража көрсөткүчтөрүнүн суммасын баяндайт. Реакциялар ирети боюнча $n+m=1$ болсо биринчи, $n+m=2$ болсо экинчи жана $n+m>3$ болсо жогорку иреттүүлүктөгүлөр болуп белгиленсе менен алардын нол, бөлчөктүү (бүтүн санга барабар эмес) иреттүүлөр да кездешет).

ПОРЯДОК СВЯЗИ байланыштын иреттүүлүгү (байланыштын эселүүлүгүн б.а. жеңекей (бир ирет байланыш), кош байланыш (эки ирет), үч (же үч ирет) байланыш, ошондой эле бүтүн сандарга барабар эмес байланыштардын чондугун көрсөтөт. М.: бутадиендин молекуласында $H_2C \overset{1.894}{=\!=} CH \overset{1.447}{-} CH \overset{1.894}{=\!=} CH_2$ биринчи – экинчи, үчүнчү – төртүнчү көмүртектин атомдорунун арасында 1,894 иреттүү, ал эми экинчи – үчүнчү атомдорунун ортосунда 1,447 иреттүү байланыш ишке ашырылган. Мына ушул себептерден аны байланыштын эселүүлүгү деп айтуу көп туура эмес).

ПОРЯДОК ФОРМИРОВАНИЯ (ЗАПОЛНЕНИЯ) ЭЛЕКТРОННЫХ КОНФИГУРАЦИЙ



АТОМОВ атомдордун электрондук конфигурацияларынын калыптанын (толтурулуш) тартиби (атомдордун электрондук орбиталдарынын толтурулуш (же калыптанын) ирети негизги жана орбиталдык кванттык сандардын маанилеринин өсүшү боюнча ишке ашып, төмөнкүдөй иреттүүлүктү түзөт: $1s<2s<2p<3s<3p<4s<3d<4p<5s<4d<...$ Бул тартип, энергетикалык схема жана Клечковскийдин эрежеси боюнча мүнөздөлөт, к. ПРАВИЛО КЛЕЧКОВСКОГО, ПРАВИЛО ЭЛЕКТРОННО-ЭЛЕКРОННЫХ СХЕМ).

ПОСТОЯННАЯ ЖЕСТКОСТЬ ВОДЫ суунун туруктуу жордуулугу (б.а. суудагы дайым болуучу жордуулук).

ПОСТОЯННАЯ ЛОШМИДТА Лошмидттин туруктуусу (нормалдуу шартта турган газдардын 1 $см^3$ көлөмүндөгү бөлүкчөлөрдүн саны, ал $2,687 \cdot 10^{19}$ барабар. Кээде число Лошмидта – Лошмидттин саны деп да аталат).

ПОСТУЛАТ ПЛАНКА Планктын постулаты (катуу заттын энтропиясы $T=0°K$ та нөлгө барабар. Бул учурда кристаллдын торчо идеалдык түзүлүшкө ээ болот деп мүнөздөлөт, к. ТРЕТИЙ ЗАКОН ТЕРМОДИНАМИКИ).

ПОСТУЛАТ ТЕРМОДИНАМИКИ термодинамиканын постулаты (бул боюнча изоляцияланган (талтанып түзүлгөн) система акыры тең салмактуулук абалга келет, бирок бул абалдан ал өзүнөн-өзү чыга албайт деп корутундуланат).

ПОСТУЛАТЫ БОРА Бордун постулаттары (электрондордун ядросунун айланасындагы белгилүү бир аймактарда кайгана алуусун, алардын туруктуулугун, бир орбитадан экинчи орбитага өткөндө электрондордун квант нурларын жутуп алуу же пайда кылуу

менен атомдук спектрлерди пайда кылуусун к.б. негизделп, атомдун электрондук түзүлүшүн баяндаган баштапкы көбөлөр).

ПОТАШ шакар к. КАЛИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ

ПОТЕНЦИАЛ ОСЕДАНИЯ тунуунун (чөгүүнүн) потенциалы (дисперстик фазадагы (зольдордогу) оордук күчүнүн таасири аркылуу бүдүрчөлөрдүн чөгүү учурунда, фазалык беттик чектер арасында пайда болгон электрдик потенциал. Б: вольт).

ПОТЕНЦИАЛОПРЕДЕЛЯЮЩИЕ ИОНЫ потенциал каратуучу (түзүүчү) иондор (электрохимиялык системаларда адсорбцияланган катмардагы иондор. Алар электрохимиялык реакцияга катышкандыктан, электроддук потенциалдардын айырмасын пайда кылат).

ПОТЕНЦИАЛОПРЕДЕЛЯЮЩИЙ ПРОЦЕСС потенциал пайда кылуучу (аныктоочу) процесс (электрохимиялык чынжырдын электрод-эритме чегинде кычкылдануу же калыбына келүү процесстеринин натыйжасында, потенциалдардын айырмасын пайда кылуучу кубулуш. М.: суутектик электрод матырылган эритмедеги потенциал түзүүчү кубулуш $H - 2e \longrightarrow 2H^+$ (бул Эл аралык макулдашуу боюнча $\varphi=0$), каломель электродунда: $2Hg + 2Cl^- - 2e \longrightarrow Hg_2Cl_2$ $t=25°C$ та $\varphi=0{,}8678$), хлор – күмүштүү электроддо ).

$Ag + Cl^- - e \longrightarrow AgCl$ ($t=25°C$ та $\varphi=0{,}2221$) ж.б.

ПОТЕНЦИАЛ ПРОТЕКАНИЯ агымдын потенциалы (түтүкчө аркылуу агып каткан эритменин эки точкасынын арасында пайда болгон потенциалдардын айырмасы. Б: вольт).

ПОТЕНЦИАЛЬНАЯ ЯМА потенциалдык ойдун (энергиянын өзгөрүшүндөгү анын $a_0$ төменкү маанисн (схемалап түзүүдө бул ойдун катары сүрөттөлөт).



ПОТЕНЦИАЛЬНЫЕ КРИВЫЕ потенциалдык ийри сызыктар (ар түрдүү абалдагы, ар кандай белүкчөлөрдүн ортосундагы аралыктарга карата аракеттенишүүсүндөгү суммардуу (же потенциалдык) энергиянын чондугунун өзгөрүшүн мүнөздөөчү, ордината менен абцисса окторунда жайланышкан графиктер. Кээде энергетические диаграммы - энергетикалык диаграммалар деп да аташат).

ПОТЕНЦИАЛЬНЫЕ ЭЛЕКТРОЛИТЫ потенциалдык электролиттер (суунун молекуласы менен реакцияланышканда электролиттерди пайда кылуучу заттар: кислоталар, көпчүлүк полярдуу органикалык заттар ж.б.).

ПРАВИЛО АНТОНОВА Антоновдун эрежеси (эки фаза арасындагы беттик тартышуу, өз ара аралашпоочу суюктуктардын беттик тартылыштарынын айырмасына барабар: $\sigma_{AB} = \sigma_B - \sigma_A$ (мында $\sigma$-беттик тартылыштын коэффициенти, А,В – ар түрдүү суюктуктар).

ПРАВИЛО БЕРТОЛЛЕ-МИХАЙЛЕНКО Бертолле-Михайленконун эрежеси (өз ара аракеттенишүүчү заттар чөкмө, газ түрүндөгү же аз диссоциациялануучу продуктыларды пайда кылса жана көп энергия бөлүп чыгаруу менен күрөө, реакция акырына чейин жүрүп, кайталанбас мүнөзгө айланат. М.:

$KCl + AgNO_3 \rightarrow AgCl\downarrow + KNO_3$

$CaCO_3 \rightarrow CaO + CO_2\uparrow$

$NaOH + HCl \rightarrow NaCl + H_2O$ )

ПРАВИЛО ВАНТ-ГОФФА Вант-Гоффтун эрежеси (температураны 10°С на көгөрулатууда, химиялык реакциялардын ылдамдыктары 2÷4 эсе (орточо 3 эсе) көгөрүлөт. Жалпысынан

$$v_{t+10n} = v_t \gamma^n$$

мында $v_t$ – баштапкы $t$ температурасындагы, $v_{t+10n}$ — $t+10n$

температурадагы реакциянын ылдамдыгы ($n$–он градустардын саны) жана $\gamma$ – температуралык коэффициент, ал $\gamma = 2 \div 4$ (орточо $\gamma = 3$) ке барабар. Бул жакындатылган так эмес эреке).

ПРАВИЛО ГЕНРИ Генринин эрежеси (туруктуу температурада газдардын суудагы эригичтигин басымга түз пропорциялан: $S = kP$, мында $S$ – эригичтик өлчөмү, $k$ – пропорциялаштуулуктун коэффициенти, $P$ – басым. Бул изотерма растворимости – эригичтиктин изотермасы деп да аталат).

ПРАВИЛО ГОЛЬДШМИДТА Гольдшмидттин эрежеси (элементтердин үч атомунан турган электролиттердин кристаллдык торчолору, аларды түзгөн иондордун радиусуна жараша болот да, эгерде катиондун радиусу аниондукунан 0,7 дан чоң болсо фтордуу кальций тибиндеги, андан аз болсо, рутил тибиндеги торчолорду пайда кылышат, андан көп айырмаланып кетсе, башка түзүлүштөгү торчону түзөт, ал эми 0,8 тен ылдыйласа кристаллдык торчо молекулалык мүнөзгө ээтет. М.: $CO_2$ де $\frac{r_{кат}}{r_{ан}} < 0{,}22$, $CdF_2$ де $r_{кат}/r_{ан} = 0{,}77$ ($CdF_2$ тибиндеги), $MnF_2$ де $r_{кат}/r_{ан} = 0{,}61$ ($TiO_2$ тибиндеги), $CeO_2 - 0.77$ ($CaF_2$ тибиндеги), $SnO_2 - 0.56$ ($TiO_2$ тибиндеги) Бул болжолдуу кобо. Кристаллдык торчонун кайсы шартта кандай формасы пайда болору азырынча даана белгилүү эмес).

ПРАВИЛО ГРИММА Гриммдин эрежеси (1925-к.)(изоморфтуу аралашманы түзүү үчүн компоненттердин кристаллдык түзүлүшү бир типте (м.: $BaSO_4$ жана $KMnO_4$ же $PbS$ жана $NaBr$ к.б.) жана элементардык ячейкасынын түзүлүшү менен размерлери ото жакын болушу тийиш. Изоморфтуу аралашмалардын пайда болушунун негизги себеби, компоненттердин бири экинчисине (же өз ара эле) диффузияланып, кристаллдык торчолорунда сиңирилүүсүндө).



ПРАВИЛО ГРЮНАЙЗЕНА Грюнайзендин эрежеси (кепчулук металлдардын жылуулуктан сыйыктуу кеңейишинин коэффициенти менен абсолюттук эрүү температурасынын көбөйтүндүсү орточо 0,06 га барабар туруктуу сан: $dT_э \approx const = 0{,}06$).

ПРАВИЛО ЗАЙЦЕВА Зайцевдин эрежеси (когорку температуранын, катализатордун, суу тартып алуучу заттардын (же алардын чогуу) таасиринен жаныккан углеводороддордон суутек бөлүнүп чыгат. Ал качан болсо аз гидрогенизацияланган (суутекке кары) атомдон ажырайт. М.:

$$CH_3-CH_2-CHBr-CH_3 \rightarrow CH_3-CH=CH-CH_3 + HBr).$$

ПРАВИЛО ЗАМЕЩЕНИЯ В БЕНЗОЛЬНОМ ЯДРЕ бензолдук ядродогу алмашталуунун эрежелери (эгерде бензолдук ядродо мурунтан эле кандайдыр бир багыттандыруучу турса, жаңы келген алмаштоочу биринчиге байланыштуу белгилүү бир орундарга гана кайланышат. Андыктан бардык багыштоочуларды эки топко бөлүшөт: биринчи тардагы багыштоочулар: $Cl$, $Br$, $J$, $-CH_3$, $-OH$, $-NH_2$ к.б. Булар кийинки келген алмаштоочуну бензолдук ядронун орто же параорундарына киберет; экинчи тардагы багыштоочулар: $COOH$, $-CHO$, $-SOH$, $-OH$ к.б. Булар кийинки орундашуучуну мета-абалга багыштайт).

ПРАВИЛО КЛЕЧКОВСКОГО Клечковскийдин эрежеси ( электрондор энергетикалык деңгээлчелерди негизги кванттык саны менен орбиталдык кванттык санынын суммасынын эң аз болгон абалдан ( $n+l \rightarrow min$ ) баштап, анын сан маанисн өскөн тарапты көздөй иреттүү толтурушат: $n+l =$ 1 2 3 4 5

Толтуруу ирети ⟶

б. $n+l$ дин бир маанисине туура келген кванттык деңгээлчелер кана ячейкалар $n$ дин аз $l$ дин чоң сан маанисинен $n$ дин чоң $l$ дин кичине маанисин кездей иреттүү толтурулат:

| $n+l$ | | 5. | |
|---|---|---|---|
| мында $n$ | 3 | 4 | 5 |
| $l$ | 2 | 1 | 0 |
| деңгээлчелер | 3d | 4p | 5S |
| толтурулуу иреги | ⟶ | | ). |

ПРАВИЛО КОППА Копптун эрежеси (кадимки температурада ар түрдүү заттардын кылуулук сыйымдуулугу

| | | | | | | | | Банка элементтер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| H | Li | Be | B | C | N | O | F | |
| 10 | 21 | 15 | 18 | 8 | 13 | 18 | 20 | 26 дж/моль. град |

катарындагы элементтердин берилген маанилери боюнча алынып, заттардын химиялык формуласына ылайык суммалоодон чыккан санга барабар. М.: муздун кылуулук сыйымдуулугу $H_2O$ формуласы боюнча $2 \cdot 10 + 1 \cdot 18 = 38$ дж/моль.град. (суюктуктарга бул эреже караксыз).

ПРАВИЛО КОССЕЛЯ-МАГНУСА Коссель- Магнустун эрежеси (комплекс пайда кылуучунун координациялык саны, борбордук атомдун радиусунун лигандын радиусуна болгон катышына көз каранды келет да, төмөнкү шартка ээ болот:

| $r_{B.a}/r_{лиг}$ | $< 0,15$ | $\geq 0,15$ | $\geq 0,22$ | $\geq 0,41$ | $\geq 0,73$ |
|---|---|---|---|---|---|
| Координациялык сан | 2 | 3 | 4 | 6 | 8). |

ПРАВИЛО КРЕСТА (СМЕШИВАНИЯ) кайчылаштык (аралаштыруу) эрежеси (ар кандай салмактык өлчөм же процент менен берилген



заттын эки эритмесин аралаштырып, керектүү концентрациядагы эритмени даярдоо ыгы. М.: кайнатма туздун 30 % түү эритмесин даярдоо үчүн анын 10 % жана 40 % түү эритмелеринен канчадан алуу керек?

Кайчылаш эрежесин колдонууда




алабыз. Демек, 20 : 10 = 2 : 1 катнашта, б.а. 40 % түү эритмеден 2, ал эми 10 % түүдөн 1 массалык өлчөмдө алып, аларды аралаштыруу керек).

ПРАВИЛО МАРКОВНИКОВА Марковниковдун эрежеси (суутектүү полярдуу молекулалар (м.: HCl, HI, $HNO_3$, $H_2SO_4$, HF ж.у.с.) каныкпаган углеводороддор менен аракеттенишкенде, анын кобуреек гидрогенизацияланган (суутекке бай) көмүртегинин атомуна суутекти, ал эми начар гидрогенизацияланганына (суутекке кардысына) молекула калдыгын беришет. М.:

$$CH_3-CH=CH_2 + HBr \longrightarrow CH_3-CHBr-CH_3$$

ПРАВИЛО ОКТЕТА октеттер эрежеси (химиялык байланыштарды пайда кылууда, ар бир атом туруктуу сегиз электрондук валенттик катмарга ээ болууга тырышат).

ПРАВИЛО РЫЧАГА рычаг эрежеси (химияда эки компоненттүү аралашманын жалпы фазалык составын, физикада колдонулуучу рычагдын эрежеси боюнча, б.а. рычагдын ийиндеринин узундуктарынын катыштарын алуу менен эсептеп табуу ыгын түшүндүрөт).

ПРАВИЛО РИЧАРДСА Ричардстын кобосу (көпчүлүк элементтер-

дин эритиндисинин энтропиясы болжол менен турактуу сан жана анын мааниси 1,6 ÷ 3,4 кал/моль. град түзүп турат:

$$\Delta S_э = \frac{\Delta H_э}{T_э} \approx const \qquad const = 1,6 \div 3,4 \text{ кал/моль.град}).$$

ПРАВИЛО СМЕЩЕНИЯ ИЛИ ПРАВИЛО СДВИГА (ПРАВИЛО СОДДИ И ФАЯНСА) соштуруу же жылышуу эрежеси (Содди жана Фаянстын эрежеси) ($\alpha, \beta^-$ жана $\beta^+$ ажыроолоруна дуушар болгон ядролордун экинчи бир түргө өтүп, мезгилдик системадагы орундарынын башка клеткаларга жылдырышын мүнөздөйт, к. РАДИОАКТИВНЫЙ РАСПАД).

ПРАВИЛО ТАММАНА Таммандын эрежеси (МС нын бир подгруппасында орун алышкан элементтер өз ара интерметаллдык кошулмаларды беришпейт (чындыгында бар, бирок алардын саны аз).

ПРАВИЛО ТОМСОНА-НЕРНСТА Томсон-Нернсттин эрежеси (эриткичтин эриген заттын молекулаларын иондоштуруу жөндөмдүүлүгү, анын диэлектрдик турактуусуна түз пропорциялаш же эриткичтин электролиттик диссоциацияга дуушар кылуу мүмкүнчүлүгү, анын чөйрөсүнүн диэлектрдик турактуусунун сан маанисинин өсүшү менен жогорулайт:

| Эриткичтер | Диэлектрдик турактуулук | Иондоштуруу жөндөмдүүлүгү |
|---|---|---|
| Вакуум | 1,0 | - |
| Бензол | 2,8 | эң аз |
| Вино спирти | 2,5 | начар |
| Кумурска кислотасы | 62 | күчтүү |
| Суу | 81 | абдан күчтүү |
| Синил кислотасы | 96 | эң жогору ). |

ПРАВИЛО ТРАУБЕ Траубенин эрежеси (углеводороддук чын-



жырдын өсүшү менен органикалык заттардын көмүргө адсорбциялануусу жогорулайт).

ПРАВИЛО ХУНДА (ГУНДА) Хундун (Гундун) эрежеси (электрондор болгон орбиталдардын бош ячейкаларын бүт ээлөөгө жана анда спиндеринин суммасы максималдуу болууга тырышышат).

ПРАВИЛО ФАЗ фазалар эрежеси (эркиндик даражасынын саны менен фазалардын санынын суммасы, компоненттердин саны менен 2 нин суммасына тең болот: $C + Ф = K + 2$, C - эркиндик даражасынын саны, Ф - фазалардын саны, K - компоненттердин саны).

ПРАВИЛА ЭЛЕКТРОННОГО СМЕЩЕНИЯ электрондук жылышуу эрежеси (ар түрдүү табияттаны атомдор арасында химиялык байланыш пайда болгондо, электрондук жуптар терс электрдүүлүгү жогору элементти көздөй тартыла жайланышат да, салыштырмалуу оң электрдүү атомдо ашыкча оң зарядды, ал эми терс электрдүү атомдо ашыкча терс зарядды пайда кылат. Мунун натыйжасында байланыш поляр-дуулукка айланат),

ПРАВИЛО ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКОЙ ВАЛЕНТНОСТИ электростатикалык валенттүүлүк эрежеси (анионундагы байланыштардын суммасы, анын терс зарядына толук барабар болсо, мындай молекулалык же кристаллдык структуралар жогорку туруктуулукка ээ болушат.

М.: $AlF_3$ кристаллында ар бир $F^-$ ион $Al^{3+}$ аймагында бекемдиги 1/2 болгон кош байланыш аркылуу кармалып турат, ал эми $Si^{4+}$ ал бекемдиги 1 ге барабар байланыш менен $Si^{4+}$ байланышкан. Ошондуктан буларда байланыштын бекемдигинин сан маанисинин суммасы фторид-иондун зарядына барабар. Демек, кристаллдык торчо жогорку туруктуулукка ээ).

ПРАВИЛО ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ СХЕМ энергетикалык схемалар эрежеси (электрондордун кванттык деңгээлдердеги деңгээлчелер менен ячейкаларда иреттүү жайланыш закон ченемдүүлүгүн айкындайт, к. ПРАВИЛО ЭЛЕМЕНТНО-ЭЛЕКТРОННЫХ СХЕМ ФОРМИРОВАНИЯ).

ПРАВИЛО ЭЛЕМЕНТНО-ЭЛЕКТРОННЫХ СХЕМ ЗАПОЛНЕНИЯ (ФОРМИРОВАНИЯ) толтурулуштун (калыптануунун) элементтик-электрондук схемасынын эрежеси (электрондордун атомдук орбиталдарды толтурушу төмөнкү иреттүүлүктө ишке ашат:




Толтурулуу көрсөтүлгөн стрелкаларды бойлото, улам берилген орбиталды, анын электрон сыйымдуулугуна чейин каныктыруу менен кийинкилерине өтүү аркылуу ишке ашырылат. М.: 1S улам бир электрон кабыл алуу менен эки электрондук толук орбиталга $1S^2$ өтөт. Калган электрон 2S ти улам бирден жайланышып толтуруп $2S^2$ ге өтөт. Кийинки электрондор 2p ны бирден толтуруп акыры $2p^6$ - каныккан абалга жеткирет, андан ашкан электрондор 3S ти андан кийин 3p ны ж. у.с. иреттүүлүктө, болгон электрондорду бүт жайлаштырмайынча иреттүү толтуруу жүрө берет).

ПРАВИЛО ЮМ- РОЗЕРИ Юм - Розеринин эрежеси (интерметаллдык кошулмалар, торчосундагы валенттик электрондордун жалпы санын атомдордун жалпы санына бөлгөндөгү бөлчөктүү 8/2,



21/13 жана 7/3 сандарына туура келген катнашта пайда болушат. М.: $Cu_3Sn$ - мында валенттик электрондордун саны 5·1 +1·4=9, ал эми атомдордун саны 6.Демек, бул сандардын катышы 3/2. Чындыгында бул эрежеге баш ийбеген интерметаллдык кошулмалар да бар. М.: $Cu_3Pt$, $CuPt$ ж.б.).

ПРАЗЕДОМ празедом (лантаноиддердин катарына кирген МСнын 59 - элементи).

ПРАЗЕОДИМА ГИДРАТ ОКИСИ празеодимдин гидрооксиди ($Pr(OH)_3$, сууда эрибейт).

ПРАЗЕОДИМА ОКИСЬ празеодимдин оксиди ($Pr_2O_3$ саргыч-жашыл порошок; $PrO_4$ кара түстөгү зат. Алар $CS_2$де эрийт).

ПРЕДЕЛ ВЗРЫВАЕМОСТИ жарылуу чеги (жарылууга жөндөмдүү заттардын жарылууга жетиккен температуралык, басымдык же концентрациялык чеги).

ПРЕДЕЛЬНЫЕ УГЛЕВОДОРОДЫ чектүү углеводороддор (жалпы формулары $C_nH_{2n+2}$ га жооп берген углеводороддор тобу. Эң жөнөкөй өкүлү - метан $CH_4$ ).

ПРЕПАРАТ ДАВЫДОВА Давыдовдун препараты к. ПРОТАРС

ПРЕПАРАТИВНАЯ ХИМИЯ препараттык химия (заттарды синтездөө менен алардын кээ бир касиеттерин окутуучу жана изилдөөчү химия илиминин бир тармагы).

ПРЕРЫВНЫЙ (ПЕРИОДИЧЕСКИЙ) ПРОЦЕСС үзгүлтүктүү (мезгилдүү) кубулуш (процесс)

ПРЕЦИПИТАТ преципитат к. КАЛЬЦИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ ДВУЗАМЕЩЕННЫЙ

ПРИВИТЫЕ СОПОЛИМЕРЫ чогуу жалгаштырылган полимерлер к. ГРАФСОПОЛИМЕРЫ

ПРИМЕСНЫЙ ПОЛУПРОВОДНИК кошумчалуу карым өткөргүч (мындай карым өткөргүчтөргө электрондордун донору болуп кызмат кылуучу ар кандай кошумчалар кошулат. Мунун натыйжасында тоскоолдук зонасынын чоңдугу да азаят).

ПРИМИТИВНЫЕ КРИСТАЛЛИЧЕСКИЕ РЕШЕТКИ эң көнөкөй кристаллдык торчолор(торчолорунун түйүндөрүндө гана структуралык (түзүлүштүк) бирдиктерди (атомдорду, иондорду, молекулаларды) камтып турган кристаллдар).

ПРИНЦИП БЕРТЕЛО Бертелонун принциби (химиялык кубулуштар кылуудук болуп чыгаруу (энергия утуп) тараптуу кездей өздөрүнөн өздөрү аракеттенишүүгө кире алышат. Чындыгында бул бир топ реакцияларга туура болгону менен көп бирлерге туура эмес. Андыктан ал химиялык реакциянын жүрүү багытын так баяндай албайт. Азыр заттардын өз ара аракеттенишүүгө ийкемдүүлүгү б.а. химиялык өнөктүгү Гиббстин энергиясы боюнча аныкталат, и. ЭНЕРГИЯ ГИББСА).

ПРИНЦИП ЛЕ-ШАТЕЛЬЕ Ле-Шательенин принциби (тең салмактуулукта турган системага сырттан (температура, басым же концентрация катары) таасир кылса, анда тең салмактуулук ошол таасир азаюучу жакты кездей нигарылат (кылат).

ПРИНЦИП МИНИМУМА СВОБОДНОЙ ЭНЕРГИИ эркин энергиянын минимумга умтулуу принциби (изоляцияланган (тыштакыр туюкталган) системадагы кубулуштар эркин энергиянын маанисин азайган жакты кездей өздөрүнөн-өздөрү ишке ашырылат).

ПРИНЦИП МИНИМУМА ЭНЕРГИИ эң аз энергияга умтулуу принциби же энергиянын минималдуулукка умтулуу принциби (каратылып



таган бардык кубулуштар (химиялык кубулуштар да) мүмкүн болушунча аз энергияны сарп кылуу менен ишке ашууга, бардык телолор жана белүкчөлөр болушунча аз энергиялуу абалда жайланышууга аракет кылышат. Башкача принцип минимума энергетического состояния - эң аз абалдык (потенциалдык) энергияга умтулуу принциби деп да аталат).

ПРИНЦИП НАИМЕНЬШЕГО ДЕЙСТВИЯ эң аз аракет принциби к. ПРИНЦИП МИНИМУМА ЭНЕРГИИ

ПРИНЦИП ПАУЛИ (ПРИНЦИП ИСКЛЮЧЕНИЯ ИЛИ ПРИНЦИП ЗАПРЕТА) Паулинин (башка мүмкүнчүлүктөргө жол бербестик же тыюу салуучулук)принциби (атомдогу электрондор энергетикалык деңгээлдерге бардык кванттык сандары менен айырмаланып гана жайланышат, б.а. атомдун составынан бардык 4 кванттык сандары бирдей болгон эки электронду табууга мүмкүн эмес).

ПРИНЦИП СМЕЩЕНИЯ РАВНОВЕСИЙ тең салмактуулуктун кыймыл принциби к. ПРИНЦИП ЛЕ-ШАТЕЛЬЕ

ПРИНЦИП СООТВЕТСТВИЯ шайкештешүү принциби (физикалык-химиялык анализде колдонулуучу бул принцип боюнча, ар бир фазага же ар бир фазалардын комплексине физикалык-химиялык диаграмма боюнча белгилүү бир геометриялык образ туура келет).

ПРИНЦИП ФРАНКО-КОНДОНА Франк-Кондондун принциби (бул принциби боюнча, электрон бир ядронун аймагынан экинчи ядрого алардын ортосундагы аралыкты өзгөртпөстөн эле берилет; мында дүүлүккөн молекула, башталгы абалдагы турган молекуланыкындай эле энергетикалык деңгээлде жайланышат).

ПРИРОДНЫЕ ВОЛОКНА табигый булалар (каратылышта кездешүү-

чу жогорку молекулалуу полимерлер. Буларга: күн, жибек, пахта жана энгир булалары кирет).

ПРИРОДНЫЕ ПОЛИМЕРЫ табигый полимерлер (каратылыпта кездешүүчү целлюлоза, белок, нанта каучук ж.б. сыяктуу полимерлер).

ПРОБКОВАЯ КИСЛОТА пробка кислотасы ($C_8H_{14}O_4$ же $HOOC-(CH_2)_6-COOH$, кристаллдык зат. Суу менен спиртте бир аз эрийт, $t_э$=144°C, d = 1,266).

ПРОВАЛ ЭЛЕКТРОНА электрондун ички катмарга түшүп кетиши (м.: палладийде 5 - орбиталындагы 2 электрон, ички d -орбиталына түшүп кетиген. Булардын себебинен элементтин валенттүүлүгү өзгөрөт).

ПРОВОДИМОСТЬ ИОННАЯ иондук өткөргүчтүүлүк (металлдардын эритиндилеринде же суюктуктарда (демейде суюда) эригиген, бирок кристаллдары иондук түзүлүштөгү заттарда электр саны ондор аркылуу тамылат. Мындай ток өткөргүчтөр иондук өткөргүчтөр же экинчи түрдөгү өткөргүчтөр деп аталышат)

ПРОВОДНИКИ ВТОРОГО РОДА экинчи түрдөгү өткөргүчтөр К.ПРОВОДИМОСТЬ ИОННАЯ

ПРОВОДНИКИ ПЕРВОГО РОДА биринчи түрдөгү өткөргүчтөр(электрондук ток өткөргүчтүүлүкка ээ металлдар).

ПРОВОДИМОСТЬ ЭЛЕКТРОННАЯ электрондук өткөргүчтүүлүк К. ПРОВОДНИКИ ПЕРВОГО РОДА

ПРОИЗВЕДЕНИЕ РАСТВОРИМОСТИ эригичтик көбөйтүндүсү (начар эрүүчү электролиттердин каныккан эритмелериндеги иондордун концентрацияларынын көбөйтүндүсү алынган температурада туруктуу



сан болот, м.: $[A_g^+][Cl^-] = ЭК$ (ЭК - эригичтик көбөйтүндүсү). Бул чондук электролиттин эригичтик жөндөмдөмдүүлүгүн көрсеткендүктөн, эригичтиктин көбөйтүндүсү деп аталат).

ПРОИЗВОДНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ туунду коңулмалар (кандайдыр бир заттардын молекулаларына атомдордун же атомдук топтордун коңулуусунан пайда болгон заттар. М.: галоиддин туундулар - $C_2H_5Cl$, $C_2H_5Br$ ж.у.с., кычкылтектүү туундулар - $C_2H_5-OH$, $CH_3CHO$, $CH_3COOH$ ж.у.с.).

ПРОЛИН пролин К. ПИРРОЛИДИН, КАРБОЛОВАЯ КИСЛОТА

ПРОМЕЖУТОЧНЫЕ ВЕЩЕСТВА РЕАКЦИИ реакция аралык заттар(бир же бир нече стадия боюнча күрөн реакциялардын стадияларында пайда болгон ар түрдүү туруктуулуктагы заттар. М.: $CO_2$ ни алуу $C + 0,5\ O_2 \rightarrow CO$, андан ары $CO + 0,5\ O_2 \rightarrow CO_2$ реакциялары боюнча күргүзүлсө, CO туруктуу реакция аралык зат деп эсептелиши мүмкүн. Эгерде CO өзүнчө бөлүнүп алына турган болсо, ал реакция аралык продукт деп аталат. Ал эми иод менен суутектин ортосундагы реакция иоддуу суутекти пайда кылуудан мурун $H_2J_2$ түрүндөгү өтө туруксуз молекуланы пайда кылуу стадиясы аркылуу күрөт. Бул учурда реакция аралык зат активдүү комплекс деп аталат, К. АКТИВНЫЙ КОМПЛЕКС).

ПРОМЕЖУТОЧНЫЙ ПРОДУКТ РЕАКЦИИ реакция аралык продукт К. ПРОМЕЖУТОЧНЫЕ ВЕЩЕСТВА РЕАКЦИИ

ПРОМЕТИЙ прометий (катар номери 61 ге барабар, лантаноиддерге кирүүчү, УІ мезгилдин Ш группанын радиоактивдүү элементи).

ПРОМОТОРЫ промоторлор (грек. түртүү берүүчүлөр; өздөрү

каталитикалык активдүүлүккө ээ болбогону менен катализаторлордун составына кошууда, алардын активдүүлүгүн жогорулатуучу заттар. Ошондуктан аларды активаторлор деп да атайт. Коррозиянын жана башка бир химиялык кубулуштардын алдамдытын жогорулатуучу заттар да промоторлорго кирийт).

ПРОПАН пропан ($C_3H_8$ каныккан углеводород, күйүүчү газ. Спиртте жана эфирде эрийт).

ПРОПАНДИКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА пропандикарбон кислотасы ($CH_2(COOH)_2$, к. МАЛОНОВАЯ КИСЛОТА ).

ПРОПАНОЛ пропанол к. ПРОПИЛОВЫЙ СПИРТ

ПРОПАНТРИОЛ пропантриол к. ГЛИЦЕРИН

ПРОПАРГИЛОВАЯ КИСЛОТА пропаргил кислотасы к. ПРОПИЛОВАЯ КИСЛОТА

ПРОПАРГИЛОВЫЙ СПИРТ пропаргил спирти ($CH \equiv C - CH_2OH$ - пропион спирти же пропинол деп да аталат).

ПРОПЕН пропен к. ПРОПИЛЕН

ПРОПЕНОВАЯ КИСЛОТА пропен кислотасы же акрил кислотасы

ПРОПИЛ пропил ($C_3H_7$ - бир валенттүү радикал).

Н-ПРОПИЛАМИН н-пропиламин ($CH_3 - CH_2CH_2 - NH_2$ формуласындагы катуу зат).

ПРОПИЛАЦЕТИЛЕН пропилацетилен ($CH_3 - CH_2 - CH_2 - C \equiv CH$ эфирде гана эрийт).

ПРОПИЛБЕНЗОЛ пропилбензол ($C_6H_5 - C_3H_7$, $SO_2$ гана эрийт).

ПРОПИЛ БРОМИСТЫЙ пропил бромид ($C_3H_7Br$, эфир менен спиртте гана эрий алат).

ПРОПИЛГЛУТАРОВАЯ КИСЛОТА пропилглутар кислотасы ($C_8H_{14}O_4$, кристаллдык зат).



ПРОПИЛЕН пропилен ($CH_3 - CH = CH_2$, суууда, спиртте жана уксус кислотасында жакшы эригич түссүз газ).

ПРОПИЛЕНДИБРОМИД пропилендибромид к. ДИБРОМПРОПАН

ПРОПИЛЕН ХЛОРИСТЫЙ пропилен хлорид ($CH_3 - CHCl - CH_2Cl$, спиртте жана эфирде эрүүчү зат).

ПРОПИЛ ИОДИСТЫЙ пропил иодид ($C_3H_7J$ спирт жана эфирде жакшы эрийт).

ПРОПИЛОВЫЙ СПИРТ пропил спирти ($C_3H_7OH$, суууда, спиртте жана эфирде алабай жакшы эрип, сивуха майынын составына кирет).

ПРОПИНОЛ пропинол к. ПРОПАРГИЛОВЫЙ СПИРТ

ПРОПИОНОВАЯ КИСЛОТА пропион кислотасы ($CH_3 - CH_2 - COOH$ түссүз мелтүрөк суюктук. Суууда, спиртте жана эфирде эң жакшы эрийт).

ПРОПИОНОВЫЙ АЛЬДЕГИД пропион альдегиди ($C_3H_6O$, же $CH_3 - CH_2 - CHO$).

ПРОСТЫЕ ЭФИРЫ жөнөкөй эфирлер (жалпы формуласы $R-O-R'$ болуп берген органикалык заттардын тобу. Мында R, R'—углеводород радикалы, к. ЭФИР ПРОСТЫЙ).

ПРОТАКТИНИЙ протактиний (МС нын актиноиддер тобуна кирүүчү табигый радиоактивдүү элементи).

ПРОТАМИНЫ протаминдер (белок заттары, алардын составында күкүрт болбойт).

ПРОТЕАЗЫ протеазалар (ензимдерге кирийт, алардын таасиринен белоктор гидролизденишет да аминокислоталарга ажырайт, м.: пепсин, трипсин).

ПРОТЕИДЫ протеиддер (белоктор менен башка бир комулмалар-

дын (м.: углеводороддун, нуклеин кислоталарынын ж.б.) кошулушунан пайда болгон татаал белоктор).

ПРОТЕИНЫ протеиндер (жалаң аминокислоталардан турган жөнөкөй белоктор).

ПРОСТЕЙШАЯ ФОРМУЛА СОЕДИНЕНИЯ кошулманын эң жөнөкөй формуласы (минималдуу бүтүн сандар аркылуу туюнтулуучу жана кошулмадагы атомдордун сандарынын катнаштарын көрсөтүүчү химиялык формула. М.: I:3 катнашына $CH_3$, $C_2H_6$, $C_3H_9$ ж.у.с. молекулалык составдар туура келет. Демек, кошулманын эң жөнөкөй формуласы: $CH_3$. Бул формула көпчүлүк учурда заттын аныкформуласына жооп бербейт, к. ИСТИННАЯ ФОРМУЛА СОЕДИНЕНИЯ).

ПРОСТРАНСТВЕННОЕ СТРОЕНИЕ МОЛЕКУЛ молекуланын мейкиндик түзүлүшү (же молекулалардын мейкиндиктеги түзүлүшү, структурасы).

ПРОТАРС протарс (составында 10 % $As_2O_3$ бар, формуласы: $Ca(AsO_2)_2$ кальцийдин мышьякатына жооп берген заттын техникалык аты. Ал Давыдовдун препараты деп да аталат).

ПРОТИЙ протий (суутектин изотобу $^1H^+$).

ПРОТОГЕНЫ протогендер (протонду б.а. $H^+$ пайда кылуучу заттар. М.: $H_2O$, $HCN$, $CH_3COOH$ ж.б.).

ПРОТОКАТЕХИНОВАЯ КИСЛОТА протокатехин кислотасы ($C_7H_6O_4$, этил спиртинде гана эрийт).

ПРОТОКАТЕХИНОВЫЙ АЛЬДЕГИД протокатехин альдегиди ($C_7H_6O_4$, кристаллдык зат).

ПРОТОЛИТЫ протолиттер (Бренстеддин теориясы боюнча протолиттер делип, протондордун донору жана акцептору болуп эсептелген кислоталар менен негиздер аталат. Жалпысынан алар ез



ара протолиттик системаны түзүшөт:

кислота $\rightleftarrows$ негиз + протондор).

ПРОТОЛИТИЧЕСКОЕ РАВНОВЕСИЕ прололиттик тең салмактуулук (кислоталык жана негиздик ез ара жалгашуу менен жүргөн реакциялардагы пайда болгон тең салмактуулук, б.а.

негиз + протон $\rightleftarrows$ кислота

кислота + негиз $\rightleftarrows$ негиз + кислота ).

ПРОТОН протон (бир оң зарядка эз суутек атомунун ядросу).

ПРОТОННАЯ ТЕОРИЯ КИСЛОТ И ОСНОВАННИЙ кислоталардын жана негиздердин протондук теориясы (бул теория боюнча, электролиттик диссоциация учурунда протондорду пайда кылуучулар кислоталар, протондорду кошуп алуучулар негиздер деп да аталат).

ПРОТОННЫЕ РАСТВОРИТЕЛИ протондуу эриткичтер (электролиттик диссоциация теориясына ылайык, диссоциация учурунда сольватташкан (гидратташкан) протондорду (суутектин ионун) пайда кылуучу эриткичтер. М.: $H_2O$, $HCl$, $H_2SO_4$, $H_3PO_4$ ж.у.с.).

ПРОТРАВИТЕЛИ күйгүзүүчү, жеп жиберүүчү, уунтандыруучу, тазалоочу (иштетүүчү) заттар (м.: протравить кислотой - кислота менен күйгүзүү, протравить стекло плавиковой кислотой - плавик кислотасы менен айнектин бетин жедирүү, , протравить вредных насекомых - зыяндуу курт-кумурскаларды уунтандыруу, протравить семьян - үрөндөрдү химиялык заттар менен иштетүү (та (тазалоо же ууландыруу).

ПРОЦЕСС ГАБЕРА Габердин процесси (суутек менен азоттун аралашмасынан аммиакты катализатордун таасири аркасында, температура жана басымды колдонуу менен синтездее жолу).

ПРОЧНОСТЬ ХИМИЧЕСКОЙ СВЯЗИ химиялык байланыштын бекемдиги, чыңдыгы (байланыштын бекемдиги байланыш энергиясынын $-E_\delta$ нын сан мааниси менен мүнөздөлөт. М.: Н – Н байланышынын $E_\delta$ = 103 ккал/моль, ал эми Н – Э дуку $E_\delta$ = 71 ккал/моль. демек биринчидеги байланыш чың).

ПСЕВДОГАЛОГЕНЫ (ГАЛОГЕНОИДЫ) псевдогалогендер (молекуласынын элементтик составы жалаң гана терс электрдүү атомдордон түзүлүп, эркин абалында галогендерге окшош болгон молекулалар. М.: $(CN)_2$ – дициан, $(OCN)_2$ – диоксоциан, $(SCSN_3)_2$ – азидкарбондисульфид, $(CNS)_2$ – дитиоциан ж.б.).

ПУРИН пурин ($C_5H_4N_4$ жаратылышта кеңири кездешүүчү азоттуу органикалык катуу зат. Ал бир канча алкалоиддердин, нуклеотиддердин составына кирет),

ПУРИНОВЫЕ КОМПЛЕКСЫ пурин комплекстери (булар организмдин клеткаларынын бүткүл энергетикалык өзгөрүштөрүн тейлеп туруучу комплекстик кошулмалар).

ПУРПУР пурпур к. ДИБРОМИНДИГО

ПУРПУРЕОСОЛЬ пурпуреотуз ( $[Co(NH_3)_5Cl]Cl_2$ кызгылтым түстүү кристалл).

ПУРПУРИН пурпурин к. ТРИОКСИАНТРОХИНОН

ПУТРЕСЦИН путресцин ($H_2N-(CH_2)_4-NH_2$, бул эттин жана башка органикалык заттардын чиришинен пайда болуп, физиологиялык жактан активдүү зат. Адамдын кан басымын азайтат. Сууда эрийт, $d$ =0,877 , $t_c$ =27 ÷ 28°С).

ПУШОНКА үлпүлдөк акиташ (өчүрүлгөн акиташтын $Ca(OH)_2$ тин чала кургатылган үлпүлдөк порошогу).



ПЬЕЗОЭЛЕКТРИКИ пьезоэлектриктер (кысуу, созуу, ныктоо ж.б.с. механикалык таасирлердин натыйжасында электдик полярдуулукка б.а. карама-каршы жактарында оң жана терс электрдик заряддарды пайда кылуучу кристаллдык заттар. М.: кварц, турмалин, барийдин титанаты, сегнет тузу ж.б.).

pH (ВОДОРОДНЫЙ ПОКАЗАТЕЛЬ) pH (суутектик көрсөткүч) (суу эритмелериндеги суутектин иондорунун концентрациясынын терс логарифмасы: $pH = -\lg C_{H^+}$).

## Р

РАБОЧИЕ РАСТВОРЫ кеп урунулуучу эритмелер к. РАСТВОРЫ СТАНДАРТНЫЕ

РАВНОВЕСИЕ ХИМИЧЕСКОЕ химиялык тең салмактуулук к. ЗАКОН ДЕЙТСВУЮЩИХ МАСС, ХИМИЧЕСКОЕ РАВНОВЕСИЕ

РАВНОВЕСНОЕ РАСТОЯНИЕ тең салмактуулук аралыгы (бөлүкчөлөрдүн (атомдун ядросу менен электрондордун, атомдор менен атомдордун, молекулалар менен молекулалардын, иондор менен иондордун ж.б.) байланышкан же таасирдешкен учурундагы, тартышуу жана түртүшүү күчтөрү өз ара барабар болуп, потенциалдык энергиясы минималдуу болгон аралык. М.: суутектин молекуласында, анын атомдорунун ядролору 0,53Å ге барабар тең салмактуулук аралыгында жайланышкан).

РАДИАЦИОННАЯ ХИМИЯ радиациялык химия (рентгендик жана ядролук жогорку энергиялуу нурлардын таасири аркасында химиялык кубулуштардын жүрүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн, механизмдерин ж.б. окутуучу жана изилдөөчү химия илиминин бир бөлүгү).

РАДИЙ радий (МС нын П А подгруппасында жайгашкан 88 - элементи).

РАДИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ радийдин нитраты ( $Ra(NO_3)_2$ радиоактивдүү касиети бар. Сууда эригич, түссүз мөлтүрөк кристалл).

РАДИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ радийдин сульфаты ($RaSO_4$ радиоактивдүүлүк касиети бар түссүз кристалл, сууда эрийт).

РАДИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ радийдин карбонаты ($RaCO_3$ сууда эрибейт).

РАДИЙ ХЛОРИСТЫЙ радийдин хлориди ($RaCl_2$ түссүз кристалл, сууда эрийт).

РАДИКАЛЫ радикалдар (жалкы эркин электрону бар реакцияларга өтө жөндөмдүү молекулалык калдыктар. М.: $^{\cdot}H$, $^{\cdot}NH_2$, $^{\cdot}CH_3$ ж.у.с.).

РАДИКАЛЫ УГЛЕВОДОРОДНЫЕ углеводород радикалдары (м.:метил $-CH_3$, этил - $C_2H_5$, бутил - $C_4H_9$ ж.б.).

РАДИОАКТИВНОСТЬ радиоактивдүүлүк (уран, радий, торий сыяктуу туруксуз изотоптуу элементтердин өздөрүнөн-өздөрү бөлүнүшүп $\alpha, \beta, \gamma$ нурларын бөлүп чыгаруу менен башка элементтерге айланышы).

РАДИОАКТИВНОСТЬ ИСКУССТВЕННАЯ жасалма радиоактивдүүлүк (радиоактивдүү эмес элементтерди $\alpha$ нурлары, нейтрон, дейтрон ж.б. аркылуу бомбалоо менен алардын атомдорун бөлүнүүгө дуушар кылып, радиоактивдүү элементтерге же башка бир изотопторго айландыруу).

РАДОИАКТИВНАЯ ПЫЛЬ радиоактивдүү чаң к. РАДИОАКТИВНЫЕ АЭРОЗОЛИ

РАДИОАКТИВНЫЕ АЭРОЗОЛИ радиоактивдүү аэрозолдор (абадагы



радиоактивдүү заттарды кошо ала жүргөн же өзүнө сиңирип алган эң майда күкүмдөр же тамчылар түрүндөгү дисперсиялык системалар).

РАДИОАКТИВНЫЕ ЗАГРЯЗНЕНИЯ радиоактивдүү булганчтар (ядролук куралдардын жарылышынан, ядролук реакторлордун иштешинен ж.б. пайда болгон тиричиликке коркунучтуу радиоактивдүү таштандылар).

РАДИОАКТИВНЫЕ РЯДЫ радиоактивдүүлүк катарлары (бир радиоактивдүү элементтин бөлүнүшүнөн экинчи элемент пайда болот, ал өз иретинде бөлүнүүдөн башка элементке айланат... Мына ошентип отуруп бир топ элементтердин катары ситезделет. Бул радиоактивдүүлүк катарын түзөт. Азыр радиоактивдүү элементтердин төрт катары белгилүү: уран, актиний, нептуний жана торийдин катарлары. Булардын эң акыркы бөлүнүүсүнөн чыккан туруктуу элемент коргошун болуп эсептелет).

РАДИОАКТИВНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ радиоактивдүү элементтер (элементтердин радиоактивдүү изотоптору. М.: радиовисмут $^{210}Bi$, радионатрий $^{24}Na$, радиоактивдүү күкүрт $^{35}S$ ж.б. к. РАДИОАКТИВНОСТЬ).

РАДИОЛИЗ радиолиз (радиоактивдүү ядролук (же кээде рентгендик) нурлардын таасири аркылуу заттардын молекулаларынын ажырашы. Бул учурда радиоациялык диссоциация жүрүп эркин радикалдар, иондор, атомдор пайда болот).

РАДИОМЕТРИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ радиометриялык анализ (негизинен радиоактивдүү изотопторду (же белгиленген атомдорду) колдонуу менен заттардын составын, түзүлүшүн, өлчөмүн ж.б. текшерүү методу).

РАДИОХИМИЯ радиохимия (б.а. радиациялык химия радиоактивдүү элементтердин, изотоптордун жана радиоактивдүү кубулуштардын химиясы. Ал ушуларды чечүүчү жана алардын колдонулуш аймагын изилдеечү химия илимининин бир тармагы).

РАДОН радон (МС нын УШ А подгруппасында УІ мезгилинде жайгашкан, 86-элемент).

РАЗВЕТВЛЕНИЕ ЦЕПИ чынжырдын тармактанышы (чынжырдуу уланма жүрүүчү реакцияларда (м.: $H_2 + Cl_2 = 2HCl$ ) чынжырлардын ар түрдүү эркин радикалдарды пайда кылып, химиялык аракеттенүүнү жогорку илдамдык менен улантышы).

РАМЕНТ рамент (никель менен цементтелген танталдын карбиди, өтө катуу комулма).

РАМНОЗА рамноза ($C_6H_{12}O_5$, түссүз кристалл).

РАСКЛИНИВАЮЩЕЕ ДАВЛЕНИЕ ажыратуучу басым (бул эки катуу беттин ортосундагы ≈ 0,15 мк дук кука ачыктыкка толгон суюктуктун (же суунун), ал беттерге келемдегү гидростатикалык басымдан ашыкча басым касап, аларды карама-каршы багытта түртүп, ажыратууга аракет кылышын билдирет. Бул дисперсиялык системаларды майдалоо механизмин түшүндүрөт. Суу үчүн бул басымдын маанеси 23 000 кг/см² га жетет).

РАСПЛАВ эритинди (металлдардын же башка бир химиялык заттардын балкып эриген абалы).

РАСПРЕДЕЛЕНИЕ ЭЛЕКТРОННОЙ ПЛОТНОСТИ электрондук тыгыздыктын белүштүрүлүшү (электрондук булутчанын тыгыздыгынын атомдор арасында же ядронун айланасындагы мейкиндикте белүштүрүлүп, ар кандай тыгыздыкка ээ болуну).

РАСТВОР эритме (эки же андан көп компоненттен турган



гомогендик система. Эритмелер газ, суюктук жана катуу түрүндө болушат. Эритме эриген заттан жана эриткичтен турат. Катуу эритмелер изоморфтук аралашмалар деп да аталат).

РАСТВОР РОРБАХА Рорбахтын эритмеси ($HgJ_2 \cdot BaJ_2$ затынын суу эритмеси).

РАСТВОРИМОСТЬ эригичтик (заттардын эритмеге өтүү көндөмдүүлүгү. Катуу заттар температура жогорулаган сайын эригичтиги көбөйгөн газдар болсо, тескерисинче төмөндөйт).

РАСТВОРЫ БУФЕРНЫЕ буфердик эритмелер к. БУФЕРНАЯ СМЕСЬ

РАСТВОРЫ ВЫСОКОМОЛЕКУЛЯРНЫХ СОЕДИНЕНИЙ жогорку молекулалуу заттардын эритмелери (булар демейде макромолекулалардан турушкан жогорку илешкектүүлүктөгү коллоиддик эритмелер).

РАСТВОРЫ ИСТИННЫЕ чыныгы эритмелер (б.а. бир түрдүү тунук эритмелер-молекулалык дисперстик абалдагы гомогендүү эритмелер. Андагы эрип жүргөн заттардын бөлүкчөлөрү 1 нм дон кичине болгондуктан, аларды оптикалык куралдар аркылуу да көрүүгө болбойт).

РАСТВОРЫ КОЛЛОИДНЫЕ коллоиддик эритмелер (эритмеде жүргөн бөлүкчөлөрдүн чоңдугу 100 нм ден 1 нм чейин болгон эритмелер. Мындагы бүдүрчөлөрдү кана бөлүкчөлөрдү кыралданбаган көз менен же оптикалык аспаптар менен көрүүгө болот. Бул гетерогендүү система).

РАСТВОРЫ МОЛЯРНЫЕ молярдык эритмелер (заттардын граммолекулалык өлчөмдөгү салмактарынын 1 л суудагы эритмеси).

РАСТВОРЫ НАСЫЩЕННЫЕ каныккан эритмелер (тиешелүү температурада эрүүчү зат,андан ары эрибей калган учурда пайда болгон эритмелер).

РАСТВОРЫ НЕНАСЫЩЕННЫЕ каныкпаган эритмелер (берилген температурада заттын кошумча өлчөмүн эрите алуучу эритмелер).

РАСТВОРЫ НОРМАЛЬНЫЕ нормалдуу эритмелер (заттардын грамм-эквивалент өлчөмдөрүнүн I л эриген эритмеси).

РАСТВОРЫ ПЕРЕСЫЩЕННЫЕ өтө каныккан эритмелер (эриген заттын өлчөмү каныккан эритмедегиге караганда көп болгон учурдагы пайда болгон эритме. Андай эритмелер жалган туруктуу (метастабилдүү) абалда болушат. Эгерде эритмени силкилдетсе же ага кристалл салса, эритмедеги артык эрип жүргөн заттар дароо кристаллдашат).

РАСТВОРЫ РАЗВЕДЕННЫЕ суюлтулган эритмелер (эриген заттын концентрациясы өтө аз болгон эритмелер).

РАСТВОРЫ СТАНДАРТНЫЕ стандарттык эритмелер (эриген заттын концентрациясы жогорку тактыкта белгилүү болгон эритмелер. Алар титриметриялык анализдөө методдунда белгисиз заттын өлчөмүн табуу же аныктоо үчүн колдонулат. Демейде буларды титрованные растворы – титирленген эритмелер б.а. титирленип заттын концентрациясы такталган эритмелер деп аташат).

РАСТВОРЫ ТВЕРДЫЕ катуу эритмелер К. СПЛАВЫ

РАСХОД РЕАГЕНТОВ реагенттердин чыгымдалышы (сарпталышы)

РАСЩЕПЛЕНИЕ ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ УРОВНЕЙ энергетикалык деңгээлдердин ажырашы (кристаллдын торчодогу же комплекстик кошулмадагы белгилүү бир атомду курчап турган белүкчөлөрдүн таасири аркылуу борбордук белүкчөнүн энергетикалык деңгээлдери өзгөрүшкө учурап, жаңы энергетикалык деңгээлчелерди пайда кылышы).

РАФИНИРОВАНИЕ тазалоо, накталоо (рафиндөө)(м.: электро-



химическое рафинирование меди – жезди электрохимиялык жол менен накталоо; рафинирование масел – майларды тазалоо; окислительное рафинирование – кычкылдантып тазалоо ж.у. с.).

РАФИНИРОВАНИЕ МЕДИ жезди рафинаалаштыруу (жезди аралашма түрүндөгү Ni, Fe, Pb, As ж.б. кошмолорунан (электролиз жолу менен) тазартуу).

РАФИНОЗА рафиноза ( $C_{18}H_{32}O_{16}$ анын түзүлүшү өтө татаал, ал канттын ширесинде кездешет).

РАЦЕМАТЫ (РАЦЕМИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ) рацематтар (оптикалык антиподдордун, б.а. жарык нурун оңго, ошондой эле солго буроочу оптикалык изомерлердин бирдей өлчөмдөгү аралашмасы. Булар оптикалык активдүү заттар).

РАЦЕМИЗАЦИЯ рацемизация (мындай процессте, бир зат активдүү формасынан активсиз түрүндө өтөт).

РАЦИОНАЛЬНАЯ НОМЕНКЛАТУРА рационалдуу номенклатура (б.а. оңтойлуу атоо системасы. Бул система заттарды атоону, алардын түзүлүшүнө жана химиянын теориялык жоболоруна ылайык ишке ашырылат).

РЕАГИРУЮЩИЕ ВЕЩЕСТВА реакцияланууучу заттар (реакцияга кирүүчү баштапкы заттар).

РЕАКТИВ реактив (лабораторияларда колдонуучу химиялык заттар).

РЕАКТИВ НЕССЛЕРА Несслердин реактиви ( $K_2[HgJ_4]$ аны аналитикалык химияда $NH_4^+$ ионун табуу үчүн колдонот).

РЕАКТИВ ЧУГАЕВА Чугаевдин реактиви (диметилглиоксимдин спирттеги эритмеси).

РЕАКЦИИ ВЫТЕСНЕНИЯ суруп чыгаруу реакциялары (орундануу реакцияларынын эски аты, бирок азыр да кээде колдонулат. М.: активдуу металлдар же металл эместер өздөрүнөн активдуу эместерди эритмелеринен суруп чыгарышат:

$$Zn + CuSO_4 = Cu + ZnSO_4$$

$$HF + KJ = HJ + KF$$ ж.у.с.

к. РЕАКЦИИ ЗАМЕЩЕНИЯ).

РЕАКЦИИ ГИДРИРОВАНИЯ (ГИДРОГЕНИЗАЦИИ) гидрлештируу реакциялары (кандайдыр бир заттарга суутекти кошуу реакциялары. Кээде, металлдарга суутекти кошуу гидрлештируу реакциялары, ал эми каныкпаган углеводдорго суутекти жалгаштырууну гидрогенизациялоо реакциялары деп аталат).

РЕАКЦИИ ГИДРОЛИЗА гидролиз реакциялары (минералдык заттарда туздардын суу менен өз ара аракеттенишүүсүн, ал эми органикалык химияда татаал эфирлердин суу менен аракеттенишин түшүндүрөт. Кээде акыркы кубулушту сапондоо реакциялары деп да атайт, к. РЕАКЦИЯ ОМЫЛЕНИЯ).

РЕАКЦИИ ДВОЙНОГО ОБМЕНА катнаш (кош) алмашуу реакциялары(башталгы заттардын молекулаларынын калдыктары (же бир белүктөрү) өз ара алмашуу менен жүрөн реакциялар. М.: $HCl + NaOH = NaCl + H_2O$ ).

РЕАКЦИИ ДИМЕРИЗАЦИИ димерлештируу реакциялары (б.а. кош мономерди пайда кылуу реакциялары. М.:

$$2NO_2 \rightleftarrows N_2O_4$$

РЕАКЦИИ ДИССОЦИАЦИИ диссоциациялануу реакциялары (ачыроого дуумар болуу менен жүргүзүүчү химиялык кубулуштар.



РЕАКЦИИ ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКОЙ ДИССОЦИАЦИИ электролиттик диссоциациялануу реакциялары

РЕАКЦИИ ТЕРМИЧЕСКОЙ ДИССОЦИАЦИИ термикалык диссоциациялануу реакциялары

РЕАКЦИИ ФОТОХИМИЧЕСКОЙ ДИССОЦИАЦИИ фотохимиялык диссоциациялануу реакциялары

РЕАКЦИИ РАДИАЦИОННОЙ ДИССОЦИАЦИИ радиациялык диссоциациялануу реакциялары

РЕАКЦИИ ФЕРМЕНТАТИВНОЙ ДИССОЦИАЦИИ ферментативдик диссоциациялануу реакциялары

РЕАКЦИИ ЗАМЕЩЕНИЯ айырбашташуу реакциялары (башталгы заттын биринчи молекулалык калдыгы алмашуу менен ишке ашуучу реакциялар. М.: $Zn + CuSO_4 = ZnSO_4 + Cu$ .

РЕАКЦИИ КАЧЕСТВЕННЫЕ сапаттык реакциялар (изилденип же текшерилип жаткан системада кандайдыр бир элементтин же заттын бар же жок экенин билүү үчүн гана жүргүзүлгөн башмдоо реакциялары. Бул аналитикалык химиянын бир методу. Көбүнчө качественный анализ деп аталат).

РЕАКЦИИ КОНСЕКУТИВНЫЕ консекутивдүү реакциялар к.РЕАКЦИИ ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫЕ

РЕАКЦИИ ОСАЖДЕНИЯ чөкмө пайда кылуу реакциялары (химиялык реакциялардын натыжасында пайда болгон продукт аз эрүүчү же такыр эрибөөчү заттар абалына өткөн кездеги жүргөн кубулуштар. М.: $KCl + AgNO_3 = AgCl + KNO_3$ ).

РЕАКЦИИ ОКИСЛЕНИЯ-ВОССТАНОВЛЕНИЯ кычкылдануу-калыбына келүү реакциялары (кычкылдануу (электрон жоготуу же берүү)

кана калыбына келүү (электрон кабыл алуу) менен ишке ашып, реакцияга катышуучу элементтердин кычкылдануу даражасы өзгөрүүчү кубулуштар. Мындай реакциялардын күрүү терендиги кычкылдануу даражасы менен мүнөздөлөт).

РЕАКЦИИ ПОЛИКОНДЕНСАЦИИ поликонденсация реакциялары (составында минимум эки функционалдык группасы,(м.: – ОН, –$NH_2$, –СООН к.у.с.) бар төмөнкү молекулалуу заттардан, жогорку молекулалуу полимерлерди синтездөө кубулушу; бул учурда продукт менен бирге: суу, аммиак, спирт сыяктуу кошумча заттар пайда болот).

РЕАКЦИИ ПОЛИМЕРИЗАЦИИ полимерленүү реакциялары (каныккан углеводороддордун молекулаларын (же звенолорун) бири-бирине байланыштыруу менен жогорку молекулалуу заттарды пайда кылуу реакциялары. Кыскача:

$$n\,CH_2{=}CH_2 \longrightarrow \left(-CH_2-CH_2-\right)_n$$

РЕАКЦИИ КАТАЛИТИЧЕСКОЙ ПОЛИМЕРИЗАЦИИ каталитикалык полимерленүү реакциялары (катализдердин таасири аркылуу полимерленүү).

РЕАКЦИИ ТЕРМИЧЕСКОЙ ПОЛИМЕРИЗАЦИИ термикалык полимерленүү реакциялары (ысыктыктын таасири аркылуу полимерленүү).

РЕАКЦИИ РАДИАЦИОННОЙ ПОЛИМЕРИЗАЦИИ радиациялык полимерленүү реакциялары (радиациялык нурлардын таасири аркылуу полимерленүү).

РЕАКЦИИ ПОЛИМОРФНОГО ПРЕВРАЩЕНИЯ полиморфдук айлануу бар реакциялар (бул реакциялардын натыйжасында зат бир кристаллдык формадан экинчисине өтөт да, касиетин кескин өзгөртөт,



бирок молекуланын составы өзгөл бойдон калат. М.:

$$HgJ_2\ (\text{кызыл}) \overset{t}{\rightleftharpoons} HgJ_2\ (\text{сары}).$$

РЕАКЦИИ ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫЕ иреттүү уланма реакциялар (биринин артынан экинчилери ишке ашуу менен иреттүү улантылуучу реакциялар: $A \longrightarrow B \longrightarrow C \longrightarrow D$ к.у.с. Андыктан көп баскычтуу же консектутивдүү реакциялар деп аташат).

РЕАКЦИИ РАЗЛОЖЕНИЯ ажыроо реакциялары (кандайдыр бир заттын бир канча башка заттарга ажырашы менен жүрүүчү реакциялар. М.: $(NH_4)_2Cr_2O_7 \longrightarrow Cr_2O_3 + N_2 + 4H_2O$

Көпчүлүк учурда мындай механизмдеги жүрүүчүлөрдү диссоциациялануу реакциялары деп да аташат, к. РЕАКЦИИ ДИССОЦИАЦИИ).

РЕАКЦИИ СОПРЯЖЕННЫЕ (ИНДУЦИРОВАННЫЕ) жалган (индукцияланган) реакциялар (реакциялануучу заттардын арасындагы өз ара аракеттенишүүгө, экинчи бир реакция түртүү берген учурда чогуу жүрүүчү кубулуштар).

РЕАКЦИИ ЦВЕТНЫЕ түстүү реакциялар (эки затты же алардын эритмелерин бири-бирине кошууда, аракеттенишүүлөрү түстүү заттарды пайда кылуу менен жүрүүчү реакциялар. Буларга индикаторлордун түсө өзгөртүүсү да кирет).

РЕАКЦИИ ЭЛИМИНИРОВАНИЯ (ОТЩЕПЛЕНИЯ) элимирлөө (бөлүп чыгаруу) реакциялары (реакциянын натыйжасында баштапкы молекуладан эки же андан көп атомдор (же атомдук топтор) ажырап чыккан учурлардагы кубулуштар. М.: $CH_3-CH_3 \longrightarrow CH_2=CH_2 + H_2$).

РЕАКЦИОННОСПОСОБНЫЕ ЧАСТИЦЫ реакцияга кендемдүү бөлүкчөлөр (б.а. активдүү бөлүкчөлөр (ашыкча энергияга ээ бөлүкчөлөр)

РЕАКЦИОННЫЙ ЦЕНТР реакцияга кендемдүү борбор(молекуланын

скелетиндеги химиялык аракеттенишүүгө ийкемдүү аймак (атом же байланыш).

РЕАКЦИОННЫЙ ПУТЬ реакциялануу жолу (б.а. химиялык реакциянын негизинде баштапкы заттардан продуктылар (же продуктылардан баштапкылар) пайда болуу учурундагы, заттардын энергетикалык траекториясын схемалап көрсөтүүдөгү өткөн жол. Кээде реакциянын координатасы же путь реакции – реакциянын жолу деп да аташат, к. КООРДИНАТА РЕАКЦИИ).

РЕАКЦИЯ ИОННАЯ иондук реакция (иондордун ортосунда жүрүүчү реакциялар).

РЕАКЦИЯ НЕОБРАТИМАЯ кайталанбас реакция (алынган баштапкы заттардын баары продуктыга айлануу менен ишке ашуучу б.а. аягына чейин толук жүрүүчү реакциялар. Буларга демейде чөкмө, газ же аз диссоциациялануучу заттар, же көп энергия бөлүп чыгаруу менен жүрүүчү реакциялар кирет).

РЕАКЦИЯ ОБМЕНА орун алмашуу реакциясы (мындай реакцияларда анын составына кирген заттардын молекула калдыктары орун алмашышат).

РЕАКЦИЯ ОБРАТИМАЯ кайталанма реакция (реакция жүргөндө андан пайда болгон заттар, кайтадан диссоциацияланып иондорго бөлүнүшүп, алгачкы заттарын кайтадан пайда кылуу менен эки жакты көздөй жүрүүчү реакция).

РЕАКЦИЯ ОМЫЛЕНИЯ самындоо реакциясы к. РЕАКЦИИ ГИДРОЛИЗА

РЕАКЦИЯ СЕРЕБРЯННОГО ЗЕРКАЛА күмүш күзгү пайда кылуу реакциясы (альдегид топтору бар заттарды күмүштүн кычкылынын аммиактык эритмесинде ысытууда ишке ашуучу кычкылдануу –



калыбына келүү реакциялары; мында альдегид группасы карбоксиль группасына чейин кычкылданат да, күмүш металлга чейин калыбына келет).

РЕАКЦИЯ ЭКЗОТЕРМИЧЕСКАЯ экзотермикалык реакция (жылуулук бөлүп чыгаруу менен жүрүүчү реакциялар).

РЕАКЦИЯ ЭНДОТЕРМИЧЕСКАЯ эндотермикалык реакция (жылуулукту өзүнө тартып алуу (сарп кылуу) менен жүргөн реакциялар).

РЕГУЛИРУЕМЫЕ РЕАКЦИИ көндөлүүчү реакциялар (жүрүү механизмдери же ылдамдыктары адам аркылуу жөнгө салынуучу ядролук жана химиялык реакциялар).

РЕГУЛЯТОРЫ РОСТА РАСТЕНИЙ өсүмдүктөрдүн өнүмдүүлүгүн жөнгө салуучу заттар (өсүмдүктөрдүн өсүшүн тездетүүчү же акырындатуучу ар түрдүү химиялык заттар).

РЕДКОЗЕМЕЛЬНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ сейрек учуроочу жер элементтери к. РЕДКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ

РЕДКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ сейрек учуроочу элементтер (жаратылышта аз өлчөмдө учуроочу жана өндүрүп алынышы көп кыйынчылыктар менен байланыштуу элементтер. Аларга сейрек жер элементтери деп аталган эки топтон турган церий (La, Ce, Pr, Nd, Pm, Sm, Eu) жана иттрий (Lu, Y, Cd, Tb, Dy, Ho, Er, Tu, Yb) элементтери жана Li, Rb, Cs, Be, Sc, Ga кирет).

РЕДОКСИМЕТРИЯ (МЕТОД ОКИСЛЕНИЯ-ВОССТАНОВЛЕНИЯ) редоксиметрия (бул методдор реакциялык чөйрөдөгү кандайдыр бир зат менен белгилүү концентрациялуу заттардын арасындагы эквиваленттүү өлчөмдө кычкылдануу жана калыбына келүү реакцияларына негизделген. Аларга перманганатометрия (мында $KMnO_4$ колдонулат),

иодометрия (мында иоддун эритмеси же $KJ$ колдонулат), бихроматометрия ($K_2Cr_2O_7$ колдонулат), броматометрия ($KBrO_3$ колдонулат), ванадометрия ($VO_3^-$ - ионунун кычкылдануусу), титанометрия ($Ti^{3+}$ түн калыбына келүүсү), цериметрия ($Ce^{4+}$ түн кычкылдануусу) кирет).

РЕЗИНА резина (күкүрт кошулган каучук, к. ВУЛКАНИЗАЦИЯ КАУЧУКА).

РЕЗИТ резит (фенолформальдегиддик чайырлардын аты).

РЕЗОНАНСНОЕ ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ резонанстык аракеленишүү (флуорэсценциялык нурлануучу молекула менен нурлануунy азайтуучу (же такыр өчүрүүчү) башка бир молекуланын оолак аралыктан (20÷100 Å) диполь-диполдук таасирдениши).

РЕЗОРЦИН резорцин ($C_6H_6O_2$ мелтүрөк кристалл. Сууда, спиртте жана эфирде эрийт).

РЕКУПЕРАЦИЯ рекуперация (аба же башка газдар менен аралашып кеткен учма эриткичтин буусун алардан бөлүп алуу. Кээде бул адсорбциялоо менен ишке ашырылат).

РЕЛАКСАЦИОННЫЙ ЭФФЕКТ релаксациялык эффект (борбордук ион жылган учурда, анын айланасындагы иондук атмосферанын симметриялуулугунун бузулушунан пайда болуп, эритмедеги иондук кыймылына тоскоолдук кылуучу эффект).

РЕНАТЫ ренаттар ($H_2ReO_4$ кислотасынын туздары).

РЕНИЕВАЯ КИСЛОТА рений кислотасы ($HReO_4$).

РЕНИЙ рений (МСнын 75-элементи).

РЕНИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД РЕНИЯ) ренийдин бромиди к. РЕНИЙ ОДНОБРОМИСТЫЙ



РЕНИЯ БРОМОКИСЬ (ОКСИБРОМИД РЕНИЯ) ренийдин оксибромиди ($ReOBr$ өтө тез ажырап кеткич зат).

РЕНИЙ ДВУСЕРНИСТЫЙ (ДИСУЛЬФИД РЕНИЯ) ренийдин (IУ) сульфиди ($ReS_2$ кара түстөгү зат).

РЕНИЙ ОДНОБРОМИСТЫЙ (МОНОБРОМИД РЕНИЯ) ренийдин (I) бромиди ($ReBr$ жашыл-кара кристалл).

РЕНИЙ ПЯТИХЛОРИСТЫЙ (ПЕНТАХЛОРИД РЕНИЯ) ренийдин (У) хлориди ($ReCl_5$ күңүрт түстөгү кристалл).

РЕНИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД РЕНИЯ) ренийдин сульфиди к. РЕНИЙ ДВУСЕРНИСТЫЙ

РЕНИЙ ТРЕХХЛОРИСТЫЙ (ТРИХЛОРИД РЕНИЯ) ренийдин (Ш)хлориди ($ReCl_3$ сууда эригич жалтырак кристалл).

РЕНИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД РЕНИЯ) ренийдин фториди к. РЕНИЙ ЧЕТЫРЕХФТОРИСТЫЙ, РЕНИЙ ШЕСТИФТОРИСТЫЙ

РЕНИЙ ЧЕТЫРЕХФТОРИСЫЙ (ТЕТРАФТОРИД РЕНИЯ) ренийдин (IУ) фториди ($ReF_4$ жашыл түстөгү, сууда ажырагыч зат).

РЕНИЙ ШЕСТИФТОРИСТЫЙ (ГЕКСАФТОРИД РЕНИЯ) ренийдин (УI) фториди ($ReF_6$ ачык сары түстөгү зат).

РЕНИСТАЯ КИСЛОТА ренит кислотасы ($H_2ReO_4$ туруксуз зат).

РЕНИТЫ рениттер (ренит кислотасынын - $H_2ReO_3$ туздары. М.: $Na_2ReO_3$ ).

РЕНИЯ ГИДРАТ ОКИСИ ренийдин гидрооксиди ($Re_2O \cdot H_2O$ кара түстөгү чөкмө).

РЕНИЯ ОКИСЛЫ ренийдин оксиддери ($ReO_2$ кара зат, $Re_2O_7$ сары кристалл, $ReO_4$ ак түстөгү зат. Сууда, кислотада пана пегичте эрийт).

РЕНТГЕНОСПЕКТРАЛЬНЫЙ АНАЛИЗ рентген спектрдик анализ (заттардын химиялык составын андагы элементтердин рентгендик спектрлеринин негизинде аныктоого таянган аналитикалык химиялык методу).

РЕНТГЕНОСТРУКТУРНЫЙ АНАЛИЗ рентгендин структуралык анализ (заттардын түзүлүшүн , рентген нурларынын жардамы менен изилдөө методу. Бул кристаллдардын структураларын аныктоонун негизги методу).

РЕПЕЛЛЕНТЫ репеллентгер (кан соруучу чымын-чиркейлерге карши колдонулуучу химиялык заттар. М.: диметилфталат препараты ж.б.).

РЕФРАКТОМЕТР рефрактометр к. РЕФРАКТОМЕТРИЯ

РЕФРАКТОМЕТРИЯ рефрактометрия (заттардын рефракциясын аныктоо жана аларды изилдөө методу).

РЖАВЛЕНИЕ дат басуу, чирүү (металлдардын кычкылтек менен биригип дат пайда кылышы же буюмдардын чириши).

РЖАВЧИНА дат (дат басууда пайда болгон кычкылдар).

РИБОНУКЛЕИНОВАЯ КИСЛОТА (РНК) рибонуклеин кислотасы (белокторду синтездөөдө негизги ролду ойноочу, ар бир зор чынжыры мономер болуп эсептелүүчү нуклеоиттерден (азотуу негиз, органикалык көмүр жана фосфор кислотасынын калдыктарынан) туруучу макромолекула. Мында ДНК дан айырмаланып, бир гана оролмо чынжыр бар).

РИНМАНОВА ЗЕЛЕНЬ Ринман көгүшү (кобальтын (II) цинкаты $CoZnO_2$ минерал).

РОГОВАЯ ОБМАНКА дүңгүл калганч (магний-кальцийдик силикат $MgCa(SiO_3)_2$)



РОГОВОЕ СЕРЕБРО дүңгүл күмүш ($AgCl$ дун алдык аты).

РОДАН (ДИРОДАН) родан (дироданын ($CNS)_2$ сары кристалл, жогорку температурага туруксуз. Оор металлдар менен комплекстүүдөн HCNS кислотасына туура келүүчү туздарды пайда кылат).

РОДАНИДЫ роданиддер (роданид кислотасынын туздары).

РОДАНИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА (РОДАНОВАЯ КИСЛОТА) роданид кислотасы (H-S-C≡N сары түстөгү, кескин кычуу сууктук. Эң төмөнкү температурада эрийт).

РОДИЙ родий (ИСнын платина металлдарынын катарына кирүүчү, катар номери 45-элемент).

РОДИЙ (II) ОДНОСЕРНИСТЫЙ родийдин (II) сульфиди ($RhS$ туруксуз зат; ысытуудан ажырап, падыша арагында да эрибейт).

РОДИЙ (III) СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ РОДИЯ) родийдин (III) сульфаты ($Rh_2(SO_4)_3 \cdot 12H_2O$ сууда эрип, ысык суудан ажырап кетүүчү сары түстөгү кристалл).

РОДИЙ ТРЕХСЕРНИСТЫЙ родийдин (III) сульфиди ($Rh_2S_3$ кара түстөгү зат. Падыша арагында да эрибейт).

РОДИЙ ТРЕХХЛОРИСТЫЙ родийдин (III) хлориди ($RhCl_3$ кызгылт түстөгү кристалл, ным тарткыч зат. Анын $RhCl_3 \cdot 4H_2O$ кристаллогидраты бар экендиги белгилүү, сууда эрийт).

РОДИЯ ГИДРАТ ОКИСИ родийдин гидрооксиди ($Rh(OH)_3$ кислоталарда гана эригич сары порошок. Ысытуудан ажырап $Rh_2O_3$ ни пайда кылат. Анын $Rh(OH)_4$ кошулмасы бар экендиги белгилүү, кызыл түстөгү зат, HCl де эрийт).

РОДИЯ КАРБОНИЛЫ родийдин карбонилдери ($[Rh(CO)_4]_2$ кызгылт-сары, $[Rh(CO)_3]_x$ кызгылт түстөгү, $[Rh_6(CO)_{16}]$ ак зат).

РОДИЯ ОКИСЬ родийдин оксиди ($Rh_2O_3$ такыр эрибес кристаллдык зат).

РОДОНОМЕТРИЯ родонометрия (роданид $SCN^-$ – ионун колдонуу менен ишке ашырылуучу, аналитикалык химиянын титриметриялык анализинин бир методу. Бул учурда стандарттык эритмелерден болуп $KSCN$ же $NH_4SCN$ эритмелери колдонулат).

РОДСТВЕННЫЕ РАСТВОРИТЕЛИ тектеш эриткичтер (электролиттик диссоциация көз карашынын негизинде оншош группаларды же оншош түзүлүштөгү иондорду пайда кылуучу заттар. М.: $H_2O$ берет $H_3O^+$ жана $OH^-$ иондорун, ага $NH_3$ оншош, себеби $NH_4^+$ жана $NH_2^-$ ни берет. Булар тектеш эриткичтер).

РОЗАНИЛИН розанилин к. ФУКСИН

РОЗЕ СПЛАВ Розе куймасы (52 оордук салмагы висмуттан, 16 оордук салмагы калай жанан 32 оордук салмагы коргошундан турган куйма, $t_3$ =96°C).

РОСТОВЫЕ ВЕЩЕСТВА өсүмдүүлүктү жөндөөчү заттар к. РЕГУЛЯТОРЫ РОСТА РАСТЕНИЙ

РОСТ ЦЕПИ чынжырдын өсүшү (чынжырлуу реакцияларда же полимерлешүү учурунда эркин радикалдардын байланышуусу аркылуу молекулалык тулкунун чынжырынын узарышы. М.:

$$R-CH_2-CH_2^{\cdot} + nCH_2=CH_2 \rightarrow$$
$$\rightarrow R-CH_2-CH_2^{\cdot}-(CH_2-CH_2)_{n-1}-CH_2-CH_2^{\cdot}).$$

РОТАКСАНЫ ротаксандар (эки учу көлөмдүү атомдук топтордон турган сызыктуу молекула, шакекче түзүлүшүндөгү молекуланын ортосун көзөп өтүп, механикалык байланыштын негизинде ага көзөлүп кийилип тургандай формадагы заттар).



РТУТИ ДИМЕТИЛ сымаптын диметили $(CH_3)_2Hg$ түссүз оор суюктук, буусу өтө уу).

РТУТИ (I) ЗАКИСЬ сымаптын (I) чала кычкылы ($Hg_2O$ кара түстөгү зат. Ысык уксус кислотасында гана эрийт).

РТУТИ ОКИСЛЫ сымаптын оксиддери к. РТУТИ ОКИСЬ, РТУТИ ПЕРЕКИСЬ, РТУТИ ЗАКИСЬ

РТУТИ ОКИСЬ сымаптын оксиди ($HgO$ саргыч-кызыл порошок. Ысытуудан ажырап кетет; $HNO_3$, $HCl$, $H_2SO_4$ тарда эригич уу зат).

РТУТИ ПЕРЕКИСЬ сымаптын пероксиди ($HgO_2$ кызыл порошок).

РТУТИ ТЕТРАМИНЫ сымаптын тетраминдери к. ТЕТРАМИНЫ

РТУТЬ сымап (кадимки шартта МС дагы 105 элементтин арасындагы жалгыз суюк абадагы, катар номери 80 ге барабар металл).

РТУТЬ АЗОТНОКИСЛАЯ ОКИСНАЯ сымаптын (II) нитраты (Н ($Hg(NO_3)_2 \cdot 2H_2O$ мөлтүрөк кристалл. Сууда, азот кислотасында, ацетондо эрийт. Анын кристаллогидраттары: $Hg(NO_3)_2 \cdot 8H_2O$, $Hg(NO_3)_2 \cdot 4H_2O$, уулуу зат).

РТУТЬ БРОМНАЯ сымаптын (II) бромиди ($HgBr_2$ ромба түрүндөгү кристаллдардан турган ак порошок. Сууда, спиртте жана эфирде эригич уу зат).

РТУТЬ ГРЕМУЧАЯ күркүрөк сымап ($Hg(ONC)_2$ спиртте жакшы эрийт. Силкилдетсе жарылып кетет).

РТУТЬ ИЗОЦИОАНОВОКИСАЯ сымаптын изоцианиди к. ГЕМУЧАЯ РТУТЬ

РТУТЬ ОРТОТЕЛЛУРОВОКИСЛАЯ (ОРТОТЕЛЛЕРАТ РТУТИ) сымаптын ортотеллураты ($HgTeO_6$ мөлтүрөк кристалл).

РТУТЬ (П) РОДАНИСТАЯ ОКИСНАЯ (РОДАНИД РТУТИ ОКИСНОЙ) сымаптын (П) роданиди ($Hg(CNS)_2$ ак порошок, ысытуудан ажырап кетет. Сууда аз, спиртте жакшы эрийт).

РТУТЬ-СЕРЕБРО ИОДИСТОЕ (ИОДИД РТУТИ-СЕРЕБРА) сымап-күмүш иодиди ($HgJ_2 \cdot AgJ$ сары порошок).

РТУТЬ СЕРНИСТАЯ (СУЛЬФИД РТУТИ) сымаптын (П) сульфиди ($HgS$ кристалл түрүндөгү кызгылт порошок. Жаратылышта киноварь минералы түрүндө кездешет).

РТУТЬ (П) СЕРНИСТОКИСЛАЯ ОКИСНАЯ (СУЛЬФИТ РТУТИ ОКИСНОЙ) сымаптын (П) сульфиди ($HgSO_3$ мелүүрөк кристалл, уулуу зат).

РТУТЬ (П) СЕРНОКИСЛАЯ ОКИСНАЯ сымаптын (П) сульфаты ($HgSO_4 \cdot H_2O$ кислоталарда эрип, спиртте эрибейт).

РТУТЬ (П) УКСУСНОКИСЛАЯ (АЦЕТАТ РТУТИ ОКИСНОЙ) сымаптын (П) ацетаты ($Hg(C_2H_3O_2)_2$ кука ак кристалл. Сууда, спиртте эрийт).

РТУТЬ ХЛОРИСТАЯ ЗАКИСНАЯ сымаптын (I) хлориди ($Hg_2Cl_2$ ромба түрүндөгү кристаллдар. Сууда эрибейт. $d=7,15$, $t_s=302^\circ C$. КАЛОМЕЛЬ деп аталат).

РТУТЬ ХЛОРНАЯ сымаптын хлориди, каперез ($HgCl_2$ мелүүрөк кристалл. Эң уулуу зат. 0,2-0,4 граммы адамды өлтүрөт. Спиртте жана эфирде эрийт).

РТУТЬ (П) ХРОМОВОКИСЛАЯ ОКИСНАЯ (ХРОМАТ РТУТИ ЗАКИСНОЙ) сымаптын (П) хроматы ($HgCrO_4$ ачык кызыл кристалл).

РТУТЬ (П) ЦИАНОВОКИСЛАЯ ОКИСНАЯ (ЦИАНАТ РТУТИ ОКИСНОЙ) сымаптын (П) цианаты ($Hg(OCN)_2$ карылгыч келет, детанатор үчүн колдонулат, К. ГРЕМУЧАЯ РТУТЬ).



РУБИДИЙ рубидий (кегич металлдар тобуна кирүүчү МС нын V мезгилинен I А подгруппасынан орун алган, катар номери 37 - элемент).

РУБИДИЙ АЗОТИСТЫЙ (НИТРИД РУБИДИЯ) рубидийдин нитриди ($Rb_3N$ кызыл кристалл).

РУБИДИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ РУБИДИЯ) рубидийдин нитраты ($RbNO_3$ сууда жакшы эригич, түссүз кристалл).

РУБИДИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД РУБИДИЯ) рубидийдин бромиди ($RbBr$ калтырак кристалл, сууда гана эрийт).

РУБИДИЙ ВОДОРОДИСТЫЙ (ГИДРИД РУБИДИЯ) рубидийдин гидриди ($RbH$ сууда жана кислоталарда ажырагыч призма түрүндөгү кристалл).

РУБИДИЙ ИОДИСТЫЙ рубидийдин иодиди ($RbJ$ сууда эригич кристалл түрүндөгү зат).

РУБИДИЙ СЕРНИСТОКИСЛЫЙ рубидийдин сульфити ($Rb_2SO_3$ сууда жакшы эригич, мелүүрөк кристалл).

РУБИДИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД РУБИДИЯ) рубидийдин сульфиди ($Rb_2S$, $Rb_2S \cdot 4H_2O$ бар экендиги белгилүү, ным тарткыч кристалл).

РУБИДИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ РУБИДИЯ) рубидийдин сульфаты ($Rb_2SO_4$ мелүүрөк тунук кристалл).

РУБИДИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ РУБИДИЯ) рубидийдин карбонаты ($Rb_2CO_3$ ным тарткыч ак кристалл. Сууда жана спиртте эрийт).

РУБИДИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ (ФОСФАТ РУБИДИЯ) рубидийдин фосфаты ($Rb_3PO_4$ мелүүрөк кристалл. Сууда жакшы эрийт).

ФОТОХИМИЯ фотохимия (фотохимиялык кубулуштарды окуп үйрөнүүгө арналган химия илимининн тармагы. Ал негизинен жарык нурларынын таасири аркылуу жүрүүчү химиялык реакциялардын закон ченемдүүлүктөрүн, механизмдерин ж.б. үйрөтөт).

ФРАКЦИОННАЯ ПЕРЕГОНКА фракциялап, б.а. бөлүп-бөлүп айдоо и.ДРОБНАЯ ПЕРЕГОНКА

ФРАНЦИЙ франций (МСнын щелочтуу металлдар тобуна кирүүчү 87-элементи).

ФРЕОНЫ фреондор ($C_nH_{2n+2}$ формуласына ээ болгон канныкан углеводороддордун фтордук, хлордук туундулары. Түрмушта кеңири таралган фреондор: Ф- II $CFCl_3$, Ф-12 $CF_2Cl_2$, Ф-21 $CHFCl_2$, Ф-113 $C_2F_3Cl_3$, Ф-214 $C_2F_4Cl_4$

к.б. Булар муздаткыч установкаларда колдонулат).

ФРУКТОВЫЙ САХАР мене (кемик) канты (фруктозанын $C_6H_{12}O_6$ эл арасында таралган аты).

ФТАЛЕВЫЙ АНГИДРИД фталь ангидриди ($C_8H_4O_3$ калтыраак кристаллардан турган зат, $t_э$ =131°C ).

ФТАЛЕИНЫ фталеиндер (фталь ангидридинин кардамы менен алынуучу боёктор. Фталь ангидриди менен фенолдордун ортосундагы реакциядан пайда болот).

ФТОР фтор (МСнин галогендер тобунда жайланышкан, 9- элемент).

ФТОР АЗОТНОКИСЛЫЙ фтордун нитраты ($FNO_3$ түссүз газ, $t_э$ =175°C да сууктукка айланып, сууда эрийт).

ФТОРА ОКИСЛЫ фтордун оксиддери ($F_2O_3$ газ, $t_э$ =-163°C. $F_2O$ -түссүз газ, күчтүү кычкылдаткыч, $t_э$ =-228°C).

ФТОРИДЫ фториддер (HF кислотасынын туздары).

ФТОРИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА (ПЛАВИКОВАЯ КИСЛОТА) фторид кислотасы (HF суудагы эритмеси. Сатылуучу эритмеси 86,34 %, d =1,15. Фторид кислотасынын концентрленген эритмесинде $F^-$ жана $H^+$ сыяктуу иондор бар, ошондуктан фторид кислотасынын KF·HF, KF·2HF, KF·3HF, KF·4HF составдагы туздары бар. Уу зат, айнекти жейт).

ФТОРИСТЫЙ ВОДОРОД суутектин фториди (HF түссүз газ, $t_э$=-92,3°C. Абада түтөп, сууда жакшы эрийт, эритмеси фторид кислотасы, к. ФТОРИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА).

ФТОРОАЛЮМИНАТЫ фтороалюминаттар ($Me_3AlF_6$ сыяктуу туздар м.: $NaAlF_6$ . Бул туздар криолиттер деп аталат).



ФТОРОБОРАТЫ фтороборattар ($HBF_4$ кислотасынын туздары).

ФТОРОБОРНАЯ КИСЛОТА фтороборат кислотасы ($HBF_4$ эритмеде гана туруктуу, бөлүп алганда дароо ажырап кетет. HF дон күчтүүрөөк кислота).

ФТОРОГЕРМАНАТЫ фторогерманattар ( $Me_2[GeF_6]$ сыяктуу туздар, м.: $(NH_4)_2[GeF_6]$ ).

ФТОРОКРЕМНЕВАЯ КИСЛОТА фторосиликат кислотасы ($H_2SiF_6$ эки негиздүү, дезинфекциялоочу заттарды даярдоодо кумалуучу күчтүү кислота).

ФТОРОНИЙ фтороний ($FH_2^+$ бир валенттүү ион, аммоний, оксоний иондоруна окшош. Фтороний перхлорат $FH_2ClO_4$, фтороний-дин фторобораты $FH_2BF_4$ алынган).

ФТОРОСИЛИКАТЫ фторосиликattар ($H_2SiF_6$ кислотасынын туздары. Булар түссүз, сууда жакшы эрүүчү заттар).

ФТОРОСУЛЬФОНАТЫ фторосульфонattар ($HSO_3F$ кислотасынын туздары, алар сууда жакшы эрийт).

ФТОРОСУЛЬФОНОВАЯ КИСЛОТА фторосульфонат кислотасы ($HSO_3F$ түссүз суюктук, d =1,7, абада түтөйт).

ФТОРОТИТАНАТЫ фторотитанattар ($[Me_2TiF_4]$ составындагы туздар).

ФТОРОФЕРРАТЫ фтороферрattар ($Me[FeF_6]$ жана $Me_2[FeF_4]$ сыяктуу туздар).

ФТОРОЦИРКОНАТЫ фтороцирконattар ($Me_2[ZrF_6]$ сыяктуу туздар, м.: $K_2[ZrF_6]$ ).

ФУКСИН (РОЗАНИЛИН) фуксин ($C_{20}H_{20}N_3Cl$ розанилин негиздеринин хлорид туюу, коюу кызыл кристалл турундагу зат, эритмесин

кызыл түстө болуп, фуксин бойкторуна кирет. d = I,22, спиртте жана HCl эрип, 200°C тан жогору суюктукка айланып ажырайт).

ФУЛЬМИНАТ-ИОН фульминат - ион (бир терс зарядду $CNO^-$ ону. Анын туздары фульминаттар деп аталышат, м.: $Hg(CNO)_2$ сымап фульминаты).

ФУМАРОВАЯ КИСЛОТА фумар кислотасы (COOH-CH=CH-COOH, сууда аз эрийт, d =I,635, $t_э$=286°C. Эки негиздүү каныкпаган кислота).

ФУМИГАНТЫ фумиганттар (каныбарлардын дем алуу органдары боюнча кирип, аларды уулуруучу инсектициддик заттар. Аларга бромдуу метил, дихлорэтан, хлорпикрин, цианду натрий, нафталин ж.б. киришет).

ФУНГИЦИДЫ фунгициддер (бактериялар же башка бир микроорганизмдердин таасири аркылуу пайда болгон өсүмдүктөрдүн илдеттеринен (ооруларынан) коргонуу үчүн пайдаланылуучу химиялык заттар).

ФУНДАМЕНТАЛЬНЫЕ ЧАСТИЦЫ фундаменталдык бөлүкчөлөр к. ЭЛЕМЕНТАРНЫЕ ЧАСТИЦЫ

ФУНКЦИИ СОСТОЯНИЯ абалдын функциялары (заттын энергетикалык абалына гана көз каранды болгон чондуктар. Алар потенциалдык энергия, энтальпия, энтропия, эркин энергия ж.б. Булар кубулуш учурундагы өтүлгөн жолго (же траекторияга) көз каранды болушпайт).

ФУНКЦИОНАЛЬНОСТЬ функционалдуулук (мономердеги функционалдык топтордун саны, м.: алкендердин функционалдуулугу экиге барабар: $H_2C=CH_2 \rightarrow H_2\dot{C}-\dot{C}H_2$; $H_2C=CHCl \rightarrow H_2\dot{C}-\dot{C}HCl$ ж.у.с.).



ФУНКЦИОНАЛЬНЫЙ АНАЛИЗ функционалдык анализ (функциялык топторду же атомдук топторду сапаттык жана сандык жактан анализдөөгө негизделген химиялык жана физикалык методдор).

ФУНКЦИОНАЛЬНЫЕ ГРУППЫ (ФУНКЦИИ) функциялык топтор (углеводороддук эмес бир же көп валенттүү орундамуучулар. М.: гидроксил - OH, нитро - $NO_2$, дисулфид -S-S, карбоксил --COOH ж.у.с. Азыр 100 жакын функциялык топтор белгилүү).

ФУРАН фуран к. ФУРФУРАН

ФУРФУРАН фурфуран (фуран) ($C_4H_4O$ түссүз суюктук, d =0,9614, сууда эрибейт, спиртте жана эфирде эрийт).

ФУРФУРОЛ фурфурол ($C_5H_6O_2$түссүз суюктук, ал фурандын альдегиди болуп саналат, $t_э$ =- 38,9° C, d =I,I59I).

## Х

ХАЛЦЕДОН халцедон (ар түрдүү түстөгү кварцтын бир түрү. Анын кука тилкелүү түстөгүсү агат деп аталат).

ХАЛЬКОГЕНЫ халькогендер (МСнын УI А подгруппасынын элементтеринин аты. Бул термин грекче кендерди пайда кылуучулар деген сөздөн келип чыккан. Аларга металл эместик касиетке ээ O,S, Se жана Te кирет).

ХАРАКТЕРИСТИЧЕСКИЕ ПАРАМЕТРЫ мүнөздүү (же таандык) параметрлер (берилген системага, затка же касиетке гана мүнөздүү болгон чондуктар, м.: характеристическая температура - мүнөздүү температура, характеристические спектры - мүнөздүү (таандык) спектрлер ж.у.с., к. ХАРАКТЕРИСТИЧЕСКИЕ КОЛЕБАНИЯ).

ХЕМИЛЮМИНЕСЦЕНЦИЯ хемилюминесценция (химиялык жарык чыга-

руу, б.а. химиялык аракеттенишүүлөрдүн натыйжасында жарыктануу, люминесценцияланууу).

ХЕМИОТЕРАПИЯ (ХЕМОТЕРАПИЯ) химиотерапия (ар түрдүү оорууларды химиялык заттардын жардамы менен айыктыруу негизги багыты болуп эсептелген химия менен медицинанын ортосунан пайда болгон илим тармагы).

ХЕМОСОРБЦИЯ хемосорбция (сиңирип алуучу заттар менен сиңирилүүчү заттардын арасындагы аракеттенишүү химиялык байланыш күчтөрүнүн натыйжасында ишке ашкан учурдагы сорбция нубулушу. Бул учурда химиялык кошулмалар пайда болушат).

ХИМИЗАЦИЯ химиялаштыруу (химиянын жетишкендиктерин жана методдорун эл чарбасынын ар кандай тармактарына - өнөр жайларга жана айыл чарбасына кеңири киргизүү).

ХИМИЗМ химизм (бир процесстин, көрүнүштүн химиялык негизи, мааниси же анын механизми).

ХИМИЧЕСКАЯ КИНЕТИКА химиялык кинетика (химиялык реакциялардын ылдамдыгын, жүрүү механизмдерин изилдөөчү жана окутуучу илим).

ХИМИЧЕСКАЯ ПОЛЯРИЗАЦИЯ химиялык полярдашуу, уюлдашуу (электр тогу өтүп жаткан учурда, электроддордун электролиттик чөйрө менен аракеттениши).

ХИМИЧЕСКАЯ ХИМИЯ химиялык физика (азыркы физиканын квант-тык механика, электрондук теория, электроника сыяктуу жетишкендиктеринин теориялык жана эксперименталдык негиздерин колдонуу менен химиялык проблемаларды чечүүгө арналган физика менен химиянын ортосунда пайда болгон илим тармагы).



ХИМИЧЕСКИЕ ВОЛОКНА химиялык булалар (сызыктуу макромолекулалардын ийилгич чынжырларынан турган синтетикалык жана жасалма булалар. М.: капрон, энант, лавсан, нитрон ж.б.).

ХИМИЧЕСКИЕ ИСТОЧНИКИ ТОКА токтун химиялык булактары (кычкылдануу жана калыбына келүү реакцияларынын натыйжасында пайда болгон химиялык энергияны, электрдик энергияга түздөн-түз айлантуучу установкалар: гальваникалык элементтер, аккумуляторлор, курган батареялар ж.б.).

ХИМИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ АНАЛИЗА анализдөөнүн химиялык методдору (аналитикалык химиянын титриметриялык, гравиметриялык, электрохимиялык, газдык анализдер методдорун ичине алган заттарды анализдөө ыкмаларынын жалпы аты).

ХИМИЧЕСКИЕ СИСТЕМЫ химиялык системалар (составдык бөлүктөрүнүн арасында химиялык аракеттенишүү мүмкүн болгон ар түрдүү системалар).

ХИМИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА ЗАЩИТЫ коргонуунун химиялык ыкмалары, чаралары (кандайдыр бир илдеттерден, оорулардан, микроорганизмдерден, коркунучтуу шарттардан, кырсыктардан, отоо чөптөрдөн ж.б. коргонуу же аларды жок кылуу үчүн химиялык заттарды пайдалануу жолу).

ХИМИЧЕСКИЙ ИНДИВИД химиялык индивид (б.а. химиялык жекечилик)(ар бир химиялык бирикме - химиялык индивид).

ХИМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ химиялык потенциал (бул температура, басым жана заттын мольдук үлүшү туруктуу болгон шартта, Гиббстин энергиясынын (изобардык-изотермиялык потенциалдын) заттын мольдук үлүшүнө карата өзгөрүүсү:

$$\mu = \frac{\Delta G}{\Delta n}$$

мында $\mu$ – химиялык потенциал, $\Delta G$ – Гиббстин энергиясынын өзгөрүшү, $\Delta n$ – мольдук үлүштүн өзгөрүшү. Б: ккал/моль, кдж/моль. ж.у.с.).

ХИМИЧЕСКИЙ СДВИГ химиялык жылыш, кечүш (Мессбауэрдик спектрде, нурлануучу жана аны сиңирүүчү атомдордун химиялык абалдарынын ар түрдүүлүгүнен, алардын резонанстык спектр сызыктарында жылышуунун пайда болушу).

ХИМИЧЕСКИЙ СИМВОЛ ЭЛЕМЕНТА элементтин химиялык белгиси (ар бир химиялык элементке таандык кылып берилген Эл аралык белги; ал ошол элементтин латынча атынын баш тамгасы же баштапкы тамгалары же үнсүздөрү боюнча белгиленет. М.: H – Hydrogenium, Md – mendelevium, Cm – curium ж.у.с.).

ХИМИЯ химия (табият таануу илими. Заттардын бир түрден экинчи түргө өтүшүн, алардын сан жана сапат жагынан кубулушун, заттардын составдарын, касиеттерин жана түзүлүштөрүн таанытуучу илим. Азыр химия негизинен органикалык, органикалык эмес, физикалык, аналитикалык, кванттык-механикалык химияларга бөлүнет).

ХИМИЯ СОЕДИНЕНИЯ УГЛЕРОДА көмүртектин кошулмаларынын химиясы к. ОРГАНИЧЕСКАЯ ХИМИЯ

ХИНАЛЬДИН хинальдин ($C_{10}H_9N$ катуу зат. $t_э$ =-2°C ÷ 1°C чейин, $d$ =1,0585. Таш көмүр чайырынан алынат).

ХИНГИДРОН хингидрон $(C_6H_4O_2C_6H_4)OH_2$ бул зат хинин менен гидрохинондун $C_6H_4(OH)_2$ молекуласынын бирикмеси; металл сыяктуу жалтырак жашыл зат, $t_э$ =171°C, $d$ =1,401).

ХИНИН хинин ($C_{26}H_{24}O_2$ кристаллдык ак зат. Алкалоиддердин катарына кирет. Сууда аз эрип, спиртте жакшы эрийт. $t_э$ =177 ÷ 172,8°C. Эритмелери кооз флюоресцияланат).

ХИННАЯ КИСЛОТА хина кислотасы (1, 3, 4, 5-тетраоксигенсагидробензой кислотасы $C_7H_{12}O_6$, $d$ =1,637, $t_э$ =162°C. Сууда, спиртте, уксус кислоталарында эрип, эфирде аз эрийт).

ХИНОЛИН хинолин ($C_9H_7N$ түссүз суюктук, $t_э$ =-15°C, $d$ =1,0947. Сууда эрип, спиртте жана эфирде чексиз эрийт. Таш көмүр чайырында, суюк майларда учураган гетероциклдүү кошулма).

ХИНОН (n-БЕНЗОХИНОН) хинон (n-бенохинон) ($C_6H_4O_2$ кристаллдык сары, кескин жыты бар зат, $t_э$ =116°C. Сууда аз эрип, спиртте жана эфирде, кайнаган лигроинде эрийт).

ХЛАДАГЕНТЫ муздатуучу агенттер (же кыскача муздатуучулар, б.а. муздатууга жендемдүү аралашмалар, к. ОХЛАЖДАЮЩИЕ СМЕСИ, ФРЕОНЫ).

ХЛОР хлор (МСнын УП подгруппасынын 17-элементи).

ХЛОРА ГИДРАТ хлордун гидраты (муздатылган суу аркылуу хлорду өткөзгөндө хлордун гидраты $Cl_2 \cdot 6H_2O$ пайда болот. Алар сары түстөгү кристаллдар).

ХЛОРА ДВУОКИСЬ хлордун диоксиди ($ClO_2$ туруксуз саргыч газ, $d$ =2,4, $t_э$ =-59°C. Сууда эрип, ысык сууда ажырайт).

ХЛОРАЗИД хлордун азиди ($ClN_3$ түссүз зат, $t_э$ =-100°C. Күчтүү жарылгыч. Сууда гидролизденүү менен ажырайт).

ХЛОРАЛЬ хлораль ($CCl_3$ — CHO, уксус альдегидинин суутеги хлорго алмаштырганда пайда болот. Өткүр жыттуу, май сыяктуу суюктук).

ХЛОРАЛЬГИДРАТ хлоральгидрат ($C_2H_3O_2Cl_2$ кристаллдык түс-

суз зат, $t_э$=53°С, $d$=1,9081. Сууда, спиртте, эфирде эрийт).

ХЛОРАНГИДРИД УКСУСНОЙ КИСЛОТЫ (ХЛОРИСТЫЙ АЦЕТИЛ) уксус кислотасынын хлорангидриди ($C_2H_3OCl$ же $CH_3COCl$. Бул зат хлорацетил деп аталган түссүз суюктук, $t_к$=112°С, $d$=1,1051. Бензолдо, хлороформда жана эфирде эрийт).

ХЛОРАНГИДРИДЫ хлорангидриддер (кислоталардын гидроксили хлорго алмашканда пайда болот. м.: уксус кислотасынын хлорангидриди $CH_3-COCl$, к. ХЛОРАНГИДРИД УКСУСНОЙ КИСЛОТЫ).

ХЛОРАПАТИТ хлорапатит (б.а. хлордуу апатит. Формуласы: $3Ca_3(PO_4)_2 \cdot CaCl_2$ ге жооп берген минерал. Ал фосфор жер семирткичтерин жана фосфор кислотасын алууда колдонулат).

ХЛОРА СЕМИОКИСЬ хлордун (VII) оксиди к. ХЛОРНЫЙ АНГИДРИД

ХЛОРАЦЕТОН хлорацетон ($C_3H_5$—OCl ацетондун хлордук бирикмеси. Уулу, түссүз суюктук, $t_э$=-44,5°С, $d$=1,162. Спиртте, сууда эрийт).

ХЛОРА ШЕСТИОКИСЬ хлордун (VI) кычкылы ($Cl_2O_6$ кызыл суюктук, $d$=1,65. Органикалык заттарга таасир кылганда жарылып кетет).

ХЛОРБЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА хлорбензой кислотасы (м — $ClC_6H_4$--COOH, $t_э$=158°С. о — $ClC_6H_4$-COOH, $t_э$=141°С. п — $ClC_6H_4COOH$, $t_э$=242°С. Булар сууда, спиртте жана эфирде эрийт).

ХЛОРБЕНЗОЛ хлорбензол ($C_6H_5Cl$ $t_э$=-45,2°С, $d$=1,107, сууда эрибейт, бензолдо, спиртте жана эфирде чексиз эрийт).

ХЛОРИДЫ хлориддер (туз кислотасынын HCl дун туздары).

ХЛОРИСТАЯ КИСЛОТА хлорит кислотасы ($HClO_2$ эң туруксуз кислота, $ClO_2$ щелочтордо эригенде бул кислотанын туздары пайда болот).



ХЛОРИСТОВОДОРОДНАЯ КИСЛОТА хлорид кислотасы к. СОЛЯНАЯ КИСЛОТА

ХЛОРИСТЫЙ ВОДОРОД хлордуу суутек (HCl түссүз газ. Абадан 1,25 эсе оор. 1 л сууда 15°С та 454,6 л эрийт. Суудагы эритмеси туз кислотасы, к. СОЛЯНАЯ КИСЛОТА).

ХЛОРИТЫ хлориттер ($HClO_2$ кислотасынын туздары).

ХЛОРНАЯ ВОДА хлордуу суу (хлордун суудагы эритмеси. Эритмеде хлор суу менен биригип, гипохлорит жана хлорит кислоталарын пайда кылат: $Cl_2 + H_2O \rightleftharpoons HCl + HClO$).

ХЛОРНАЯ ИЗВЕСТЬ хлор акитасы к. ИЗВЕСТЬ БЕЛИЛЬНАЯ

ХЛОРНАЯ КИСЛОТА перхлорат кислотасы ($HClO_4$ түссүз суюктук, $t_э$=-112°С, $d$=1,768; 92°С тан жогору жарылат. Эң күчтүү кычкылдандыргыч. Сууда эрийт).

ХЛОРНОВАТАЯ КИСЛОТА хлорат кислотасы ($HClO_3 \cdot 7H_2O$ суюктук. $d$=1,282. 40°С та ажырап, сууда эрийт, күчтүү кычкылдандыргыч).

ХЛОРНОВАТИСТАЯ КИСЛОТА гипохлорит кислотасы (HClO эритмеде гана белгилүү, эте туруксуз кислота. Күчтүү кычкылдандыргыч).

ХЛОРНЫЙ АНГИДРИД перхлорат ангидриди ($Cl_2O_7$ түссүз суюктук, $t_э$=-91,5°С. Урунганда жарылып кетет. Сууда ажырап, бензолдо эрийт).

ХЛОРОФИЛЛ хлорофилл (өсүмдүктөрдүн жашыл пигменти).

ХЛОРОФОРМ (ТРИХЛОРМЕТАН) хлороформ ($CHCl_3$ түссүз оор суюктук, оюн учун кетет. $d$=1,4985. Карыктын таасири менен абада кычкылданып фосгенди — $COCl_2$ жана туз кислотасын пайда кылат. Сууда эрибейт. Кемчүлүк учурда эритүүчү катарында колдонулат).

ХЛОРХРОМАТЫ хлорхроматтар ($CrO_2(OH)Cl$ кислотасынын туздары).

ХЛОРХРОМОВАЯ КИСЛОТА хлорохромат кислотасы ($CrO_2(OH)Cl$ бир негиздүү кислота).

ХЛОРПИКРИН хлорпикрин (нитрохлороформ $CCl_3-NO_2$ кезден жаш агызуучу, түссүз, өткүр жыты бар уу зат. $d$ =1,6922, сууда бир аз эрийт).

ХЛОРСМЕСЬ хлор аралашмасы (составы $CS_2$ менен $CCl_4$ турган аралашманын техникалык аты).

ХЛОРСУЛЬФОНОВАЯ КИСЛОТА хлорсульфон кислотасы ($SO_2(OH)Cl$ түссүз суюктук. Бул зат күкүрт кислотасынын хлорангидриди).

ХЛОР ТРЕХФТОРИСТЫЙ (ТРИФТОРИД ХЛОРА) хлордун (Ш) трифториди ($ClF_3$ түссүз газ, $t_э$ =83°C).

ХЛОРУКСУСНАЯ КИСЛОТА хлоруксус кислотасы ($CH_2ClCOOH$ үч түр өзгөрүшү бар: $\alpha - t_э$ =61,8°C, $\beta - t_э$ =56,2°C, $\gamma - t_э$ =52,5°C. Сууда, спиртте жана бензолдо эришет).

ХЛОРЭТАНОЛ (ЭТИЛЕНХЛОРГИДРИД, ХЛОРЭТИЛОВЫЙ СПИРТ) хлорэтанол ($CH_2Cl-CH_2OH$, синтетикалык химияда кенен колдонулат).

ХЛОРЭТЕН хлорэтен к. ВИНИЛ ХЛОРИСТЫЙ

ХРИЗИН хризин ($C_{15}H_{10}O_4$ дүн формулага жооп берүүчү зат. $t_э$ =275°C).

ХРИЗИОДИН хризиодин к: ДИАМИНОАЗОБЕНЗОЛЫ

ХРОМ хром (МСнын 24-элементи).

ХРОМА АМИНАТЫ хромдун аминаттары (хромдун туздарынын органикалык аминдер менен пайда кылган кошулмалары).

ХРОМА АММИАКАТЫ хромдун аммиакаттары (хромдун туздарынын



аммиак менен пайда кылган кошулмалары, м.: $[Cr(NH_3)_6]Cl_2$

ХРОМА АЦИДОПЕНТАМИНЫ хромдун ацидопентаминдери $[Cr(NH_3)_5NO_2]X_2$, $[Cr(NH_3)_5OH]X_3$ ж.б.).

ХРОМА ГИДРАТ ЗАКИСИ хромдун (П) чала суу кычкылы ($Cr(OH)_2$ негиздик касиети бар саргыч зат. Ысытканда, сууда да ажыран, концентрацияланган кислоталарда эрийт).

ХРОМА ГИДРАТ ОКИСИ хромдун (Ш) гидрооксиди ($Cr(OH)_3$ аморфтук зат: кислоталардын таасиринен үч валенттүү хромдун туздарын, щелочтордун таасиринен хроматтарды пайда кылат).

ХРОМА ДИАЦИДОТЕТРАМИНЫ хромдун диацидотетраминдери (жалпы формуласы $[CrEn_2X_2]Y$ те жооп берген комплекстик кошулмалар).

ХРОМА ОКИСЛЫ хромдун оксиддери (хромдун (УI) кычкылы $Cr_2O_3$ жашыл зат, $d$ =5,04, $t_э$ =1990°C, сууда эрибей, кислоталарда эрийт. $CrO_2$ кара порошок. 300°C ка чейин ысытканда кычкылтектин бир атомун жоготот, сууда эрибейт).

ХРОМА ПЕРЕКИСЬ хромдун переоксиди ($CrO_5$ катуу кек түстегү зат. Ысытканда $Cr_2O_3$ го айланат).

ХРОМАТЫ хроматтар ($H_2CrO_4$ кислотасынын туздары).

ХРОМ ДВУБРОМИСТЫЙ (ДИБРОМИД ХРОМА) хромдун дибромиди ($CrBr_2$ саргыч ак кристаллдардан турган зат, сууда эрийт).

ХРОМ ДВУИОДИСТЫЙ (ДИИОДИД ХРОМА) хромдун (П) дииодиди ($CrJ_2$, $d$ =5,2. Сууда жакшы эрийт).

ХРОМ ДВУФТОРИСТЫЙ (ДИФТОРИД ХРОМА) хромдун (П) дифториди (кристаллдардан турган жашыл зат, $d$ =4,11, $t_э$ =1100°C. Сууда аз эрип, спиртте эрибейт).

ХРОМ ДВУХЛОРИСТЫЙ (ДИХЛОРИД ХРОМА) хромдун (П)дихлориди

($CrCl_2$ түссүз кристаллдык зат, $d$ =2,75. $CrCl_2 \cdot 4H_2O$ сууда жакшы эригич кристаллдык зат).

ХРОМЕЛЬ хромель (составы 80 % никелден жана 20 % хромдон турган куйма. Термокоптогду жасоодо колдонулат, к. ТЕРМОПАРЫ).

ХРОМИЛ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД ХРОМИЛА) хромилдин фториди ($CrO_2F_2$ суюктук).

ХРОМИЛ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД ХРОМИЛА) хромилдин хлориди ($CrO_2Cl_2$ кызгылт-күңүрт суюктук. $t_э$ =-97°С, $d$ =1,911. Абада түтөп, суюда ажырап, эфирде эрийт).

ХРОМИРОВАНИЕ хромдоо (металлдардын күймаларынын үстүнкү бетин хром менен каптоо. Бул учурда металлдар коррозияга туруктуулугу жогорулап, калтырак бетке айланат).

ХРОМИСТЫЙ ЖЕЛЕЗНЯК хромдуу темир ташы ($FeO \cdot Cr_2O_3$ хром каратылышта көбүнчө ушул минерал түрүндө кездешет).

ХРОМИТЫ хромиттер ($HCrO_3$ кислотасынын туздары).

ХРОМОВЫЙ ЖЕЛТЫЙ хром сарысы ($PbCrO_4$ коргошундун хроматы, сары боёк).

ХРОМОВЫЙ ЗЕЛЕНЫЙ хром кашылы ($Cr_2O_3$ кашыл боёктун негизин түзүүчү оксид).

ХРОМОВЫЙ КРАСНЫЙ хром кызылы (коргошундун гидрокоихромати, кызыл боёк чыгарууда колдонулат).

ХРОМОВАЯ СМЕСЬ хром аралашмасы (калийдин (же натрийдин) бихроматынын $Me_2Cr_2O_7$ каныккан эритмеси менен концентрленген күкүрт кислотасынын аралашмасы, күчтүү кычкылдаткыч. Органикалык коңулмаларды кычкылдантууда жана лабораториялык идиштерди жуун тазалоодо колдонулат).



ХРОМОВЫЕ КИСЛОТЫ хромдун кислоталары ($H_2CrO_4$ бул эритмеде гана кездешет. Аны дегидратациялоодо $H_2Cr_2O_7$, $H_2Cr_3O_{10}$, $H_2Cr_4O_{13}$ составдагы кислоталар пайда болот).

ХРОМОВЫЙ АНГИДРИД хром ангидриди ($CrO_3$ ромба түрүндөгү кристаллдардан турган зат, $d$ =2,67 ÷ 2,82, $t_э$ =196°С. Сууда жакшы эрип, $H_2CrO_4$ кислотасын пайда кылуучу уу зат).

ХРОМОГЕНЫ хромогендер (өсүмдүктөр менен жаныбарлардын тканларында кездешүүчү ачык түстүү заттар. Кычкылданганда өңдөрү өзгөрөт. Хромогендерге гемохромогендер да кирет, к. ХРОМОФОРЫ).

ХРОМОКАЛИЕВЫЕ КВАСЦЫ хромокалийлүү ачык таштар ($KCr(SO_4)_2 \cdot 12H_2O$ октаэдр түрүндөгү кристаллдардан турган зат. $d$ =1,828. Сууда эрип, спиртте эрибейт).

ХРОМОПРОТЕИДЫ хромопротеиддер (көнөкөй белоктор менен белок эмес заттардан туруп тигил же бул түстөргө ээ татаал составдагы белоктор. Буларга гемоглобин, кээ бир ферменттер, хлорофилл).

ХРОМОФОРЫ хромофорлор (жарык нурлары (фотондор) аркылуу дүүлүгүү же алардын толкундарын тандап сиңирүү аркылуу заттарды кандайдыр бир түстөргө ээ кылган атомдук топтор. Химияда негизинен үч түрдөгү молекуланын табиятына түс берүүчү хромофорлор кездешет: 1. этме катардын элементтеринин иондору, 2. кош байланыштуу $\pi$-электрондуу молекулалар, 3. карбонил тобу сыяктуу белгиленген жуп электрондуу топтор).

ХРОМПИКИ хромпиктер ($K_2Cr_2O_7$ жана $Na_2Cr_2O_7 \cdot 2H_2O$, А. НАТРИЙ ДВУХРОМОВОКИСЛЫЙ, КАЛИЙ ДВУХРОМОВОКИСЛЫЙ).

ХРОМ (II) СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД ХРОМА) хромдун (II) сульфиди ($CrS$ кара порошок, $d=4,1$, $t_э=1550°C$. Сууда эрибейт, кислоталарда эрийт. Хромдун (III) сульфиди $Cr_2S_2$ порошок, $d=3,77$. Сууда эрибейт, ысык сууда ажырап, ысык $HNO_3$ эрийт. $Cr_2S_4$ порошок сууда эрибейт, азот кислотасында эрийт).

ХРОМ (II) СЕРНОКИСЛЫЙ ЗАКИСНЫЙ (СУЛЬФАТ ЗАКИСИ ХРОМА) хромдун (II) сульфаты ($CrSO_4 \cdot 7H_2O$ кек түстөгү кристаллдык зат, сууда спиртте эрийт).

ХРОМ (III) СЕРНОКИСЛЫЙ ОКИСНЫЙ (СУЛЬФАТ ОКИСИ ХРОМА) хромдун (III) сульфаты ($Cr_2(SO_4)_3 \cdot H_2O$ түссүз, $(Cr_2SO_4)_2 \cdot 6H_2O$ кашыл, $Cr_2(SO_4)_3 \cdot 18H_2O$ кызыл-кек зат. Ысытканда кристаллизациялык суунун коготот. Сууда эрибейт).

ХРОМ ТРЕХБРОМИСТЫЙ (ТРИБРОМИД ХРОМА) хромдун (III) трибромиди ($CrBr_3 \cdot 6H_2O$ кристаллдык кашыл зат, $d=5,4$. Сууда жана спиртте эрийт).

ХРОМ ТРЕХФТОРИСТЫЙ хромдун (III) трифториди ($CrF_3 \cdot 4H_2O$ кашыл кристаллдык порошок, $d=3,78$, сууда, спиртте эрийт).

ХРОМ ТРЕХХЛОРИСТЫЙ (ТРИХЛОРИД ХРОМА) хромдун (III) трихлориди ($CrCl_3 \cdot 6H_2O$ үч изомери бар: $[Cr(H_2O)_6]Cl_3$ кызыл-кек кристалл түрүндегү порошок, $d=2,757$, $[Cr(H_2O)_5Cl_2]Cl \cdot H_2O$ кашыл зат. $[Cr(H_2O)_4Cl_2]Cl \cdot 2H_2O$ ачык кашыл зат).

ХРОМ (III) УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ ХРОМА) хромдун (III) ацетаты ($Cr(CH_3CO_2)_3 \cdot H_2O$ кристалл түрүндегү кашыл порошок. Сууда эрип, спиртте эрибейт).

ХРУСТАЛЬ хрусталь к. СТЕКЛО СВИНЦОВОЕ



Ц

ЦВЕТНЫЕ МЕТАЛЛЫ түстүү металлдар (буларга органоиддер жана кара металлдардан (темир, чоюн, болот жана ферроқуймаларынан) башка металлдардын баары кирет).

ЦЕЗИЙ цезий (щелочтуу металлдар тобуна кирип, I А подгруппасында жайланышкан МСнын 55-элементи).

ЦЕЗИЙ АЗОТИСТОКИСЛЫЙ (НИТРАТ ЦЕЗИЯ) цезийдин нитрити ($CsNO_2$ түссүз, кристаллдык сарғыч зат. Сууда жакшы эрийт).

ЦЕЗИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ ЦЕЗИЯ) цезийдин нитраты ($CsNO_3$ кристаллдардан турган порошок, $d=3,687$, $t_э=414°C$. Сууда өте жакшы эрийт).

ЦЕЗИЙ БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ЦЕЗИЯ) цезийдин броми ($CsBr$ сууда жакшы эрүүчү түссүз кристаллдардан турган зат).

ЦЕЗИЙ МОЛИБДЕНОВОКИСЛЫЙ (МОЛИБДАТ ЦЕЗИЯ) цезийдин молибдаты ($Cs_2MoO_4$ ак кристалл түрүндегү зат. Суюну өзүнө тартып алгыч келип, сууда жакшы эрийт, $t_э=9,25°C$).

ЦЕЗИЙ СЕРНОТОКИСЛЫЙ (СУЛЬФИТ ЦЕЗИЯ) цезийдин сульфити ($Cs_2SO_3$ кристаллдык сууда эригич зат).

ЦЕЗИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИДЫ ЦЕЗИЯ) цезийдин сульфиддери ($Cs_2S \cdot 4H_2O$ ным тартқыч ак зат, $Cs_2S_2$ – аморфтуу кызыл зат, $Cs_2S_4$ – сары кристаллдар, $Cs_2S_5$ – сууда бир аз эрүүчү катуу зат, $Cs_2S_6$ – кочкул күрөң түстөгү кристаллдар).

ЦЕЗИЙ ТРЕХБРОМИСТЫЙ (ТРИБРОМИД ЦЕЗИЯ) цезийдин трибромиди (ромба түрүндегү кристаллдардан турган кызгылт зат. $t_э=180°C$. Бул зат $CsBr$ менен $Br_2$ турган комплекстик қошулма).

ЦЕЗИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ ЦЕЗИЯ) цезийдин карбонаты ($Cs_2CO_3$ кристаллдык ак порошок. Сууда, спиртте, эфирде эрийт).

ЦЕЗИЙ УГЛЕРОДИСТЫЙ (КАРБИД ЦЕЗИЯ) цезийдин карбиди ($Cs_2C_2$ өтө активдүү, түссүз кристалл. Суунун таасиринен ажырайт).

ЦЕЗИЙ ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД ЦЕЗИЯ) цезийдин фториди (CsF куб түрүндегү кристаллдардан турган ак зат, $d$ =3,586, $t_э$ =684°C. Сууда жакшы эрийт).

ЦЕЗИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД ЦЕЗИЯ) цезийдин хлориди (CsCl куб түрүндегү кристаллдардан турган түссүз зат, $d$ =3,972. $t_э$ =646°C. Сууда, спиртте эрийт).

ЦЕЗИЯ АЗИД цезийдин азиди ($Cs_3N_3$ $t_э$=326°C, 390°C та ажырайт).

ЦЕЗИЯ ОКИСЛЫ цезийдин оксиддери ($Cs_2O$ кызгылт-сары зат, $d$ =4,86, $t_э$ =360÷400°C, сууда жана кислоталарда жакшы эрийт. Өтө кычкылы $CsO_2$ сары кристаллдардан турган зат, $d$ =4,25).

ЦЕЛЕСТИН целестин (стронцийдин минералы, к. СТРОНЦИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ).

ЦЕЛЛЮЛОЗА целлюлоза ($C_6H_{10}O_5$ кепчүлүк өсүмдүктөрдүн клеткаларынын кабыгында кездешүүчү жогорку молекулалуу углевод (полисахарид).

ЦЕМЕНТЫ цементтер (кальцийдин силикаттарынан алюминаттарынан турган органикалык эмес жабыша катуучу материалдар тобу. Ал акиташты чопого аралаштырып ысытуудан пайда болот. Бул продуктуну сууга аралаштырганда таш сымал абалга келип катат. Негизинен жалпы составы: $Ca_3SiO_5$, $CaSiO_3$ жана $Ca_3(AlO_3)_2$ дөн турат).

ЦЕМЕНТ БОКСИТНЫЙ бокситтин цементи (акиташтуу чопо менен бокситтен даярдалат. Мында портланд цементке караганда



CaO аз, $Al_2O_3$ көбүрөөк. Бул цемент тезирээк катат жана туздуу дениз сууларынын таасирине чыдамдуу келет).

ЦЕМЕНТ МАГНЕЗИАЛЬНЫЙ (ЦЕМЕНТ СОРЕЛЯ) магнезиалдуу цемент (составынын 2 салм. бөлүгү MgO дон жана I салм. бөлүгү $MgCl_2$ дан турган цемент сыяктуу катуучу аралашма).

ЦЕМЕНТИТ цементит (темирдин карбиди $Fe_3C$ эң катуу куймалардын бири. 900°C ка чейин ысытканда цементит темирге жана графитке ажырайт. Цементит морт келет. Кислоралардын таасиринен желип, ажырап кетет).

ЦЕМЕНТ ПОРТЛАНДСКИЙ портланд цементи (силикаттык цемент; негизги составы: CaO =62,5 %; $SiO_2$=22 %; $Al_2O_3$ =7,5 %; $Fe_2O_3$ =2,5 %; MgO =2,5 %; $SiO_3$=1,5 %. Жашыл-боз түстөгү цемент).

ЦЕМЕНТ РОМАНСКИЙ роман цементи (мында CaO портланд цементке караганда көбүрөөк болот).

ЦЕНТРИФУГАТ центрифугат (центрифугациялоодо пайда болгон чөкмөнүн үстүндөгү суюктук, к. ЦЕНТРИФУГИРОВАНИЕ).

ЦЕНТРИФУГИРОВАНИЕ центрифугалоо (гетерогендүү же микрогетерогендүү эритмелардөн дисперстик фазаны борбордон четтетүүчү күчтүн натыйжасында бөлүп алуу. Бул үчүн эритме пробиркага куюлуп, центрифуганын жардамы менен катуу айлантылат. Мында пробирканын түрүнө чөкмө, анын үстү жагына эритме бөлүнөт. Булар сарыктырылып бөлүнүп алынат. Эритме центрифугат деп аталат).

ЦЕНТР РЕАКЦИОННЫЙ реакциялануу борбору к. ЦЕНТР РЕАКЦИОНОСПОСОБНЫЙ

ЦЕНТР РЕАКЦИОНОСПОСОБНЫЙ реакцияга жендемдүү борбор (молекуланын реакцияга катышууга ийкемдүү жери (кандайдыр бир атом, молекулалык калдык).

ЦЕНТР СИММЕТРИИ (ЦЕНТР ИНВЕРСИИ) симметрия борбору (мейкиндикте ар түрдүү багытталган геометриялык фигуранын параллелдүү жактарын туташтыруучу сызыктардын кесилишкен чекити).

ЦЕОЛИТЫ цеолиттер (жалпы формуласы: $Me_x Э_y O_{2y} \cdot nH_2O$ жооп берген алюмосиликаттар тобу. Мында Me – Ca, Na, Ba, Э – Si, Al).

ЦЕПНАЯ ПОЛИМЕРИЗАЦИЯ тизмектүү полимерлешүү (эң аз убакыт гана жашай алуучу туруксуз реакция аралык кошулмаларды пайда кылуу менен чынжыры тизмектешип же тармакташып өсүп олтуруу аркылуу женекей молекулалуу заттардан ири молекулалуу заттардын пайда болушу).

ЦЕПНАЯ РЕАКЦИЯ уланма реакциялар (уламдан-улам тизмектешип, тармакташып жүрүүчү химиялык же ядролук реакциялар. Химиялык реакцияларда буга эркин радикалдар, атомдор ж.б., ал эми ядролуктарда электрондор, нейтрондор сыяктуу активдүү, жогорку энергиялуу белүкчелер алып келет, б.а. кубулушту "от алдырат". Бул реакциялар: I. чынжырдын пайда болушу (же аракеттенишүүчүлердүн дүүлүгүшү); 2. чынжырдын уланышы; 3. чынжырдын үзүлүшү сыяктуу үч стадияда жүрүшет).

ЦЕПНЫЕ МАКРОМОЛЕКУЛЫ тизмектүү чынжырдуу макромолекулалар

ЦЕРИЙ церий (лантаноиддер тобунун биринчи элементи, № 58).

ЦЕРИЙ (Ш) АЗОТНОКИСЛЫЙ церийдин (Ш) нитраты ($Ce(NO_3)_3 \cdot 6H_2O$ кристаллдык түссүз зат, сууда жакшы эрийт. $Ce(OH)(NO_3)_3 \cdot 3H_2O$ кызыл кристаллдардан турган зат, сууда ажырайт).



ЦЕРИЙ БРОМИСТЫЙ церийдин (Ш) бромиди ($CeBr_3 \cdot 7H_2O$ кристаллдык кызгылтым, сууда жана спиртте эриген, сууну өзүнө тартып алгыч зат).

ЦЕРИЙ (Ш) БРОМНОВАТОКИСЛЫЙ церийдин (Ш) броматы ($Ce(BrO_3)_3 \cdot 9H_2O$ гексогоналдык кристаллдардан турган түссүз зат, $t_э$=49°C, сууда эрийт).

ЦЕРИЙ (Ш) СЕРНИСТЫЙ церийдин (Ш) сульфиди ($Ce_2S_3$ сары зат, $d$=5,120. Ысытканда ажырап, муздак сууда эрибейт. Кислоталарда эрийт).

ЦЕРИЙ (Ш) СЕРНОКИСЛЫЙ церийдин (Ш) сульфаты ($Ce_2(SO_4)_3$ ромба түрүндөгү кристаллдардан турган ак порошок. $d$=3,91, сууда эрийт, 4, 5, 8, 9, 12 молекулалуу суусу бар кристаллогидраттары учурайт).

ЦЕРИЙ ТРЕХХЛОРИСТЫЙ (ТРИХЛОРИД ЦЕРИЯ) церийдин (Ш) хлориди ($Ce_2Cl_6 \cdot 14H_2O$, $d$=3,92, $t_э$=848°C. Сууда, спиртте эрийт).

ЦЕРИЙ (Ш) УГЛЕКИСЛЫЙ церийдин (Ш) карбонаты ($Ce_2(CO_3)_3 \cdot 5H_2O$ ак порошок. Сууда эрибейт, кислоталарда эрийт).

ЦЕРИЙ (IУ) ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД ЦЕРИЯ) церийдин (IУ) фториди ($CeF_4 \cdot H_2O$ аморфтук же гексагоналдык кристаллдардан турган зат. $d$=4,5÷5. Сууда эрибей, кислоталарда эрийт).

ЦЕРИЙ (Ш) ЩАВЕЛЕВОКИСЛЫЙ (ОКСАЛАТ ЦЕРИЯ) церийдин (Ш) оксалаты ($Ce_2(C_2O_4)_3 \cdot 9H_2O$ кристаллдык саргыч зат. Сууда, күкүрт жана туз кислоталарында эрип, козукулак кислотасында, спиртте жана щелочтордо эрибейт).

ЦЕРИЯ (Ш) ГИДРАТ ОКИСИ церийдин (Ш) гидроосиди ($2Ce(OH)_3 \cdot 8H_2O$ ак зат, $(NH_4)_2CO_3$ те жана кислоталарда эрип, $H_2C_2O_4$ те

эрибейт. $2CeO_2 \cdot 3H_2O$ сары зат. Кислоталарда эрип, щелочтордо эрибейт).

ЦЕРИЯ ДВУОКИСЬ церийдин диоксиди ($CeO_2$ ачык сары порошок, $d$ =7,65. $HNO_3$, $H_2SO_4$ эрийт, сууда эрибейт).

ЦЕРИЯ ИЗОТОПЫ церийдин изотоптору ($^{136}Ce$, $^{138}Ce$, $^{140}Ce$, $^{142}Ce$ – 11%).

ЦЕРИЯ ТРЕХОКИСЬ церийдин оксиди ($Ce_2O_3$ түссүз порошок, $d$ =6,9÷7. Сууда эррбейт, күкүрт кислотасында эрийт).

ЦЕРОТИНОВАЯ КИСЛОТА церотин кислотасы ($C_{25}H_{51}COOH$ алифатикалык кислоталарга кирот).

ЦЕРУСИТ церусит ($Pb_3O_3$ составдагы минерал).

ЦИАН циан $(CN)_2$ түссүз уу газ, $d$ =0,806, $t_э$ =34,4°C. Сууда жакшы эригени менен бара-бара ажырай баштайт).

ЦЕТАН цетан ($CH_3—(CH_2)_{14}—CH_3$ – гексадекан, нормалдуу түзүлштегү ациклдүү каныккан углеводород. Ал дизелдик кыймылдаткычтардын эң жакшы отуну болуп эсептелет да, эталон катары кабыл алынат, к. ЦЕТАНОВОЕ ЧИСЛО).

ЦЕТАНОВОЕ ЧИСЛО цетандык сан (дизелдик кыймылдаткычтардагы колдонулуучу отундардын бат от алып күйүп кетүү жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү сан. Бул цетандык саны 100 барабар деп шарттуу түрдө кабыл алынган, эң оңой от алып кетүүчү углеводород – цетанга салыштырмалуу аныкталат. Азыркы учурдагы колдонулуучу отундардын цетандык саны 50-70 барабар).

ЦИАНАЗИД циан азид ($N_3CN$ катуу зат, $t_э$ =40°C).

ЦИАНАМИД (КАРБОДИАМИД) цианамид ($CH_2N_2$ түзүлүшү $HN=C=NH$ түссүз тунук кристаллдардан турган зат.



$d$=1,073, $t_э$ =44°C. Сууда, спиртте хлороформдо жана эфирде жакшы эрийт. Бир аз кислоталык касиеттери бар).

ЦИАНАТ ИОН цианит иону (бир терс заряддуу $NCO^-$ иону, анын туздары цианаттар деп аталат).

ЦИАН БРОМИСТЫЙ циандын оромиди ($BrCN$ кристаллдык эң уулуу зат, $d$ =1,92, $t_э$ =52°C, муздак сууда, спиртте, бен золдо жана эфирде эрийт).

ЦИАНИДЫ цианиддер ($HNC$ кислотасынын туздары).

ЦИАН ИОДИСТЫЙ циандын иодиди ($JCN$ кристаллдардан турган түссүз уулуу зат. 186°C бууланат. Сууда, спиртте, эфирде эрийт).

ЦИАНКАРБОНИЛ цианкарбонил ($CO(CN)_2$ абада саргайган, түссүз суюктук, $t_э$ =-35°C. Кескин жыты болуп, буусу абада күйүп кетет. Касиеттери фосгенге бир аз окшош).

ЦИАН – НАТР циан -натр ($NaCN$ – натрий цианидинин техникалык аты).

ЦИАНОВАЯ КИСЛОТА циан кислотасы (анын таутомердик эки формасы бар. $H—N=C=O \rightleftharpoons N\equiv C—O—H$).

ЦИАНУРОВАЯ КИСЛОТА цианур кислотасы ($C_3H_3O_3N_3$ кристаллдык тунук зат. Циан кислотасынын тримери, $d$ =1,768. Спиртте жана эфирде аз эрийт).

ЦИАН ФТОРИСТЫЙ циан фториди ($FCN$ түссүз газ, муздатууда кристаллга айланат, сууда эрийт).

ЦИАН ХЛОРИСТЫЙ циандын хлориди ($CNCl$, $t_э$=-6°C, $d$ =1,2, сууда жана органикалык кислоталарда жакшы эрийт).

ЦИКЛАНЫ (ЦИКЛОАЛКАНЫ, ЦИКЛОПАРАФИНЫ) цикландар (жалпы фор-

муласы $C_nH_{2n}$ ге жооп берип, ядросу бир шакекчеден турган каныккан углеводороддор тобу).

ЦИКЛ БОРНА - ГАБЕРА Борн-Габердин циклы (иондук кристаллдар торчосунун энергиясын эсептеп табуунун бир ыгы).

ЦИКЛЕНЫ (ЦИКЛООлЕФИНЫ) циклендер (шакекчесинде кош байланышы бар каныкпаган алициклдүү углеводороддор).

ЦИКЛИЧЕСКИЕ УГЛЕВОДОРОДЫ циклдүү углеводороддор (б.а. шакекчелүү углеводороддор; молекуласында көмүртектик атомдордон дон түзүлгөн шакекчелери бар углеводороддор, м.: циклопропан - $C_3H_6$, циклогексан - $C_6H_{12}$ ж.у.с.).

ЦИКЛОБУТАН циклобутан ($C_4H_8$, $t_э$ =-50°C, $d$ =0,703. Сууда эрибей, спиртте жана ацетондо эрийт).

ЦИКЛОГЕКСАН циклогексан ($C_6H_{12}$ бензиндин жыты бар түссүз суюктук, $d$ =0,7791, $t_э$ =6,5°C. Сууда эрибейт, спиртте, бензолдо чексиз эрийт).

ЦИКЛОГЕКСАНДИОН циклогександион ($C_6H_8O_2$ циклогександион гидроароматикалык тунук суюктук. $M$ - циклогександион призма түрүндөгү кристаллдардан турган зат).

ЦИКЛОГЕКСАНОЛ циклогексанол ($C_6H_{12}O$ гидроароматикалык тунук суюктук, $t_э$ =24°C, $d$ =0,9624. Сууда начар, ацетиленде өтө жакшы эрийт).

ЦИКЛОГЕПТАН (ГЕПТАМЕТИЛЕН, СУБЕРАН) циклогептан же суберан ($C_7H_{14}$ сууда эрибес суюктук, $t_э$ =-12°C, $d$ =0,8099).

ЦИКЛОПЕНТАДИЕН циклопентадиен ($C_5H_6$ сууда эрибес, спиртте эрүүчү суюктук, $t_э$ =-35°C, $d$ =0,8228).

ЦИКЛОПЕНТАН циклопентан ($C_5H_{10}$, $t_э$=-93,8°C, $d$ =0,7450. Сууда эрибейт).



ЦИКЛОПЕНТАНОН (АДИПИНОВЫЙ КЕТОН) циклопентанон (адипин кетону) ($C_5H_6O$ сууда аз эрүүчү суюктук, $d$ =0,9480. Жыгачты курган буулантуудан пайда болуучу заттардын бири).

ЦИКЛОПРОПАН (ТРИМЕТИЛЕН) циклопропан ($C_3H_8$, $d$ =0,720. Сууда эрибестен, спиртте жана эфирде эрийт).

ЦИКЛОТРОН циклотрон (протондорду, дейтрондорду же башка бир оң заряддуу жеңил бөлүкчөлөрдү күүлөөгө (ылдамдатууга) жана аларды кандайдыр бир ядролор менен кагылыштырып, ядролук реакцияларды ишке ашыруу үчүн колдонулуучу установкалар. Ал О. Лоуренс (АКШ) тарабынан 1929-ж. ойлоп чыгарылган).

ЦИМОЛ (МЕТИЛИЗОПРОПИЛБЕНЗОЛ) цимол ($C_{10}H_{17}$, $n$ — цимол табигый эфир майларында кезигет. о — цимол, $d$ =0,876. м — цимол, $d$ =0,8606. Булардын бардыгы сууда эрибейт, спиртте жана эфирде эришет).

ЦИНК цинк (МСнын П В подгруппасынын элементи).

ЦИНК АЗОТИСТОКИСЛЫЙ (НИТРАТ ЦИНКА) цинктин нитрити ($Zn(NO_2)_2$ туруксуз болгондуктан, сууда гидролизденип кетет).

ЦИНК АЗОТНИКИСЛЫЙ (НИТРАТ ЦИНКА) цинктин нитраты ($Zn(NO_3)_2 \cdot 6H_2O$ кристаллдардан турган түссүз зат, сууда жакшы эрийт).

ЦИНКА ГИДРАТ ОКИСИ цинктин гидрооксиди ($Zn(OH)_2$ аморфтук ак порошок, $d$ =3,08. Сууда аз эрип, кислоталарда жана щелочтордо жакшы эрийт).

ЦИНКА ДИАЦИДОДИАМИНЫ цинктин диацидодиаминдери ($[Zn(NH_3)_2Cl_2]$ диацидодиаминдер катарына кирүүчү комплекстик кошулма. Жалпы формуласы: $[Me\ A_2\ X_2]^{n-2}$).

ЦИНКА ИЗОТОПЫ цинктин изотоптору ($^{64}Zn$ -50,9 %; $^{66}Zn$- 27,8 % ; $^{67}Zn$ -8,9 % ; $^{68}Zn$ -17,4 % ; $^{70}Zn$- 0,5 % ).

ЦИНКА ОКИСЬ цинктин оксиди ( $ZnO$ ак түстөгү порошок, $d$ = 5,42. Сууда, кислоталарда эрийт. Амфотердүү кошулма болуп эсептелет, к. ЦИНКОВЫЕ БЕЛИЛА).

ЦИНКА ПЕРЕКИСЬ цинктин переоксиди ( $ZnO_2$ сары зат, $d$ =1,571, $t_э$ =212°С жарылат. Кислоталарда ажырайт, сууда аз эрийт).

ЦИНКА ТЕТРАМИНЫ цинктин тетраминдери (тетрамин тибиндеги комплекстик бирикмелер. Комплекстик иондун составы: $[MA_4]X_2$; М - борбордук атом, А - аммиак же суу түрүндөгү молекула. м.: $[Zn(NH_3)_4]X_2$ ).

ЦИНКАТЫ цинкаттар ($H_2ZnO_2$ кислотасынын туздары, м: $Na_2ZnO_2$, $K_2ZnO_2$ ).

ЦИНК БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ЦИНКА) цинктин бромиди ( $ZnBr_2$ ромба түрүндөгү кристаллдардан турган и түссүз порошок, $t_э$=394°С, $d$ =4,2. Кубаттуу ным тартуучу зат. Спиртте жана эфирде эрийт).

ЦИНК ДИМЕТИЛ цинктин диметили ( $Zn(CH_3)_2$, $t_э$ =-40°С, $d$ =1,386. Сууда жана эфирдерде ажырап, абада күйүп кетүүчү сумктук).

ЦИНК ДИЭТИЛ цинктин диэтили ( $Zn(C_2H_5)_2$, $t_э$=-28°С. $d$ =1,1826. Сууда жана спиртте ажырайт).

ЦИНК ИОДИСТЫЙ (ИОДИД ЦИНКА) цинктин иодиди ($ZnJ_2$ ак же саргыч кристаллдардан турган зат, $d$ =4,70, $t_э$ =446°С. Сууну өзүнө тартып алып абада нымданып кетет. $ZnJ_2 \cdot 2H_2O$ составдагы кристаллогидраты бар ).



ЦИНК-НАТРИЙ-УРАНИЛ УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ ЦИНК-НАТРИЯ-УРАНИЛА) цинк-натрий-уранилдин ацетаты ( $CH_3COONa(CH_3COO)_2 \cdot 3UO_2(CH_3COO)_2 \cdot 9H_2O$ кристалл түрүндө саргыч зат, аналитикалык химияда цинк-уранил ацетат менен натрийдин ионун анализдеөдө ушундай туз пайда болот).

ЦИНКОВАЯ ОБМАНКА жалганч цинк ($ZnS$ цинктин жаратылышта кенири учурай турган минералы; кислоталарда эрип, сууда жана уксус кислотасында эрибейт).

ЦИНКОВАЯ БЕЛИЛА цинк ак боёгу (негизи $ZnO$ - цинктин оксидинен турган ак боёктор).

ЦИНКОВЫЙ КУПОРОС цинктин купоросу к. ЦИНК СЕРНОКИСЛЫЙ

ЦИНКОВЫЙ ШПАТ цинктин шпаты к. ЦИНК УГЛЕКИСЛЫЙ

ЦИНК СЕРНИСТОКИСЛЫЙ (СУЛЬФИТ ЦИНКА) цинктин сульфити ($ZnSO_3 \cdot 2,5H_2O$ кристаллдардан турган түссүз порошок. Сууда аз эрип, спиртте эрибейт).

ЦИНК СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД ЦИНКА) цинктин сульфиди ($ZnS \cdot H_2O$ ак порошок, жаратылышта учурай турганы $ZnS$ жалганч цинк деп аталат. $d$ =3,98, $t_э$ =1048°С. Сууда эрибей, кислоталарда эрийт. $ZnS$ тин $BaSO_4$ менен аралашмасы литопон деп аталат, к. ЛИТОПОН).

ЦИНК СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ ЦИНКА) цинктин сульфаты ($ZnSO_4 \cdot 7H_2O$ ромбикалык призмалардан турган түссүз кристаллдар, $d$ =1,966, $t_э$ =39°С).

ЦИНК УГЛЕКИСЛЫЙ (КАРБОНАТ ЦИНКА) цинктин карбонаты( $ZnCO_3$ ромба түрүндөгү кристаллдардан турган ак порошок, $d$ =4,42÷4,45. Сууда эрибей, кислоталарда, щелочтордо жана аммоний туздарынын

эритмесинде эрийт. Жаратылышта учурай турган түрү $ZnCO_3$ цинк ташы деп аталат).

ЦИНК УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ ЦИНКА) цинктин ацетаты ($Zn(CH_3COO)_2 \cdot 2H_2O$ кристаллдардан турган түссүз зат, $d$=I,72. $t_э$ =235÷257°C. Спиртте, сууда эрийт).

ЦИНК-УРАНИЛ УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ ЦИНК-УРАНИЛА) цинк-уранилдин ацетаты (аналитикалык химияда $Na^+$ йонду анализдеедe колдонулат).

ЦИНК ФОСФОРНОКИСЛЫЙ (ФОСФАТ ЦИНКА) цинктин фосфаты ($Zn_3(PO_4)_2 \cdot 4H_2O$ сууда эрибеечү кристаллдык ак порошок, $d$= 8,04. Кислотада жана аммиакта эрийт).

ЦИНК ФТОРИСТЫЙ (ФТОРИД ЦИНКА) цинктин фториди ($ZnF_2$ түссүз кристаллдык порошок, $t_э$=872°C, $d$ = 4, 84. Сууда аз, ысык кислотада жакшы эрийт).

ЦИНК ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД ЦИНКА) цинктин хлориди ($ZnCl_2$ ромбаэдрлик кристаллдардан турган уулуу, түссүз зат, $t_э$ =262°C, $d$ =2,9I, сууда жакшы эрийт).

ЦИНКХОНИН цинкхонин ($C_{19}H_{22}ON_2$ составындагы кристаллдардан турган алколоид, $t_э$ =268,8°C. Амил спиртинде эрип, сууда эрибейт).

ЦИНК ЦИАНИСТЫЙ (ЦИАНИД ЦИНКА) цинктин цианиди ($Zn(CN)_2$ ромба түрүндегү кристаллдардан турган уулуу, түссүз порошок. Ысытканда ажырайт. Сууда, спиртте эрибейт).

ЦИРКОН циркон ($ZrSiO_4$ цирконийдин минералы).

ЦИРКОНАТЫ цирконаттар ($ZrO_2$ негиздик жана кислоталык эки түрдүү касиеттери болгондуктан, аны щелочтор менен ысытканда



анын туздары – цирконаттар пайда болот: $MeZrO_3$ метацирконат, $MeZrO_4$ ортоцирконат).

ЦИРКОНИЙ цирконий (МС дагы етме катардын элементтерине кирүүчү 40-элемент).

ЦИРКОНИЙ АЗОТИСТЫЙ (НИТРИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин нитриди ($ZrN$ $t_э$=2855°C, күмүштей болгон жалтырак зат. $ZrN_4$ да бар, анын өңү колого окшош).

ЦИРКОНИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ (НИТРАТ ЦИРКОНИЯ) цирконийдин нитраты ($Zr(NO_3)_4 \cdot 5H_2O$ кристаллдык ак зат. 300°C ажырап, сууда эрийт).

ЦИРКОНИЙ (IУ) БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин (IУ) бромиди ($ZrBr_4$ түссүз кристаллдык зат. Сууда жана спиртте ажырап, эфирде эрийт, к. ЦИРКОНИЙ ДВУБРОМИСТЫЙ).

ЦИРКОНИЙ ДВУБРОМИСТЫЙ (ДИБРОМИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин (II) дибромиди ($ZrBr_2$ кара түстегү зат).

ЦИРКОНИЙ КРЕМНИСТЫЙ (СИЛИЦИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин силициди ($ZrSi$ жалтырак, кристаллдык кегүлтүр зат).

ЦИРКОНИЙ СЕРНИСТЫЙ (СУЛЬФИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин сульфиди ($ZrS_2$ кегүш түстегү кристаллдык зат).

ЦИРКОНИЙ СЕРНОКИСЛЫЙ (СУЛЬФАТ ЦИРКОНИЯ) цирконийдин сульфаты ($Zr(SO_4)_2 \cdot 4H_2O$ Сууда эрип, спиртте эрибеечү порошок. Бул кошулманы комплекс $H_2[ZrO(SO_4)_2]$ деп да карбого болот).

ЦИРКОНИЙ УГЛЕРОДИСТЫЙ (КАРБИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин карбиди ($ZrC$ эң катуу кристаллдык зат. $t_э$ =3580°C. Сууда эрибейт, азот кислотасында эрийт).

ЦИРКОНИЙ УКСУСНОКИСЛЫЙ (АЦЕТАТ ЦИРКОНИЯ) цирконийдин ацетаты ($Zr(CH_3COO)_4$ туруксуз зат гидролизденгенде $ZrO(CH_3COO)_2$ ге айланат).

ЦИРКОНИЙ ФОСФОРНОКИСЛЫЙ (ФОСФАТ ЦИРКОНИЯ) цирконийдин фосфаты ($Zr(PO_4)_4$ ак зат концентрленген кислоталарда да оңой менен эрибейт).

ЦИРКОНИЙ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИДЫ ЦИРКОНИЯ) цирконийдин хлоридери ($ZrCl_2$ – дихлорид, кара түстегү зат, $ZrCl_3$ – трихлорид, кызгылтым түстегү порошок, $ZrCl_4$ – тетрахлорид, түссүз кристаллдык зат).

ЦИРКОНИЙ ЧЕТЫРЕХИОДИСТЫЙ (ТЕТРАИОДИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин (IУ) тетраиодиди ($ZrJ_4$ кристаллдык зат сууда гидролизденет).

ЦИРКОНИЙ ЧЕТЫРЕХФТОРИСТЫЙ (ТЕТРАФТОРИД ЦИРКОНИЯ) цирконийдин (IУ) тетрафториди ($ZrF_4$ кристаллдардан турган түссүз зат, $d$ =4,8, сууда аз эрийт).

ЦИРКОНИЛ цирконил ($ZrO^{2+}$ радикал дицирконил деп аталат. $Zr_2O_3^{2+}$ радикалы бар).

ЦИРКОНИЛ АЗОТНОКИСЛЫЙ (ЦИРКОНИЛ НИТРАТ) цирконилдин нитраты ($3ZrO(NO_3)_2 \cdot 2H_2O$ кристаллдардан турган аморфтуу ак зат $ZrO(NO_3)_2 \cdot 2H_2O$, $Zr_2O_3(NO_3)_2 \cdot 5H_2O$ да бар).

ЦИРКОНИЛ ХЛОРИСТЫЙ цирконилдин хлориди ($ZrOCl_2 \cdot 8H_2O$ түссүз кристаллдардан турган зат. Спиртте, сууда эрийт).

ЦИРКОНИЯ АМИД цирконийдин амиди ($Zr(NH_2)_4$, 250°C чейин туруктуу катуу зат).

ЦИРКОНИЯ (IУ) ГИДРАТ цирконийдин (IУ) гидрооксиди ($Zr(OH)_4$ ак аморфтуу порошок, $d$ = 3,25. Күчтүү кислоталарда эрип, сууда, щелочтордо эрибейт).



ЦИРКОНИЯ (IУ) ОКИСЬ цирконийдин (IУ) оксиди ($ZrO_2$ аморфтуу ак порошок, $t_э$ =2680°C, $d$ =5,7. Сууда эрибейт, $HNO_3$ эрийт).

ЦИС цис (молекуланын геометриялык түзүлүшүндегү орундашуучулардын жакын жайланышында пайда болгон изомерлердин атына жалгашуучу сез).

ЦИС-ИЗОМЕРИЯ цис изомерия к. ИЗОМЕРИЯ ГЕОМЕТРИЧЕСКАЯ

ЦИСТЕИН цистеин ($C_3H_7O_2NS$ оптикалык жактан активдүү зат. Ал сууда эрүүчү кристаллдык зат).

ЦИСТЕИН СОЛЯНОКИСЛЫЙ (ЦИСТЕИН ГИДРОХЛОРИД) цистеин гидрохлориди ($C_3H_7O_2NS \cdot HCl$ же $HS-CH-CH(NH_2)-COOH-HCl$ ак кристаллдык порошок. $t_э$ =175 ÷ 180°C. Сууда, спиртте жана ацетондо эрийт).

ЦИТРАКОНОВАЯ КИСЛОТА цитракон кислотасы ($C_5H_6O_4$ $d$ =1,617. $t_э$ =91°C. Сууда, спиртте жана эфирде эрийт).

ЦИТРАТЫ цитраттар (лимон кислотасынын туздарынын жалпы аты. м.: $K_3C_6H_5O_7 \cdot H_2O$. Лимон кислотасынын калдыгы цитрат – ион деп аталат).

## Ч

ЧАСТИЦА белүкче (молекула, атом, протон, нейтрон, дейтрон ж.б., ошондой эле күкүмчелер, бүдүрчлер сыяктуулар).

ЧЕРНАЯ МЕТАЛЛУРГИЯ кара металлургия (темир катышкан металлургия тармагы, б.а. темирдин куймаларын, чоюн, болот ж.у.с. өндүрүүчү бор өнер жай тармагы).

ЧЕРНОВЫЕ МЕТАЛЛЫ киргил металлдар (жез, цинк, коргошун сыяктуу түстүү металлдарды эритиндиден белүп алууда алар бир

канча өлчөмдөгү кошулмаларды алып жүрүшчү металлдар. Алар андан ары тазалоону (рафиндештирүүнү) талап кылышат).

ЧЕРНЫЕ МЕТАЛЛЫ кара металлдар (темирдин жана анын куймалары: болот, чоюн, феррокуймалар кара металлдар тобун түзүшет).

ЧЕРНЫЙ АЛМАЗ (КАРБОНАДО) кара алмаз (таза алмазга мүнөздүү болбогон туура эмес түзүлүштөгү кристаллдарды пайда кылуучу алмаздын түрү. Алар алмаз айнек кескичтерди, бургуларды, арааларды, жылмалоочу таштарды жасоодо колдонулат).

ЧЕТВЕРТИЧНАЯ СТРУКТУРА БЕЛКА белоктордун төртүнчүлүк структурасы (бир нече белоктук макромолекулалардын (м.: гемоглобиндин) бири-бири менен кошулушуп, татаал оролмо түзүлүштөгү зор агрегаттарды пайда кылышы).

ЧИЛИЙСКАЯ СЕЛИТРА чили селитрасы ($NaNO_3$ к. НАТРИЙ АЗОТНОКИСЛЫЙ).

ЧИСЛО МЕНДЕЛЕЕВА Менделеевдин саны к. ЗАРЯД ЯДРА

ЧИСЛО ОМЫЛЕНИЯ сымындоо саны (берилген заттын I г өлчөмдөгү болгон бардык кислоталарды нейтралдаштырууга зарпталган КОН тын мг дык өлчөмү. М.: жаныбарлар майынын самындоо саны 170÷260; канифольдуку I60÷I80 ; өсүмдүк майларыныкы I70÷260).

ЧИСЛО ПЕРЕНОСА ИОНОВ иондордун ташуу саны (берилген заряддагы ион аркылуу ташылып жаткан электр санынын өлчөмү. Иондор катодго жана анодго багытталып жылышканы менен алар бирдей сандагы электр тогун ташый албайт. Ошондуктан, бул иондордун ташуучу саны аркылуу аныкталат).

ЧИСЛО СОЛЬВОТАЦИИ сольвотация саны (ионго тыкыс жайланышкан сольваттык биринчи катмардагы эриткичтин молекулаларынын



орточо саны. Суунун чөйрөсүндө ал число гидратации - гидратация саны деп аталат).

ЧИСЛО СОУДАРЕНИЙ өз ара кагылышуунун саны (ал I см көлөмдөгү I молекула I секунддун ичинде бөлөк молекулалар менен канча ирет кагылышууга катыша алышынын орточо санын көрсөтөт).

ЧИСЛО СТЕПЕНЕЙ СВОБОДЫ эркиндик даражасынын саны (кыймыл, аракет, абалдардын саны. М.: газ абалындагы бөлүкчөнүн алга карай жылуу, тегеренүү жана термелүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгондуктан, анын молекуласынын эркиндик даражасынын саны 3 кө барабар, ал эми катуу түрүндөгү заттардын бөлүкчөлөрүндө ал термелүү менен гана мүнөздөлгөндүктөн I эркиндик даражасына ээ).

ЧИСТЫЕ ВЕЩЕСТВА таза заттар (белгилүү бир химиялык составга ээ, практикалык жактан бир түрдөгү молекулалардан түзүлгөн заттар, м.: кант, таза суу ж.б.).

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ АНАЛИТИЧЕСКИХ РЕАКЦИЙ аналитикалык реакциялардын сезгичтиги (эритмелерде ар бир ионду мүнөздүү бир же бир нече реактивдердин жардамы менен билүүгө болот. Реакциянын туюнгучтугу, алынган иондун билүүгө мүмкүн болгон концентрациялык минимуму менен белгиленет. М.: $K^+$ ионду билүү үчүн адетте $Na[Co(NO_3)_6]$ бирикмени алабыз. Ушул реактив менен калий-ионун анализдөө (табуу) үчүн эч болбогондо 500000 мл сууда I г калий болууга тийиш, б.а. эгерде 50 мл эритмени алсак, анда эң кеминде 0,00I г калийдин болушу зарыл).

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ РЕАКЦИИ (ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ АНАЛИТИЧЕСКИХ МЕТОДОВ) реакциянын сезгичтиги (берилген методду колдонуу

менен капчалык аз сандагы заттын өлчөмүн так аныктоо мүмкүндүгүн, б.а. методдун анализдөөгө мүмкүн болгон жеткиликтүү чегин мүнөздейт).

ЧУГАЕВА РЕАКТИВ Чугаевдин реактиви (бул реактив $NH_4OH$ кошулган чөйрөдө $Ni^{2+}$ болсо, кызгылтым түстөгү ички комплекстик түзүү берет, түзүлүшү:



аналитикалык химияда $Ni^{2+}$ ди аң сезгич реактив).

ЧУГАЕВА РЕАКЦИЯ Чугаевдин реакциясы к. ЧУГАЕВА РЕАКТИВ, ДИМЕТИЛГЛИОКСИМ

ЧУГУН чоюн (составында 98 % темир, көмүртек жана аз санда Si, Mn, P, S бар куйма).

ЧУГУН БЕЛЫЙ ак чоюн (бул чоюндагы көмүртек бүтүндөй цементит ($Fe_3C$ темирдин карбиди) түрүндө болот. Мында 1 % тен 1,8 % ке чейин кремний болот).

ЧУГУН СЕРЫЙ боз чоюн (составында 2 ÷ 3,5 % чамасында кремний болот)

## Ш

ШАМОТ шамот (отко чыдамдуу зат, составында: $SiO_2$ — 65 %, $Al_2O_3$ — 30 %, $CaO$ - 2 %, $MgO$ - 1,5 %, $Fe_2O_3$ - 1,5 % бар. Чопону күйгүзүүдөн даярдашат. Шамоттон отко чыдамдуу буюмдарды, идиштерди жасашат).

ШАРОВАЯ СИММЕТРИЯ шардын симметриясы (электрондук булуттардын, кристаллдык структуралардын ж.б. мейкиндиктеги симметриясын мүнөздөөдө колдонулган түшүнүк).



ШВЕЙНФУРТСКАЯ ЗЕЛЕНЬ швейнфурт жашыл (кездин ацетатынан $Cu(CH_3COO)_2$ жана кездин арсенатынан $Cu(AsO_4)_2$ турган туз. Жашыл коюу өңү бар, ете уулуу зат).

ШВЕЙЦЕРА РЕАКТИВ швейцердин реактиви (бул реактивди кездин (II) суу кычкылын аммиакта эритүү жолу менен алышат: $Cu(OH)_2 + 4NH_3 = [Cu(NH_3)_4]^{2+} + 2OH^-$. Ал пахта, фильтр кагаз сыяктуу целлюлозаларды эритет).

ШЕЕЛИТ Шеелит (вольфрамдын минерали, формуласы $CaWO_4$).

ШЕЛК ИСКУССТВЕННЫЙ касалма жибек (химиялык жол менен целлюлозадан алынган кездемелер).

ШЕНИТЫ шениттер ($MgSO_4$ менен $BeSO_4$ тун $Me[Mg(SO_4)_2]\cdot xH_2O$ жана $Me[Be(SO_4)_2]$ түрүндөгү туздары, м.: $[K_2Mg(SO_4)_2]\cdot 6H_2O$ ж.б.).

ШИХТА шихта (металлургия мешинде эритүү үчүн алынган кендин, металлдын, көмүрдүн ж.б. аралашмасы. Ал баштапкы сырьелук материалдардан болуп эсептелет).

ШКАЛА КИСЛОТНОСТИ кислоталуулуктун шкаласы (эритмелердин чөйрөлөрүн андагы суутектин концентрациясына карата мүнөздөп, аларды щелочтуу, кычкылдуу жана нейтралдуу чөйрөлөргө ажыратуу).

ШЛАК шлактар (металлургия процесстеринин таштандылары).

ШПАТ ИСЛАНДСКИЙ исландын шпаты (бул минерал кальцийдин карбонаты, к. КАЛЬЦИЙ УГЛЕКИСЛЫЙ).

ШПАТЫ ПОЛЕВЫЕ талаа шпаттары (булардын составында силикат ангидриди менен алюминийдин кычкылынан башка, калий жана натрий же болбосо, кальций кычкылы болот. Калийлүү талаа шпатынын формуласы: $K_2O\cdot Al_2O_3\cdot 6SiO_2$).

ШРЕДИНГЕРА УРАВНЕНИЕ Шредингердин тендемеси(кванттык механиканын математикалык негизи. Ал 1925-ж. Э.Шредингер тарабынан сунуш кылынган. Тендеме эң майда бөлүкчөлөрдүн толкундук табиятына негизделген).

ШУНГИТ шунгит (антрацит менен графиттин ортосундагы форма).

## Ш

ЩАВЕЛЕВАЯ КИСЛОТА козу кулак кислотасы $(COOH)_2 \cdot 2H_2O$ түссүз призма түрүндөгү кристаллдардан турган эки негиздүү органикалык кислота. 80°С сууну кого баштайт. Суусу кок $H_2C_2O_4$ сууну өзүнө тартып алгыч келет. Сууда, спиртте эрийт).

ЩЕЛОЧИ щелочтор (металлдардын сууда какыш эрүүчү гидроксиддери(негиздер).

ЩЕЛОЧИ ЕДКИЕ кычкыл щелочтор же кычкылтар (щелочтуу металлдардын гидроксиддери. Алар (LiOH, KOH, NaOH сыяктуулар) эң күчтүү негиздерден болуп эсептелинет).

ЩЕЛОЧНОЗЕМЕЛЬНЫЕ МЕТАЛЛЫ щелочтуу жер металлдары (МСнын II А подгруппасынан орун алган Mg, Ca, Sr, Ba, Ra элементтери. Булардын гидроксиддери бир аз начар щелочтордон болуп эсептелинет).

ЩЕЛОЧНЫЕ МЕТАЛЛЫ щелочтуу металлдар (МСнын I А подгруппасынан орун алган Li, Na, K, Rb, Cs жана Fr элементтери. Булардын гидроксиддери күчтүү негиздер, к. ЩЕЛОЧИ ЕДКИЕ).

## Э

ЭБОНИТ эбонит (составында кукурту көп (30 %) каучук. Катуу зат. электр тогун өткөзбөөчү изолятор).



ЭБУЛИОСКОПИЧЕСКАЯ КОНСТАНТА эбулиоскопиялык константа (1.граммоль затты 100 г эриткичте эриткенде эритменин кайноо температурасы таза эриткичтикинен караганда канчага көтөрүлөөрүн көрсөтөт. Бул ар бир эриткич үчүн өзгөрүлбөс чондук, м.: 1000 г сууда 1 граммолекула кант эригенде, эритменин кайноо температурасы 0,516°С көтөрүлөт. Бул суунун эбуллиоскопиялык константасы).

ЭБУЛИОСКОПИЧЕСКИЙ МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ МОЛЕКУЛЯРНОГО ВЕСА молекулалык салмакты аныктоонун эбулиоскопиялык жолу (кайноо температуранын көтөрүлүшү боюнча молекулалык салмакты аныктоо жолу, к. КРИОСКОПИЧЕСКИЙ МЕТОД ОПРЕДЕЛЕНИЯ МОЛЕКУЛЯРНОГО ВЕСА).

ЭВТЕКТИКА эвтектика (системанын компоненттеринин толук чогуу кристаллданышкан составы. Бул кристаллдануу системада мүмкүн болгон төмөнкү температурада жүрөт да эвтектикалык температура деп аталат).

ЭВТЕКТИЧЕСКАЯ ТОЧКА эвтектикалык точка (эвтектиканын эрүү температурасы дайым туруктуу. Эвтектикалык чекиттин эркиндик даражасы нөлгө барабар жана бул учурда система инвариантту, б.а. варианты жок).

ЭЙНШТЕЙНИЙ эйнштейний (МСнын актиноиддер тобунда жайгашкан 99-элемент).

ЭКВИВАЛЕНТ эквивалент (б.а. бир өлчөмгө тете экинчи өлчөм).

ЭКВИВАЛЕНТ СЛОЖНОГО ВЕЩЕСТВА татаал заттардын эквиваленти (татаал заттардын бир эквиваленти суутек же бир эквивалент башка элемент менен реакцияга кирүүчү же орун алмашуучу саны, м.: $Э_{H_2SO_4} = \frac{M}{2}$ , $Э_{NaOH} = \frac{M}{1}$ , $Э_{AlCl_3} = \frac{M}{3}$ ж.у.с.).

ЭКВИВАЛЕНТ ХИМИЧЕСКИЙ химиялык эквивалент (элементтин 1 салмактык сан суутек же 8 салмактык сан кычкылтек менен биригүүчү же алардын ордун алуучу саны. Элементтин атомдук салмагын валенттүүлүгүнө белүү менен эквивалентин табууга болот).

ЭКВИВАЛЕНТ ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЙ электрохимиялык эквивалент (электролиттер аркылуу бир кулон электр саны өткөндө ажралып чыккан заттардын миллиграммдык алчемү).

ЭКВИМОЛЕКУЛЯРНЫЕ РАСТВОРЫ эквимолекулярдуу эритмелер (составында бирдей сандагы граммолекулалар эригендеги пайда болгон эритмелер).

ЭКСИКАТОР эксикатор (химиялык лабораторияда заттарды кургатып үчүн жана кургак түрдө сактап туруу үчүн колдонулуучу атайын айнек идиш).

ЭКСТРАКЦИЯ экстракция к. ЭКСТРАГИРОВАНИЕ

ЭКСТРАГИРОВАНИЕ экстракциялоо (эритип белүп чыгуу же белүп алуу; илайыкталып тандалып алынган эриткичтердин (экстрагенттердин) кардамы менен катуу же суюк заттардын аралашмасынан кандайдыр бир затты же алардын тобун эритип белүп алуу. Бул заттардын эригичтигине негизделген. Катуу заттардан экстракциялоону выщелачивание – щелочтонтуп белүү деп аташат).

ЭКСТРАГЕНТЫ экстрагенттер (экстракциялоочу тандалып алынган эриткичтер. Белүнүп алынуучу заттардын химиялык инактыгы (эригичтиги, таасирленишүүсү ж.б.) аларга баштапкы эриткичке караганда когору болот, к. ЭКСТРАГИРОВАНИЕ).

ЭКСТЕНСИВНЫЕ ПАРАМЕТРЫ СИСТЕМЫ системанын экстенсивдүү



параметрлери (системанын массасына, андагы белүкчөлөрдүн санына көз каранды болгон параметрлер).

ЭЛЕГАЗ элегаз (формуласы $SF_6$ жооп берген газ абалындагы зат).

ЭЛЕКТРОАНАЛИЗ электроанализ (белгилүү бир аноддук жана катоддук потенциалдардын айырмасын кармап туруу менен (туруктуу электр тогунун кардамы аркасында) ишке ашырылуучу электролиз кубулушунун негизинде заттарды анализдөө методу).

ЭЛЕКТРОВАЛЕНТНАЯ СВЯЗЬ электроваленттүү байланыш к.ИОННАЯ СВЯЗЬ

ЭЛЕКТРОДНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ электроддук потенциал (металл (электрод) менен суюк фазанын (электролиттин) жанроо чегинде пайда болгон электростатикалык потенциалдын айырмасы.Б: вольт).

ЭЛЕКТРОДЫ электроддор (булар көбүнчө металлдан, көмүр пластинкаларынан жасалган электролиттерге ток киргичтер).

ЭЛЕКТРОДЫ СРАВНЕНИЯ салыштыруу электроддору (электроддук потенциалды табууда (же чөнөп алууда) салыштыруу үчүн колдонулуучу потенциалы так белгилүү электроддор. М.: каломель ж.б. электроддор, Вестондун элементи. Электрохимиялык чынжырдын электр кыймылдаткыч күчүнүн абсолюттук маанисин чөнөп алууга мүмкүн болбогондуктан, алар керсетүлгөн салыштырма электродго карата аныкталат).

ЭЛЕКТРОКАПИЛЛЯРНОЕ ЯВЛЕНИЕ электрдик-капиллярдык кубулуш (электрохимиялык чынжырдагы электрод менен эритменин тийишкен чегинде, электроддук потенциалдын беттик тартылышка көз каранды-лыгын керсеткен кубулуш. Буга негизинен электрдик кош катмар себепкер).

ЭЛЕКТРОКИНЕТИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ электрокинетикалык потенциал к. ДЗЕТА-ПОТЕНЦИАЛ

ЭЛЕКТРОКРИСТАЛЛИЗАЦИЯ электрокристаллдаштыруу (электрохимиялык жол менен металлдарды катодго бөлүп чыгаруу (отургузуу).

ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКАЯ ДИССОЦИАЦИЯ электролиттик диссоциация (иондуу, полярдуу байланыштагы кислоталар, негиздер, туздар сыяктуу электролиттерди эритүүдө алардын молекулаларынын ондорго ажырашы. Электролиттик диссоциация кубулушунун ишке ашуу терендиги диссоциация даражасы менен мүнөздөлөт).

ЭЛЕКТРОЛИТЫ (ПРОВОДНИКИ ВТОРОГО РОДА) электролиттер (суудагы эритмеси токту өткөзүүчү заттар (туздар, негиздер жана кислоталар).

ЭЛЕКТРОМАГНИТНАЯ СЕПАРАЦИЯ(РАЗДЕЛЕНИЕ) электромагниттик иргеп (бөлүп) алуу (б.а. магниттелүүчү материалдарды магниттин кардамы менен иргеп бөлүп алуу. Бул кендерди байытуунун бир жолу).

ЭЛЕКТОМЕРНЫЙ (МЕЗОМЕРНЫЙ) ЭФФЕКТ Электромердик (мезомердик) эффект (ароматтык жана калган байланыштуу каныкпаган углеводороддордун молекулаларына сырттан таасир этүүдө пайда болгон эффект электромердик, ал эми молекуланын өздүк абалындагысын - мезомердик эффект деп аталат. Булар E - эффект жана M - эффект деп белгиленишет).

ЭЛЕКТРОМЕТАЛЛУРГИЯ электрометаллургия (металлургиядагы электр тогун колдонуу менен металлдарды алуу жолу).

ЭЛЕКТРОНИЗБЫТОЧНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ электронго бай кошулмалар (валенттүүлүк кенундегу түзүнүк менен алганда керектүү сандан



аныкча электрондору бар кошулмалар. М.: $J_3^-$, $Cl_3^-$, $ClF_3$, $NH_3$ к.у.с.).

ЭЛЕКТРОННАЯ КОНФИГУРАЦИЯ электрондук конфигурация (атомдогу электрондордун энергетикалык деңгээлчелер жана ячейкалар боюнча белгилүү бир закон ченемдүүлүктө жайланып, иреттелишип жайгануунун түзүлүшү).

ЭЛЕКТРОННАЯ ПЛОТНОСТЬ электрондук тыгыздык (б.а. электрондун берилген аймакта болуп калуу мүмкүнчүлүгүнүн өлчөмү).

ЭЛЕКТРОННАЯ ТЕОРИЯ КИСЛОТ И ОСНОВАНИЙ кислоталардын жана негиздердин электрондук теориясы (бул теория боюнча негиздер жуп электрондун донорлору, ал эми кислоталар - жуп электрондун акцепторлору, к. ТЕОРИЯ КИСЛОТ И ОСНОВАНИЙ).

ЭЛЕКТРОННАЯ ФОРМУЛА электрондук формула (1. кошулманын электрондук формуласы деп молекуласынын графикалык формуласындагы чийинче менен белгиленген валенттик бирликтери (байланыш сызыктары) жана андагы атомдордун валенттик катмары алып жүргөн электрондор (б.а. точкалар) аркылуу туюнтулган формулалар. М.:



2. элементтин атомунун электрондук түзүлүшүнүн электрондук формуласы, электрондор жайгашкан кванттык деңгээлдердин катар номери жана андагы деңгээлчелердеги (орбиталдардагы), ячейкалардагы электрондордун санын көрсетүп, алардын белгилөөнү колдонуп туюнтуу. М.: натрийдин атомунун кванттык деңгээлдердеги электрондору; 2, 8, 1 иретинде жайланышкан. Демек электрондук формуласы: $1s^2\ 2s^2\ 2p^6\ 3s^1$; 3. реакциянын элек-

трондук формуласы, аракеттенишүүгө катышуучу баштапкы заттар менен продуктылардын молекулаларын алардын электрондук формулалары боюнча жазуу. М.: $H^{\cdot} + \cdot\ddot{\underset{..}{Cl}}: \longrightarrow H:\ddot{\underset{..}{Cl}}:$

ЭЛЕКТРОННОЕ ОБЛАКО электрондук булутча

ЭЛЕКТРОННОЕ СЖАТИЕ электрондук тыгыздашуу (ар бир мезгилдин атомдорунун заряддары өскен сайын, андагы оң жана теңс заряддардын ортосунда тартышуу күчөйт да, бул электрондук катмарларын тыгыздантат. Мунун натыжасында атомдордун радиустары кичирейет. Бул электрондук катмарлардын тыгыздануусу деп да аталат).

ЭЛЕКТРОННЫЕ КВАРТЕТЫ электрондук квартеттер (ар бири 4 тен турган электрондор тобу. Бул химиялык байланыштарды мүнөздөөдө колдонулат).

ЭЛЕКТРОННОЕ СМЕЩЕНИЕ электрондук жылышуу (байланышкан атомдордун терс электрдүүлүгүнө жараша, байланышты пайда кылган электрондордун жылышуусу (алар терс электрдүү атомду көздөй тартыла жайланышат). Электрондук жылышуулардын негизинде химиялык баланыштардын коваленттүү (жылышуу жок учурда), коваленттик - уюлдуу, коваленттик - иондуу жана иондуу түрлөрү пайда болот).

ЭЛЕКТРОННЫЕ СПЕКТРЫ электрондук спектрлер (заттардын ультрафиолеттик жана көзгө көрүнүүчү областтардагы электромагниттик нурларды сиңирүүдө, молекуланын электрондор жайланышкан орбиталдар - бош орбиталдар арасындагы электрон өтүшүүнүн (алмашуунун) натыйжасында пайда болгон сиңирүү спектрлери).



ЭЛЕКТРОННЫЕ СТРУКТУРЫ БЕЗ МОЛЕКУЛ молекуласыз электрондук структуралар (кадимки шартта жашай албаган молекулалардын электрондук структурасын түзүү. М.: HOF молекуласы чындыгында белгисиз. Бирок HOCl сыяктуу белгилүү молекулалык структурага карата аны төмөнкүдөй сүрөттөй алабыз:

$H:\ddot{\underset{..}{O}}:Cl \qquad H:\ddot{\underset{..}{O}}:F$

Бул жол теориялык анализдерде кеңири колдонулат).

ЭЛЕКТРОННЫЙ ДУБЛЕТ электрондук дублет (б.а. кошоктош эки электрон; электрондук түгөй).

ЭЛЕКТРОННЫЙ ПАРАМАГНИТНЫЙ РЕЗОНАНС (ЭПР) электрондук парамагниттик резонанс (электромагниттик талаада парамагниттик заттардын (парамагниттиктердин) электромагниттик толкунду резонанстуу сиңиришине негизделген методу. Бул молекула калдыктарын, эркин радикалдарды ж.б. изилдөөдө жана анализдөөдө кеңири колдонулат).

ЭЛЕКТРОНОГРАФИЯ электронография (электрондордун агымынын дифракциясына негизделип, заттын түзүлүшүн изилдөөчү метод).

ЭЛЕКТРОНОДЕФИЦИТНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ электронго жарды кошулмалар (кээ бир туруктуу химиялык кошулмалардагы толук байланышка электрондору жетишсиз болгон учур. М.: $H_3^+$, $B_2H_6$, $B_{10}H_{14}$ ж.у.с. толук коваленттик байланышты пайда кылууга электрондор жетишпегендиктен, көп борбордуу (же үч борбордуу) байланыштарды пайда кылышат, к. МНОГОЦЕНТРОВАЯ СВЯЗЬ, ТРЕХЦЕНТРОВАЯ СВЯЗЬ).

ЭЛЕКТООСАЖДЕНИЕ электрдик чөгөрүү (электролит аркылуу туруктуу токту жиберүү менен электролиз жүргүзүп, металлды катоддо чөкмөгө өткөрүү).

ЭЛЕКТРООСМОС электроосмос (капиллярлардагы же ичке тешиктердеги электролиттердин эритмелерине электроддор аркылуу электрдик талааны таасир эткизгенде, иондор гана эмес бүт суюктуктун көлөмүнүн жылышы).

ЭЛЕКТРООТРИЦАТЕЛЬНОСТЬ терс электрдүүлүк (молекуланын составындагы атомдун өз аймагын көздөй электронду тартуу жөндөмдүүлүгү. М.: HCl до хлордун атомунун терс электрдүүлүгү (2,83) суутектикине (2,2) караганда жогору болгондуктан, ал байланыштагы жуп электронду өзүн көздөй тартуу менен аны полярдуу абалга дуушар кылат. Терс электрдүүлүк шарттуу түрдө фтордукун 4,0 кө барабар деп алуудан, ага салыштыруу менен табылган чоңдук).

ЭЛЕКТРОПОЛОЖИТЕЛЬНОСТЬ оң электрдүүлүк (терс электрдүүлүктүн тетри маанисинде колдонулуучу түшүнүк. Ошондуктан элементтин терс электрдүүлүгү канчалык жогору болсо, оң электрдүүлүгү ошончолук төмөн. Металлдар оң электрдүү элементтер, ал эми металл эместер терс электрдүүлөр).

ЭЛЕКТРОПРОВОДНОСТЬ электр өткөргүчтүк (заттардын электр өткөзүү жөндөмдүүлүгү).

ЭЛЕКТРОСИНТЕЗ электросинтез (ар түрдүү химиялык кошулмаларды электролиздин жардамы менен синтездеп алуу методу. Бул үчүн аноддо жүрүүчү электрохимиялык кычкылдануу менен катоддук калыбына келүү кубулуштарынын экөө тең колдонулат. Электросинтез жолу менен $KMnO_4$, $NaClO_4$, $HClO_4$, салицил альдегиди, глицерин ж.б. алынат).

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКАЯ ВАЛЕНТНОСТЬ электростатикалык валенттүүлүк к. ОКИСЛИТЕЛЬНОЕ ЧИСЛО, СТЕПЕНЬ ОКИСЛЕНИЯ



ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКАЯ СЕПАРАЦИЯ электростатикалык иргеп алуу (ар кандай материалдарды ар түрдүү электр өткөргүчтүүлүктөрүнүн негизинде бөлүп, аларды керектүү заттарга байытуу жолу).

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКАЯ ТЕОРИЯ электростатикалык теория (молекулалардын пайда болушун, бөлүкчөлөрдүн (атомдордун, иондордун, молекулалардын) өз ара аракеттеништерин, электрдик күчтөрдүн жардамы аркылуу түшүндүрүүчү теориялык жобо).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКАЯ (АКТИВАЦИОННАЯ) ПОЛЯРИЗАЦИЯ электрохимиялык полярдаштыруу, уюлдаштыруу (бул фазалар аралык тийишкен беттер аркылуу иондордун өтүшүндө энергия сарп болгондуктан, электрохимиялык кубулуштардын ылдамдыгынын акырындашын билдирет. Ал иондордун фазалык чектер аркылуу өтүшү үчүн белгилүү бир өлчөмдөгү активдештирүүчү энергия талап кылынгандыгынан келип чыгат. Мындай кубулуш, м.: электроддо, суутектин бөлүнүп чыгышында пайда болот).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ АНАЛИЗА анализдөөнүн электрохимиялык методдору (булар амперометрия, полярография, потенциометрия, кулонометрия ж.б.).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЕ ЦЕПИ БЕЗ ПЕРЕНОСА электрохимиялык өткөөлсүз чынжырлар (практикалык жактан диффузиялык потенциалды пайда кылбоочу гальваникалык элементтер, м.: Гельмгольцтун кош элементи: $Ag, AgCl \mid NaCl\ (C_1) \mid Na, Hg \mid NaCl\ (C_2) \mid AgCl, Ag$, мында $C_1$ жана $C_2$ – кайнатма туздун ар түрдүү концентрациялары).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЕ ЦЕПИ С ПЕРЕНОСОМ электрохимиялык өткөөлдүү чынжырлар (диффузиялык потенциалы бар гальваникалык элементтер).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ электрохимиялык потенциал

(эритмедеги электрохимиялык кубулуш учурунда пайда болгон электроддордун арасындагы чыналуунун айырмасы (же потенциалдардын айырмасы).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЙ РЯД электрохимиялык катар (кычкылдануу-калыбына келүү реакцияларындагы элементтердин керсеткен активдуулугунун салыштырмалуу катары. K > Ca > Mg > Zn > Fe > Sn > >(H)>Cu> Au. Бул металлдардын активдуулук катарына туура келет, к. РЯД АКТИВНОСТЬ МЕТАЛЛОВ).

ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЙ ЭКВИВАЛЕНТ электрохимиялык эквивалент (заттын грамм-эквивалентинин фарадейдин санына б.а. 96 500 к. болгон катышы: $k = \vartheta/F$. Ал I кулон электр санын кумтоодо берилген электроддо канча грамм зат белунуп чыгарын билдирет).

ЭЛЕМЕНТ ХИМИЧЕСКИЙ химиялык элемент (ядросу белгилуу зарядына ээ болгон жана мезгилдик системадан белгилуу бир орун алган атомдордун түрү).

ЭЛЕМЕНТ ЛЕКЛАНШЕ Лекланшенин элементи (бул химиялык кычкылдануу-калыбына келүү реакцияларынын энергиясын электр тогуна айландыруучу марганец-цинк кубунан турган курган элемент:

$$C, MnO_2 \mid NH_4Cl\ (C = 10 \div 20\%\ эритме) \mid Zn$$

Мындагы ток пайда кылуучу реакция:

$$2NH_4^+ + 2Cl^- + 2MnO_2 + Zn \longrightarrow [Zn(NH_3)_2]Cl_2 + Mn_2O_3 + H_2O$$

Натыйжада $E \approx 1{,}5$ в тук электр киймылдаткыч кучу пайда болот).

ЭЛЕМЕНТАРНАЯ РЕАКЦИЯ элементардык реакция (химиялык татаал реакциялардын составына кирип, анын кандайдыр бир этапын туюнтуп, механизми боюнча жөнөкөй жана бири-бирине жакын реакциялар).

ЭЛЕМЕНТАРНАЯ ЯЧЕЙКА элементардык ячейка (берилген телонун



кристаллдык структурасын калпы мүнөздөй алуучу, мейкиндик түзүлүшү бири-бирине барабар структуранын бир бөлүгү. Элементардык ячейкалардын биригиши менен кристаллдык торчо түзүлөт).

ЭЛЕМЕНТАРНОЕ ДЕЙСТВИЕ элементардык таасир (электромагниттик толкундун же карыктын бир фотонунун таасири, анын чондугу Планктын туракгуусунун маанисине барабар).

ЭЛЕМЕНТАРНЫЕ ЧАСТИЦЫ элементардык бөлүкчөлөр (азыркы учурда элементардык бөлүкчөлөргө негизинен: электрон, протон, нейтрон кирет. Бирок кийинки убактардагы мезондор, гиперондор, резонанстар деген эки жүздөн ашык бөлүкчөлөрдүн табылыши жана бул майда бөлүкчөлөр аңдан да майда бөлүкчөлөрдөн түзүлөт деген көбөнүн пайда болушу, элементардык бөлүкчөлөр деген түшүнүктүн, чындыгында туура эмес экенине себеп болууда. Азырынча элементардык бөлүкчөлөр деп андан ары майдалап, көнөкөйлөтүп кароого мүмкүн эмес бөлүкчөлөрдү айтабыз. Алар фундаменталдык бөлүкчөлөр деп да аталат, к. ФУНДАМЕНТАЛЬНЫЕ ЧАСТИЦЫ).

ЭЛЕМЕНТАРНЫЙ ЗАРЯД элементардык заряд (элементардык заряддын биринчи катары электрондун заряды бир терс зарядга барабар деп кабыл алынган).

ЭЛЕМЕНТОРГАНИЧЕСКИЕ ПОЛИМЕРЫ (СОЕДИНЕНИЯ) элементорганикалык полимерлер (элемент-көмүртек байланыштары бар органикалык заттар. Алардын молекулалык түзүлүшүнө: Si, Al, B, Sn, Pb, P, F ж.б. элементтер киришет. Металл-көмүртек байланышы аркылуу пайда болгон заттар металлорганикалык заттар деп аталышат: м.: тертаэтил коргошун $Pb(C_2H_4)_4$, арсенобензол $C_6H_5-As=As-C_6H_5$ ж.б.).

ЭЛЕМЕНТООКСАННЫЕ СВЯЗИ элементтик оксиддик байланыштар ($SiO_2$, $Al_2O_3$ сыяктуу жогорку температурада эрүүчү, катуу кана эрибес кычкылдар арасында Э – О – Э тибиндеги байланыштар. Булар донор-акцепторлук механизм боюнча пайда болушат. Өтөндуктан Si-O-Si силоксандык, Al — O — Al алюмооксандык, Cr—O — Cr хромооксандык ж.у.с. байланыш деп аталышат).

ЭМАНАЦИЯ эманация к. ИНТОН, РАДОН

ЭМПИРИЧЕСКАЯ ФОРМУЛА эмпирикалык формула (молекуланын сапаттык составы менен андагы атомдордун санын гана мүнөздөөчү формула. М.: метан – $CH_4$, уксус альдегиди – $C_2H_4O$ ж.б. Демейде дүн формула деп да аталат, к. БРУТТО-ФОРМУЛА).

ЭМУЛЬСИЯ эмульсия к. РАСТВОРЫ КОЛЛОИДНЫЕ

ЭНАНТАТЫ энантаттар (энант кислотасынын туздарынын аты. М.: $KC_6H_{13}-CO_2$ ж.б.).

ЭНАНТИОМЕРЫ энантиомерлер (I. бири-бирине карата күзгүдөгү чагылуусундай түрдөгү молекулалык изомерлер. Алар поляризацияланган жарык нурунун тегиздигин карама-каршы жакка буруусу болбосо, физикалык жана химиялык касиеттери боюнча айырмаланышпайт; 2. кээпсынан аллотропиялык түр өзгөртүүлөрүнүн бири-бирине өтүүсү кайталанмалуу болгон учурдагы заттардын модификациялары).

ЭНДОСМОС эндосмос (эриткичтин молекулаларынын жарым өткөргүч тосмо аркылуу өтүшү).

ЭНЕРГЕТИЧЕСКИЕ ДИАГРАММЫ энергетикалык диаграммалар (кубулуш учурундагы заттардын молекулаларынын өзгөрүштөрүн схемалап сүрөттөө диаграммалары, к. КООРДИНАТА РЕАКЦИИ).



ЭНЕРГЕТИЧЕСКИЕ УРОВНИ (ИЛИ ПОДУРОВНИ) энергетикалык деңгээлчелер (электрондордун кайланышына мүмкүндүк берилген атомдун ядросунун айланасындагы квантталган энергетикалык деңгээлдер бир канча энергетикалык аз деңгээлчелерден турат, б.а. энергетикалык деңгээлдер энергетикалык аз деңгээлчелерге ажырайт. Бул деңгээлчелер электрондун орбиталына байланыштуу, энергиянын өлчөмүн аныктайт. Жалпысынан берилген энергетикалык деңгээлде $N=n$ энергетикалык деңгээлче бар ($n$ – негизги кванттык сандын маанисн).

ЭНЕРГИЯ энергия (материянын касиети жана анын кыймылдык өлчөмү. Энергия – эрг. килограммометр, калория, джоуль, ватт секундалары менен өлчөнөт).

ЭНЕРГИЯ АДГЕЗИИ адгезиянын энергиясы (адгезиялык күчтөрдүн негизинде биригишкен ар түрдүү молекулалардын (А – В) арасындагы байланышты үзүп, аларды өз ара таасирдешпес абалынка алыстатуу үчүн сарпталган энергиянын чондугу. Б: кал/моль ккал/моль, кдж/кмоль ж.у.с.).

ЭНЕРГИЯ АКТИВАЦИИ активдештирүү энергиясы (реакциялануучу заттардын белүкчөлөрүнүн химиялык аракеттенишүүсү үчүн зарыл болгон энергиянын маанисн. Б: ккал/моль, кдж/моль ж.б.).

ЭНЕРГИЯ АТОМИЗАЦИИ атомдоштуруу энергиясы (1 грамм-атом кенекей затты, эркин атомдук абалга айландыруу үчүн жумшалган энергиянын өлчөмү. Б: ккал/г-атом, кал/г-атом ж.у.с.).

ЭНЕРГИЯ ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүү энергиясы (белүкчөлөрдү (атомду, молекуланы ж.б.) активдешкен, б.а. жогорку энергетикалык деңгээлге көтөрүү үчүн жумшалган энергиянын өлчөмү. Б: ккал/моль, кдж/кмоль ж.у.с.).

ЭНЕРГИЯ ИОНИЗАЦИИ <u>иондоштуруу энергиясы</u> (эң төмөнкү энергетикалк абалда турган, газ абалындагы электронейтралдуу бөлүкчөдөн электронду жулуп алууга сарпталуучу энергиянын өлчөмү. Б: эв - электроновольт, кдж/моль ж.у.с.).

ЭНЕРГИЯ КРИСТАЛЛИЧЕСКОЙ РЕШЕТКИ <u>кристалл торчосунун энергиясы</u> (кристаллды аны түзүүчү бөлүкчөлөргө чейин ажыратууда сарп кылынган энергиянын сан мааниси. Б: ккал/моль ж.б.).

ЭНЕРГИЯ КОГЕЗИИ <u>когезиянын энергиясы</u> (когезиялык күчтөр аркылуу байланышкан бир түрдегү (А — А) молекулалардын ортосундагы байланышты үзүп, аларды өз ара таасир эте алышпоочу алыс аралыкка алыстатуу үчүн сарпталган энергиянын мааниси).

ЭНЕРГИЯ КОМПЛЕКСООБРАЗОВАНИЯ (ИЛИ ЭНЕРГИЯ СВЯЗЫВАНИЯ) <u>комплекс пайда болуу энергиясы</u>, <u>байланыштыруучу энергия</u> (газ абалындагы ион менен ошол эле абалдагы лиганддардан комплекстик кошулма пайда болуудагы бөлүнүп чыккан энергиянын чоңдугу. Б: ккал/моль ж.у.с.).

ЭНЕРГИЯ МЕЖМОЛЕКУЛЯРНЫХ СИЛ (ИЛИ ВАНДЕРВААЛЬСОВЫХ СИЛ) <u>молекула аралык күчтөрдүн, вандерваальстык күчтөрдүн энергиясы</u> (дисперсиялык, индукциялык жана ориентациялык күчтөрдүн энергияларынын суммасы:

$$E_{вдв} = E_{ориент} + E_{дисп} + E_{инд.}).$$

ЭНЕРГИЯ НУЛЕВАЯ <u>нөлдүк энергия</u> (эң аз сандагы энергия. Кээде стандарт (чен) катары шарттуу түрдө нөл деп кабыл алынган энергиянын мааниси).

ЭНЕРГИЯ ПРОМОТИРОВАНИЯ <u>промоттоштуруу энергиясы</u> (молекуланы дүүлүктүрүп, активдешкен жогорку энергиялуу абалга жеткируу үчүн сарпталган энергиянын өлчөмү. Б: кдж/кмоль ж.у.с.).



ЭНЕРГИЯ СВЯЗИ <u>байланыш энергиясы</u> (байланыштын чыңдыгынын чени катары колдонулуп, молекуладагы атомдордун арасындагы байланышты үзүү үчүн жумшалган энергиянын саны. Кээде <u>энергия разрыва связи</u>(<u>же энергия диссоциация связи</u> - байланышты үзүү, байлнышты диссициациялоо энергиясы деп да айтылат. Ал эми сан мааниси боюнча ага барабар, бирок карама-каршы белгидеги чоңдук <u>энергия образования связи</u> - байланыш пайда кылуу энергиясы деп аталат).

ЭНЕРГИЯ СОПРЯЖЕНИЯ <u>жалгашуунун энергиясы</u> (энергиянын эксперименталдык мааниси менен индукциялык аракеттенишүүнү жана функциялык топтордун салымын эске алуу менен эсептелип табылган энергиянын ортосундагы айырма. Кээде <u>энергия резонансного взаимодействия</u> - резонансттык аракеттенишүүнүн энергиясы деп да аталат).

ЭНОЛЬНАЯ ФОРМА <u>энольдук форма</u> (заттардын каныкпаган спирттик формасы; мында гидроксил группасы кош байланышы бар көмүртектин атомунда турат. М.: ацтоукcус эфиринин энольдук формасы:

$$CH - \underset{\displaystyle OH}{\underset{|}{C}} = CHCOO - C_2H_5$$

Энольдук формада кош байланыш болгондуктан, ал ар түрдүү орундаштыруу реакцияларына жөндөмдүү болушат).

ЭНОЛЫ <u>энолдор</u> (альдегиддердин жана кетондордун таутомерлери, <u>к</u>. ЭНОЛЬНАЯ ФОРМА)

ЭНСТАТИТ <u>энстатит</u> ($MgSiO_2$ составындагы минерал).

ЭНТАЛЬПИЯ <u>энтальпия</u> (термодинамикалык системадагы ички

энергиянын өзгөрүшү менен жумуштун чоңдугунун суммасын белгилеечү абалдык функция:

$$\Delta H = \Delta U + A = \Delta U + p\Delta V$$

мында $\Delta H$ – энтальпия, $\Delta U$ – ички энергия, $A$ – жумуш, $p$ – басым жана $V$ – келем; $\Delta$ – белгиси ошол чоңдуктардын өзгөрүшүн билдирет. Б: ккал/моль, кдж/кмоль, кал/г ж.у.с.).

ЭНТРОПИЯ энтропия (абалдын функциясы болгон термодинамикалык чоңдук; ал физикалык мааниси боюнча системалагы баш аламандуулуктун (иретсиздүүлүктүн) чени катары кызмат кылат. Б: энтропиялык бирдик (э.б.); I э.б. = I кал/моль. град).

ЭНТРОПИЯ АКТИВАЦИИ активдешүүнүн энтропиясы (термодинамикалык мүмкүнчүлүктүн – $W$ натуралдык логарифмасын Больцмандын турактуулугуна көбейткенге барабар: $S_{акт} = k \ln W$. Реакция учурунда бул чоңдук белүкчелердүн химиялык байланышка кирүү үчүн болгон ыңгайлуу кагылышуулагын мүнөздейт).

ЭПИХЛОРГИДРИН эпихлоргидрин ($C_3H_5OCl$, тунук суюктук, $t_э$ = 25°C, $d$ =I.I84. Сууда эрибей, спиртте жана эфирде жакшы эрийт).

ЭПСОМСКАЯ СОЛЬ эпсомдук туз (формуласы $MgSO_4 \cdot 7H_2O$ га жооп берген магнийдин сульфаты; аны медицинада ич өткөртүүчү дары катары колдонушат. Демейде аны английская соль – англиялык туз деп да атайт).

ЭРБИЙ эрбий (МСнын 68-элементи, лантаноиддер классына кирет).

ЭТАН этан ($C_2H_6$, каныккан углеводороддун экинчи өкүлү, $t_э$ = – I72°C. Нефти газынын составында кездешип, сууда аз эрийт, спиртте да эрийт).



ЭТАНАЛЬ этаналь к. УКСУСНЫЙ АЛЬДЕГИД

ЭТАН БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ЭТАНА) этан бромиди к. ЭТАН ЧЕТЫРЕХБРОМИСТЫЙ

ЭТАНДИАЛЬ этандиаль к. ГЛИОКИСЬ

ЭТАНДИОЛ этандиол к. ГЛИСКОЛИ

ЭТАНДИОЛКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этандиолкарбон кислотасы к. ВИННАЯ КИСЛОТА

ЭТАНКАРБОНИЛ этанкарбонил (пронион радикалынын аталышы).

ЭТАНКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этанкарбон кислотасы (Пирожузум кислотасы, к. ПИРОВИНОГРАДНАЯ КИСЛОТА).

ЭТАНОЛ этаноль к. ЭТИЛОВЫЙ СПИРТ

ЭТАНОЛ I,2 – ДИКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этанол I,2- дикарбон кислотасы (алма кислотасы, к. ЯБЛОЧНАЯ КИСЛОТА).

ЭТАНОЛ-I,2КАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этанол-I, карбон кислотасы ($\alpha$ – сүт кислотасы, к. МОЛОЧНАЯ КИСЛОТАСЫ).

ЭТАН ХЛОРИСТЫЙ этандын хлориди к. ЭТАН ЧЕТЫРЕХХЛОРИСТЫЙ

ЭТАН ЧЕТЫРЕХБРОМИСТЫЙ (ЭТАН ТЕТРАБРОМИД) этандын тетрабромиди ($CHBr_2$ — $CHBr_2$ камфора жыттанган, оор сары суюктук).

ЭТАН ЧЕТЫРЕХХЛОРИСТЫЙ (ЭТАН ТЕТРАХЛОРИД) этандын тетрахлориди ($CHCl_2$ — $CHCl_2$ түссүз оор суюктук, $t_э$ =– I44÷I46°C).

ЭТЕН этен (этилендин Женева номенклатурасы боюнча аты, к. ЭТИЛЕН).

ЭТЕНКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этенкарбон кислотасы к. АКРИЛОВАЯ КИСЛОТА

ЭТЕРИФИКАЦИЯ этерификация (спирттерге кислоталарды таасир кылуу менен татаал эфирлерди алуу. М.: $CH_3-COOH+HOC_2H_5 \rightarrow CH_3-COOC_2H_5+H_2O$).

ЭТИЛ этил (бир валенттүү радикал, $C_2H_5-$).

ЭТИЛАМИН (АМИНОЭТАН) этиламин ($C_2H_5NH_2$ $t_э$=80,6°С, d =0,7057. Сууда, спиртте кана эфирде жакшы эрийт).

ЭТИЛАМИН ХЛОРИСТОВОДОРОДНЫЙ (ЭТИЛАМИНГИДРОХЛОРИД) этиламиндин гидрохлориди ($C_2H_5NH_2 \cdot HCl$ түссүз кристаллдык зат. $t_э$ =108°С. Сууда жакшы эрип, спирт менен эфирде эрибейт).

ЭТИЛАТ этилат (этил спиртинин алкоголяты, м.: натрийдин этилаты: $C_2H_5ONa$).

ЭТИЛБЕНЗОЛ (ФЕНИЛЭТАН) этилбензол ($C_6H_5 - C_2H_5$ түссүз суюктук, $t_э$=-94,4°С, d =0,86. Сууда аз, эфир менен спиртте чексиз эрийт).

ЭТИЛ БРОМИСТЫЙ этилдин бромиди (бромэтан $-C_2H_5Br$ түссүз, эфир жыттанган суюктук, $t_э$ =-117÷118°С, d =1,4555. Сууда аз, эфирде чексиз эрийт).

ЭТИЛЕН этилен ($C_2H_4$ . $t_э$ =- 169°С. Бир аз жыты бар уулуу газ. Эфирде эрип, сууда аз эрийт).

ЭТИЛЕНА ОКИСЬ этилендин кычкылы (эпоксиэтан деп аталган түрүксүз зат, d =0.8909).

ЭТИЛЕН БРОМИСТЫЙ (БРОМИД ЭТИЛЕНА) этилендин бромили к. ЭТИЛЕН ДВУБРОМИСТЫЙ

ЭТИЛЕНГЛИКОЛЬ (СИММЕТРИЧНЫЙ ДИОКСИЭТАН, ЭТАНДИОЛЬ-1,2) этиленгликоль ($CH_2OH - CH_2OH$ суюктук, $t_э$ =-15,6°С, d = 1,1088. Суу менен ар кандай катнашта аралашат).

ЭТИЛЕН ДВУБРОМИСТЫЙ (ДИБРОМЭТАН, ЭТИЛЕНДИБРОМИД) этилендин бромиди ($CH_2Br - CH_2Br$ түссүз оор суюктук, $t_э$ =10°С. d =2,1785).



ЭТИЛЕН ДВУХЛОРИСТЫЙ (ДИХЛОРЭТАН) этилендин дихлориди ($CH_2Cl - CH_2Cl$ суюктук, $t_э$ =-86°С, d =1,2521. Сууда аз, спирт менен эфирде жакшы эрийт).

ЭТИЛЕНДИАМИН этилендиамин ( $NH_2 - CH_2 - CH_2 - NH_2$, d =0,898. Сууда, спиртте жана эфирде аз эрийт. Жыты аммиактын жытына окшош келет).

ЭТИЛЕНХЛОРГИДРИН этиленхлоргидрин ($C_2H_5Cl$ түссүз суюктук, $t_э$ =-69°С, d =1,218. Сууда, спиртте жана эфирде эрийт).

ЭТИЛЕН ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРИД ЭТИЛЕНА) этилендин хлориди к. ЭТИЛЕН ДВУХХЛОРИСТЫЙ

ЭТИЛ ИЗОЦИАНИСТЫЙ (ЭТИЛИЗОЦИАНИД) этилдин изоцианили к. ЭТИЛ ЦИАНИСТЫЙ

ЭТИЛ ИОДИСТЫЙ этилдин иодиди ($C_2H_5J$ түссүз суюктук. $t_к$ =105°С, d =1,9471. Сууда аз, спирт менен эфирде жакшы эрийт).

ЭТИЛКАРБИЛАМИН этилкарбиламин($C_2H_5NC$ к.ЭТИЛ ЦИАНИСТЫЙ).

ЭТИЛОВАЯ ЖИДКОСТЬ этил суюктугу (антидетонатор катары бензинге кошулуучу Pb $(C_2H_5)_4$ - тетраэтил коргошундун органикалык эритикичтердеги эритмеси).

ЭТИЛОВЫЙ СПИРТ (ВИННЫЙ СПИРТ, ЭТАНОЛ) этил спирти($C_2H_5OH$ түссүз, сууну тартып алгыч суюктук. 100 % таза этил спирти абсолюттук спирт деп аталат, $t_э$ =-112°С, d =0,7893).

ЭТИЛОВЫЙ ЭФИР этил эфири ($C_2H_5 - O - C_2H_5$. Бул көбүнчө көнөкөй эфир деп аталуучу түссүз суюктук, d =0.708).

ЭТИЛ ХЛОРИСТЫЙ (ХЛОРЭТАН) этилдин хлориди ($C_2H_5Cl$ калындап күйүп кетүүчү кана буулануп кетүүчү түссүз суюктук.

$t_э$ =-137.7°C, d =0.9214. Суула аз. спирт менен эфирде жакшы эрийт).

ЭТИЛ ЦИАНИСТЫЙ (ЭТИЛЦИАНИД) этилдин цианиди ($C_2H_5CN$. Бул зат пропионитрил деп да аталат). Ал 97°C кайноочу суюктук. d =0,777).

ЭТИНЫ этиндер (ацетилен катарындагы углеводороддордун жалпы аты, к. АЦЕТИЛЕН).

ЭТИНИЛКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этиндикарбон кислотасы к. АЦЕТИЛЕНДИКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА

ЭТИНКАРБОНОВАЯ КИСЛОТА этинкарбон кислотасы (пропил кислотасы, к. ПРОПИОЛОВАЯ КИСЛОТА).

ЭФИРЫ эфирлер (эфирлер эки молекула спирттен суу ажыратылып алынганда пайда болгон заттар. Жалпы формуласы $R_1-O-R_2$ ге туура келет. Мында $R_1$, $R_2$ – углеводороддук радикалдар).

ЭФИРНОЕ ЧИСЛО эфирдин саны (берилген 1 г органикалык заттагы татаал эфирлерди толук самындоого талап кылынуучу КОН тын мг менен туюнтулган өлчөмү. Ал самындоо саны менен кислоталык сандын ортосундагы айырмасы барабар. к. КИСЛОТНОЕ ЧИСЛО).

ЭФИРНЫЕ МАСЛА эфир майлары (өсүмдүктөрдүн гүлдөрүндө, жалбырактарында учуроочу жыпар жыттуу татаал заттар. Өсүмдүктөрдүн өскен шартына жараша эфир майларынын составы да өзгөрүп турат).

ЭФИР СЕРНЫЙ кукурттуу эфир (к. ЭТИЛОВЫЙ ЭФИР

ЭФИР УКСУСНОЭТИЛОВЫЙ этил ацетаты ($CH_3-CO-OCH_2-CH_3$, $t_э$=-82,4°C, d =0,9245. Суюлма, спиртте жана эфирде эрийт).

ЭФИРЫ АРОМАТИЧЕСКИЕ ароматтуу эфирлер (бир атом кычкылтектин эки атом ароматтык радикалдар менен түзгөн кошулмасы, м.: фенил эфири).



ЭФИРЫ ПРОСТЫЕ жөнөкөй эфирлер (кычкылтектин эки алкил радикалы менен болгон кошулмасы. м.: метил эфири: $CH_3-O-CH_3$. этил эфири: $C_2H_5-O-C_2H_5$. метил эфири: $CH_3-O-C_2H_5$. Радикалдары эки түрдүү болгон эфирлер (м.: $CH_3-O-C_2H_5$) аралаш эфир деп аталат, к. ЭФИРЫ СМЕШАННЫЕ).

ЭФИРЫ СЛОЖНЫЕ татаал эфирлер (углеводороддук бир радикалы кислотанын карбоксилиндеги суутектин ордун алганда пайда болгон эфирлер, м.: этил ацетону: $C_2H_5-O-COOH_3$, к. ПРОСТЫЕ ЭФИРЫ).

ЭФИРЫ СМЕШАННЫЕ аралаш эфирлер (эки түрдүү радикалы бар эфирлер, м.: $CH_3-O-C_2H_5$, к. ЭФИРЫ ПРОСТЫЕ).

ЭФФЕКТ ВИНА Виндин эффекти (жогорку потенциалдуу (ондогон, жүздөгөн мин вольт/см) таасири аркылуу электролиттердин эритмелеринин ток өткөргүчтүүлүгүнүн өтө жогорулап кетүүсүн баяндайт).

ЭФФЕКТ ЗЕЕМАНА Зеемандын эффекти (магниттик талаалардын таасири аркылуу спектрлик сызыктардын, андан да ичке бир канчага бөлүнөрүн баяндайт).

ЭФФЕКТ ПОЛЯ ЯДРА ядронун талаасынын эффекти (ядронун өздүк магниттик моментинин натыйжасында келип чыккан эффект).

ЭФФЕКТ СРЕДЫ чөйрөнүн эффекти (чөйрөдөгү ион – ион, ион – эриткич, молекула – эриткич жана эриткичтин молекулаларынын арасындагы өз ара таасирденишүүлөрдүн натыйжасында реакциянын механизмдери мененылдамдыктарынын өзгөрүшүн баяндайт).

ЭФФЕКТИВНАЯ ПЛОТНОСТЬ ЗАРЯДОВ заряддардын эффективдүү тыгыздыгы (молекуланын же атомдук топтордун кайсы бир бөлүгүн, андагы заряддардын тыгыздыгына байланыштуу реакциялык жөндемдүүлүктөрүн баамдоодо колдонулат).

ЭФФЕКТИВНЫЙ АТОМНЫЙ НОМЕР атомдун эффективдүү номери (бул кандайдыр бир элементтин ионунун туруктуу электрондук катмарга ээ болгондогу абалын көрсөткөндүктөн, ошол электрондук түзүлүшкө жооп берүүчү жакынкы инерттүү газдын номерине барабар).

## Я

ЯБЛОЧНАЯ КИСЛОТА алма кислотасы ($C_4H_6O_5$ же $HOOC-OH_2-CHOH-COOH$ кристалл түрүндөгү зат, $t_э = 99 \div 100°C$. Жаш алмада, жүзүмдөрдө кездешет).

ЯДЕРНАЯ МОДЕЛЬ АТОМА атомдун ядролук модели (1911-ж. Э. Резерфрод тарабынан сунуш кылынып, 1913-ж. Н. БОР тарабынан теориялык негиздери түзүлгөн атомдун планетардык модели. Бул атомдук түзүлүштүн адепки модели болуучу, к. ПЛАНЕТАРНАЯ МОДЕЛЬ АТОМА).

ЯДЕРНАЯ ХИМИЯ ядролук химия (ядролордогу айлануулардыі элементтерди жасалма синтездеелөрдү, ядронун составынын өзгөрүшү менен атомдун электрондук катмарындагы өзгөрүүлөрдү, атомдук ядролордун касиетин химиялык методдор менен изилдөөнү, радиохимиялык кубулуштарды, радиоактивдүүлүктү ж.б. изилдөөнү максат кылып алган химия менен ядролук физикалык ортосунан пайда болгон илим тармагы).

ЯДЕРНАЯ ЭНЕРГИЯ ядро энергиясы (ядролук реакциялардын



натыйжасында бөлүнүп чыккан энергия. Бул учурда көп энергия пайда болот. М.: 1 г суутек гелийге айланганда, 50 т таш көмүр жакканда алынуучу энергияга барабар энергия бөлүнүп чыгат).

ЯДЕРНЫЕ РЕАКЦИЯ ядролук реакциялар (ядронун структурасын же нуклондордун санын өзгөртүү менен бир ядронун экинчи бир ядрого өзүнөн-өзү же жасалма муктаждыктын натыйжасында жүргөн реакциялар. Азыркы кезде ядролук реакциялардын эки түрү колдонулат: 1. оор ядролордун жеңилирээк ядролорго ажыратуу реакциялары (чынжырлуу уланма реакциялар), 2. жеңил ядролордун биригишүү (синтездөө) реакциялары, к. ТЕРМОЯДЕРНЫЕ РЕАКЦИИ).

ЯДЕРНЫЙ МАГНИТНЫЙ РЕЗОНАНС Я(ЯМР) ядролук магниттик резонанс (ядролук магнитизмге байланыштуу, турактуу магнит талаасында жайлаштырылган заттын электромагниттик толкундарды резонанстуу сиңиришине негизделген изилдөө методу).

ЯДОВИТЫЕ ВЕЩЕСТВА уулуу заттар (тирүү жандыктардын организмин ууландырып, аларды ар түрдүү ооруларга, мандемдерге же өлүмгө дуушар кылуучу химиялык заттар. Алар: газ (м.: азоттун кычкылдары, ис газы, фосген ж.б.), суюктук (м.: толуол, метил спирти, фенол, уксус ж.б.), катуу (кеперез, албарс, уу коргошун ж.б.) абалында кездешет).

ЯДОХИМИКАТЫ уулуу химикаттар (ооруларды, илдеттерди, микроорганизмдерди ж.б. жоготуу үчүн колдонулуучу заттар).

ЯДЫ КАТАЛИТИЧЕСКИЕ катализаторлук уулар к. КАТАЛИТИЧЕСКОЕ ОТРАВЛЕНИЕ

ЯНТАРНАЯ КИСЛОТА акак кислотасы ($C_4H_6O_4$ түссүз кристаллдык зат, $t_э = 189 \div 190°C$, $d = 1,572$. Суу менен спиртте эрип, эфирде аз эрийт).

ЯНТАРЬ акак (минералдашкан смола, $d$ =1,05 ÷1,10. Таза акактын $t_э$ =280°С. Мындан жогору температурада күйүп кетет. Спиртте, эфирде жана скипидарда эрийт).

ЯТРОХИМИЯ (ХИМИАТРИЯ) ятрохимия (химиянын жетишкендиктерин медицинада колдонгон XVI жана XVII кылымдарда өнүккөн илим багыты. Анын негизги максаты дарылык заттарды даярдоо).

ЯХНОТ жакут (асыл таш, к. РУБИН).



## КОШУМЧА МААЛЫМАТТАР

I. Мезгилдик системанын кээ бир группаларынын аталыш төмөнкүдөй алынды:

| | | |
|---|---|---|
| Li, Na, K, Rb, Cs, Fr | — | щелочтук металлдар |
| Mg, Ca, Sr, Ba | — | щелочтук жер металлдар |
| F, Cl, Br, J | — | галогендер |
| He, Ne, Ar, Kr, Xe, Rn | — | аргоноиддер, инерттүү газдар (асыл газдар) |
| Ru, Rh, Pd, Os, Jr, Pt | — | платиналык элементтер |
| Ce (z=58) — Lu (z=71) | — | лантаноиддер |
| Th (z=90) — Lr (z=103) | — | актиноиддер |
| O, S, Se, Te | — | халькогендер |
| Fe, Co, Ni | — | элементтеринин группасы - триадалар. |

2. Химиялык кошулмалардын кеңири колдонулуучу кээ бир топторунун Эл аралык аттары жана алардын жөнөкөй формулалары кыргыча төмөнкүдөй түрдө алынды:

| | |
|---|---|
| ЭН - гидриддер | ЭNH - имиддер |
| ЭОН - гидрооксиддер | ЭCN - цианиддер |
| ЭГ - галогениддер | $ЭNH_2$ - амиддер |
| ЭО - оксиддер | ЭCNS - роданиддер |
| ЭN - нитриддер | $ЭSO_3$ - сульфиттер |
| ЭС - карбиддер | $ЭSO_4$ - сульфаттар |
| ЭВ - бориддер | $ЭNO_2$ - нитриттер |
| ЭХ - халькогениддер | $ЭNO_3$ - нитраттар |
| ЭР - фосфиддер | $ЭCO_3$ - карбонаттар |
| ЭS - сульфиддер | ЭSe - селениддер |

8. Эл аралык атоо системасы менен берилген оксокислоталардын аниондору төмөнкүдөй аталып, өзгөртүлбөстөн берилди:

| | |
|---|---|
| $ClO^-$ — гипохлорит | $BO_3^{3-}$ — ортоборит |
| $ClO_2^-$ — хлорит | $SiO_3^{2-}$ — метасиликат |
| $ClO_3^-$ — гипохлорат | $SiO_4^{4-}$ — ортосиликат |
| $ClO_4^-$ — тетраоксохлорат | $SO_3^{2-}$ — сульфит |
| $PO_3^-$ — метафосфат | $SO_4^{2-}$ — сульфат |
| $PO_4^{3-}$ — ортофосфат | $CrO_4^{2-}$ — хромат ж.б. |

4. Ар түрдүү атомдук группалардын (топтордун) аттары:

| | | | |
|---|---|---|---|
| азо | $-N=N-$ | нитро | $-NO_2$ |
| азино | $=N-N=$ | нитроза | $-NO$ |
| амино | $-NH_2$ | имино | $=NH$ |
| альдегид | $-CHO$ | оксим | $=C=N-$ |
| гидроксил (оксо) | $-OH$ | оксид | $=C-C=$ (O) |
| карбонил | $=C=O$ | силоксано | $-Si-O-Si-$ |
| кетен | $=C=C=O$ | сульфо | $-SO_3H$ |
| карбоксил | $-COOH$ | сульфонил | $-SO_2$ |
| меркапто (тиол) | $-SH$ | тио | $=S$ |

5. Органикалык заттардын кээ бир негизги класстарынын аттары Эл аралык номенклатура боюнча алынгандыктан, кыргызча төмөнкүдөй белгиленди:

| | | |
|---|---|---|
| чектүү углеводороддор | $C_nH_{2n+2}$ | алкандар, парафиндер |
| чексиз углеводороддор | | |
| этилендин катары | $C_nH_{2n}$ | алкендер, олефиндер |
| ацетилендин катары | $C_nH_{2n-2}$ | алкиндер |



| | | |
|---|---|---|
| эки кош байланыштуулар | | диендер, алкадиендер |
| экиден көп кош байланыштуулар | | полиендер |
| эки-үч байланыштуулар | | алкадиндер |
| Моно жана полициклдүү ароматтуу углеводороддор | | аренлер |
| моноциклдүү чектүү углеводороддор | $C_nH_{2n}$ | циклоалкандар, цикландар, циклопарафиндер. |

6. Органикалык радикалдардын аттары кыргызча өзгөртүүсүз төмөнкүдөй колдонулушу сунуш кылынды:

чектүү углеводороддордун бир валенттүү калдыгы - алкилдер
ароматтуу — " — — " — — " — - арилдер
органикалык кислоталардын — " — — " — - ацилдер

7. Органикалык кислоталардын туздарынын Эл аралык масштабда колдонулган калпы аттары, ошол кислотанын аниондорунун атынан түзүлөт жана кыргызча төмөнкүдөй түрдө колдонулушу сунуш кылынат:

| Туздардын калпы аты | туура келүүчү кислотанын аты |
|---|---|
| адипинаттар (адипаттар) | адипин |
| акрилаттар | акрил |
| ацетаттар | уксус |
| бензоаттар | бензой |
| бутираттар | май |
| валераттар | валериан |

| | |
|---|---|
| капронаттар | капрон |
| лактаттар | сүт |
| малаттар | алма |
| малеаттар | малеин |
| оксалаттар | козу кулак |
| олеаттар | олеин |
| рацематтар | жүзүм |
| салицилаттар | салицил |
| сорбаттар | сорбин |
| сукцинаттар | янтарь |
| тартраттар | вино |
| формиаттар | кумурска |
| цитраттар | лимон |

8. Химияда Эл аралык масштабда кеңири колдонулуучу сан атоочтор кыргызча ошол эле түрдө алынды:

| | | |
|---|---|---|
| I - моно | 4 - тетр (а) | 7 - гект (а) |
| I - ди (ди) | 5 - пент(а) | 8 - окта |
| 3 - три | 6 - гекс (а) | 9 - нон(а)ж.у.с. |

9. Эл аралык масштабда колдонулуучу айрым татаал терминдер кыргызча төмөнкүдөй берилди:

этилбензол — этилбензол
геохимия — геохимия
полиэтилентерефталат — полиэтилентерефталат
плазмохимия — плазмохимия
макромолекула — макромолекула
монобромметан — монобромметан



10. Айрым сөздөр кыргызча ылайыгына жараша төмөнкүдөй берилди:

хлороводород — хлордуу суутек
сероводород — күкүртүү суутек
аминоуксус — аминоуксус
галогеноводород — галогендүү суутек
нитрометан — нитрометан
тринитробензол — тринитробензол ж.у.с.

11. Элементтин ар түрдүү кычкылдануу санына жооп берген кошулмаларынын (кислоталардын жана туздардын) орусча аттарынын кыргызча аталышы төмөнкүдөй сунуш кылынды:

| Мүнөздөмө | Эң төмөнкү кычкылдануу абалы | ортолук кычкылданган абалдары | | | Эң жогорку кычкылдануу абалы |
|---|---|---|---|---|---|
| Орусча аталышына жалгануучу мүчөлөр | -истый | -новатистая | -истая | -новатая | - ная |
| Аталышына мисалдар | хлористый водород | хлорноватистая кислота | хлористая кислота | хлорноватая кислота | хлорная кислота |
| Мисалы: | HCl | HClO | $HClO_2$ | $HClO_3$ | $HClO_4$ |
| Кыргызча аталышына жалгануучу мүчөлөр | -туу (-дуу) | сымал | -туу (-дуу) | -дуураак | - |
| Жогоркулардын аталышы | хлордуу суутек | хлор сымал кислота | хлордуу сымал кислота | хлордуураак кислота | хлор кислотасы |

| Башка элементтердин конулмаларынан мисалдар | кисл. | $H_2S$ | $H_2S_2O_3$ | $H_2SO_3$ | | $H_2SO_4$ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | $H_3PO_3$ | | $H_3PO_4$ |
| | | HJO | HJO | | $HJO_3$ | $HJO_4$ |
| | туз. | $FeCl_2$ | | | | $FeCl_3$ |
| | | $Hg_2Cl_2$ | | | | $HgCl_2$ |
| | | $SnCl_2$ | | | | $SnCl_4$ |

12. Кээ бир орусча татаал терминдерди кыргызча төмөнкүдөй атоо сунуш кылынды:

| | | |
|---|---|---|
| однохлористая медь | — | бир хлордуу кез |
| четыреххлористый молибден | — | төрт хлордуу молибден |
| двуокись | — | кош кычкыл |
| пятиокись | — | беш кычкыл ж. у.с. |

Төмөнкү 8л аралык аталыштар өзгөрүлбөстөн алынды:

$MeBr_5$ — пентабромид
$MeCl_2$ — дихлорид
$MeF_8$ — октафторид
$MeCl_3$ — трихлорид к.у.с.

18. Кислоталык калдык менен ар түрдүү санда конулган туздарды атоо:

а) кычкыл туздар: $KHSO_4$ кычкыл күкүрт кычкыл калий
KHS кычкыл күкүрттүү калий;

б) орто туздар: $NaNO_3$ азот кычкыл натрий
$CdCO_3$ көмүр кычкыл кадмий;

в) негиздик туздар: $Al(OH)(SO_4)$ негиздик күкүрт кычкыл алюминий.



К.Сулайманкулов, К.Ташкенбаев, К.Шатемиров

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ
ХИМИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Обложка художника В.Ф.Роека
Технический редактор Э.К.Гаврина

ИБ № 714

Подписано к печати 23.09.82. Формат 60x90 1/16.
Безнаборная печать. Объем 39,75 п.л., 25,7 уч.-изд.л.
Тираж 300 экз. Цена 2 руб. 67 коп. Заказ 191

Издательство Академии наук Киргизской ССР,
720071, Фрунзе, Ленинский проспект, 265 а

Типография Академии наук Киргизской ССР,
720001, Фрунзе, ул. Пушкина, 144

Цена 2 руб. 67 коп.